# ХИЗБ УТ-ТАХРИР АМИРИ ААЛЫМ АТО ИБН ХАЛИЛ АБУ РОШТАНЫН СУРОО-ЖООП ЖЫЙНАГЫ

*фикхий*

II

2025-ж

# Мазмуну


**Усули фикх аалымы Ато Абу Рошта ........ 5**

**Спрот клубуна мүчө болуу тууралуу ........ 7**

**Айбандын бавл жана тезеги жөнүдөгү суроого жооп ........ 8**

**Полиция же башка иштерде бийлик менен бирге иштөөнүн өкүмү жөнүндө ........ 11**

**Тартып алынган жер тууралуу ........ 13**

**Бул дүйнөдөгү жаза кыяматта күнөөгө каффарат болобу? ........ 23**

**Таъзир берүү, анын тафсилат жана өкүмдөрү тууралуу суроосуна жооп ........ 25**

**Тасарруф тууралуу ........ 29**

**Мусулман адвокат менен кайрымусулман клиент тууралуу ........ 31**

**Социалдык жоопкердик мыйзамы жөнүндө ........ 32**

**Дарул куфрда адилеттүүлүктү талап кылуу үчүн сотко кайрылуу ........ 34**

**Жарандык мыйзамда каралган укукту талап кылуу ........ 36**

**Кинотеатрларга баруу тууралуу ........ 38**

**Сөз жана иш-аракетте бирөөлөрдүн образына кирүү жөнүндө ........ 40**

**Пайгамбар ﷺдын жана сахабалар ؓдын ролун кино фильмдерде аткаруунун өкүмү ........ 41**

**Балдарга түшүндүрүү үчүн сүрөт тартуу ........ 43**

**Сүрөт тартуу тууралуу ........ 45**

**Демократия жөнүндө ........ 51**

**Жергиликтүү башкармалыктын шайлоолоруна катышуунун өкүмү ........ 53**

**Демократия үчүн добуш берүү арам ........ 54**

**Ислам өкүмдөрүн колдонууда даражама-даража колдонуу тууралуу ........ 62**

**Иш жүзүндө согушуп жаткан мамлекеттер менен мамиле кылуу ........ 70**

**Уюм же топ менен мабдаий хизбдин айырмасы ........ 73**

**Электромагнит толкундар тууралуу ........ 74**

**Камсыздандыруу тууралуу ........ 76**

**Медициналык камсыздандыруу ............ 82**
**Социалдык камсыздандыруу жөнүндө ............ 84**
**Мужтахидге таклид кылуу тууралуу ............ 85**
**Басымдуу жана басымсыз ортосундагы шарий өкүм ............ 87**
**Жин жана аны менен адам ортосундагы алака жөнүндө ............ 91**
**Согуш кылууну ниет кылуу тууpасында ............ 98**
**Такия жөнүндө ............ 99**
**Тообо кылуу жөнүндө ............ 106**
**Анттын каффараты ............ 115**
**Аракет ырыскыга себеп эмес ............ 120**
**Христиандар менен каапырларды майрамдары менен куттуктоо ..... 124**
**Залимдерге берилүү (ыктоо) жана «эки зыяндын жеңили» эрежеси .. 129**
**Түштү айтуу жөнүндө ............ 136**
**Хавл жөнүндө ............ 137**
**Даъватты колдон келгенче көтөрүп чыгуу ............ 140**
**Курамында хамр же спирт болгон атырларды колдонгон имамдын артында намаз окуу жөнүндө ............ 142**
**Курамында спирт болгон атырлар жөнүндө ............ 145**
**Спирт жана андан пайдалануу тууpасында ............ 146**
**Хамрдын иллети жана харамдыгы жөнүндө ............ 151**
**Роя жана лива тууралуу ............ 153**
**Хулафаи рошидиндер “Укоб” роясын жана ливаны колдонгондуктары жөнүндө ............ 156**
**“Силердин араңарда пайгамбарлык Аллах каалаганча турат…” деген хадис тууралуу ............ 157**
**«Менин Үммөтүм жетимиш үч топко бөлүнөт» деген хадис тууралуу 159**
**«Халифалык отуз жыл, андан кийин падышалык болот» деген хадис тууралуу ............ 165**
**Фиркалар жөнүндөгү хадис ............ 166**
**Кылым  жаңылоочусу тууралуу хадис ............ 173**
**Мусулмандардын кичине тобу Ак үйдү фатх кылышы тууралуу хадис ............ 183**

**Хизб ут-Тахрирдин каттоодон өтүшү туурасында .................................. 187**

**ИШИМ уюмунун Халифалыкты тикелегени туурасындагы жарыясы ........................................................................................................ 190**

**Күч-кубат ээлеринен нусрат талаб кылуу............................................. 194**

**Пайгамбар ﷺ эмне үчүн Курайштан жардам сураган эмес?................ 202**

**Нусрат талап кылуу, нусрат берүү жана Аллахтын жардамы............. 207**

**Халифалык термини туурасында............................................................ 211**

**Үммөт байъат акдында халифа үчүн белгилүү бир мөөнөттү белгилеши тууралуу.................................................................................................... 215**

**Байъаттын белгилүү бир убакытка чектелиши тууралуу .................... 219**

**Мамлекетти тикелөө үчүн аракет кылуудагы жихад............................ 221**

**Үммөт Халифалыкты тикелөөдөгү кыйынчылыктарды көтөрүүгө даярбы – деген суроо ........................................................................... 224**

**Жихад Халифалыкты тикелөөнүн тарыйкаты эмес ............................. 226**

**Халифалыкты тикелөөнүн шарьий жолу жана бийликти күч менен алуу ........................................................................................................ 228**

**Халифалыкты тикелөө туурасында....................................................... 233**

**Мамлекетти куруучда Расул ﷺдын тарыйкатына амал кылуу тууралуу ........................................................................................................ 237**

## Усули фикх аалымы Ато Абу Рошта

Хизбдин учурдагы амири

Хижрий 1424-жылы сафар айынын 11-күнү, миладий 2003-жылы 12-апрелде Хизбут-Тахрирдин мазолим деванынын башчысы усул аалымы, инженер Ато Абу Роштанын (Абу Ясин) Хизбут-Тахрир амири болуп шайланганын жарыя кылды. Ал кишинин даъват ишине зор маани бериши белгилүү болгон жана андан хизб ишин жакшы башкаруу о.э. жигиттердеги күч-кайраттан эң абзел түрдө пайдалануу жөндөмү сезилген. Ошондуктан, Аллах Субханахудан аны нусратка карай жетелешин үмүт кылып калабыз.

Анын турмушунан бир үзүм:

Анын аты-жөнү Ато ибн Халил ибн Ахмад ибн Абдулкадир ал-Хатиб Абу Рошта. Ал хижрий 1362-жылы, миладий 1943-жылы Палестина диярындагы ал-Халил вилаяттарынын бири болгон Раанно аттуу чакан кыштакта, диндар үй-бүлөдө дүйнөгө келди. Ал Палестина башына түшкөн балээлерге, аны яхудийлер 1948-жылы Британиянын колдоп-кубаттоосу менен жана араб акимдеринин чыккынчылыгы акыбетинде басып алганына жаштайынан күбө болду. Мына ошондон кийин анын үй-бүлөсү ал-Халил жанындагы качкындар лагерине көчүп өттү.

Ал башталгыч жана орто таалимди ошол лагерде алды. 1959-жылы ал-Халилдеги Хусайн ибн Али атындагы экинчи баскычтагы медреседен окууну аяктап, экинчи баскычтагы мектептин биринчи даражалуу күбөлүгүн алды. Кийин Куддус Шарифтеги Ибрахимийя медресесинен 1960-жылы экинчи баскычтагы мектептин жалпы күбөлүгүн (Египетке жолдонмону) алды. Мына ошондон кийин 1960-1961-окуу жылында Каир университетинин инженердик факультетине окууга кирди жана 1966-жылы инженердик боюнча бакалаврдык дипломун алды. Университетти бүтүргөндөн кийин бир нече араб мамлекеттеринде инженер болуп иштеди. Анын инженердик иштери боюнча «Өлчөмдөр эсеп-китеби боюнча орточолук о.э. имараттар жана жолдор көзөмөлү» аттуу чыгармасы бар.

Ато Абу Рошта Хизбут-Тахрирге орто мектепте окуп жүргөн кезинде, элүүнчү жылдардын жарымында кошулду. Аллах жолунда залимдердин камактарында көп азаптарды чекти. Ал Хизбде, анын бардык танзимий жана идарий түзүмдөрүндө: дарис, мүчө, мушриф, жергиликтүү жихаз накиби, вилаят межлиси мүчөсү, муътамад, расмий сүйлөөчү, амир мекемесинин мүчөсү болуп үзгүлтүксүз иш алып барды. Хижрий 1424-жылдын жакшылыктуу сапар айынын 11-күнүнөн, миладий 2003-

жылдын 12-апрелинен тартып Аллах Хизбге амирлик кылуу милдети анын мойнуна түшүшүн каалады жана ал Аллахтан бул оор жүктү көтөрүүдө жардам беришин сурады.

Анын жазган Исламий эмгектери төмөнкүлөр:

1. Бакара сүрөсүнүн тафсири - «ат-Тайсир фий усулит-тафсир сураи Бакара».

2. Усули фикх боюнча изилдөөлөр - «Тайсирул вусул илал усул».

3. Бир нече китепчелер:

а) «Экономикалык кризистер» - алардын вакиълиги жана аларды Ислам көз карашынан туруп дабалоо.

б) «Жазира жана Булуңдагы кресттүүлөр жүрүшү».

в) «Өнөржайлаштыруу саясаты жана мамлекеттин өнөржай курулушу».

4. Анын доорунда (азырга чейин) Хизбдин ушул китептери басылып чыкты:

а) «Исламий нафсия негиздери».

б) «Саясий маселелер: Басып алынган мусулман өлкөлөрү».

в) «Саясий түшүнүктөр» китебинин кайра каралып чыккан жана кеңейтилген басылышы.

г) «Халифалык мамлекетиндеги таалим программасынын негиздери».

д) «Халифалык мамлекетинин башкаруу жана идара аппараты».

Бул амирдин дүйнөнү көзгө илбегени, таквасы, шариятка катуу амал кылганы жана илими белгилүү. Анын Хизб ишин башкарууда түрдүү жоопкерчиликтүү милдеттерди, айрыкча, расмий сүйлөөчү, муътамад, амир мекемесинин мүчөсү сыяктуу жооптуу орундарды ээлеп келгендиги зор пайда берди. Бул нерсе аны Хизбге ар бир жоопкерчиликти талап кыла турган иштерди, тактык жана аракетчендикти толук билип түшүнгөн абалда жетекчилик кылууга ылайыктуу кылып койду. Ошондуктан, жигиттер амири алар менен жанаша туруп, аларга, ал тургай, иштердин тафсилаттарында да жетекчилик кылып жатканын сезип турушат. Бул болсо амирге жигиттердин кудурет-жөндөмдөрүн эң абзел көрүнүштө пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берди.

Ато Абу Рошта өзүнө жүктөлгөн даъват аманатын Аллах Субханаху жана Расулу ﷺ сүйгөн көрүнүштө өтөй алышы үчүн жардам берүүнү жана туура жолго жолдоону сурап, анын колу менен туура жолдогу Халифалыкты тикелеп, фатх-жеңиш беришин Аллахтан сурап, тынымсыз жалынып-жалбарды. Албетте, Аллах дуаларды угуучу, кабыл алуучу Зат.

## Спрот клубуна мүчө болуу туурасында

Эми спрот клубуна мүчө болуп, оюнчу же машыктыруучу катары ошол клубдун стадиондорунан же тейлөөлөрүнөн белгилүү бир акы төлөп пайдаланууга келсек, эгер анын стадиондору жана тейлөөлөрү көбүнчө клуб мүчөлөрүнүн пайдалануусуна берип коюла турган болсо, бул иш жайыз. Айрым бөлмөлөр кээ бир убактарда бош болбой, клуб мүчөсү алардан пайдалана албаса, мунун зыяны жок т.а. билбей акы төлөгөн болбойт. Адам тыгылыш болуп кеткендиктен бир аз мөөнөткө бош болбой калып, кийин дагы мүчөлөрдүн ыктыярына берилишин эсепке албаганда, стадион жана тейлөөлөр клуб мүчөлөрүнө дайыма же көп убактарда берилип жаткан соң, билбей акы төлөгөн болбойт.

Ал эми, стадион жана тейлөөлөрдүн ыктыярга берилиш же берилбешин кантип аныктоого келсек, муну клубга мүчө болгон кезде билип алат. Себеби, клуб мүчөсү анын канча стадиону жана канча мүчөлөрү бар экендигинен кабардар болуп, алар анын ыктыярына – бир аз мөөнөттү эсепке албаганда – дайыма берилишин же берилбешин билип алат.

15-рабиул-аввал 1426-х.
24-апрель 2005-м.

## Айбандын бавл жана тезеги жөнүдөгү суроого жооп

**Суроо**: ассаламу алейкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Урматтуу шейхибиз, Анас ибн Малик хадисинде мындай келет:

«Расулуллах ﷺдын алдына Укл же Урайнадан бир коум келди, алар Мединада алдан таюу оорусу менен ооруп калышты. Ошондо Расулуллах ﷺ (сахабаларына) алар үчүн саан төө алып келүүнү буюрду, аларга болсо, анын бавлы (сийдиги) жана сүтүнөн ичүүнү буюрду» (Сахихи Муслим).

Биздин табаннийибиз боюнча, бавл нажасат эсептелип, нажасаттан пайдалануу бүтүндөй арам, бул нажасат бавл болобу же тезекпи, эти желген айбандардыкыбы же башканыкыбы, айырмасы жок.

Алардан пайдалануунун арамдыгына истинжа кыссасындагы Расулуллах ﷺдын (тезек жөнүндөгү) сөздөрү далил: «إنها ركس албетте, ал рикс (нажас) ». Ибн Хузайма риваятында «إنها ركس إنها روثة حمار албетте ал рикс, ал эшектин тезеги», деген сөз кошумчаланган. Мен Шавканийдин «Найлул автар»ында Тамимийден тезек ат, качыр жана эшеке хос экенин зикр кылганын окуганмын. Ушул эки хадисти жамдоодон эти желген айбандардын тезегинен эгин иштерине жер семирткич катары пайдалануу мүмкүндүгү келип чыгат. Бизге ушуну түшүндүрүп берсеңиз, Аллах сизге береке тартуу кылсын.

**Жооп**: ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Айбандын бавлы жана тезеги нажасат экендиги жөнүндө:

Эти желбеген айбандардын бавли да, тезеги да арам экендигинде эч кандай ихтилаф жок. Ал эми, эти желген айбандардыкы жөнүндө ихтилаф бар.

Мен үчүн далили күчтүүрөөгү, булар пайдалануу мүмкүн болбогон, бир гана дарылануу үчүн жана макрух абалда мүмкүн болгон нажас. Муну кийинчерээк баян кылып өтөбүз. Ырас, нажас болгон соң, пайдалануу да мүмкүн эмес. Муслим Ибн Аббастан риваят кылат: Умарга Самуранын хамр сатканы жөнүндө кабар келди. Ошондо Умар мындай деди: Аллах Самураны кыйратсын, акыры ал Расулуллах ﷺдын мындай дегенин укпаганбы:

«لَعَنَ اللَّهُ الْيَهُودَ، حُرِّمَتْ عَلَيْهِمُ الشُّحُومُ، فَجَمَلُوهَا، فَبَاعُوهَا»

«Аллах яхудийлерди наалаттады, себеби, аларга айбандын майы арам кылынган эле, аны эритип сатышты». Демек, нажастан пайдалануу арам.

2 – Бавлдын нажастыгына далилдерден:

– Имам Бухарий өз Сахихинде Анас ибн Маликтен риваят кылат, «Бир бадавий келип, мечит короосуна бавл кылды, адамдар ага кыйкырып кууп башташты, ошондо Набий ﷺ аларды кайтарды. Бадавий

бавл кылып болгон соң, Набий ﷺ бир чака суу алып келүүнү буюрду жана ал жууп жиберилди».

– Имам Бухарий өз Сахихинде Ибн Аббастан риваят кылат: Набий ﷺ эки кабырдын жанынан өтүп бара жатып, мындай деди:

«إِنَّهُمَا لَيُعَذَّبَانِ، وَمَا يُعَذَّبَانِ فِي كَبِيرٍ، أَمَّا أَحَدُهُمَا فَكَانَ لاَ يَسْتَتِرُ مِنَ البَوْلِ، وَأَمَّا الآخَرُ فَكَانَ يَمْشِي بِالنَّمِيمَةِ»

«Бул экөөсү тең азапталып жаат, бирок, оор күнөө себептүү эмес. Бири бавлдан сактанбайт эле, экинчиси чагымчылык кылып жүрчү».

– Дарикутний Анастан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَنَزَّهُوا مِنَ الْبَوْلِ فَإِنَّ عَامَّةَ عَذَابِ الْقَبْرِ مِنْهُ»

«Бавлдан тазалангыла, себеби, кабыр азабынын баары ошондон».

Бавлдын вакиъси бирдей, адамдыкы да, айбандыкы да, айырмасы жок, нажастык далалаты туура келе берет, адамдын бавли болсун, эти желген айбандын, эти желбеген айбандын бавлы болсун, ар кандай бавл нажасат болуп, бавлдын вакиъси бир.

– Имам Бухарий Анас ибн Маликтен риваят кылган: «Расулуллах ﷺдын алдына Укл же Урайнадан бир коум келди, алар Мединада алсыздык оорусуна чалдыгышты. Ошондо Расулуллах ﷺ (сахабаларына) алар үчүн саан төө алып келүүнү буюрду, аларга болсо анын бавлы жана сүтүнөн ичүүнү буюрду», деген хадиске келсек, ал дарылануу темасы. Ибн Мажада хамр менен дарылануу жөнүндө хадис бар, ал төмөнкүдөй: Ибн Мажа Тарик ибн Сувайд Хазрамийден риваят кылат: Мен: Я Расулуллах, жерибизде жүзүмдөр бар, анын суусун алып хамр (мас кылуучу ичимдик) жасайбыз, андан ичсек болобу? – деп сурадым, ал зат: «Жок», деди, мен: биз аны оору үчүн шыпаа катары иштетебиз, дедим, ал зат: «Ал шыпаа эмес, тескерисинче, ал – оору», деди. Ушул эки хадисти жамдоо натыйжасында нажасаттан дабаа катары пайдалануудан кайтаруу катъий эместиги, демек, макрухтугу айкын болот. Кыскасы, бавлды ичүү аркылуу дарылануу макрух болуу менен бирге жайиз жана бул нерсе анын нажасат эместигин түшүндүрбөйт.

3 – Тезектин нажасаттыгына болгон далилдерден:

– Имам Бухарий өз Сахихинде Абдуллахтан риваят кылат: Набий ﷺ дааратка барды жана мага үч таш алып келүүнү буюрду, мен эки таш таптым, үчүнчүсүн издеп, таба албадым, ошондо бир тезекти кошуп алып бардым. Ал зат эки ташты алды да, тезекти ыргытып жиберди жана: «Ал – рикс», деди. Рикс - нажас, дегени.

Сиз тезек деп жалаң эти желбеген айбандын чыгындысы дедиңиз жана Ибн Хузайма риваятында «ал рикс, ал эшектин тезеги», деген сөз кошумчаланганын айттыңыз. Бирок, имам Бухарий жана бир топ сунан ээлери - Ахмад, Насаий, Тирмизий, Табароний, Дарикутний, Байхакий, Баззар, Абу Яъла сиз айткан «ал эшектин тезеги», деген сөздү

айтышпаган. Ошого карабастан, мен Ибн Хузаймадан төмөндөгү риваятты таптым: Абу Хурайра Набий ﷺдын мындай дегенин риват кылат:

«إِنَّمَا أَنَا لَكُمْ مِثْلُ الْوَالِدِ لِوَلَدِهِ، فَلاَ يَسْتَقْبِلْ أَحَدُكُمُ الْقِبْلَةَ وَلاَ يَسْتَدْبِرْهَا - يَعْنِي فِي الْغَائِطِ - وَلاَ يَسْتَنْجِ بِدُونِ ثَلاَثَةِ أَحْجَارٍ لَيْسَ فِيهَا رَوْثٌ وَلاَ رِمَّةٌ»

«Албетте, мен силер үчүн атанын баласына (мээримдүүлүгү) сыяктуу (мээримдүүмүн), анан, силердин эч бириңер (даараттa) кыблага жүздөнүп да, артын буруп да олтурбасын жана үчтөн аз таш менен истинжа кылбасын, алардын арасында тезек да болбосун, сөөк да». Бул хадистин санады хасан. Ушуну менен бирге, бавл жөнүндө айтканыбыздай, тезектин да вакиъси бир, ал эти желген айбандыкы болобу же эти желбеген айбандыкыбы, айырмасы жок, ошондуктан, ага нажасат өкүмү колдонулат. Эшек тезеги нажасат болгондой, уйдун тезеги да нажасат т.а. тезек – эти желген айбандыкы болобу, эти желбеген айбандардыкыбы – баары нажасат.

Мен ушуларды таржих кылдым (башкасына караганда күчтүүрөөк деп билдим). Таржих кылдым дегенимдин себеби, бул жерде эти желген айбандын бавлы жана тезеги нажасат эмес деген этибарлуу пикирлер да бар.

22-шаъбан, 1434-х.
1-июль, 2013-м.

## Полиция же башка иштерде бийлик менен бирге иштөөнүн өкүмү жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Боордош, менин бир суроом бар, мен Халилур-Рохман шаарында жашаймын, биздин бул зыянкеч бийликтен канча мусийбат көргөнүбүздү баары жакшы билет, бул бийликтин вакиъси да баарына маалым, суроом эки бөлүктөн турат:

Биринчи, бийлик аппаратына таандык болгон бардык адамдар күнөөкөр болушабы т.а. анда иштөө (мисалы, жол кыймылынын полицейи болуп иштөө) таптакыр мүмкүн эмеспи?

Экинчи, алардын мекемелеринде куруучу, шыбакчы, сырдоочу… ж.б.у.с. болуп иштөөнүн өкүмү кандай?

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Бийликте полицей болуп иштөө:

– Абу Яъла өз «Муснад»ында жана Ибн Хиббан өз «Сахих»инде риваят кылат (сөзү Абу Яълага таандык): Абу Саид жана Абу Хурайра риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«لَيَأْتِيَنَّ عَلَى النَّاسِ زَمَانٌ يَكُونُ عَلَيْكُمْ أُمَرَاءُ سُفَهَاءُ يُقَدِّمُونَ شِرَارَ النَّاسِ، وَيَظْهَرُونَ بِخِيَارِهِمْ، وَيُؤَخِّرُونَ الصَّلاَةَ عَنْ مَوَاقِيتِهَا، فَمَنْ أَدْرَكَ ذَلِكَ مِنْكُمْ، فَلاَ يَكُونَنَّ عَرِيفًا وَلَا شُرْطِيًّا وَلَا جَابِيًا وَلَا خَازِنًا»

«Адамдарга ушундай заман албетте келет: үстүңөрдө акмак амирлер туруп, алар адамдардын эң жамандарын алдыга чыгырып, аларды адамдардын эң жакшылары деп көрсөтүшөт, намазды убагынан өткөрүп жиберишет, анан, силерден ким ошол доорго жетсе, жардамчы да, полицей да, салык жыйноочу да, казыначы да болуп иштебесин». Бул хадисте Расулуллах ﷺ акмак амирлердин колу астында ушул төрт вазыйпада иштөөдөн мутлак кайтарды.

– Бирок, Табароний Сагирде жана Авсатта Абу Хурайрадан төмөнкүдөй риваят кылат:

«فَمَنْ أَدْرَكَ مِنْكُمْ ذَلِكَ الزَّمَانَ فَلاَ يَكُونَنَّ لَهُمْ جَابِيًا، وَلَا عَرِيفًا، وَلَا شُرْطِيًّا»

«Силерден ким ошол доорго жетсе, алар үчүн эч качан салык жыйноочу да, жардамчыда, полицей да болбосун». Бул риваятта «алар үчүн эч качан… болбосун», деди. Т.а. бул кайтаруу мукайяд болуп, «لهم»дагы лам хостоо үчүн келген. Башкача айтканда экинчи хадистеги кайтаруу ошол акимдер үчүн иштөөгө тиешелүү, мисалы, алардын атайын коргоочусу, коопсуздук мекемеси, алардын малдарына казыначылык кылуу жана башка ушул сыяктуу акимдер үчүн атайын коопсуздук вазыйпалары.

Усул коидаларына ылайык мутлак мукайядга амал кылынат, демек, хадистеги кайтаруу акимдерди жана алардын коопсуздугун коргоо үчүн атайын полицияда иштөөгө тиешелүү. Мисалы, өкмөт башчысы жана анын жардамчыларынын атайын сакчылары, алардын казыначылары, коопсуздук кызматкери ж.б.у.с..

Ал эми, жөнөкөй полиция мекемесинде иштөө жайиз. Табигый болгондой, жайиз дегени адамдарга зулум кылууну же укуктарын тебелеп-тепсөөнү түшүндүрбөйт, тескерисинче, бул иште акыйкатты издөөнү түшүндүрөт. Бул, полиция мекемесинде гана эмес, ар бир идарада ушундай болушу керек. Ошондуктан, жол кыймылынын полицейи жана башка ушуга окшогон иштерде иштөө жайиз.

Эми, ал мекемелерде куруучу, шыбакчы, сырдоочу сыяктуу жалданма жумушта иштөөгө келсек, бул – жайиз. Себеби, мубах иштерде мусулман менен да, кайрымусулман менен да ижарага-иш акыга иштөө жайиз. Бирок, амалий согуш абалында мүмкүн эмес, анткени, мунун өзүнө хос шаръий өкүмдөрү бар. Ибн Мажа Ибн Аббастан риваят кылат: «Бир күнү Набий ﷺ муктаж болуп калды, мындан Али رضي الله عنه кабар таап, Расулуллах ﷺды тамактандыруу үчүн бирер нерсе табуу максатында көчөгө иш издеп чыкты. Бир яхудийдин багына келип, багын он жети чака суу менен суугарып берди, ар бир чака үчүн бир курма ала турган болду. Яхудий ага кургатылган курмадан он жети даана тандап алуу ыктыярын берди, Али аны Набий ﷺга алып келди». Тирмизий да ушуга окшош риваят келтирген. Бул болсо, эгер мубах иштерде кайрымусулмандын колунда жалданма жумушчу болуп иштөө жайиз болгон соң, демек, амал кылбаган мусулмандын колунда иштөө да жайиз экенине далил.

Демек, мубах иштерде бийликке жалданма жумушчу болуп иштөө жайиз.

29-ражаб, 1434-х.
8-июнь, 2013-м.

## Тартып алынган жер тууралында

1. Тартып алынган жерде намаз окуу башкаларга эмес, бир гана ушул жерди тартып алган кишиге арам болот. Себеби, тартып алынган жерде тасарруф жүргүзүү (бирер иш кылуу) башкаларга эмес, тартып алган кимсеге арам. Бул жердин ээлери аны каалаганынча тасарруф кылышат. Бул жерди тартып албаган жана анын ээси болбогон кишилер болсо, анда шарият өкүмдөрүнө ылайык намаз окушса боло берет. Себеби, анда намаз окуу аны тартып алган кимсеге арам болот, бирок, башка адамдарга арам болбойт.

Жерди тартып алган кимсе аны тасарруф кылуу укугуна ээ болбойт. Ошондуктан, мындай жерде ишкана же мейманкана куруу, же болбосо, аны эгинзар кылуу – ырас, бул келишим бул жерди зордукчулук менен басып, тартып алган кимсе менен түзүлөт экен – таптакыр болбойт.

2. (Израилдин жер мекемеси) басып алынган жерлерди тасарруф кылуу укугуна ээ эмес. Демек, мындай жерлерди андан сатып алуу эч качан жайыз болбойт. Себеби, бул мекеме тасарруф жүргүзүү укугуна ээ эмес. Ошондуктан, аны менен түзүлгөн келишим батыл (туура эмес).

Басып, тартып алынган нерсе кыймылдуу же кыймылсыз мүлк болобу, буга карабастан, булардын баары тууралында келген далилдер ачык-айкын болуп, ал далилдер кеңири белгилүү:

Расулулла ﷺайтты:

«عَلَى الْيَدِ مَا أَخَذَتْ حَتَّى تُؤَدِّيَ»

«Кол алган нерсесин кайтарып бериши важып».

Бул хадисти Ахмад Самра ибн Жундуб аркылуу рыбаят кылган. Пайгамбарыбыз ﷺ дагы ушундай деди:

«مَنْ ظَلَمَ قِيْدَ شِبْرٍ مِنَ الْأَرْضِ طُوِّقَهُ مِنْ سَبْعِ أَرْضِيْنَ»

«Кимде-ким бир карыш жерди зулум менен тартып алса, (кыямат күнү) жети кат жер анын мойнуна асып коюлат».

Бул хадисти Муслим Айша ﵂ аркылуу рыбаят кылды.

Ал тургай, жерди баскынчылык менен тартып алган кимсе бул жерде бирер нерсени өздөштүрсө, ошол өздөштүргөн нерсеси да анын мүлкү болбойт. Себеби, Расулулла ﷺ мындай деди:

«لَيْسَ لِعِرْقِ ظَالِمٍ حَقٌّ»

«Бирөө дыйканчылык үчүн даярдап койгон жерге анын уруксатысыз дыйканчылык кылууга эч кимдин акысы жок».

Бул хадисти Термизий жана Абу Довуд Саъид ибн Зайд аркылуу рыбаят кылды.

3. Палестина жөөттөрдүн ыплас чеңгелинен азат кылынгандан кийин, мал-мүлктөр өз ээлерине кайтарылат. Себеби, Бухарий ибн Умардан төмөндөгүнү рыбаят кылды: «Анын (т.а. ибн Умардын) аты качып кетип,

аны душман кармап алган эле. Мусулмандар бул душмандардын үстүнөн жеңишке жетишкен соң, ат ага (т.а. ээси ибн Умарга) кайтарылды. Бул окуя Расулулла ﷺдын заманында жүз берди».

20-рабиъул ахир 1425-х.

28-май 2005-м.

Суроого жооп

Мамлекет Иракта акысыз түрдө конфискация кылган үй-жайлар менен жерлерди өз ээлерине кайтаруу

Биринчиден: мамлекеттин адамдар мал-мүлкүн акысыз түрдө, мисалы, өз ыктыярлары менен сатып жиберүүлөрүсүз ээлеп алышы же конфискация кылышы гасб (зордук менен басып, тартып алуу) бабына кирет.

Экинчиден: Зордукчулук менен басып тартып алуунун бардык түрү арам. Басып, тартып алынган нерсе акча жана мата сыяктуу кыймылдуу мүлк болобу, же үй-жай сыяктуу кыймылсыз мүлк болобу, мунун айырмасы жок. Басып, тартып алуунун бардык түрлөрү арам экендигин баян кылган далилдер төмөнкүлөр. Термизий рыбаят кылган хадисте Расулулла ﷺ мындай деди:

«عَلَى الْيَدِ مَا أَخَذَتْ حَتَّى تُؤَدِّيَ»

«Кол алган нерсесин кайтарып бериши важып».

О.э. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деди:

«وَمَنْ أَخَذَ عَصَا أَخِيْهِ فَلْيَرُدَّهَا»

«Ким боордошунун, ал тургай, таягын алган болсо да, аны ээсине кайтарып берсин». Бул хадисти Абу Довуд жана Термизий чыгарып, хасан хадис деди. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деди:

«مَنْ ظَلَمَ قِيْدَ شِبْرٍ مِنَ الْأَرْضِ طُوِّقَهُ مِنْ سَبْعِ أَرْضِيْنَ»

«Кимде-ким бир карыш жерди зулум менен тартып алса, (кыямат күнү) жети кат жер анын мойнуна асып коюлат». Бул хадисти Муслим чыгарган.

Үчүнчүдөн: Зордукчулук менен басып, тартып алган кимсе бул кылмышы үчүн катуу күнөөкөр болуп, акыретте жооп берет. Бул дүйнөдө болсо, ага «таъзир» жазасы берилип, тартып алынган мүлктү эсине кайтарып берүүгө мажбур кылынат. Буга далил Пайгамбар ﷺдын:

«عَلَى الْيَدِ مَا أَخَذَتْ حَتَّى تُؤَدِّيَ»

«Кол алган нерсесин кайтарып бериши важып», - деген жана:

«وَمَنْ أَخَذَ عَصَا أَخِيْهِ فَلْيَرُدَّهَا»

«Ким боордошунун, ал тургай, таягын алган болсо да, аны ээсине кайтарып берсин», - деген сөздөрү. Эгер тартып алынган мүлккө зыян жеткизилген болсо, аны төлөйт жана мүлктүн наркы анын үстүнө жүктөлөт. О.э. тартып алынган мал жана короодо жашагандыгы үчүн төлөнгөн төлөм, же аны ижарага берип алган төлөм жана ушуга окшогон

төлөмдөр сыяктуу тартып алынган мүлктөн келген пайдаларды да ээсине кайтарып берүүгө мажбур кылынат. Себеби, тартып алынган мүлк тартып алуучунуку эмес, ээсиники.

Төртүнчүдөн: тартып алган кимсе жерге бирер имарат же нерсе курган болсо, же эгин эккен болсо, бул нерселер анын мүлкү болуп калбайт. Ошондуктан, мүлкү тартып алынган киши тартып алган кимседен ошол имарат же нерсени бузуп жок кылып таштоону, же эгинди сууруп таштоону талап кылуу укугуна ээ. Аларды бузуп же сууруп таштоонун сарп-каражаттары да тартып алган кимсенин мойнуна түшөт. Эгер бузуп таштоо учурунда тартып алынган мүлккө зыян жеткирсе, аны төлөө ушул кимсенин мойнуна түшөт жана адистердин канча белгилегенине карап, ушул мүлккө тең келе турган наркты төлөйт. Анткени Расулулла ﷺ мындай деди:

«لَيْسَ لِعِرْقٍ ظَالِمٍ حَقٌّ»

«Бирөө дыйканчылык үчүн даярдап койгон жерге анын уруксатысыз дыйканчылык кылууга эч кимдин акысы жок». Бул хадисти Термизий рыбаят кылды. Тартып алынган мүлк короо, үй-жай болуп, тартып алган кимсе ага бузуп же алып таштоонун аргасы болбогон даражада бири-бирине туташ көптөгөн имараттарды курган болсо т.а. бузуп таштоо короого, үй-жайга зыян жеткизип, аны пайдаланып болбой турган абалга келтире турган болсо, анда ал бузуп таштоого мажбур кылынбайт. Балким, ушул короо, үй-жайдын жана анын астындагы жана айланасындагы үстүнө имараттар курулган жердин наркын төлөйт. Буга кошумча түрдө, тартып алынган үй-жайдын ушул мөөнөт ичиндеги таван акысын да төлөйт. Себеби, тартып алынган үй-жай ушул мөөнөт ичинде өз ээсинин мүлкү бойдон кала берет.

Бешинчиден: Эгер тартып алган кимсе тартып алынган мүлктө тасарруф жүргүзгөн болсо, мисалы, аны сатып жиберсе, анда аны биринен-бири сатып алган кимселердин бардыгы т.а. баскынчыдан сатып алган биринчи кардар, андан сатып алган экинчи кардар… жана башкалардын бардыгы, ырас, тартып алынган мал-мүлктү сатып алып жаткандыктарын билген болушса, күнөөкөр болушат. Аны сатып алганы менен, ага ээлик кыла алышпайт. Ошондуктан, тартып алынган мүлк өзүнүн асл-чыныгы ээсинин акысы болуп кала берет. Чыныгы ээсине кайтарып берүү жоопкерчилиги ушул сатып алгандардын бардыгынын мойнуна түшөт. Муну кийинчерээк кененирээк айтып өтөбүз.

Алтынчыдан: Эгер басып, тартып алган кимсе аким (т.а. мамлекет) болсо жана басып алынган мүлктү сатып жиберсе, анда аны төлөө мажбурияты жалгыз акимдин т.а. асл баскынчынын мойнуна түшөт. Басып алуу жана сатып жиберүү күнөөсү да ага болот (т.а. ал күнөөкөр болот). Бирок, байъ (сатып жибергендиги тууарасындагы соода

келишими) дурус деп эсептеле берет жана сатып алган киши бул мүлктүн ээси боло алат. Аким болсо, анын чыныгы ээсине анын наркын төлөйт. Себеби, акимдин басып тартып алышы ал тараптан кылынган адилетсиздик болуп, анын жоопкелчилиги сатып алган башка кишилерге эмес, жалгыз акимдин мойнуна түшөт. Бирок, аким тартып алынган бул мүлктү өзүнүн жардамчыларына тартуу кылган болсо, анда жоопкерчилик ошол тартуу кылынган кимселердин мойнуна да түшөт.

Бул маселе (суроо) жаатында жооп берүүдөн мурун мен баян кылып берүүнү каалаган нерселер мына ушулар. Сиздер, ырас, бул тема боюнча жыйын өткөрмөкчү болгон соң, ушундай кеңири баян зарыл.

Эми болсо, биз адамдардын мамлекет зордук менен конфискация кылган мал-мүлктөрү жана аларды ээлерине кандайча кайтаруу темасы боюнча сөз жүргүзөбүз.

Тартып алынган жер же үй-жайлардын абалы төмөндөгүчө болот:

1. Алар же мамлекет тасарруфунда (колунда) калып кетет:

а) мурун кандай болсо, ошол бойдон тура берет.

б) имарат жана ушуга окшош жаңы нерселер курулган болот. Бирок, бул нерсе тартып алынган мүлккө таасир өткөзбөгөн, аны өзгөртпөгөн болот жана курулган нерселерди бузуп таштоонун ылаажысы болот.

в) тартып алынган мүлктүн көрүнүшүн бүтүндөй же дээрлик өзгөртүп жибере турган даражада бири-бирине туташ көптөгөн жаңы нерселер курулган болот. Натыйжада, бул үй-жайга назар таштасаңыз, ал кудум жаңы бир нерсеге айланып калган болот. Сиз аны баланчанын үй-жайы эле дей албай каласыз. О.э. жаңы курулган нерселерди бул тартып алынган бул мүлккө зыян жеткизбей бузуп таштоонун ылаажысы да болбойт.

2. Же аларды мамлекет өз жүгүртөктөрүнө жана өкүмдар партияга тартуу кылып жиберген же арзыбаган баада берип жиберген болот (ошол жүгүртөктөр жана өкүмдар партия бул мал-мүлктү конфискация кылып жиберүүгө ыраазылык билдиргендер өкүмүндө болот). Кийин тартып алынган бул жердин үстүнө биз жогорудагы «а», «б», «в» пункттарында (т.а. бул мүлк мамлекет колунда турган кезде) айтып өткөн нерселер жүз берген болот.

3. Же алар кадимки соода аркылуу сатып жиберилип, мамлекеттин колунан башкага өтүп кеткен болот. Т.а. базар баасында мамлекеттен кардарлардын колуна өтүп кеткен болот жана биз «а», «б», «в» пункттарында айтып өткөн нерселер жүз берген болот.

4. Же алар сатып жиберүү аркылуу мамлекеттин жүгүртөктөрүнүн колунан башка кардарлардын колуна өтүп, аларда биз «а», «б», «в» пункттарында айтып өткөн нерселер жүз берген болот.

Төмөндө аларды кеңирирээк баяндайбыз.

1. Эгер тартып алынган жер же үй-жай мамлекет тасарруфунда калып кеткен болсо, ал өз ээсине кайтарылат жана мына ушул мөөнөт учурунда бул жер же үй-жайдан келе турган пайданын таван акчасы, мисалы, анда жашоонун таван акысы төлөнөт. Эгер үй-жайга зыян жеткизилген болсо, ээсине бул зыян үчүн да таван акы төлөнөт. Мында бул жер же үй-жай мурун кандай болсо, ошол бойдон калганбы, же болбосо, бир же эки бөлмөлүү имарат сыяктуу бир аз нерселер курулуп о.э. чоң үй-жай же магазин жана ушуга окшош нерселер курулуп, бирок, ага назар салган адам «бул баланчанын үй-жайы» дей турган даражада б.а. «бул үй-жай эч өзгөрбөй дал өзү турат» дей турган даражада өз көрүнүшүн сактап калганбы, мунун айырмасы жок. Кала берсе, бул короо-жайга курган жаңы нерселерди бузуп таштоо жана аны мурун кандай болсо, ошондой абалда ээсине кайтарууга мамлекет мажбур кылынат. Бузуп таштоонун сарп-каражаттары да мамлекеттин мойнуна түшөт. Себеби, баскынчылык менен тартып алган кимсе:

«لَيْسَ لِعِرْقٍ ظَالِمٍ حَقٌّ»

«Бирөө дыйканчылык үчүн даярдап койгон жерге анын уруксатысыз дыйканчылык кылууга эч кимдин акысы жок» хадисине ылайык, ошол тартып алынган жерде курган жаңы нерселерге ээлик кыла албайт. Мамлекет бузуп таштоо учурунда боло турган ар кандай зыянды төлөөнү өз мойнуна алат же жаңы курулган нерселер бузулбай короо-жай ээсине калтырылат.

Ал эми, мамлекет өзү тартып алган жер же короо-жайга жаңы нерселер куруп, бул жер же короо-жай таанып болгус даражада өзгөрүп кеткен болсо жана короо-жайга зыян жеткирбей жаңы нерселерди бузуп таштоонун аргасы жок болсо, мисалы, мурун короо-жайда бир кабаттуу имарат болуп, кийин мамлекет ал жайга жаңы пайдубалдуу көп кабат имараттар жана башкалар курган болсо, мындай абалда аларды бузуп таштоого мамлекет мажбур кылынбайт. Балким, ошол короо-жайдын наркына барабар наркты, ошол үй-жайлар жайгашкан жердин жана алардын айланасындагы имараттар түшкөн жердин наркын төлөйт. Буга кошумча түрдө, мамлекет мына ушунча мөөнөт ичинде бул жер, үй-жай келтириши мүмкүн болгон жашоо же ижарага берүү сыяктуу пайдалардын ордун талтуруу үчүн таван акысын да төлөйт. Ал бул таван акчасын эксперттер канча белгилесе ошончо төлөйт. Ал тургай, бул короо-жайда жашабаган же ал ижарага берилбеген болсо да, таван акы төлөйт. Себеби, бул короо-жай тартып алынганы себептүү, ээси анын пайдасынан куру калган.

2. Эгер короо-жай өкмөт жүгүртөктөрүнүн жана өкүмдар партиянын тасарруфуна өтүп калган болсо, мисалы, мамлекет аны аларга сатпай, балким тартуу, соога катары берген болсо, анда аларга да мамлекет

жөнүндө эмнелерди айткан болсок, ошол нерселер туура келет. Себеби, алар да мамлекет өкүмүндө болот. Т.а. алар да короо-жайды ээсине кайтарышат. Андан келе турган пайдалардын ордун толтуруу үчүн таван акы төлөшөт. Короо-жайга жеткизилген зыяндын ордун каптоо үчүн да таван акчасын төлөшөт. О.э. алар курган жаңы нерселер бузулбай калтырылган абалда ушул короо-жайдын наркына барабар наркты толугу менен төлөшөт. Биз муну жогорудагы 1-абалда кеңири айтып өттүк. Мунун натыйжасында мамлекет аларга эч кандай компенсация төлөбөйт. Себеби, короо-жайды тартуу катары алган өкмөт жүгүртөктөрүнө да биринчи баскынчы т.а. мамлекет үстүнөн чыгарылган өкүм туура келет.

3. Эми эгер короо-жайды мамлекет кадимки соода аркылуу т.а. базар баасында башкаларга сатып жиберген болсо жана ушул себептен улам бул короо-жай аны сатып алган кишилердин тасарруфуна түшүп калган болсо, жоопкерчилиги тартып алган мамлекеттин мойнуна түшүп турган нерсенин соодасы деген этибарда, алардын бул соодасы дурус соода деп эсептеле берет. Мейли, аны зордук менен тартып алган аким бул адилетсиздиги себептүү күнөөкөр болсо да, бул соода дурус болот. Мындай абалда короо-жайдын наркын анын ээсине төлөөгө мамлекет мажбур. Буга кошумча түрдө, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, тартып алынгандан берки бүткүл мөөнөт ичинде бул короо-жай келтириши мүмкүн болгон пайданын ордун каптоо үчүн мамлекет таван акы да төлөйт.

4. Эгер короо-жай тартуу кылып берилген өкмөт жүгүртөктөрү аны башка бир адамга сатып жиберишкен болсо, анда төмөнкү нерселерге этибар каратылат.

а) Эгер короо-жай мурун кандай болсо, ошол адамдын колунда да ошол бойдон өзгөрүүсүз сакталып калган болсо, же бир аз жаңы нерсе курганы менен короо-жайдын көрүнүшү дээрлик өзгөрбөгөн болсо жана ага эч бир зыян жеткизбей жаңы нерселерди бузуп таштоо мүмкүн болсо, мындай абалда ал өз эсине кайтарылат жана тартып алынган учурдан берки өткөн мөөнөт ичинде бул короо-жай келтириши мүмкүн болгон пайданын ордун каптоо үчүн таван акы төлөнөт. Ага зыян жеткизилген болсо, бул зыяндын ордун каптоо үчүн да таван акы төлөнөт.

Муну ага мамлекет төлөйт. Кийин мамлекет төмөндөгүлөрдү толук өндүрүп алат:

- Короо-жай тартуу кылып берилген өкмөт кызматчысы пайдаланган мөөнөтү үчүн таван акчасын о.э. өкмөт кызматчысынын бул короо-жайды сатып алган кишиден алган акчасын;
- О.э. өкмөт кызматчысынан сатып алган ошол адам пайдаланган мөөнөт үчүн таван акчасын жана короо-жайга зыян жеткизилген болсо, бул зыян үчүн төлөнө турган таван акчасын толук өндүрүп алып, кийин

короо-жай тартуу кылынган өкмөт кызматчысына ошол адам төлөгөн акча ошол адамдын өзүнө кайтарылат.

б) эгер тартып алынган короо-жай башка бир адамдын колуна өтүп, ал адам ал жерге көптөгөн жаңы имараттар курган болсо, короо-жайга зыян жеткизбей аларды бузуп таштоо мүмкүн болбой турган болсо, мисалы, мурун бир кабаттуу имарат болуп, сатып алган адам ага үч кабаттуу жаңы имарат курган болсо, акыбетте, короо-жайга зыян жеткизбей, аны жараксыз абалга келтирбей бул имаратты бузуп таштоонун ылаажысы калбаган болсо, анда мындай абалда:

- Короо-жайга курулган жаңы имарат бузуп ташталбайт.
- Ээсине короо-жайдын наркы + ушул короо-жайга караштуу жердин т.а. имарат курулган жердин жана анын айланасындагы жердин наркы + тартып алынган короо-жайдан тартып алуудан берки өткөн бүткүл мөөнөт ичинде пайдаланганы үчүн таван акы төлөнөт.
- Ушундан кийин короо-жай аны өкмөт кызматчысынан сатып алган ошол адамга калтырылат.
- Мамлекет ушул каражаттарды короо-жай ээсине төлөйт.

Ушундан кийин мамлекет бул короо-жай берилген өкмөт кызматчысынан төмөндөгүлөрдү толук өндүрүп алат:

- Короо-жайды сатып алган ошол адамдан бул өкмөт кызматчысы алган акчаны;
- Короо-жай өкмөт кызматчысынын колунда турган мөөнөт ичинде бул өкмөт кызматчысы андан пайдалангандыгы үчүн төлөй турган таван акчасын;

Мамлекет о.э. бул короо-жайды сатып алган ошол адамдан төмөндөгүлөрдү толук өндүрүп алат:

- Короо-жайдын наркын + короо-жайдан колунда турган мөнөт ичинде пайдалангандыгы үчүн төлөй турган таван акчасын өндүрүп алат. Кийин мамлекет ошол өкмөт кызматчысына бул адам төлөгөн акчаны ошол адамдын өзүнө кайтарып берет.

❁ ❁ ❁

Айкындаштыруу үчүн төмөнкү мисалдарга көңүлүңүздөрдү бурабыз:

1. Бир киши өзүнүн тартып алынган короо-жайына он жылдан кийин кайтып келип, анын мамлекет колунда экендигин, мамлекет анын алдына (бул короо-жайды өз ичине ала турган кылып) эки бөлмөлүү имарат жана короо-жай ичине бир бөлмөлүү имарат кургандыгын көрдү.

- Бул кишиге короо-жай кайтарып берилет.
- Ошол эки бөлмөлүү имарат бузуп ташталат жана мунун сарп-каражаты мамлекеттин мойнуна түшөт, же бузуп ташталбай, короо-жай

ээсине кайтарылат. Короо-жай ичине курулган бир бөлмөлүү имаратка карата да дал ушундай кылынат.

- Короо-жай ээсине он жыл ичинде короо-жайынан пайдаланылганы үчүн таван акы төлөнөт. Мисалы, жылдык ижара акысы 500 деп алсак, демек, короо ээсине 5000 төлөнөт.
- Короо-жайга зыян жеткизилген болсо, бул зыянды каптоо үчүн ээсине таван акы төлөнөт.

2. Бир киши өзүнүн тартып алынган короо-жайына он жылдан кийин кайтып келип, аны мурунку өкмөт кызматчыларынан биринин колунда экендигин көрдү. Короо-жай ага мурунку өкмөт тарабынан берилген экен жана бул кызматчы ага үч кабаттуу имарат курган экен:

Мындай абалда короо-жайга зыян жеткизбей ошол үч кабаттуу имаратты бузуп таштоо кыйын болгондуктан, ал бузуп ташталбайт, балким:

- Короо-жай ээсине ушул короо-жайдын наркы, мисалы 50.000 төлөнөт.
- Имарат үчүн ажыратылган т.а. үстүнө имарат курулган жердин жана анын айланасындагы жердин наркы, мисалы, 10.000 төлөнөт.
- Тартып алынгандан бери өткөн мөөнөт ичинде короо-жайдан пайдалангандыгы үчүн таван акы төлөнөт. Мисалы, жылдык ижара акы 700 болгон деп алсак, демек, ээсине он жыл үчүн 7000 төлөнөт.

Ага бардыгы болуп, 67.000 төлөнөт.

- Ушундан кийин короо-жай жана андагы нерселер аны ээлеп алган кишиники болуп калат;
- Мамлекет короо-жай ээсине бул каражаттарды төлөйт. Кийин бул каражаттарды короо-жайды ээлеп алган кишиден өндүрүп алат;

3. Бир киши өзүнүн тартып алынган короо-жайына он жылдан кийин кайтып келип, аны мамлекеттен сатып алган бир адамдын колуна өтүп кеткенин көрдү, мындай абалда:

- Короо-жай аны ээлеген кишиге калтырылат;
- Түпкүлүгүндө бул короо-жайды тартып алуучу мамлекет болгондуктан, жоопкерчилик мамлекеттин мойнуна түшүп, ээсине төмөндөгүлөрдү төлөйт:
- Короо-жайдын наркын, мисалы, 60.000 төлөйт.
- Имарат курулган жердин жана анын айланасындагы жердин наркын, мисалы, 6000 төлөйт.
- Он жыл ичинде короо-жайдан пайдалангандыгынын наркын, мисалы, 8000 төлөйт.

Мамлекет ага бардыгы болуп 74.000 төлөйт.

4. Короо-жайдын ээси тартып алынган короо-жайына он жылдан кийин кайтып келип, аны өкмөт кызматчысынан сатып алган кишинин колуна өтүп кеткенин көрдү. Өкмөт кызматчысына болсо бул короо-жайды өкмөт берген экен. Сатып алган киши короо-жай ичине бир бөлмөлүү үй курган экен. Өкмөт кызматчысы болсо бул короо-жайда беш жыл жашап, кийин аны ушул кишиге сатып жиберген экен. Мындай абалда:

- Короо-жай ээси өз короо жайына кайтып келет. Короо-жай ээсине өткөн мөөнөт ичинде короо-жайдан пайдаланылгандыгы үчүн таван акы төлөнөт. Мисалы: анын ижара акысы алгачкы беш жыл үчүн 4000, кийинки беш жыл үчүн 6000 болсун, демек, короо-жай ээсине 10.000 төлөнөт;
- Короо-жайга зыян жеткизилген болсо, ээсине таван акы, мисалы, 1000 төлөнөт.
- Т.а. короо-жай ээси өз короо-жайына кайтып келет жана ага бардыгы болуп 11.000 төлөнөт.
- Короо-жай ээсине бул каражаттарды мамлекет төлөйт.
- Ошондон кийин, мамлекет бул короо-жай берилген өкмөт кызматчысынан аны сатып алган кишиден алган соода акчасын, мисалы, 50.000ди өндүрүп алат. О.э андан т.а. өкмөт кызматчысынан бул короо-жайда беш жыл жашагандыгы үчүн таван акчасын, мисалы, 4000ди да өндүрүп алат. Андан бардыгы болуп 54.000ди өндүрүп алат.
- Бул короо-жайды өкмөт кызматчысынан сатып алган кишиден мамлекет анда жашаган беш жыл үчүн, мисалы, 6000ди + короо-жайга зыян жеткизилген болсо, бул зыянды каптоо үчүн, мисалы, 1000ди өндүрүп алат жана бул кишиге мурунку өкмөттүн ошол кызматчысына төлөгөн акчасын, мисалы, 50.000ди кайтарып берет. Ошентип, бул кишиге 43.000 кайтарылат.

Башка ар кандай мисалдар да ушуга окшош болот.

Байкоолор:

1. Жогорудагы өткөн мисалдардан белгилүү болгондой, зордук менен тартып алынган акимден сатып алуу аким болбогон зордукчулдан сатып алуудан айырмаланат. Себеби, эгер аким тартып алса, бул иш анын адилетсиздиги көрүнүштөрүнүн бири болот да, ал тартып алынган мүлк үчүн жоопкер болот. Демек, ал тартып алгандыгы жана сатып жибергендиги үчүн күнөөкөр болот. Бирок, бул соода дурус эсептеле берет жана аким мүлкү тартып алынган кишинин алдында жоопкер болот. Ал эми, аким болбогон зордукчулдан сатып алууга келсек, бул соода дурус болбойт.

2. Зордукчулдук менен тартып алган кимсе тартып алган мүлктү же анын наркын кайтарып берүү менен күнөөдөн кутулбайт. Ал ушуну менен бирге, таъзир берүү жазасына да ылайык болот.

3. Жогоруда айтылган каражаттарды эсеп-китеп кылуу учурунда акчанын наркы түшүп кеткендиги эсепке алынат. Ошондуктан, бул каражатардын өлчөмү ылайыктуу акча менен белгиленет. Мисалы, он жыл мурун Ирак акчасы менен 50.000ге сатып алынган болсо, азыр ал үчүн азыркы ирак акчасы менен 50.000 төлөнбөйт, балким, 50.000 Ирак акчасынын наркы ошол доордо, мисалы, доллар менен салыштырганда канча болгондугу эсепке алынат. Мисалы, ошол доордо 50 Ирак акчасы 150 долларга тең болгон болсун, демек, ал 150 доллар Ирак акчасына айландырып берилет. Ошондуктан, азыркы акча менен миң-миңдеген каражат болуп кетет.

4. Мамлекет төлөнүшү керек болгон каражаттарды короо-жай ээсине төлөйт. Кийин тартып алынган короо-жайды ээлеп алгандардан лазым болгон акыны өндүрүп алат. Себеби, мүлк ээсинин тартып алынган мүлкүн кайтарып алуу укугу эң биринчи акы-укуктардан болуп эсептелет.

5-рабиъус саний, 1426-х.
13-май, 2005-м.

## Бул дүйнөдөгү жаза кыяматта күнөөгө каффарат болобу?

**Суроо**: ассаламу алайкум, менин суроом бар:

Белгилүү болгондой, Исламда эгерде пенде күнөө кылып халифа ага хад, касас же таъзир колдонсо кыямат күнү андан ушул күнөөнүн жазасы сакит болот (т.а. ушул күнөө үчүн жазаланбайт). Бул жерде суроо төмөнкүдөй:

Биз бүгүнкү күндө зордукчул илманий башкарууга моюн сунуудабыз жана куфр диярында жашап жатабыз. Эгерде пенде бүгүнкү күндө күнөө кылса жана вазъий мыйзамдан келип чыккан укубат менен жазаланса – мисалы адам өлтүргөнү үчүн өлтүрүлсө же уурулук кылганы үчүн камалса, акыйкатта болсо уурулуктун жазасы колду кесүү – кыямат күнү андан ушул маъсияттын күнөөсү сакит болобу? Аллах сизди бизден жана мусулмандардан бардык жакшылыктар менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

«Укубат кыямат күнү күнөөгө каффарат болобу?» - деген суроого келсек, эгерде укубат исламий мамлекет тарабынан т.а. вазъий мыйзамдар менен өкүм жүргүзө турган эмес, тескерисинче, Аллахтын шарияты менен өкүм жүргүзө турган мамлекет тарабынан колдонулган укубат болсо күнөөгө каффарат болот. Мунун тафсилаты төмөнкүдөй:

– Муслим Убада ибн Соmиттен риваят кылган хадисте ث айтат: Биз Расулуллах A менен бир жыйында бирге элек. Ошондо Расулуллах A:

«تُبَايِعُونِي عَلَى أَنْ لَا تُشْرِكُوا بِاللَّهِ شَيْئًا، وَلَا تَزْنُوا، وَلَا تَسْرِقُوا، وَلَا تَقْتُلُوا النَّفْسَ الَّتِي حَرَّمَ اللَّهُ إِلَّا بِالْحَقِّ، فَمَنْ وَفَى مِنْكُمْ فَأَجْرُهُ عَلَى اللَّهِ، وَمَنْ أَصَابَ شَيْئًا مِنْ ذَلِكَ فَعُوقِبَ بِهِ فَهُوَ كَفَّارَةٌ لَهُ، وَمَنْ أَصَابَ شَيْئًا مِنْ ذَلِكَ فَسَتَرَهُ اللَّهُ عَلَيْهِ، فَأَمْرُهُ إِلَى اللَّهِ، إِنْ شَاءَ عَفَا عَنْهُ، وَإِنْ شَاءَ عَذَّبَهُ»

«Силер мага Аллахка ширк кылбастыкка, зына кылбастыкка, уурулук кылбастыкка жана Аллах (өлтүрүүнү)арам кылган жанды акысы менен гана өлтүрүүгө байъат бергиле. Силерден ким байъатына бапаа кылса анын ажры Аллахтын мойнунда. Ким ушул иштердин бирди-жарымын кылып, кылмышына жаза алган болсо, жазасы ал үчүн каффарат болот. Ким бул иштердин бирди-жарымын кылса да, Аллах аны жашырган болсо, анын иши Аллахка калат, эгерде каалаcard кечирет, кааласа азаптайт», – деди. Хадис ким дүйнөдө жаза алган болсо жазасы кыямат күнү ал үчүн каффарат болушун баян кылууда. Ошондуктан, ал ушул күнөөсүнө акыретте жазаланбайт. О.э. бул хадистен ачык көрүнүп тургандай, күнөөгө каффарат боло турган жаза – бул Ислам менен өкүм жүргүзүшү үчүн халифага байъат берилген исламий мамлекет тарабынан колдонулган жаза. Анткени, Расулуллах Aдын хадиси:

«تُبَايِعُونِي... فَمَنْ وَفَى مِنْكُمْ فَأَجْرُهُ عَلَى اللهِ، وَمَنْ أَصَابَ شَيْئًا مِنْ ذَلِكَ فَعُوقِبَ بِهِ فَهُوَ كَفَّارَةٌ لَهُ»

«Силер мага… байъат бергиле. Силерден ким байъатына бапаа кылса анын ажры Аллахтын мойнунда. Ким мына ушул иштердин бирин

кылып, кылмышына жаза алган болсо, жазасы ал үчүн каффарат болот», – деген сөз менен башталууда. Күнөөгө каффарат боло турган жаза байъатка байланыштуу. Байъат Ислам менен өкүм жүргүзө турган акимге берилет. Ушуга ылайык, акыретте күнөөгө каффарат боло турган, ушул дүйнөдө берилген жаза – бул Ислам менен өкүм жүргүзгөн мамлекет тарабынан колдонулган жаза. Аллах Өзү билүүчү.

21-робиул-аввал, 1435-х.
22-январь, 2014-м.

## Таъзир берүү, анын тафсилат жана өкүмдөрү туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо**: ассаламу алайкум шайхым жана амирим Аллах сизди жана сиз себептүү бизди урматтуу кылсын, сиздин берген жообуңузда «шарият таъзир берүүнү киргизип, анын өкүм түрлөрүн да кеңири баян кылган» деген сүйлөм бар. Ошол өкүмдөр жана түрлөрдүн тафсилаттары эмнелерден турат?

**Жооп**: сиздин суроoңуз 2015-жыл 2-январдагы суроонун жообунда келген сүйлөм жөнүндө болуп жатат, анда мындай деп келген эле:

«Ал эми таъзир берүү чаралары шарият анык жаза белгилебеген, тескерисинче жаза белгилөөнү Халифа же казыга калтырган күнөөлөргө колдонулат... Алар тарыйкат өкүмдөрүнөн. Шариятта жазалар түрү белгиленбеген шаръий өкүмдөрдү аткаруу үчүн эч кандай тарыйкат коюлбаганын түшүндүрбөйт. Себеби, шарият таъзир берүүнү киргизип, анын өкүмүнүн түрлөрүн да кеңири баян кылган. Бул жерде шарият баян кылган түрдүү жазалардан кайсы бирин тандоо жана күнөөнүн вакиъсине ылайык жазаны тандоону Халифанын ыктыярына калтырган. Т.а. шарият бул өкүмдөрдү колдонуу көрүнүшүн – аларга амал кылбаган адамга жаза белгилөө максатында – баян кылды. Бирок, бул жазалардын өлчөмү жана түрү кандай болушун Халифанын же анын орунбасарынын ыктыярына калтырды».

Биз жогорудагы суроонун жообунда созуп жибербөө үчүн тафсилаттарга киришпегенбиз... Сиздин бул суроoңузга жооп берүүдө да тафсилатка киришпейбиз. Себеби, таъзир талкуусу чоң жана кеңири болуп, жаза-чаралар түзүмү китебинде толук баяндалган. Бирок, ошондой болсо да андан айрымдарын келтиребиз:

1 – Таъзир хад жана кылмыштардан айырмаланат. Себеби, хад жана кылмыштар шарият тарабынан анык белгиленген жазалар. Алардын ордун алмаштыруу, ашык же кем кылуу мүмкүн эмес. Ал эми таъзир берүү чарасы анык белгиленген жана дал өзүн кылуу шарт болгон жаза эмес. Мындан тышкары, хад жана кылмыштарда кечирим кабыл алынбайт жана аким аны бекер кыла албайт. Таъзир берүү чарасы болсо мунун тескериси болуп кечирилиши жана бекер кылынышы мүмкүн.

2 – Шарият казы жазалоосу жаиз боло турган таъзирге тиешелүү түрдүү жаза чараларын шаръий нусустар менен белгилеп койгон, алардан башкасы менен жазалоо жаиз эмес. Себеби, жаза бир амал болуп, анын жаиз болушу үчүн далил шарт. Бул жерде анык жаза менен жазалоодон тосо турган далил керек деп айтылбайт, себеби, аслдык жазанын жоктугу. Анык жаза менен жазалоо үчүн далил керек болот. Ал эми аслдык жазанын жоктугу маселесине келсек, анын умумий далили адамды

урматтоо жана ага азап бербестик негизине курулган. Анык жаза колодонуу үчүн ушул жазага уруксат бере турган далил керек, анык жазага уруксат бере турган далил келбеген соң, жазалоо мүмкүн эмес.

Бул жерде таъзир маселесинде акимге толук ыктыяр берилген, ал каалаган жаза менен таъзир бере берет деп айтылбайт. Себеби, акимге ушул жазанын көлөмүн белгилөө ыктыяры гана берилген, башкасы эмес. Шореъ жазалардын түрлөрүн дайындаган, казы мына ушул жазалар менен чектелиши шарт т.а. Шореъ казы чектелиши шарт болгон жаза түрлөрүн дайындаган. Казы андан башкасы менен жазалашы мүмкүн эмес, тескерисинче, алардын ичинен өзү татыктуу деп тапканын тандайт. Ошондуктан, аким таъзир берип жаткан кезде шаръий өкүмдөргө чектелиши жана Шариъ дайындаган жазалар менен жазалашы шарт.

3 – Шарият айрым анык жаза чаралардан кайтарган болсо айрымдарына уруксат берди, таъзир маселесинде ошолор менен чектелүү важиб. Мисаы, от менен күйгүзүүдөн кайтарды, демек от менен күйдүрүү аркылуу жазалоо жаиз эмес. Бухарий Абу Хурайрадан мындай хадисти риваят кылган: «От менен Аллах гана азаптайт», Бухарий Икримадан кылган риваятта Набий ﷺ:

«لاَ تُعَذِّبُوا بِعَذَابِ اللهِ»

«Аллахтын азабы менен азаптабагыла», - деген. Т.а. от менен күйдүрбөгүлө. Абу Давуд сунан китебинде ибн Масъуддан кылган риваятта Набий ﷺ айтат:

«إِنَّهُ لاَ يَنْبَغِي أَنْ يُعَذِّبَ بِالنَّارِ إِلاَّ رَبُّ النَّارِ»

«От менен от ээси гана азаптайт». Булар от менен күйдүрүп жазалоо арамдыгы жөнүндөгү ачык далилдер, бул түргө электр тогу сыяктуу күйдүрүүчү касиети бар нерселер да кирет.

4 – Шарият таъзир жаатында бир нече жазаларга уруксат берди, аларды башкасына алмаштырууга болбойт, аларды анык баян кылып койгон. Төмөндө алардын айрымдарын келтиребиз:

а) Өлтүрүү жазасы: Халифа хадга тиешелүү кылмыштарга кирбей турган чоң кылмыштарда таъзир берүүнү өлтүрүүгө чейин жеткириши мүмкүн. Буга Исламий мамлекеттин курамынан бөлүнүүгө чакыруу кылмышы кирет, бул тууралуу хадисте мындай деп келет:

«مَنْ أَتَاكُمْ وَأَمْرُكُمْ جَمِيعٌ عَلَى رَجُلٍ وَاحِدٍ، يُرِيدُ أَنْ يَشُقَّ عَصَاكُمْ، أَوْ يُفَرِّقَ جَمَاعَتَكُمْ، فَاقْتُلُوهُ»

«Кимде-ким ишиңер бир кишиде жамдалып турган кезде келип биримдигиңерди бузмакчы же жамаатыңарды бөлмөкчү болсо, аны өлтүргүлө», (Имам Муслим Арфажадан риваят кылган). Ошондуктан, Халифа мындай адамды өлтүрүү менен таъзирин берип коюшу жаиз... Т.а. Халифанын таъзир берүү жаатында өлтүрүүгө чейин барышы жаиз.

б) Таяктоо: Т.а. камчы же ушул сыяктуу нерсе менен уруу... Бирок, уруу жана сабоо аркылуу таъзир берүү он сокку же он камчыдан ашып

кетпеши керек, себеби, бул нерсе хадистин текстинде ачык келген. Бухарий Абдуррохман ибн Жабирден ал болсо Набий ﷺдан риваят кылат:

«لاَ عُقُوبَةَ فَوْقَ عَشْرِ ضَرَبَاتٍ إِلاَّ فِي حَدٍّ مِنْ حُدُودِ اللهِ»

«Аллахтын хаддарында гана он соккудан ашыгы менен жазалоо бар».

Ошондой болгон соң таяктоого өкүм кылынганда он камчыдан ашып кетпеши керек...

в) Таъзирде айрым күнөөлөргө айып пул төлөнөт, бул тууралуу бир нече риваяттар бар болуп, Абу Давуд Сунан китебинде Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте Расул ﷺ айтат:

«ضَالَّةُ الْإِبِلِ الْمَكْتُومَةُ غَرَامَتُهَا وَمِثْلُهَا مَعَهَا»

«Адашып калган төөнү жашыргандыктын айып төлөмү, ошол төөнүн өлчөмүндөй» т.а. кимде-ким адашып калган төөнү ээсинен жашырып айтпаса, төөнү ээсине кайтарып дагы ошол төөнүн өлчөмүндө айып пул төлөйт. О.э. зекет бербегендин таъзири анын мал-мүлкүнүн жарымын алып коюу менен болот. Булар Расул ﷺ таъзир берүүдө айып пул өндүрүү менен жазалоого буйруганына далилдер.

г) Таъзирде камакта кармоо да жаиз, шаръий камак – бул шаардабы, үйдөбү, мечиттеби же жазалоо үчүн атайын курулган камактабы айырмасыз, адамды өз алдынча аракеттенүүдөн тосуп коюу. Камакта кармоо шарияттагы жазалоо ыкмаларынын бири экендигинин далили Термизий Бахз ибн Хаким атасынан ал болсо чоң атасынан риваят кылган хадисте келген: «Набий ﷺ курулай доомат тууралуу бир кишини камакта кармады, андан кийин азат кылды».

Набий ﷺ учурунда камак үйдө же мечитте болгон эле, Абу Бакр учурунда да ушундай болду, өкмөт үчүн өзүнчө камак жок эле. Ал эми Умар رضي الله عنه учурунда Сафван ибн Умайянын короосу 4000 дирхамга сатып алынып камакка айландырылды. Умар хажв кылгандарды (адамдарды күлдүрүү үчүн ар нерсени сүйлөөчү адамдар) камакта кармады, аззориёт, мурсалот, анназият жана ушул сыяктуулар жөнүндө суроо бергени үчүн Сабигди камакка алды... Камак мөөнөтү чектелген болушу важиб, ошондуктан өмүр бою камак жазасы шаръий жактан жаиз эмес. Тескерисинче, белгилүү бир адамга чыгарылып жаткан камак жазасынын мөөнөтү чектелген болушу керек.

Камактын мааниси камоо, иштетүү эмес. Себеби, иштетүү камактан башка нерсе. Ошондуктан, эгерде бир адамдын үстүнөн камакка алууга өкүм чыгарылса аны иштетүү жаиз эмес. Себеби, камак сөзү иштетүү маанисин өз ичине албайт. Камоо жана иштетүүгө өкүм чыгаруу жаизби? Же камоо менен эле чектелүү керекпи? - деген суроонун жообу, машакаттуу болобу же жеңилби иштетүү менен жазалоо жөнүндө шаръий

нусус келбеген. Ошондуктан, иштетүү менен жазалоого болбойт, тескерисинче, камакта камоо маанисине чектелүү керек.

д) Насаат: Т.а. казы күнөөкөрдү Аллахтын азабынан коркутуп насаат кылат. Аллах Тааланын төмөнкү аяты буга далил болот:

﴿واللاتي تخافون نشوزهن فعظوهن﴾

*«Аялдарыңардын итаатсыздыгынан корксоңор, алгач аларга насаат кылгыла»* [4:34]

Булар аким ал менен жазалоосу жаиздигине шаръий далил келген таъзир берүү жаатындагы айрым жазалар. Акимдин шариятта жаиздигине нусус келген жазаны гана белгилөөсү жаиз.

Айткандарыбыз бул жаатта жетиштүү болду деп үмүттөнөмүн.

27-ражаб, 1436-х.
16-май, 2015-м.

## Тасарруф тууралуу

Белгилүү болгондой, шаръий өкүм – Шореънин иктизо (парз, мандуб.... сыяктуу сунуштук өкүмдөр), же вазъ (сунуштук өкүмдөр үчүн коюлган башка өкүмдөр), же тахйир (ыктыяр берилген мубах иштер) жаатында пенделердин иштерине тиешелүү кайрылуусу.

Демек, тасарруфтар (иш жүргүзүүлөр) жалаң шахсы анык инсан тарабынан болсо гана өкүм орду болгон тасарруфтар болот. Ал эми, юридикалык тараптын иш жүргүзүүсүнө келсек, ал төмөндөгүчө болот:

Юридикалык тарап белгилүү бир өкүлдүк менен түзүлгөн уюм болуп, эки түрдүү болот:

Биринчиси: шахсан өздөрү ушул уюмдун кол астына кире турган кишилердин атынан өкүл болуп иш жүргүзүүчү киши башчылык кылуучу юридикалык тарап.

Экинчиси: шахсан өздөрү эмес, балким, өздөрүнө тиешелүү иштер менен ушул уюмдун кол астына кире турган кишилердин атынан өкүл болуп иш жүргүзүүчү юридикалык тарап.

Биринчисине токтолсок: эгер өкүлдүк келишими туура түзүлгөн болсо, киши мындай абалда тасарруф жүргүзүү укугуна ээ болот. Себеби, мындай абалда юридикалык тарап – бир канча шахстар топтомунун өкүлү болуп, бул өкүл ага башчылык кыла турган шахс. Тасарруфтар башчылык кылуучу ушул шахс тарабынан болот жана тасарруфтар мындай абалда туура болот. Буга мамлекет, хизбдер (партиялар) жана бардык түрдөгү исламий ширкеттерди келтирүүгө болот.

Экинчисине келсек: Киши мындай абалда тасарруф жүргүзүү укугуна ээ болбойт. Себеби, юридикалык тарап мындай абалда шахстардын өкүлү болбойт, балким, ушул шахстарга тиешелүү башка иштерди, мисалы, акча каражаттарды туюндурат. Ошондуктан, алардын иштерин ага башчылык кыла турган шахстын тасарруф кылышы батыл (туура эмес). Буга акционердик коомдорду мисал кылууга болот. Себеби, алар каражат үлүштөрү боюнча түзүлгөн ширкеттер болуп, аларды башкара турган кеңеш жана ушул кеңештин төрагасы ошол каражаттардын атынан өкүл болот. Ошондуктан, бул ширкеттердеги тасарруфтар өзүн же башкаларды туюндуруучу шахс тарабынан болбойт. Ушул себептен улам, мындай тасарруфтар батыл болот. Кооперативдик коомдор да ушуга окшош. Себеби, алар акча каражаттарды туюндуруучу коомдор («Экономикалк түзүм»гө караңыз).

Демек, кооперативдик коом менен мамиле кылуу туура болбойт. Себеби, бул коом жалаң гана акча каражаттардын өзүнө негизделген болуп, анда шериктин шахсан өзү катышпайт. Балким, мында шериктик бүтүмү жалаң акча каражаттардын өзүнө гана түзүлөт. Ушул себептен

улам, мындай коомдун тасарруф жүргүзүүгө укугу жок. Демек, аны менен келишим түзүү батыл.

15-рабиул-аввал 1426-х.
24-апрель 2005-м.

## Мусулман адвокат менен кайрымусулман клиент тууралуу

**Суроо**: мусулман адвокат кайрымусулман клиентке англис мыйзамына ылайык насаат жазып берсе болобу. Т.а. клиент өзүнүн Исламга жат болгон же көбүнчө арам деп эсептелген бардык байлыктарын же бул байлыктардын бир бөлүгүн насаат кылышы сыяктуу. Мисалы, иттерди багуу мекемелери, же көңүл ачуу мекемелери сыяктуу.

**Жооп**:

1 – Эгер, мамиле насаат кылуучу капыр менен мусулман адвокат ортосунда болсо, бул – капыр тарабынан насаатты айтып туруп жаздыруу үчүн бирер катчыны ижарага жалдоо мамилеси болот. Бул болсо, насаатты жаздыруу үчүн ижарага алуу келишими. Мында адвокат капыр айтып берген насаатты жазат да, кийин акысын гана алат. Мындан кийин анын насаат темасына алакасы болбойт...

Эгер, ушундай болсо, бул жайиз. Бирок, насаатта Ислам акыйдасына тескери бирер нерсе айтылбашы шарт. Себеби, Ислам акыйдасына тескери нерсени жазуу өкүмү ошол нерсени сүйлөө өкүмүнө кирет, бул болсо жайиз эмес.

Ошондой болсо да, ырас, насаатта Ислам өкүмдөрүнө тескери өкүм бар болгон соң, аны (ижара катары да) жазып бербеген абзел. Максат, капырдын насаатында келген ушул өкүмгө ыраазы болуп калуу күмөнүнөн алыс болуу.

2 – Ал эми насаат кылуучу менен адвокат ортосундагы мамиле өкүлдүк мамилеси болсо, башкача айтканда, адвокат насаат кылуучу тарабынан анын насаатын аткаруучу өкүлү болуп, насаатка алакадар адамдар менен байланышса жана аларды кабардар кылса о.э. насаат кылуучунун өкүмү катары насаатты аткарса, бул жайиз эмес. Себеби, мында адвокат – мусулман киши ыйман келтирген исламий шарият өкүмдөрүнө тескери насаатты аткарган болот.

19-шаввал, 1431-х.

## Социалдык жоопкердик мыйзамы жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Мен дарыкана кызматчысы болуп иштеймин. Бизде социалдык жоопкердик мыйзамына баш ийүү милдеттүү болуп, белгиленген төлөмдү төлөбөстөн иштөөгө уруксат берилбейт. Алар бизден белгилүү бир каражатты алып аны банкка жайгарышат. Бул, мыйзамда жазылган. Эгер, кесиптештерибиздин бири каза болуп калса социалдык жоопкердик фонду каза болгон адамдын үй-бүлөсүнө 25 миң Иордания динарын берет. Бул жайизби?

Мен бул каражаттар жөнүндө үй-бүлөмө эмнени сунуштасам болот? Үй-бүлөмдөгүлөр мен төлөгөн каражатты кайтарып алып калганын садака кылып жиберсе болобу же аны фондго кайтарабы? Алар эмне кылышы керек? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух...

Социалдык жоопкердик мыйзамы жөнүндө айта турган болсок, булар ар түрдүү болот. Эгер, социалдык жоопкердик мыйзамы профсоюздардагы пенсиялык мыйзамына окшош болсо т.а. дарыканачылар профсоюзу силерди пенсиялык мыйзамына катышууга, белгиленген төлөмдү төлөөгө мажбур кылат жана катышпасаңар дарыканачы болуп иштешиңерге уруксат бербейт т.а. сиз катышпастан же белгиленген төлөмдү төлөбөстөн дарыканачы болуп иштөөгө уруксат ала албайсыз… Кийин белгилүү бир жашка жеткениңизден соң сизге пенсия төлөйт же каза болгонуңузда үй-бүлөңүзгө белгилүү бир көлөмдө каражат берет. Эгер, абал ушундай болсо, мында катышуу жайиз. Себеби, бул мубах ишке уруксат алуу ордунда болуп, бул жайиз. Эгер, анда катышуу жана каражат төлөө ыктыярдуу болсо о.э. бул нерсе ишке уруксат алууга таасир кылбаса катышуу жайиз эмес.

Ал эми, фонддун акчаларын сүткордук менен банкка жайгаштырууга жөнүндө айта турган болсок, эгер, бул сиздин ыраазылыгыңызга байланыштуу болсо т.а. анын ушул максатта иштетилишине сиз ыраазы болсоңуз иштетилип, ыраазы болбосоңуз иштетилбесе, бул убакта ал сүткордук максатында иштетилишине ыраазы болушуңуз жайиз эмес. Ал эми, эгер акча сиздин ыраазылыгыңызсыз эле сүткордук максатында иштетилсе т.а. аны иштетилиши сиздин ыктыярыңызда болбосо, эгерде сиздин катышууңуз жана төлөм төлөшүңүз иштөөгө уруксат алуудан тышкарыга өтпөсө, мунун сизге зыяны жок.

Бул абалда т.а. сиздин катышууңуз иштөөгө уруксат алуу үчүн гана болгон абалда сиз каза болгондо фонд тарабынан үй-бүлөңүзгө бериле турган каражат жөнүндө айта турган болсок, үй-бүлөңүз аны алышы жайиз жана ал мурас боюнча берилиши мүмкүн. Мен бул каражаттын бир

бөлүгүн факир жана мискиндерге берүүнү насаат кыламын. Себеби, бул абзел жана жакшыраак. Аллах жакшы амалдарды кылышыңыз үчүн өмүрүңүздү узун кылсын.

4-зул-каъда, 1434-х.
10-сентябрь, 2013-м.

## Дарул куфрда адилеттүүлүктү талап кылуу үчүн сотко кайрылуу

**Суроо**: ассаламу алайкум, менин сүйүктүү боордошум. Менин сага берейин деген маанилүү суроом бар. Ниса сүрөсүнүн 60-аятында Аллах бизди тогуттардан чечим суроодон тыйган. Бирок, Халифалыктын жоктугу себебдүү бүтүндөй мусулман жерлери тогут лидерлери тарабынан башкарылат. Ошондуктан, эгер биздеги кандайдыр бир талаш-тартыштуу маселени чечүүдө ушул тогуттардын сотторуна кайрылуубуз мүмкүнбү? Мисалга ала турган болсок, менин үй-бүлө мүчөлөрүмдүн бири зордукталса, чечим чыгаруу үчүн демократ тогуттардын астындагы сотторго кайрылсам болобу? Алар шарият менен өкүм чыгарбайт. Аллах Аллахтын мыйзамы менен чечим чыгарбай, өзүнүн чечими менен чечим чыгарган тогуттардан чечим сурап кайрылуудан тыйган.

Аллах ыраазы болсун.

**Жооп**: ассаламу алайкум рохматуллохи уа барокатуху.

2009-жылы 18-февралда чыккан суроо-жоопто мындай дегенбиз:

«Ким дарул куфрда жашаган болсо жана ал жерде шарий сот жок болсо, ал өзүнүн акы-укугун талап кылууда жана ага келип жаткан зулумду кайтарууда дарул куфрдагы сотторго кайрылуусу мүмкүн. Бирок, бир шарт менен: анын талап кылып жаткан акы укугу шариятта белгиленген болушу шарт. Шариятка тескери келген алардын мыйзамына ылайык акы-укукту эмес, шариятта белгиленген акы-укукту талап кылуу шарты менен мүмкүн.

Мисалы: буюмун уурдатып жиберсе. Исламда уурдалган буюуму ага кайтарылып берилет. Ошондуктан, буюмун уурдаткан адам уурдалган буюмун кайтарып алуу үчүн дарул куфрдагы сотторго кайрылуусу мүмкүн.

Мисалы: бир адам белгилүү бир акчага үйүн сатса, сатып алуучу акчанын бир бөлүгүн берип, бир бөлүгүн кийинкиге калтырып, кийин калган бөлүгүн берүүдөн баш тартса же тана турган болсо, бул учурда Ислам сатуучуга сатып алуучудан акысын алып берет. Ошондуктан, дарул куфрда жашаган адам да акысын кайтарып алуу үчүн акчаны берүүдөн баш тартып жаткан адамды сотко берип кайрылса болот.

Ошондуктан, дарул куфрда жашаган мусулман адам шариятта белгилген адилеттүүлүктү жана акы-укуктарды талап кылууда дарул куфрдагы сотторго кайрылуусу мүмкүн.

Ал эми, жарандык мыйзамда белгиленген акы-укуктарды, бирок, шариятка тескери келген акы-укуктарды талап кылып дарул куфрдагы сотторго кайрылуу мүмкүн эмес.

Мисалы: шарият тыйган акционердик коомго мүчө болуп акционерлер ортосунда пайда бөлүшүүдө өз акысына тийиштүү пайданы ала албай

калса, анда, өз акы-укугун талап кылып дарул куфрдагы сотторго кайрылуусу мүмкүн эмес. Анткени, бул акы-укук шариат тарабынан эмес, жарандык мыйзам аркылуу белгиленген акы-укук. Бул шариятка тескери келет. Анткени, акционердик коом шарият тарабынан тыйуу салынган жана андагы пайда үлүшү да шарият тарабынан белгиленген эмес. Мусулман адам мындай компаниялардан чыгып кетүүсү важиб.

Мисалы: эгер, сүткордук менен иш кылган банкка белгилүү бир өлчөмдө пайда алуу үчүн акча салса, кийин банк ага акчасын кайтарып берген учурда келишилген пайдасынан аз өлчөмдө берсе, бул учурда ал банктан сүткордуктан түшкөн пайдасын өндүрүп алуу үчүн дарул куфрдагы сотко кайрылуусу мүмкүн эмес. Анткени, бул сүткордуктан түшкөн пайда-укук шарият эмес, жарандык мыйзам тарабынан белгиленген жана ал шариятка тескери келет. Ошондуктан, мусулман адам сүткордукка негизделген банк менен алака мамилелерин үзүүсү важиб.

Ошондуктан, эгер дарул куфрда жашаган адам зулум тартса же акысын жедирсе, бул акы-укуктарын талап кылуу шарият тарабынан белгиленген болсо, бул учурда дарул куфрдагы сотторго кайрылып акы-укугун талап кылуусу жаиз. Эгер, дарул куфрда жашаган мусулман адам шарият тарабынан эмес, жарандык мыйзам аркылуу белгилгенген акы-укуктары бузула турган болсо, анда, дарул куфрдагы сотторго кайрылып өз акы-укугун талап кылуусу мүмкүн эмес. Анткени, бул акы-укук шарият тарабынан белгиленген эмес жана ал шариятка тескери келет... Мындан тышкары, дарул куфрда жашаган мусулман адам шарият белгилеген акы-укугун жана адилеттүүлүктү талап кылууда дарул куфрдагы сотторго кайрылуудан мурда маселени чече ала турган адамдар аркылуу чечүү жолун караштыруусу абзел». (Суроо-жооптогу цитата бүттү).

Ушул жетиштүү го деп ойлойм. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

14-робиус-саний, 1441-х.
11-декабрь, 2019-м.

## Жарандык мыйзамда каралган укукту талап кылуу

**Суроо**: Жарандык мыйзамда жумуш берүүчү кол алдындагылардын акы укуктарын сактоого милдеттендирилген. Бирок, кээ бир учурда жумуш берүүчү мыйзамды аткаруудан качат. Кризис жана жумуш берүүчүлөрдүн ач көздүгү себептүү жумушчулардын укуктары бузулат. Азыркы учурда жумушчу акы укугун бир гана жарандык мыйзам аркылуу талап кыла алат. Эгер, жумушчу өзүнүн укугу бузулуп жаткандыгын көрсө, куфр мыйзамы (жарандык мыйзам) негизинде өз укугун талап кылса болобу?

**Жооб**: ассаламу алайкум рахматулоохи уа баракаатуху.

Сен жумушчу өз укугун мыйзамда каралган негизде талап кылуусу тууралуу өкүмдү сурап жатасың.

Анын жообу төмөнкүдөй: өз укугун талап кылуу же зулумду жоюу абалы шарий негизде жайиз, башкача айтканда, анын укугу бузулгандыгы же зулум тарткандыгы шарий негизде тастыкталган болсо. Тактап айтканда, анын укугу бузулгандыгы же зулум тарткандыгы шарият мыйзамы тарабынан каралган болсо. Шарията каралбаган акы укуктуу талап кылуу шариятка туура келбейт. Эгер, жумушчу шариятта каралбаган, бирок, жарандык мыйзамда каралган укукту талап кылса, аны талап кылуусу жайиз болбойт. Эгер, жумушчу талап кылып жаткан укугу жарандык мыйзамда каралган болуп, ошондой эле, ал шариятка туура келген болсо, аны талап кылуусу мүмкүн.

Мисалы: акыйкат сөздү айтканы үчүн түрмөгө камалып зулум тарткан учурда... Исламда акыйкат сөздү айткан корголот, ал түрмөгө камалуудан корголуп, түрмөдөн чыгарылат. Ошондуктан, мындай абалда зулумду жоё турган, түрмөгө түшүүдөн коргой турган мыйзамдарга кайрылуу жайиз.

Мисалы: буюмун уурдаткан адам. Ислам анын уурдалган малын кайтарып берет. Ошондуктан, ал уурдалган малын кайтарып бере турган мыйзамга кайрылса жайиз.

Мисалы: бир адам үйүн бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен сатса, сатып алган адам акчанын бир бөлүгүн берип, калган бөлүгүн төлөөдөн баш тартса. Ислам сатуучунун акысын сатып алуучудан алып берет. Ошондуктан, мындай учурда да сатуучу сатып алуучудан акчасын кайтарып алып бере турган мыйзамдарга кайрылса болот.

Ошондой эле, жумуш берүүчү менен жумушчу ортосундагы келишимдин негизинде белгилүү бир айлыкка келишип, кийин жумуш берүүчү жумушчунун айлык акысынан кемитсе. Мындай учурда Ислам жумуш берүүчүгө жумушчунун айлыгын толук төлөп берүүнү

милдеттендирет. Ошондуктан, жумушчу айлыгын толук алуу үчүн анын укугун коргогон мыйзамга кайрылса болот.

Башкача айтканда, мындай учурларда анын укугу шарий жактан каралган укук болуп саналат. Ошондуктан, ал шарий жактан тастыкталган укугун коргогон мыйзамдарга кайрылса болот. Ал эми, жарандык мыйзамда каралган укук шариятка туура келбесе, аны талап кылуу жайиз эмес.

Мисалы: ким шарий жактан батыл келишим болуп саналган акционердик коомдун акционери болсо, акционерлер ортосунда пайданы бөлүштүрүү учурунда анын үлүшү ал ала турган үлүштөн аз болгондугун көрсө, анда, ал бул учурда сотко кайрылышы жайиз эмес. Анткени, ал талап кылып жаткан укук жарандык мыйзамда каралган укук жана ал шариятка каршы келет. Анткени, бул компания жана андагы пайда табуу шариятта каралган эмес, ал шарий жактан батыл болуп эсептелет. Мусулман адам мындай компаниялардан чыгып кетүүсү важиб.

Мисалы: пайыздык (сүткордук) негизде пайда табуу үчүн банка акча салган адам. Ал банктан акчасын алган учурда банк ага келишилген негиздеги пайыздык пайда акысын бербей, андан аз кылып берсе, бул учурда ал өз укугун талап кылып сотко кайрылуусу жайиз эмес. Анткени, анын укугу жарандык мыйзамда каралган болсо да, ал шариятка каршы келет, ошондуктан, ал мындай учурда өз укугун талап кылып соттошуусу жайиз эмес. Жарандык мыйзамда ал сүткордук банктардан өз акы укугун талап кылуусу каралган болсо да, ал шариятка туура келебейт, анын бул укугу шариятта каралган эмес. Башкача айтканда, сүткордук жолу аркылуу пайда табуу шариятта харам. Ошондуктан, сүткордук банктар менен иш алып баруу алакасын токтотуу – ар бир мусулманга важиб.

Корутундулап айтканда, жумушчунун жарандык мыйзамда каралган акы укугу Шариятка каршы келбеген акы укук болсо, бул учурда жумушчу өз акы укугун коргогон мыйзамдарга кайрылса болот. Ал эми, жумушчунун жарандык мыйзамда каралган акы укугу шариятка туура келбестен, каршы келсе, анда, бул учурда жумушчу укугун талап кылып сотко кайрылуусу жайиз эмес. Анткени, бул шариятка тескери келген акы укук.

Жооб түшүнүктүү болду деп ойлоймун. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

29-шаъбан, 1442-х.
3-апрель, 2020-м.

## Кинотеатрларга баруу туурасында

**Суроо**: жөнөкөй фильмдерди көрүү үчүн кинотеатрларга кирүү жайызбы? Белгилүү болгондой, фильмдерди көрүү чыныгы денени эмес, балким, сүрөттөрдү көрүү болуп саналат. Ошондой болгон соң, ахлакий бузукулукту келтирип чыгара турган фильмдерди көрүү жайызбы? Мындай фильмдерди көрүү үчүн кирип жаткан мусулман адамга карата кандай мамиледе болушубуз важып: Ага амру-маъруф кылып, аны жамандыктан кайтарабызбы же аны өз абалына таштап коёбузбу?

**Жооп**: олуттуу, пайдалуу фильмдерди көрүү үчүн кинотеатрларга кирүү жайыз. Бирок, залдагы аялдардын орундук саптары эркектердин орундук саптарынан өзүнчө бөлөк болушу шарт. Себеби, ал да бирер маруза же жыйынга катышууга окшойт. Бул нерсе бир гана эркектердин орундук саптары аялдардыкынан өзүнчө бөлөк болуу шарты менен жайыз.

Бирок, ушул шарттар менен болгон бул жайыздыкты залда отурган аялдардын айрым авраттарына көз түшүп калышынан корккондугу себептүү жана залдагы көрүүчүлөрдөн туура эмес сөздөрдү (мүмкүн болбогон сөздөрдү) угуп калуудан корккондугу себептүү таштап кетиши абзелирээк.

Бирок, ахлакий бузукулукту келтирип чыгара турган фильмдерди көрүү таптакыр жайыз эмес. Жада калса, алар чыныгы дене эмес, балким, сүрөт болгон күндө да таптакыр жайыз эмес. Себеби, бул жааттагы шаръий коида «арамга алып бара турган васита да арам» деген коида болуп, бул коида боюнча васита арамга албетте алып барышы шарт кылынбайт, балким, ушундай күмөндүн үстөм болушунун өзү жетиштүү. Анткени, мындай фильмдер адамдарды көбүнчө арамга жетелейт. Ошондуктан, демек, жогоруда айтылган шаръий коида аларга дал келет.

Ошондуктан, демек, мындай фильмдерди көрүү үчүн кирүү да, аларды сатып алуу да жайыз эмес.

Эми Хизб жигиттери мына ушундай фильмдерди көрүү үчүн кирип жаткан мусулмандарга карата кандай мамиледе болуу керектигине келсек, көбүнчө мындай фильмдерди көрүү үчүн амру-маъруф да, нахий-мункар да пайда бербей турган, таасир кылбай турган селсаяк кимселер киришет. Роббинин Өзү ырайым кылбаса, мындай кимселердин иши кыйын. Ошого карабастан, эгер жигиттер бирер күчтүү ыкманы жана хикмат менен тыйып коюу, кайтаруу жолун табышса, мына ошону ишке салышсын. Мүмкүн, бул суроону берген киши өзүнүн айрым жакындарын көздө тутуп жаткандыр, аларды мындай жаман абалда көрүү аны кайгыга салып, ошондуктан, аларды бул жолдон кайтармакчы болгон болушу мүмкүн. Эгер андай болсо, аларга амру-маруф, нахий-мункар

кылсын, ылайык ыкманы тандап колдонсун. Ажеп эмес, Алла аларды хидаяттаса. Бул үчүн ага Алланын уруксаты менен, албетте, сооп-сыйлык болот.

Бүгүнкү күндө мусулмандарды ар тараптан балээлер, каргашалар ороп алды. Буга бирден-бир себеп, алардын Халифалыгынын жоктугу. Ошондуктан, мусулманга бүгүнкү күндө ылайык болгон нерсе, жада калса, мубах болгон оюн-күлкүгө да убакыт ажыратпашы керек. Ошондой болгон соң, эгер, мусулман адам өз убактысын – Алла сактасын – арам болгон көңүл ачуулар менен өткөрсө, бул кандай абал болот? Муну өзүңөр элестетип көрө бергиле. Эй боордоштор, силердин важып милдетиңер зор күч сарптап, бирок, хикмат менен мусулмандарды туура жолго жолдошуңар. Анткени, алар бүткүл убактыларын жакшы иштерди кылуу, Халифалыкты кайра тикелөө жана Үммөттү бул каргаша, төмөндүктөн куткаруу үчүн бүткүл күчүн аябай аракет кылуу менен өткөрүшсүн.

18-рамазан 1427-х.
10-октябрь 2006-м.

## Сөз жана иш-аракетте бирөөлөрдүн образына кирүү жөнүндө

**Суроо**: кино жана театр актёрлору аракет жана сөздөрүндө бирөөлөрдүн образын аткарышы жайизби? Бул өкүм оюнчук жана айбандар атынан мультипликацияга добуш берген актёрлорго да түшөбү?

**Жооп**: кино жана театр актёрлоруна карата алсак, алар бирөөлөрдүн образдарына кирип, ошолордун сөзүн сүйлөшөт, мында ошол актёр өз тилинде бирөөнүн сөзүн айтат, бул – жалган. Ал тургай, актёр ошол адам атынан касам ичүү керек болсо ичет, мындан тышкары, ошол образдагы адам талак кыла турган болсо, анын оозунан талак сөзү да чыга берет… Булардын баары арам, себеби, жалган – арам. Адам ичкен касамы, талагы жана ар бир сөзү үчүн жооп берет, ал актёрлук кылып жаткан эле делбейт, ал айткан ар бир сөзүн өз ыктыяры менен айттыбы, демек, ага жооп бериши анык.

﴿مَّا يَلۡفِظُ مِن قَوۡلٍ إِلَّا لَدَيۡهِ رَقِيبٌ عَتِيدٞ﴾

*«Ал бир да сөз сүйлөбөйт, эгер (сүйлөсө) анын алдында даяр көрүп турган бир күзөтүүчү (периште ал сөздү жазып алат)»* [50:18]

Балдардын мультипликациясына добуш берүүгө келсек, анда актёр бирер оюнчук же айбан сыяктуу нерселердин тилинен сүйлөйт, бул – мубах. Себеби, ал жерде актёр өзү сыяктуу башка адамдардын тилинен сүйлөбөй жатат, балдардын оюнчуктары жана айбандары атынан сүйлөп жатат. Турмушта оюнчук да, айбан да сүйлөбөшү ачык-айкын белгилүү, ошондуктан, бул жерге жалгандын вакиъси туура келбейт, балдарды оюнчук менен көңүл ачуу түркүмүнө кирет.

8-рамазан, 1434-х.
27-июль, 2013-м.

# Пайгамбар ﷺдын жана сахабалар ؓдын ролун кино фильмдерде аткаруунун өкүмү

Суроо: ассаламу алайкум рохматулохи уа баркатуху, урматтуу Шейх, кино тасмаларда Пайгамбар ﷺдын жана Сахаба ؓдын ролун аткаруунун өкүмү кандай?

Жооб: алайкуму салам рохматуллохи уа баракатуху.

Азыркы учурдагы кино тасмаларда роль аткаруу шарий жактан жайиз эмес, анткени, аларга жалган аралашып кетет. Авраттар көрүнөт, себеби, бөлөк бөтөн эркектер күйөөлөрдүн жана махрамдардын ролун аткарышат, анын натыйжасында аларга авраттардын ачылышына шарттар жаралат. Ошондуктан, шариятка каршы келген иштер биринин артынан бири тизмектешет. Ошол себептен улам, азыркы учурдагы кино тасмалар жана сериалдар шариятка каршы келген иштер үчүн шарий жактан жайиз эмес. Мындан да кооптуусу сахаба ؓдын ролун аткаруу, андан да үлкөн кооптуусу катардагы адамдар Аллахтан уялбастан жана кыжаалат болбостон пайгамбарлардын ролун аткаруулары өтө жаман иштерден.

2009-жылы 23-августагы ушуга байланыштуу суроо-жообдо мындай дегенбиз:

«Актердукта жана сериалдарда шариятка каршы келген көптөгөн иштер аралашат:

А. Жалган аралашат. Бир адам башка бир адамдын образына кирет. Ошол адамдын тили менен сүйлөйт, ал адамдын касам ичкен жери болсо, касам ичет. Балким, андан да жаманы, ал адам талак берген болсо, аны аткарып жаткан адам да талак берет. Инсан тамашалап айтса да айткан сөзүнө жоопкер болот.

Б. Шарият уруксат бербеген абалда жат эркек аялдардын аралашуусу жүз берет.

В. Авраттар көрүнөт. Шарият белгилеген бөлөк бөтөн эркектерден авратын жабуусу жок жат эркектер күйөө жана махрамдардын ролун аткарат. Авраттын жабылуусунан тышкары да, күйөө жана махрамдардын ролун аткарып жаткан жат эркек-аялдардын алакаларында да шариятка каршы иштер жүзөгө ашат...

Ушундай шариятка ачыктан-ачык каршы келген иштердин эң кооптуусу жана коркунучтуусу – пайгамбарлардын ролун аткаруу. Пайгамбарлар – Аллахтын рисалатын адамдарга жеткирүү үчүн тандалган адамдар. Бул Пайгамларлардын өзүнө тиешелүү касиет. Алардан башка адамдар тиешеси жок. Катардагы адам вахий кылынган Пайгамбардын же элчинин ролун аткаруусу ал жеткирген рисалатка

каршы душмандык кылган менен барабар жана пайгамбарлыктын акыйкатына душмандык кылгандык болуп саналат. Ошондой эле, рисалаттын кадырын кетирип, анын кадырына шек келтирет. Бул дегени Пайгамбарлыктын рисалатына карата үлкөн зулум кылгандык болуп эсептелет. Бул иштер жат эркек жана аялдар күйөөнүн жана жубайдын ролун аткарган шариятка каршы келген иштердин эң кооптуулары.

Ошондуктан, сериалдар, драмалар шарий жактан жаиз эмес.

Ал эми, Аллахтын жардамы менен тикеленген Халифат бул сыяктуу шариятка каршы келген кино тасмаларга драмаларга уруксат бербейт. Бул сыяктуу амалдардын майда баратын ачыктоону өз убагында ачыктайбыз ин шаа Аллах.

Ушул жооп жетиштүү деп ойлоймун, Аллах билүүчү жана өкүмдар».

Корутунду: ал эми, бул, кино тасмаларды көрүү тууралуу комментарий калтырган жана бул суроо-жооб көрүү тууралуу эмес, роль аткаруу тууралуу болуптур деп айтып жатышкан бир туугандарга мындай деймин: мен суроодо айтылгандай, пайгамбарлардын жана сахабалардын ролун аткаруу шариятка каршы келерин жана Халифат мындай иштерге тыюу саларын айтуу менен чектелдим. Көрүү тууралуу жооб бергеним жок. Балким, суроочулар бул маселе тууралуу өздөрү ижтихад кылуусуна же өздөрү кадыржам болуп эргешкен бир мужтахиддин бул маселе тууралуу ижтихадына ээрчүүлөрүнө калтырдым. Башкача айтканда, бул маселе тууралуу толук ыктымалдуу бир пикир берген жокмун. Маселе ачык-айкын болду деп ойлойм.

28-робиус-саний, 1441-х.
25-декабрь, 2019-м.

## Балдарга түшүндүрүү үчүн сүрөт тартуу

Алты жаштан он жашка чейинки болгон балдар үчүн таалим программасынын биринчи баскыч китептеринде балдардын дини жана дүйнөсү үчүн пайдалуу болгон сүрөт жана кыссалар менен түшүндүрүү жайыз. Бул кысса фаразий шахстар (кыялда ойлоп табылган адамдар) же айбандар тилинен болобу, мунун айырмасы жок. Болгону, бул түшүндүрүү эсеп жана ушуга окшогон илимий пикирди, же даарат, намаз жана ушул сыяктуу ибадаттарды түшүндүрүү үчүн болушу керек.

Мунун далили Бухарий жана Муслим Рубайеъ бинти Муъаввиз Ансорийя ﵂дан чыгарган жана Айша ﵂ рыбаят кылган мына бул хадистер:

«قَالَتْ أَرْسَلَ النَّبِيُّ ﷺ غَدَاةَ عَاشُورَاءَ إِلَى قُرَى الأَنْصَارِ مَنْ أَصْبَحَ مُفْطِرًا فَلْيُتِمَّ بَقِيَّةَ يَوْمِهِ وَمَنْ أَصْبَحَ صَائِمًا فَلِيَصُمْ قَالَتْ فَكُنَّا نَصُومُهُ بَعْدُ وَنُصَوِّمُ صِبْيَانَنَا وَنَجْعَلُ لَهُمُ اللُّعْبَةَ مِنَ الْعِهْنِ فَإِذَا بَكَى أَحَدُهُمْ عَلَى الطَّعَامِ أَعْطَيْنَاهُ ذَاكَ حَتَّى يَكُونَ عِنْدَ الإِفْطَارِ»

«Рубайеъ бинти Муъаввиз Ансорийя ﵂: Ашура күнү эртең менен ансарлардын кыштактарына Набий ﷺ: «Кимде-ким орозо тутпаган абалында таң аттырган т.а. оозу ачык болсо, күндүн калганын ушул абалда акырына жеткизсин. Кимде-ким оозу бекик т.а. орозо тутуп таң аттырган болсо, орозосун уланта берсин», - деген кабарды жөнөттү. Рубайеъ айтты: Биз ушундан кийин ушул күнү орозо тута бердик. Балдарыбызга да орозо туттурар элек жана аларга жүндөн оюнчук жасап берер элек. Алардан бирөөсү тамак жеймин деп ыйлап калса, иптар убактысы болгонго чейин жанагы оюнчукту берер элек». Бул Бухарий рыбаяты. Муслим рыбаятында болсо мына мындай келген:

«وَنَصْنَعُ لَهُمْ اللُّعْبَةَ مِنْ الْعِهْنِ فَنَذْهَبُ بِهِ مَعَنَا فَإِذَا سَأَلُونَا الطَّعَامَ أَعْطَيْنَاهُمْ اللُّعْبَةَ تُلْهِيهِمْ حَتَّى يُتِمُّوا صَوْمَهُمْ»

«Аларга жүндөн оюнчук жасап, аны өзүбүз менен алып жүрөр элек. Эгер алар бизден тамак сурашса, аларга бул оюнчукту берер элек. Ушуну менен аларды орозолорун акырына жеткизишкенге чейин алек кылып кубантар элек». Айша ﵂дан келген хадис:

«قَالَتْ كُنْتُ أَلْعَبُ بِالْبَنَاتِ عِنْدَ النَّبِيِّ ﷺ»

Ал киши айтты: «Мен Пайгамбар ﷺдын алдында куурчактар ойнор элем». Бул хадисти Бухарий рыбаят кылган. Муслимдин рыбаятында мына мындай келген:

«كُنْتُ أَلْعَبُ بِالْبَنَاتِ فِي بَيْتِهِ ﷺ وَهُنَّ اللُّعَبُ»

«Мен Пайгамбар ﷺдын үйүндө кыз куурчактарды ойнор элем».

Биринчи хадисте Рубайеъ ﵂ балдарды орозо тутууга үйрөтөр эле. Алардын курсагы ачып калса, ар түрдүү көрүнүштөгү куурчактар менен аларды алаксытар эле. Бул нерсе Расулулла ﷺдын икрары (макулдоосу) менен болгон. Себеби, бир сахабий «мына мындай кылар элек» десе жана

бул иш Расулулланын заманында болсо, демек, бул сүннөт. Маалым болгондой, бул оюнчуктар балдардан башкалар үчүн арам. Себеби, ал оюнчук айкел. Айкелди (сатып) алуу арам. Бирок, бул жерде оюнчук балага дининде пайдалуу болгон нерсени үйрөтүү (т.а. хадисте келгендей орозо тутууга адаттандыруу) үчүн келгендиги үчүн жайыз болду.

Экинчи хадисте Айша ﵂ кыздар көрүнүшүндөгү куурчактарды ойнор эле. Демек, бул жерде оюнчук дүйнөдөгү мубах манфаат болгону үчүн т.а. адам көрүнүшүндөгү оюнчук дүйнөдө балдарга пайдалуу болгону үчүн жайыз болду.

Демек, балага мубах болгон бир пайданы баян кылуу үчүн же балага динде ибадат, ахлак жана ушул сыяктуу пайдалуу болгон нерселерди түшүндүрүү үчүн сүрөттөр жана кыссаларды иштетүү жайыз. Анткени, бул иштер нерселерди балдардын баамына жакындаштыруу жана аларды жакшы нерсеге адаттандыруу үчүн болгон. Бул нерселердин жайыздыгы биринчи хадистеги балдарды орозо тутууга оюнчуктар менен үйрөтүүнүн жана экинчи хадистеги бардардын оюнчук менен мубах оюндарды ойношунун жайыздыгына кыяс кылынды.

Бирок, аят жана хадис сөздөрүнүн айбандар тилинде зикир кылынышы (айтылышы) жайыз эмес, балким, маанилерин зикир кылуу жайыз. Себеби, Куран аяттарынын айбандар окугандай алардын тилинен зикир кылынышы жайыз эмес. Анткени, Куран Алланын сөзү болуп, аны адамдарга шашылбай окуп бериши үчүн, адамдар болсо аны окушуп, тадаббур кылуулары үчүн Алла Таала Расулулла ﷺга түшүргөн. Хадис да дал ушундай.

Ал эми, Курани Карим аяттары жана Расулулла ﷺдын хадистери маанилеринин кыссаларда айбандар тилинде зикир кылынышы жайыз.

Мисалы, бир кыссада коён түлкүгө «эмне үчүн зулум кылмакчысың, билбейсиңби, Алла зулум кылууну арам кылган жана Ал залимдерди жаман көрөт» деген сүйлөм келсе жайыз. Себеби, айбандар да Алланын махлуктары. Алар да Алланын амри менен тасбех айтып, Ага моюн сунушат.

14-зулхижжа 1426-х.
14-январь 2006-м.

## Сүрөт тартуу туурасында

**Суроо**: менин эмгегим сүрөт тартууга байланыштуу, андыктан төмөндөгү иштерди кылышыма туура келет:

- Сүрөттөрдү оңдоо жана түзөө (т.а. беттеги тырыштарды өчүрүү, көздүн түсүн же беттин айрым өзгөчөлөнүп туруучу жактарын өзгөртүү жана башкалар сыяктуу);
- Адамдардын жана айбандардын сүрөтүн абдан окшош кылып тартуу;
- Басылмага даярдалган сүрөттөрдү иштетүү;
- Сүрөттөрдү, лозунгдарды өзүм тартуунун ордуна, башка бирөөлөрдөн алып иштетүү;
- Инсандардын же айбандардын көрүнүшүн тартуу (мисал катары, «жөө жүргүнчүлөр өтүүчү жай» сыяктуу жол белгилери, «өрт маалында чыгуучу эшик», «иттер менен сейилдөөгө тыюу салынат» сыяктуу белгилер);
- Инсандын же айбандын көрүнүшүн тартуу (мисалы, лозунг катары: кол алышып турган колдор, же сөөмөй, же болбосо аттын башы сыяктуу);
- Адамдар жана айбандардын сүрөтүн турмуш чындыгына анча окшобой тургандай (карикатура) кылып тартуу;
- Жашоодо таптакыр жок болгон жомоктордогу нерселерди тартуу.

Сиздин ушул амалдардын шаръий өкүмдөрүн баян кылып беришиңизге үмүт кыламын, Алла сизге берекет тартуу кылсын!

**Жооп**: сүрөт жөнүндөгү суроого жооп берүүдөн мурун эки маселени баса белгилеп өтмөкчүбүз:

Биринчи: Төмөндөгү жооптор сүрөт, т.а. колдо сүрөт тартуу жөнүндөгү шаръий өкүм болуп, хадистерде келген (арамдыгы айтылган) маани болуп саналат. Фотокамерада сүрөттө түшүрүү андай эмес, себеби, буга (арамдыгы айтылган) хадистер туура келбейт.

Экинчи: Төмөндөгү жооптор көлөкөсү жок тегиз жалпак сүрөттөр жөнүндө. Көлөкөсү бар сүрөт, т.а. айкелдер болсо, кандай гана болбосун арам. Себеби, бул жөнүндө шаръий далилдер келген. Бирок, жаш балдардын айкел оюнчуктары болсо, арам эмес. Себеби, буга уруксат берүүчү далилдер келген, бул жөнүндө жооптун соңунда баян кылынат.

Эми, сүрөт жөнүндөгү суроонузга жооп беребиз:

Эки суроонузга келсек:

- Сүрөттөрдү оңдоо жана түзөө (т.а. беттеги тырыштарды өчүрүү, көздүн түсүн же бетин айрым өзгөчө жактарын өзгөртүү жана башкалар сыяктуу);

- Адамдар жана айбандардын сүрөтүн абдан окшош кылып тартуу;

Бул эки суроо жаны бар нерселерди тартууга же жаны бар нерселердин сүрөтүнө кол менен өзгөртүү киргизүүгө, мисалы, беттеги тырыштарды жана беттин айрым өзгөчөлөнүп туруучу жактарын өчүрүүгө тиешелүү, далилдерде келгендей буга арамдык өкүмү түшөт. Мында калем менен колдо тартылабы же компьютердин «мышкасынын» жардамында тартылабы, айымасы жок, ырас, инсандын кыймылынын жардамында жаны бар нерсе тартылган соң, буга арамдык өкүмү түшөт. Имам Бухарий Ибн Аббастан ушул хадисти иштеп чыгарды: Расулулла ﷺ мындай дейт:

«مَنْ صَوَّرَ صُورَةً فَإِنَّ اللهَ مُعَذِّبُهُ حَتَّى يَنْفُخَ فِيهَا الرُّوحَ وَلَيْسَ بِنَافِخٍ فِيهَا أَبَدًا»

«Ким сүрөт тартса, ага жан киргизип бермейинче Алла аны азаптай берет. Акыйкатта болсо, ал эч качан ага жан киргизе албайт».

Имам Бухарий Ибн Умардан рыбаят кылат: Расулулла ﷺ мындай дейт:

«إِنَّ الَّذِينَ يَصْنَعُونَ هَذِهِ الصُّوَرَ يُعَذَّبُونَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ يُقَالُ لَهُمْ أَحْيُوا مَا خَلَقْتُمْ»

«Мындай сүрөттөрдү тартып жаткан адамдар Кыямат күнү азапталышат. Аларга жараткан нерселериңерди тирилткиле деп айтылат».

Кезектеги эки суроонузга келсек:

- Басылмага даярдалган сүрөттөрдү иштетүү;
- Сүрөттөрдү, лозунгдарды өзүм тартуунун ордуна, бирөөлөрдөн алып иштетүү;

Т.а. сиз өзүңүз тартпастан башкадан алган сүрөттөрдүн өкүмү. Бул сүрөттөрдү сактоо өкүмүнө тиешелүү, бул үч түрдүү болот:

а) Эгер, сиз сүрөттөрдү ибадат кылына турган жайларга, мисалы, жайнамазга, мечит пардаларына же мечиттин чакырык жана жарыяларына жайгаштыруу максатында көчүрүп алсаңыз, бул арам, жайыз эмес. Төмөндө мунун далидеринен келтиребиз:

Ибн Аббас رضي الله عنه нун хадисинде Расулулла ﷺ Каъбага ал жердеги сүрөттөр өчүрүлмөйүн кирүүдөн баш тартты. Расулулла ﷺдын сүрөттөр өчүрүлмөйүнчө Каъбага кирүүдөн баш тартуусу сүрөттөрдү ибадат кылына турган орундарга коюудан катъий кайтарышына болгон карина болуп эсептелет. Бул болсо, мечиттерге сүрөт коюунун арамдыгына далил.

Имам Ахмад Ибн Аббастан:

«أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ لَمَّا رَأَى الصُّوَرَ فِي الْبَيْتِ يَعْنِي الْكَعْبَةَ لَمْ يَدْخُلْ وَأَمَرَ بِهَا فَمُحِيَتْ»

«Расулулла ﷺ байтта, т.а. Каъбада сүрөттөрдү көргөндөн кийин, ага кирбеди жана буюруп аларды өчүрттү» деген хадисти рыбаят кылган.

б) Эгер, сиз бирөө тарткан сүрөттөрдү ибадат кылынбай турган жайларга коюу үчүн алсаңыз, далилдер мунун жайыз экенин баян кылган:

– Сүрөттөрдү урматтала турган жана улуулана турган жайларда иштетүү үчүн алынса, бул макрух болот. Мисалы, үй пардалары, билим мекемелеринин түшүндүрүү каражаттары, кийиле турган көйнөктөр, кийимдер, ибадат кылууга байланышы болбогон медресе, мектеп жана жарыялар, үй дубалына асуу үчүн, көрүнүштү кооздоо максатында кийим кылып кийүү үчүн... жана башкалар үчүн болсо, булардын бардыгы макрух болот.

– Эгер, сүрөттөр ибадат кылынбай турган жана улууланбай турган жайларда иштетүү үчүн көчүрүлсө, бул мубах болот. Мисалы, жердеги килем, жата турган жана уктай турган көрпө-төшөктөр, сүйөнө турган жаздыктар, жердеги сүрөттөр жана башкалар... булар мубах.

Төмөндө булардын далилдеринен келтиребиз:

– Абу Талханын Муслимдеги ушул лафзда келген хадиси: «Мен Расулулла ﷺдын мындай дегенин уккан элем:

«لاَ تَدْخُلُ الْمَلاَئِكَةُ بَيْتًا فِيهِ كَلْبٌ وَلاَ صُورَةٌ»

«Периштелер ит жана сүрөттөр бар үйгө киришпейт». Имам Муслим рыбаят кылган хадисте «إِلاَّ رَقْمًا فِي ثَوْبٍ кийимде сан (сүрөт) болсо, мейли», деп келген. Бул болсо, кийимде тартылган сүрөт мындан тышкары экенине далил. Мунун мааниси периштелер кийимде сан, т.а. тартылган сүрөт болсо кире берет дегени.

Бул болсо ушуну түшүндүрөт, тегиз сүрөт, т.а. кийимдеги сүрөт жайыз, себеби, периштелер тегиз сүрөттөр бар үйгө кире беришет. Бирок, бул жайыздын түрүн ачыктап бере турган башка хадистер да бар:

– Айша رضي الله عنها нын хадиси. Аны имам Бухарий рыбаят кылган. Айша رضي الله عنها айтат:

«دَخَلَ عَلَيَّ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ وَفِي الْبَيْتِ قِرَامٌ فِيهِ صُوَرٌ فَتَلَوَّنَ وَجْهُهُ ثُمَّ تَنَاوَلَ السِّتْرَ فَهَتَكَهُ»

«Менин алдыма Набий ﷺ кирди. Үйдө киром турчу, анда сүрөттөр бар эле. Ошондо, ал заттын бети өзгөрүп кетти. Кийин парданы алды да, аны жыртып жиберди». Киром көйнөктүн бир түрү, парда катары үйдүн эшигине тосуп коюлган эле. Расулулла ﷺдын түсү өзгөрүп, парданы жыртып жиберүүлөрү – ошол парданы, эгер, анда сүрөттөр болсо, эшике илип коюлбастыгына талап болууда. Эгер, бул жагдай сүрөттөрү бар кийим турган үйгө периштелердин киришинин жайыздыгы менен кошум каралса, аны таштоого болгон жогорудагы талап катъий эместигине, т.а. макрухтугуна далалат кылат. Себеби, ал сүрөттөр эшике илип коюлган пардада эле, бул болсо улуулана турган жай. Демек, сүрөттү урматтала турган жайга коюу макрух.

– Абу Хурайранын хадиси. Аны имам Ахмад Жабраил ﷵдын Расулулла ﷺга айткан сөзүндө келгенин рыбаят кылган:

«وَمُرْ بِالسِّتْرِ يُقْطَعْ فَيُجْعَلَ مِنْهُ وِسَادَتَانِ تُوطَآنِ»

«Буюруң, парданы кыркып, андан тепселене турган жаздык кылынсын».

Бул жерде Жабраил ﷵ Расулулла ﷺга парданы улуулана турган жайдан алып таштап, андан теспелене турган жаздык кылууга буюрду. Бул болсо, бирөөдөн сүрөттөрдү алып, урматталбай турган жайда пайдалануу мубах экенине далалат кылат.

Кезектеги эки суроонузга келсек:

- Инсандардын же айбандардын көрүнүшүн тартуу (мисал катары, «жөө жүргүнчүлөр өтүүчү жай» сыяктуу жол белгилери, «өрт маалында чыгуучу эшик», «иттер менен сейилдөөгө тыюу салынат» сыяктуу белгилер);
- Инсандын же айбандын көрүнүшүн тартуу (мисалы, лозунг катары: кол алышып турган колдор, же сөөмөй, же аттын башы сыяктуу);

Бул эки суроонун жообу төмөнкүдөй:

Эгер, тартылган сүрөттөрдүн көрүнүшү жаны бар нерсеге далалат кылса, муну тартуу арам болот. Себеби, хадистер жаны бар нерсени тартууну арам деп сыпаттайт. Мындай арам деп сыпаттоо толук сүрөткө, же жарым тартылган сүрөткө, же колдор сыяктуу дененин башка ачык көрүнүүчү бөлүктөрүнө уланган баштын сүрөтүнө туура келет.

Бирок, эгер, тартылган сүрөттүн көрүнүшү жаны бар нерсеге далалат кылбаса, мисалы, кол гана болсо, же бир нерсеге ишарат кылган бармак эле болсо, же кол алышып турган колдун сүрөтү болсо... буга арам кылуучу хадис туура келбейт.

Эми, баш эле болуп, кандайдыр бир ачык көрүнгөн мүчөгө уланбаган болсо, бул боюнча фикхий ихтилаф (кайчылаш пикир) бар. Бул ихтилафтардын күчтүү далилге ээ болгону – бул, эч кандай денеге уланбаган баш сүрөтүнүн арам эместиги. Себеби, айкел дарака окшоп калышы үчүн айкелдин башын кыркып жиберүүгө уруксат берүүчү хадистер бар. Мисал үчүн, Абу Хурайра ؓ рыбаят кылган ушул хадисте Жабраил ﷵ Расулулла ﷺга айкелди башы кыркылса, ал арам болбой калышын айтат:

«فَمُرْ بِرَأْسِ التِّمْثَالِ الَّذِي فِي بَابِ الْبَيْتِ فَلْيُقْطَعْ لِيَصِيرَ كَهَيْئَةِ الشَّجَرَةِ»

«Буюруң, дарак көрүнүшүнө айланышы үчүн үй эшигиндеги айкелдин башы кыркылсын»,

«... فَمُرْ بِرَأْسِ التِّمْثَالِ يُقْطَعْ فَيُصَيَّرَ كَهَيْئَةِ الشَّجَرَةِ...»

«Буюруң, айкелдик башы кыркылып, дарак көрүнүшүнө айлансын» (Имам Ахмад рыбаяты).

Бул хадис жалгыз баштын өзү да, айкелдин башсыз калган денеси да, экөөсү тең арам эмесине далалат кылат. Бул орунда арам эместик башы алып ташталган айкелге каратылууда, андыктан, кесилген баш арам деген сөз келип чыкпайт. Себеби, Жабраил ﵇дын Расулулла ﷺга айкелдин башын кыркып таштоого буйруганы мындай кесүүнүн жайыздыгын, арийне, кесилгенден кийин калган нерсе да жайыз экенин түшүндүрөт.

Белгилүү болгондой, ханбалийлер жана маликийлер баштын өзү жайыз дешет. Шафиийлер болсо, бул боюнча ихтилаф кылышат. Алардын көпчүлүк фукахалары баштын өзү арам дешсе, калгандары аны жайыз дешет.

Акыркы эки суроонузга келсек:

- Адамдардын жана айбандардын сүрөтүн турмуш чындыгына анча окшобой тургандай (карикатура) кылып тартуу;
- Жашоодо таптакыр жок болгон жомоктордогу нерселерди тартуу.

Булардын жообу төмөнкүдөй:

Эгер, бул сүрөттөр жаны бар нерсеге далалат кылса, мейли, турмуш чындыгына анча окшобосо да – арам. Себеби, нусустар ушуну көрсөтүүдө. Мисалы, имам Муслим рыбаят кылган хадисте Расулулла ﷺ Айша ﵂ну эшикке тосулган парданы алып таштоого буюрду. Себеби, пардада канаттуу аттардын сүрөттөрү бар эле. Албетте, турмушта канаттуу аттар жок.

Имам Муслим мына бул хадисти рыбаят кылган. Хадисте Айша ﵂ мындай дейт:

«قَدِمَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ مِنْ سَفَرٍ وَقَدْ سَتَّرْتُ عَلَى بَابِي دُرْنُوكًا فِيهِ الْخَيْلُ ذَوَاتُ الْأَجْنِحَةِ فَأَمَرَنِي فَنَزَعْتُهُ»

«Расулулла ﷺ сапардан келди. Мен эшигимди канаттуу аттардын сүрөтү бар дурнук менен тосуп койгон элем. Ошондо, буюрганда, аны алып таштадым». Дурнук – көйнөктүн бир түрү.

Суроонун башында айткан сөздөрүмдү кайталаймын. Арам кылынган сүрөт балдар үчүн эмес. Балдар үчүн болгон сүрөттөр карикатура же куурчак сүрөттөр болсо, же балдарды сооротуу, ойнотуу жана таалим берүү үчүн болсо, булардын баары жайыз. Себеби. Бул жөнүндө далилдер келген. Мисалы:

Абу Давуд рыбаят кылган хадисте Айша ﵂ мындай дейт:

«قَدِمَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ مِنْ غَزْوَةِ تَبُوكَ أَوْ خَيْبَرَ وَفِي سَهْوَتِهَا سِتْرٌ فَهَبَّتْ رِيحٌ فَكَشَفَتْ نَاحِيَةَ السِّتْرِ عَنْ بَنَاتٍ لِعَائِشَةَ لُعَبٍ فَقَالَ مَا هَذَا يَا عَائِشَةُ قَالَتْ بَنَاتِي...»

«Расулулла ﷺ Табук же Хайбар казатынан кайтты. Айшанын (سهوتا сахвасында) парда бар эле. Шамал жүрүп, парданы көтөрүп жибергенде, парданын четинен анын кыз оюнчугу көрүнүп калды. Расулулла ﷺ бул эмне, деп сураганда, Айша куурчагым, деди...».

Имам Бухарий рыбаят кылган хадисте Айша ﵂ мындай дейт:

«كُنْتُ أَلْعَبُ بِالْبَنَاتِ عِنْدَ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ...»

«Мен Набий ﷺдын алдында кичине кыздарды ойноп жаткан элем...». Т.а. кичине кыз көрүнүшүндөгү куурчакты ойноп жаткан эле.

Имам Бухарий рыбаят кылган хадисте Ансарлардан Робиъ бинт Мауз ﵂ мындай дейт:

«...وَنَجْعَلُ - وفي رواية مسلم ونصنع - لَهُمْ اللُّعْبَةَ مِنْ الْعِهْنِ فَإِذَا بَكَى أَحَدُهُمْ عَلَى الطَّعَامِ أَعْطَيْنَاهُ ذَاكَ حَتَّى يَكُونَ عِنْدَ الْإِفْطَارِ»

«...Биз аларга жүндөн оюнчук кылып берчүүбүз (Муслим рыбаятында жасайт элек деп келген), кимиси тамак сурап ыйласа, ифтар убагы болгонго чейин ошону берүүбүз». Т.а. балдарды ифтар убагына чейин сооротуп турушчу.

Ушул хадистердин баарында балдардын оюнчугуна, ал тургай, жаны бар нерсенин айкели болсо да, уруксат берилүүдө. Демек, кандай болсо да тегиз нерседе сүрөт болсо, бул толук жайыз болуп эсептелет.

12-шаввал, 1431-х.
21-сентябрь, 2010-м.

## Демократия жөнүндө

**Суроо**: азыркы кылымда таза динибизге жат, Ислам итикадына ар кандай жактан карама-каршы болгон ката түшүнүктөр жана батыл итикаддар, алардын катарында, батыл демократия Ислам Үммөтүнө чабуул кылууда. Индонезиядагы айрым мусулмандар демократияны Исламдан деп эсептешет. Алар бул үчүн Куръани Карим жана Суннати Набавийди туура эмес түшүнүүдөн келип чыккан шаръий далилдерди да келтиришет.

1 – Демократия жөнүндөгү пикириңиз кандай?

2 – Бул кооптуу проблемадан кандай кутулса болот?

3 – Мен бул жөнүндө китеп жазмакчымын. Сиз буга кандай карайсыз? Бул туурасында кеңеш беришиңизди каалайт элем.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух...

Демократия – эл кожоюндугу дегени. Демократияда Аллах эмес, калк мыйзам чыгарат т.а. Аллахтын ордуна калк адал жана арамды белгилейт. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

﴿إِنِ ٱلْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ ۖ يَقُصُّ ٱلْحَقَّ ۖ وَهُوَ خَيْرُ ٱلْفَٰصِلِينَ﴾

*«Өкүм кылуу Аллахтын Өзүнө гана таандык. Ал жалаң чындыкты сүйлөйт. Ал (чындык менен жалганды) айрый билгендердин эң көсөмү»* [6:57]

Табароний «Кабир»де Адий ибн Хатамдан риваят кылган хадисте Адий айтат: Мен Набий ﷺдын алдына келдим. Мойнумда алтындан жасалган крест бар эле. Ошондо Расулуллах ﷺ:

«يَا عَدِيُّ اطْرَحْ هَذَا الْوَثَنَ مِنْ عُنُقِكَ»

«Эй Адий, бул бутту мойнуңдан ыргытып жибер» деди. Мен аны таштап, ал заттын алдына кайттым. Расулуллах ﷺ «Бароат» сүрөсүн окуп жаткан жана ушул:

﴿ٱتَّخَذُوٓا۟ أَحْبَارَهُمْ وَرُهْبَٰنَهُمْ أَرْبَابًا مِّن دُونِ ٱللَّهِ﴾

*«Алар Аллахты коюп өздөрүнүн даанышмандарын жана рахибдерин Кудай деп билишти»* [9:31]

аятын окуп болгон соң мен: Биз аларга ибадат кылбайбыз, дедим. Ошондо Расулуллах ﷺ:

«أَلَيْسَ يُحَرِّمُونَ مَا أَحَلَّ اللَّهُ فَتُحَرِّمُونَهُ، وَيُحِلُّونَ مَا حَرَّمَ اللَّهُ فَتَسْتَحِلُّونَهُ؟ قُلْتُ: بَلَى، قَالَ: فَتِلْكَ عِبَادَتُهُمْ»

«Алар Аллах адал кылган нерсени арам кылса силер да аны арам деп билесиңер жана Аллах арам кылган нерсени адал кылса силер да адал деп билесиңер, ушундай эмеспи?» - деди. Мен: «Ооба, ошондой», дедим.

Расулуллах ﷺ: «Мына ушул – алардын ибадат кылуулары», деди. Ошондуктан, Аллахтын ордуна мыйзам чыгарган адамдын күнөөсү абдан оор.

- Демократия ушул жактан алганда куфр түзүмү болуп эсептелет. Себеби, ал мыйзам чыгаруу укугун адамзат Роббисине эмес, адамзаттын өзүнө берет.

Башка жактан демократия төрт эркиндикке: итикад, пикир, мүлкчүлүк жана жеке адам эркиндигине чакырат.

Демократия адамдарга каалаган нерсесине итикад кылуусуна уруксат берет. Ошондуктан, демократияда адамдар динин каалагандай өзгөртүшү, ал тургай, ыйык нерселерди акараттаса да каалаган пикирди айтууга укугу бар. Демократия адал жол менен да, арам жол менен да мүккө ээлик кылууга, ырас ар эки тарап ыраазы болсо зинага уруксат берет. Бул иш Исламда арам кылынган. Исламда муртаддык - арам, зина - арам, шаръий эмес жол менен мүлккө ээлик кылуу - арам о.э. акарат сөздөрдү айтуу - арам.

- Ошентип, демократия эркиндиктерге чакыруу жагынан да куфр түзүмү болуп эсептелет. Себеби, бул, шаръий өкүмдөрдөн баш тартууну түшүндүрөт.

Демократия жөнүндө «Демократия – куфр түзүмү» деген китеп бар. Сиз өлкөңүздөгү Хизб кеңсесинен бул китепти алып окуңуз. Китепте демократия маселеси жана демократия куфр түзүмү экени кеңири баян кылынган.

Мен сизге салам жолдоп, жазмакчы болгон нерсеңизде Ислам жана мусулмандар үчүн жакшылык болушун тилеп, Аллахтан сизге ийгилик сурап дуба кыламын.

20-ражаб, 1434-х.
30-май, 2013-м.

## Жергиликтүү башкармалыктын шайлоолоруна катышуунун өкүмү

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатуху, жергиликтүү башкармалыктын шайлоолоруна катышуунун шаръий өкүмү кандай?

**Жооп**: ва алайкумуссалам ва рохматуллохи ва барокатух.

а) Түпкүлүгүндө, жергиликтүү башкармалык адамдарга кызмат көрсөтүп, административдик иштерди аткарат. Ушул жактан алып караганда, ал шайлоолор жаиз болуп эсептелет. Бирок, ага абдан көптөгөн иштер байланган, жада калса, ал – айрыкча биздин өлкөлөрдө – бийликтин саясаты менен шугулданган жана аны колдоп-кубаттоо үчүн адамдардын добушун чогулткан мамлекеттик органга айланып калган, андан тышкары, ал шаръий түрдө харам кылынган нерселерге уруксат (лицензия) берет.

б) Шаардык башкармалыктын түпкү вакиълиги мындай: ал административдик иштерди аткарган көз карандысыз орган эмес. Балким, ал бийликтин аткаруучу органы болуп, иш жүзүндө бийликке моюн сунат. Бийлик каалаган ар кандай саясий ишмердикти ага милдеттендирет. Андан тышкары, жергиликтүү башкармалык акчаларды нашаръий жолго тескейт. Ошондуктан, жергиликтүү башкармалык саясий бийликтен көз карандысыз мекеме т.а. административдик кызмат көрсөтүүлөрдү аткарган орган деп түшүнүү менен шаръий өкүм чыгарылбайт. Анткени, ал наамы менен гана эмес, иш жүзүндө бийликке көз каранды жана мамлекеттик системага тиешелүү. Жада калса, бийлик жергиликтүү кеңеш тарабынан бир добуштан кабыл алынган токтомдорду да бекер кыла алат.

в) Ушулардан улам, жергиликтүү шайлоолорго катышуу жаиз эмес. Эгер, жергиликтүү башкармалык өзүнүн түпкү абалында болуп, мубах иштерден саналган кызмат көрсөтүүлөрдү аткарып, административдик иштер менен шугулданганда, анда шайлоолорго катышуу жаиз болмок... Башкача айтканда, жергиликтүү башкармалыктын вакиълиги жогоруда айтылган жаиз эмес сыпаттарга ээ болсо, бул шайлоолорго катышуу жаиз эмес. Бирок, жергиликтүү башкармалык көз карандысыз административдик мекеме болуп, анын иштерине саясий бийлик аралашпаса, анда шайлоолорго катышуу жаиз болот.

11-мухаррам, 1438-х.
12-октябрь, 2016-м.

## Демократия үчүн добуш берүү арам

**Суроо**: ассаламу алайкум уа рахматуллоохи уа баракаатуху. Демократия үчүн добуш берүү арам экенидиги белгилүү, бирок эл арасында төмөнкү далилдерден улам добуш берүүгө болот деп ойлогондор бар:

1-Эки жамандыктын кичинеси.

2-Бизден мурункулардын шарияты.

3-Зарылчылык тыюу салынган нерсени мубах кылат.

4-Шарият мыйзамдарынын максаттары мусулмандардын динин, жанын жана мал-мүлкүн коргоо.

Бул айтылган эрежелер - үммөттүн кызыкчылыгы үчүн добуш берүү уруксат же милдеттүү экенине шарьий өкүм катары далилге жарактуубу?

Аллах ыраазы болсун.

**Жооп**: уа алайкум ассалам уа рахматуллоохи уа баракатуху. Урматтуу бир тууганым, биз бул суроолорго мурда жооп бергенбиз, мен сизге мурунку жооптордон төмөндөгүлөрдү келтирем:

Биринчи: 2010-жылдын 29-августунда эки жамандыктын кичинеси менен эки зыяндын жеңили өкүмү жөнүндөгү суроого жоопто мындай айтылган: “Эки жамандыктын кичинеси же эки зыяндын кичинеси”.

Муну бир катар факихтер шаръий өкүмгө далил кылышат. Аны кабыл алган аалымдардын пикири боюнча бул бир мааниге ээ болуп, эки арам амалдын бирин жасоого уруксат берет. Мукаллаф (шарьий милдет жүктөлгөн жооптуу) адам эки арамдын бирин кылуудан башка эч нерсе кыла албаса жана экөөнү тең кылбай коюу мүмкүн эмес болуп, баардык тараптан бул эки арамды кылбай коюуга кудурети жетпей турган учурда бул экөөнүн арамдыгы азыраагын кылса уруксат. Аллах Таала айтты:

﴿لَا يُكَلِّفُ اللهُ نَفْساً إِلَّا وُسْعَهَا﴾

“Аллах бир жанга анын күчү жетпеген жүк жүктөбөйт”.

﴿فَاتَّقُوا اللهَ مَا اسْتَطَعْتُمْ﴾

“Аллахтан колуңардан келишинче корккула”

Тактап айтканда, бул өкүмдү айткандардын айтымында, эки арам нерседен тыйылуу мүмкүн болбосо, бул өкүм колдонулат. Эки арамдын экөөнү тең кылууну токтотуу мүмкүн эмес, ошондуктан чоңураак арамды ишке ашырбай, эки жамандыктын кичинеси алынат. Ошондой эле, бул аалымдар эки жамандыктын кичирегин напсилерге карап эмес, шариат өкүмүнө карап коюшат...

Бул эрежени колдонууда, бул аалымдар тарабынан айтылган мисалдар төмөнкүлөрдү камтыйт:

Эгер эненин төрөтү кыйындап, энени да, түйүлдүктү да сактап калууга мүмкүн болбой калып, тез арада чечим кабыл алуу зарыл болсо. Же

түйүлдүктүн өлүмүн талап кылган нерсе энени куткарууга жол берсе, же эненин өлүмүн талап кылган нерсе түйүлдүктү сактап калууга мүмкүндүк берсе. Экинчисин сактап калуу биринчисинин өлүмүнө алып келсе, же экинчисинин өлүмү менен биринчисинин өмүрүн сактап калуу аракети көрүлбөсө, экөөнүн тең өлүмүнө алып келиши мүмкүн. Ушундай жагдайга туш болгондо эки жамандыктын кичинеси же эки зыяндын жеңилин ишке ашыруу тууралуу айтылат. Бул куткарылып жаткан адамды, башкача айтканда энени сактап кала турган ишти жасоо, ошол эле аракет башканы өлтүрүп жатса да... ж.б.у.с.

Ал эми, бир адам эки арам ишке туш болуп экөөнөн тең кармануууга кудурети жетип туруп анан эки жаман иштин кичинесин ишке ашыруу эрежесин колдонушу мүмкүн эмес. Мисалы, шайлоо учурунда светтик же каапыр же фасык болсо да баланчага добуш бер же, тигини колдо, муну колдобо, тиги бизге жардам берет бул жардам бербейт, ошондуктан тигини колдо деген сыяктуу нерсеге амал кылуу бул киданы ишке ашырууга кирбейт. Анткени, бул жерде айтылып жаткан нерсеге амал кылууга мажбур абалда эмеспиз жана биздин алдыбызга коюлган эки нерсе арам. Секуляристти шайлоо жайиз эмес. Анын бир мусулмандын өкүлү же орун басары болуп дайындалышы да жайиз эмес. Себеби ал Исламды карманбайт. Ал арам иштерди жасагандыктан, мусулмандардын атынан өкүл болуп, арам долбоорлорду иштеп чыгаруу, мыйзам чыгаруу, бекитүү сыяктуу иштерди кылуусу жайиз эмес. Ал секулярист арам иштерди талап кылуу, же кабыл алуу, ээрчүү сыяктуу иштерди кылат. Жалпысынан айтканда ал жакшылыктан тыйып, жамандыкка буйруйт. Ошондуктан, илманий көз караштагылардын кайсы бири болбосун аны шайлоо арам. Ал эми шайлоо же шайлабай коюу мүмкүнчүлүк алкагындагы иш. Ошондуктан жогорудагы айтылган эки арамдын кичинесин кылуу эрежеси алкагына кирбейт. Аягы.

Толук жооп алам десеңиз жогорудагы айтылган суроо-жоопко кайрылсаңыз болот.

Экинчи: “Бизден мурункулардын шарияты бизге шарият эместигине келсек ал 2014-жылы 5-марттагы суроого жоопто мындай деп түшүндүрүлгөн:

Жооп: Ооба, кээ бир сарай шейхтери бул сөздөрдү айтышкан жана алардын эч кандай далили жок. Анткени, Аллах түшүргөн өкүм менен өкүм жүргүзүүнүн далили ачык, субуту жана далалаты да катьий. Далили так, мааниси да так жана бул нерсе тууралуу аалымдар арасында пикир келишпестик жок.

Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылуу фарз. Аллах Таала айтат:

﴾فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ عَمَّا جَاءَكَ مِنَ الْحَقِّ﴿

“Алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кыл жана сага келген чындыктан башка алардын каалоолоруна ээрчибе”.

Аллах Таала айтат:

“Алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кыл жана алардын каалоолоруна ээрчибе. Аллах сага түшүргөн нерсенин кээ бир бөлүгү менен сени (фитнага салууларынан) азгырууларынан сак бол”.

Бул мааниде көптөгөн аяттар бар. Ал эми Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбоо жана адам чыгарган мыйзамдар менен өкүм жүргүзүү, эгер аким ага ишенип этикад кылып адам чыгарган мыйзамдар менен өкүм жүргүзсө куфр болот. Эгер аким ага ишенбей этикад кылбастан өкүм жүргүзсө, зулум, фасыктык болот. Бул Жараткандын сөзүндө айтылган:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْكَافِرُونَ﴾

“Ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, алар каапырлар”.

Алла Таала айтты:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الظَّالِمُونَ

“Ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, анда мына ошолор заалымдар”.

Алла Таала айтты:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْفَاسِقُونَ﴾.

“Кимде-ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, алар чектен чыккандар фаасыктар”.

Ал эми сарай шейхтери келтирген нерселерге, биз айткандай, ага эч кандай далил жок...

Кызыкчылыкка жана анын далил экендигине келсек, ал да туура эмес орунда колдонулган, биз аны төмөнкүчө карап чыгабыз:

Фикх аалымдарынын арасында кызыкчылыкты далил деп айткандар бар. Бирок, алар каралып жаткан кызыкчылыкка карата шариятта эч кандай буйрук жана тыюу болбошу керек деп шарт коюшкан. Ал эми, буйрук же тыюу салынган болсо, кызыкчылык өкүмү эске алынбайт, тескерисинче, шариятта айтылгандар эске алынат. Белгилүү усул аалымдарынын эч кимиси кызыкчылык талап кылат деген шылтоо менен вахий алып келген нусустарды жараксыз деп айтышкан эмес.

Сүткорлук арам, эгер аны кызыкчылык талап кылса да, шарият аны арам кылат. Шарият аны четке кагат жана тыят. Кээ бир аалым сөрөйлөр фатва чыгарса да, алардын фатвасы четке кагылат. Аткени ал вахий алып келген шарият менен карама-каршы келет.

Аллах түшүргөндөн башка нерсе менен өкүм кылуу маселеси сүткорлуктун арамдыгы сыяктуу эле анык арам кылынган. Анткени ал вахий алып келген аяттарда айтылган. Кызыкчылык талап кылат деген

нерсеге орун жок, анткени шарият бар жерде кызыкчылык бар, тескерисинче эмес.

Биз бул изилдөөбүздө масоолиху мурсаланы (мурунку пайгамбарлардын шарият кызыкычылыгы) аз-маз айыптаган усул аалымдары менен бир катардабыз. Бул аалымдар мазхабында “масоолиху мурсаланы” кызыкчылыкка далил кылган эмес. Чындыгында масоолиху мурсала деген өзү жок нерсе. Бул масоолиху мурсала - Шарият кээ бир нерселерге буйрубастан жана тыюу салбастан калтырган - дегендердин көз карашы. Ошондуктан алар бул масоолиху мурсаланы ушул жаатта колдонуп жатышкандыгын айтышкан. А чындыгында шарият эч бир ишти өкүмүн тактабастан калтырган эмес. Тескерисинче, бардык нерсенин өкүмдөрүн баян кылат.

﴿تِبْيَاناً لِكُلِّ شَيْءٍ﴾،

“(Куран) бардык нерсенин өкүмүнүн баяны”.

﴿مَا فَرَّطْنَا فِي الْكِتَابِ مِنْ شَيْءٍ﴾،

“Биз Китепте эч нерсе калтырган жокпуз”.

﴿الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الْإِسْلَامَ دِيناً﴾.

“Бүгүн мен силерге диниңерди толук кылдым, силерге болгон нээматымды толуктадым жана силерге Исламды дин кылып бергениме ыраазы болдум”.

Жыйынтыктап айтканда, куфр системаларына катышуу жана Аллах түшүргөндөн башкасы менен өкүм кылуу, эгер Аллах түшүргөндөн башка менен өкүм кылуучу бул өкүмгө ишенип этикад кылып өкүм жүргүзсө куфр болот. Жараткан зат айтат:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ﴾

“Ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, алар каапырлар”.

Эгер аким ага ишенбей, этикад кылбастан өкүм жүргүзсө, зулум, фасыктык болот. Алла Таала айтты:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ

“Ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, анда мына ошолор заалымдар”. Алла Таала айтты:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾.

“Кимде-ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, алар чектен чыккандар фаасыктар”.

Мусулманга Аллах түшүргөн нерселерден башкасы менен өкүм жүргүзүүгө катышса болот дегендердин далили да, далилге окшош нерсеси да жок. Аллахтын каалоосу менен жооп так, жетиштүү жана канааттандырарлык деп ишенем.

1435 хижрий Ражаб айынын төртү

Миладий 03.05.2014

Үчүнчү: Юсуф (алейхи салам) жана Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) кайып жаназасын окуган Нажашийдин темасын камтыган суроонун жообуна келсек, бул маселеге толугу менен жооп бергенбиз... Андан көрүнүп тургандай, демократиялык шайлоолордун жайиз болушуна жана адам чыгарган мыйзамдын маанилүүлүгүнө, куфр өкүмүнө ишенүүгө анын эч кандай тиешеси жок... Маалымат үчүн айта кетсек, сиз сураган шарият максаттарын айрымдар кызыкчылыктарга кызмат кылган нерсе деп чечмелеп жатышат. Алар муну өкүм чыгарууга иллет кылышат. Эгер алардын баамында бир нерседе кызыкчылык болсо, анда бул иш жайиз дешет. Бул туура эмес. Аллахтын өкүмдөр жөнүндөгү максаттары - аларды мыйзам чыгаруудагы максаты катары түшүндүргөн. Бул нерсе Аллахтын өкүмдөр жөнүндөгү хикматы болуп саналат, өкүмдөрдүн иллети, себептери эмес. Демек, ага кыястоо мүмкүн эмес, ага камтылган маанилерге да кыясталбайт (өлчөнбөйт). Ал ар бир конкреттүү өкүмгө мүнөздүү жана анын чегинен чыкпайт. Өкүмдөгү хикмат жүзөгө чыгышы мүмкүн, чыкпай калышы да мүмкүн. Анын шарьий иллетке жана кыяска да эч кандай тиешеси жок. Ал өкүмдөрдөгү Аллахтын хикматтарынын бири гана болуп саналат.

Бул жөнүндө "Шахсия" китебинин үчүнчү чыгарылышындагы "Шарияттын максаттары" бөлүмүндөгү "Пайда алып келүү жана зыяндардан сактануу" темасында кеңири баяндалып, анда мындай деп айтылган:

"Ал эми биринчи топ пайда алып келүүнү жана зыянды кайтарууну жалпы Ислам шариаты үчүн "шарьий иллет" деп эсептегендер. Ар бир шарьий өкүмдүн иллети өзүнө гана таандык. Ар бир шарьий өкүмдүн өзүнө гана таандык иллети шарьий далилдер кызыкчылыкка далалат кыларын көрсөтөт деп белгиленет. Бул топко жооп берүүгө келсек, пайда алып келүү жана жамандыкты кайтарууну иллет катары санаганда ага акыл же шарият далалат кылышы керек болот. А эгер акыл ага ишарат кылса, анда анын мааниси жана маңызы да жок... Акылдын ишараты далил эсептелбейт. Демек, пайда алып келүүнү жана зыянды кайтарууну иллет катары кароодо акыл аркылуу болсо ал жараксыз жана эч кандай мааниге ээ эмес. Иллет кылуу үчүн бул карап чыгуу акылдан эмес, шарияттын көз карашынан болушу керек. Айрыкча, иллет бул шарьий иллет, абсолюттук (жалпы) иллет эмес.

Пайда алып келүү жана зыяндан кайтарууну иллет катары кароодо Куран, хадис жана ижмаъны далил кылган деген ойлоруна келсек, бул пикир да туура эмес. Ал эми Куран жана хадиске келсек, алар келтирген аяттар формулада да, вакыйда да бул жалпы иллетке ишара кылбайт. Алар Алла Тааланын бул сөзүн келтиришти:

﴿وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا رَحْمَةً لِلْعَالَمِينَ﴾

“Биз сени ааламдарга ырайым кылуу үчүн гана жибердик”.

﴿وَرَحْمَتِي وَسِعَتْ كُلَّ شَيْءٍ﴾

“Менин ырайымым бардык нерсени камтыйт”.

Пайгамбар (с.а.в)дын ушул сөзүн келтиришти:

«لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ»

“Зыян берүү да зыян тартуу да жок”. Хаким риваяты.

Бул аят хадистер алардын пикирине эч кандай далалат кылбайт. Бул аят хадистер кызыкчылыкка жетүү жана зыяндан сактанууну шарият өкүмдөрүнө иллет катары саноого ишара кылбайт. Тескерисинче, бул аят хадистердин ишараты бүтүндөй Ислам шариятынан жамандыкты четке кагуу болуп саналат. Бул шарияттын да, анын кандайдыр бир конкреттүү өкүмүнүн да иллети дегенди билдирбейт. Ошондуктан, бул аят хадистерде зыянды четке кагууда иллетти билдире турган ишара болбогондуктан, жалпы шарият мыйзамдарынын иллети да, кандайдыр бир конкреттүү шарият өкүмүнүн иллети да жок.

Демек, Куран жана Хадис тексттери шарияттан келген натыйжа пайда алып келүү жана зыяндан кайтаруу экенин көрсөтсө дагы, пайда алып келүү жана жамандыктан кайтаруу шариятка иллет экенин билдирбейт. Ошондой эле конкретүү бир шарьй өкүмдүн иллетин да билдирбейт. Ошондуктан муну жалпы иллет деп далил катары саноо жараксыз батыл деп саналат.

Ал эми алар айткан ижма болсо, бул фикх имамдарынын ижмаъсы. Мунун далил катары эч кандай кыйматы жок. Анткени, шаръий далил деп эсептелген ижма сахабалардын ижмасы. Башка ижмалар далил эмес. Ошондуктан, алар келтирген ижма далил катары эсептелбейт...

Демек, бүткүл шариятты жалпы түрдө кароосуна ишара кылган кызыкчылык далалаты жок. Толук нусустар боюнча да, нусустардын тобу боюнча да, шарият мыйзамдарынын жалпылыгы боюнча да кызыкчылык иллет боло алуусуна далалат кылган нерсе жок. Ошондуктан кызыкчылыкты шарьий иллет катары саноо түп-тамырынан батыл. Анткени, шарият мыйзамчылыгында кызыкчылык иллет катары саналбайт. Шарьий кызыкчылык да шарьий эмес кызыкчылык да жок...

Көбүрөөк маалымат алгыңыз келсе, шахсия китебине кайрылыңыз.

Төртүнчү: Арам же арам нерселерди мубах кылган зарылчылыктарга келсек, биз 26.01.2016 тарыхында буга да жооп бергенбиз. Анда мындай деп айтылган:

Кээ бир аалымдар “зарылчылыктар арамдарды мубах кылат” деген өкүмдү карманышат жана ага Аллах Тааланын Бакара сүрөөсүнүн 173-аяты сыяктуу далилдерди келтиришет:

﴿إِنَّمَا حَرَّمَ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةَ وَالدَّمَ وَلَحْمَ الْخِنْزِيرِ وَمَا أُهِلَّ بِهِ لِغَيْرِ اللهِ فَمَنِ اضْطُرَّ غَيْرَ بَاغٍ وَلَا عَادٍ فَلَا إِثْمَ عَلَيْهِ إِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٌ رَحِيمٌ﴾

“Ал силерге өлүктөрдү, канды, чочконун этин жана Аллахтан башкага арналып союлган нерселерди арам кылды. Ким каалоосу жок жана чектен чыкпастан мажбур болсо, анда ага күнөө жок. Аллах Кечиримдүү, Мээримдүү”.

Аллах Таала Маида сүрөсүнүн 3-аятында айтат:

﴿فَمَنِ اضْطُرَّ فِي مَخْمَصَةٍ غَيْرَ مُتَجَانِفٍ لِإِثْمٍ فَإِنَّ اللهَ غَفُورٌ رَحِيمٌ﴾

“Ким күнөөгө жакын болбой, кыйынчылыкта мажбур болсо, албетте, Аллах Кечиримдүү, Мээримдүү”.

Аллах Таала Нахл сүрөсүнүн 115-аятында айтат:

﴿إِنَّمَا حَرَّمَ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةَ وَالدَّمَ وَلَحْمَ الْخِنْزِيرِ وَمَا أُهِلَّ لِغَيْرِ اللهِ بِهِ فَمَنِ اضْطُرَّ غَيْرَ بَاغٍ وَلَا عَادٍ فَإِنَّ اللهَ غَفُورٌ رَحِيمٌ﴾.

“Ал силерге өлгөн малды, канды, чочконун этин жана Аллахтан башкага багышталган нерселерди арам кылды. Ким каалоосуз жана чектен чыкпастан мажбур болсо, анда Аллах Кечиримдүү, Мээримдүү”.

Бул эрежени караган адам анын туура эмес экенин түшүнөт. Бул өкүмдү жактагандардын келтирген далилдери алар айтып жаткан нерсеге далаалат кылбайт. Тескерисинче, ачкачылыктан өлгөн жаныбарларды жегенге мажбур болгон учурда жайиз экендигине ишара кылууда.

﴿فَمَنِ اضْطُرَّ فِي مَخْمَصَةٍ﴾

"Ким ачкалыктан мажбур болсо"

Ал эми ачкачылык – өлүмгө жеткире турган ачкачылыкты билдирет.

Ушундай учурда арам нерсени жегенге уруксат. Аятта ачык айтылгандай, ачкачылык өлүмгө жеткире турган ачкачылык менен чектелип, андан ашпайт. Сөз өз маанисинен ашып түшүү үчүн жалпы же абсолюттук (мутлак) мааниде эмес, тескерисинче, ачкачылык менен гана чектелет...

Демек, бул эрежени айтып жаткандардай аны жалпы түстө колдонуу туура эмес. Бул өкүмдү жактагандар таянган далилдер көрсөткөн эң туура маани - муктаждык болгон учурда Аллах арам кылган тамактарды жеп-ичүүсүнө мусулман адам үчүн уруксат берилгени. Бул далилдер андан башкага далалат кылбайт. Мындан башка муктаж болгон учурларда уруксат болушу үчүн башка далилдердин болуусу шарт. Бул далилдер өзү далалат кылган нерседен башка учурларга далил болуп саналбайт. Белгилей кетчү нерсе, бул эреже биздин заманыбызда “зарылдыктар” деген сөздү алар көздөгөн зарылдыктын чечмелөөсү боюнча көптөгөн нерселерди камтыган бош сөз болуп, ар бир арам нерсени мубах кылуу үчүн колдонулган курал болуп калды. Зарылчылыктын атын жамынып көптөгөн адамдар арамга түшө турган болуп калды...!

1437 хижрий 16- Рабиъул-Ахир 26.01.2016.

Бул боюнча кенен жооп алам десеңиз жогорудагы суроо-жоопко кайрылсаңыз болот... Андан көрүнүп тургандай, бул азыркы демократиялык шайлоолордун жайиз болушун жана анын адамдык мыйзамчылыктагы маанилүүлүгүн жана куфр өкүмүнө ишенүүнүн жайиздигин билдирбейт... Ошондой эле 03.02.2016 жана 19.06.2022 тарыхында да бул маселеге толук жооп бергенбиз. Жогоруда айтылган жоопторго кайрылсаңыздар болот. Алар жетиштүү деп үмүтөнөм. Аллах билүүчү жана Өкүмдар.

18-зул каада, 1445-х.
26-май, 2024-м.

# Ислам өкүмдөрүн колдонууда даражама-даража колдонуу тууpасында

**Суроо**: биз билебиз, Ислам өкүмдөрүн колдонууда даражама-даража чыгып баруу, айрым өкүмдөрдү колдонуп, айрымдарын калтыруу мүмкүн эмес, тескерисинче, биз Исламдын бардык өкүмдөрүн колдонууга буюрулганбыз. Бирок, даражама-даража чыгып барууну, айрым өкүмдөрдү калтырып, айрымдарын колдонууну жайыз дечүлөр далил кылып келтирип жаткан мына бул эки хадисти кандай түшүнүшүбүз керек? Башкача айтканда, бул эки хадис рад кылынабы же алар Ислам өкүмдөрүнүн баары колдонулушу важыптыгын көрсөтүүчү далилдер менен келиштирилеби? Ушул эки хадис төмөндө келтирилет:

1. Муаз ибн Жабал ﵁нун хадиси:

«عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ لِمُعَاذِ بْنِ جَبَلٍ حِينَ بَعَثَهُ إِلَى الْيَمَنِ إِنَّكَ سَتَأْتِي قَوْمًا أَهْلَ كِتَابٍ فَإِذَا جِئْتَهُمْ فَادْعُهُمْ إِلَى أَنْ يَشْهَدُوا أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوا لَكَ بِذَلِكَ فَأَخْبِرْهُمْ أَنَّ اللَّهَ قَدْ فَرَضَ عَلَيْهِمْ خَمْسَ صَلَوَاتٍ فِي كُلِّ يَوْمٍ وَلَيْلَةٍ فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوا لَكَ بِذَلِكَ فَأَخْبِرْهُمْ أَنَّ اللَّهَ قَدْ فَرَضَ عَلَيْهِمْ صَدَقَةً تُؤْخَذُ مِنْ أَغْنِيَائِهِمْ فَتُرَدُّ عَلَى فُقَرَائِهِمْ فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوا لَكَ بِذَلِكَ فَإِيَّاكَ وَكَرَائِمَ أَمْوَالِهِمْ وَاتَّقِ دَعْوَةَ الْمَظْلُومِ فَإِنَّهُ لَيْسَ بَيْنَهُ وَبَيْنَ اللَّهِ حِجَابٌ»

Ибн Аббас ﷺтан рыбаят кылынышынча, Пайгамбар ﷺ Муаз ибн Жабалды Яманга жиберип жатып, ага: «Сен ахли китеп болгон коомго барасың, алардын алдына барганыңда, аларды Алладан башка кудай жок жана Мухаммад Алланын пайгамбары деп күбөлүк берүүгө даъват кыл. Ушул иште алар сага итаат кылышса, Алла аларга ар күнү-түндө беш убак намазды парз кылганын жеткир. Ушул иште да алар сага итаат кылышса, Алла аларга байларынан алынып, кембагалдарына бериле турган зекетти парз кылганын жеткир. Ушул иште да алар сага итаат кылышса, алардын эң тандалма малдарына тийүүдөн этият бол, мазлумдун дубасынан корк, себеби, мазлумдун дубасы менен Алланын ортосунда парда болбойт.

2. Усман ибн Абул Остун хадиси:

«عَنِ الْحَسَنِ عَنْ عُثْمَانَ بْنِ أَبِي الْعَاصِ أَنَّ وَفْدَ ثَقِيفٍ قَدِمُوا عَلَى رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَأَنْزَلَهُمْ الْمَسْجِدَ لِيَكُونَ أَرَقَّ لِقُلُوبِهِمْ فَاشْتَرَطُوا عَلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَنْ لَا يُحْشَرُوا وَلَا يُعْشَرُوا وَلَا يُجَبُّوا وَلَا يُسْتَعْمَلَ عَلَيْهِمْ غَيْرُهُمْ قَالَ فَقَالَ إِنَّ لَكُمْ أَنْ لَا تُحْشَرُوا وَلَا تُعْشَرُوا وَلَا يُسْتَعْمَلَ عَلَيْكُمْ غَيْرُكُمْ وَقَالَ النَّبِيُّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ لَا خَيْرَ فِي دِينٍ لَا رُكُوعَ فِيهِ قَالَ وَقَالَ عُثْمَانُ بْنُ أَبِي الْعَاصِ يَا رَسُولَ اللَّهِ عَلِّمْنِي الْقُرْآنَ وَاجْعَلْنِي إِمَامَ قَوْمِي»

Хасан Усман ибн Абул Остон рыбаят кылышынча, Сакыйф өкүлдөрү Пайгамбар ﷺдын алдына келишти. Ал зат алардын көңүлүн алуу үчүн аларды мечитке жайгаштырды. Алар Пайгамбар ﷺга: «Бизди жихадга чакырбайсыңар, бизден үшүр, салык албайсыңар жана бизге өзүбүздөн башкасын аким кылып дайындабайсыңар», - деп шарт коюшту. Пайгамбар ﷺ: «Силер жихадга чыкпоо, үшүр бербөө жана үстүңөргө

өзүңөрдөн башкасын аким кылып дайындабоо укугуна ээсиңер», - деди. Пайгамбар ﷺ «рүкү болбогон динде жакшылык жок» деген сөздү да айтты. Ровийдин айтышынча, Усман ибн Абул Ос «Я Расулулла, мага Куранды үйрөтүңүз жана мени коомума жетекчи кылып дайындаңыз» деди.

**Жооп**: Бул эки хадис туурасында жооп берүүдөн мурун төмөндөгүлөрдү баян кылып өтүүнү лазым таптык:

1. Бир маселе үчүн шаръий өкүм чыгарып алууда анын вокыйы жакшылап үйрөнүлөт. Кийин ушул вокыйга алакадар далилдер топтолот. Мына ушундан кийин бул далилдер усул илиминин коидалары негизинде жакшылап текшерилип, алардан шаръий өкүм чыгарып алынат.

2. Эң биринчи далилдерди бир-бири менен келиштирүүгө аракет кылынат. Анткени, ар эки далилге амал кылуу алардын бирин бекер кылуудан жакшыраак.

3. Эгер аларды келиштирүүнүн ылажысы болбосо, таржих кылынат (таржихте хужжаты күчтүүрөөк өкүм алынат). Мухкам муташобихти, катъий зоннийди сындырат. Эгер эки зонний туура келип калса, санад жана умум жагынан далилдердин күчү текшерилет. Санады күчтүүрөөк далил санады күчсүзүрөөк далилден, хос омдон, мукаййад мутлактан, мантук мафхумдан таржих кылынат жана ушул сыяктуу.

Эми даражама-даража чыгып баруу, өкүмдөрдүн бирин коюп, бирин колдонуу темасын карап чыгабыз да, кийин ушул эки хадиске кайтабыз.

1. Өкүмдөрдү колдонууда даражама-даража чыгып баруу жана бир өкүмдү коюп, экинчисин колдонуу жайыз эместиги субуту да, далалаты да катъий болгон далилдер менен өз исбатын тапкан. Алардан айрымдарын айтып өтөбүз:

Алла Таала айтат:

﴿وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللَّهُ إِلَيْكَ﴾

– *«(Эй Мухаммад алайхис-салам), алардын арасында Алла түшүргөн нерсе (дин) менен өкүм кылгын, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээчибе жана Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюуларынан этият бол!»* [5:49]

Бул аятта Алла тарабынан Пайгамбар ﷺга жана ал кишиден кийинки мусулман акимдерге – буйрук болобу, тыюу болобу, Алла түшүргөн өкүмдөрдүн баары менен – өкүм жүргүзүү важыптыгы жөнүндө фарман берилип жатат. Себеби, аяттагы умумийликти түшүндүрүүчү (ما) сөзү түшүрүлгөн өкүмдөрдүн бардыгына тиешелүү.

Алла Өз Пайгамбарын жана ал кишиден кийинки мусулман акимдерди адамдардын хаваи-нафистерине эргешүүдөн, алардын шыктандырууларына ылайыкташып кетүүдөн кайтарып, мындай деген:

﴿وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللَّهُ إِلَيْكَ﴾

– *«... жана Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюуларынан этият бол!»* [5:49]

О.э. Алла Таала Өз Пайгамбарын жана ал кишиден кийинки мусулман акимдерди адамдардын фитналарына алдануудан жана Исламий өкүмдөрдүн айрымдарын калтырып, айрымдарын колдонуудан эскертип, адамдардын каалоолору кандай болушуна карабастан, алардын баарын колдонуу важыптыгын уктуруп, мындай дейт:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ﴾

– *«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар капырлар».* [5:44]

Дагы айтат:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ﴾

– *«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар залимдер».* [5:45]

Дагы айтат:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

– *«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар фасыктар».* [5:47]

Мына ушул үч аятта буйрук же тыюу болушуна карабастан Алла түшүргөн өкүмдөрдүн баарын колдонбогон кишинин же капыр, же фасык, же залим экени айтылып жатат. Себеби бул аяттардагы умумийликти ифадалоочу (ما) сөзү буйрук болобу, тыюу болобу, Алла түшүргөн бардык өкүмдөргө тиешелүү.

Хулафаи рошидиндер фатх кылынган диярларга Исламий өкүмдөрдү колдонууда мына ушул жолдон барышкан. Алланын Китебин да, Пайгамбар ﷺдын өкүмдөрдү колдонуу жолдорун да эң көп биле тургандар мына ошолор. Алар Алланын бардык өкүмдөрүн бирденинен колдонушкан. Артка сүрүү, даражама-даража алып чыгуу, кийинирээк кылуу деген сөздөр болбогон. Мисалы, Исламга эми гана кирген адамга белгилүү бир мөөнөткө арак ичишине же зына кылышына уруксат берилген эмес. Тескерисинче, Исламий өкүмдөрдүн баары колдонулган. Фатх кылынган диярларга Ислам өкүмдөрүнүн мына ушундай түстө колдонулганы жөнүндөгү кабарлар мутаватир.

Ушуга ылайык, бул жаатта зонний хужжат кабыл алынбайт. Анткени, даражама-даража алып чыгуунун арамдыгы жана Ислам өкүмдөрүнүн баарын бирденине колдонуу важыптыгы катъий далил менен өз исбатын тапкан.

2. Ошондон түшүнүлгөндөй, ар кандай зонний далилдин далалатында катъий далилге тескери келе турган күмөн бар болсо, катъий далил аны сындырат. Т.а. зонний далилди катъий далилге тескери келбей турган

түстө түшүнүү лазым. Башкача айтканда, мүмкүнчүлүгү болсо, зонний далил катъий далилге тескери келбей турган түстө түшүнүлөт. Мунун ылажысы болбосо, таржих кылынып, катъий далил алынат, зонний далил болсо ташталат.

3. Кош, мына ушул орунда ар эки далилге амал кылуу, башкача айтканда, зонний далилди катъий далилге тескери келбей турган түстө түшүнүү мүмкүнбү?

Бул суроого жоопту биринчи хадистен, Муаз ибн Жабалдын хадисинен баштайлы.

«... Аларды Алладан башка кудай жок жана Мухаммад Алланын пайгамбары деп күбөлүк берүүгө даъват кыл. Ушул иште алар сага итаат кылышса, Алла аларга ар күндүзү-түнү беш убак намазды парз кылганын жеткир. Ушул иште да алар сага итаат кылышса, Алла аларга байларынан алынып, кембагалдарына бериле турган зекетти парз кылганын жеткир. Ушул иште да алар сага итаат кылышса, алардын эң тандалма малдарына тийиштен этият бол, мазлумдун дубасынан корк...».

а) Бул хадис санад жагынан да, матн жагынан да сахих. Анда эч кандай изтираб жок. Аны Бухарий чыгарган.

б) Андан өкүмдөрдү даражама-даража колдонуу мүмкүндүгү түшүнүлбөйт. Себеби, андайда катъий далилге тескери келип калат. Өкүмдөрдү колдонууда даражама-даража чыгып баруунун арамдыгы катъий далилдер менен далилденген. Сахабалар ушуга амал кылышып, өздөрү фатх кылган өлкөлөргө Исламды толук бойдон колдонушкан. Бул жааттагы кабарлар мутаватир.

в) Бул хадис намаз жана зекетке далил. Бир да faких аны зекетсиз намаздын өзүн гана талап кылууга далил кылып көрсөтпөгөн. Ал тургай, даражама-даража алып чыгуунун жактоочулары да мусулмандын намаз окуп, зекетти ташташын жайыз деп билишпейт. Алар болгону хадистин намаз жана зекетке алакадар мафхумуна башка Исламий өкүмдөрдүн колдонулушун кыясташат. Мындай кылуу батыл. Анткени, алар кыястап жаткан өкүмдүн негизине өздөрү амал кылышпайт. Өздөрү намаз жана зекет жаатында даражама-даражалык жок дешет. Ушундай болсо да, бул хадистин дал ушул намаз жана зекет жаатындагы хужжат экендигин биле туруп, анын мафхумун Исламдагы өкүмдөрдүн колдонулушун даражама-даража алып чыгууга далил кылышат.

г) ушуга ылайык, бул хадис даражама-даражалыкка далил боло албайт. Анткени, дал ушул хадисте келген намаз жана зекеттин даражама-даража болушу мүмкүндүгүнө эч ким, ал тургай, аны даражама-даражалыкка далил кылуучулар да амал кылышпаган.

д) ушуга ылайык, бул хадистен өкүмдөрдүн айрымдарын колдонуп, айрымдарын калтыруу мүмкүндүгү түшүнүлбөйт. Анткени, мындай

кылуу биринчиден даражама-даражалыктын арамдыгын көрсөтүүчү катъий далилдерге тескери. Экинчиден, аслга т.а. намаз жана зекет туурасындагы даражама-даражалыкка эч ким тарабынан амал кылынбаган.

е) Демек, бул хадис рад этилеби же аны катъий далилге тескери келбей турган түстө түшүнүү жана иштетүү мүмкүнбү? Бул суроого төмөндөгүчө жооп берүү мүмкүн:

Өкүмдөрдү даражама-даража колдонуу мүмкүндүгүнө хадистин мантуку эмес, мафхуму далалат кылат (мантук деп нутк маалында сөздүн далалатынан катъий түшүнүлө турган маани айтылат). Хадиске кайрылайлы:

«... аларды Алладан башка кудай жок жана Мухаммад Алланын пайгамбары деп күбөлүк берүүгө даъват кыл. Ушул иште алар сага итаат кылышса, Алла аларга ар күндүзү-түнү беш убак намазды парз кылганын жеткиз. Ушул иште да алар сага итаат кылышса, Алла аларга байларынан алынып, кембагалдарына бериле турган зекетти парз кылганын жеткиз...».

Хадистин мантуку аларды ыйманга чакыруу, ыйман келтиришкенден кийин болсо намазга чакыруу, намаз да окушкандан кийин болсо зекетке чакырууну түшүндүрөт. Мындан, эгер алар ыйман келтиришпесе, намазга чакырбоо же намаз окушпаса, зекетке чакырбоо мазмуну чыкпайт. Бул мазмун мантуктан эмес, мафхумул-мухолафа биш-шарттан чыгат.

Мафхумуш-шарт болсо, эгер мантукка тескери келе турган болсо, бекер кылынат. Анткени, мантук мафхумдан жогору. Катъий мантук гана эмес, зонний мантук да мафхумдан жогору турат. Ошондуктан, ага тескери келген мафхум бекер болот.

Ошондуктан, бул хадис мантуку боюнча түшүнүлөт. Анын мафхумул-мухолафасына амал кылынбайт. Анткени, анын мафхуму Ислам өкүмдөрүн толук бойдон алуу жана колдонуу туурасындагы далилдердин мантукуна тескери.

Усул илминде мантук себептүү мафхумду бекер кылуу өз далилин тапкан иш. Мафхумга амал кыла тургандар да, амал кылбай тургандар да ушуга иттифак кылышкан.

Мисалы, Алла Таала:

﴿وَلاَ تُكْرِهُوا فَتَيَاتِكُمْ عَلَى الْبِغَاءِ إِنْ أَرَدْنَ تَحَصُّنًا﴾

– *«Аруулукту каалаган күңүңөрдү дүйнө турмушунун нерселерин (жыргалын) эңсеп зынакордук кылууга мажбурлабагыла»,* [24:33]

- деген аяттагы мантук эгер алар сактанууну каалашса, аларды зынага мажбурлоо арамдыгын билдирет. Мафхумул-мухолафа болсо эгер алар

сактанууну каалашпаса, аларды зынага мажбурлоо мүмкүндүгүн билдирет. Бирок, бул мафхум:

﴿وَلاَ تَقْرَبُوا الزِّنَا إِنَّهُ كَانَ فَاحِشَةً وَسَاءَ سَبِيلاً﴾

– *«Зынага жакындашпагыла! Себеби (бул) бузукулук - эң жаман жол»,* [17:32]

- деген аяттын мантуку менен бекер кылынат. Ошондуктан, биринчи:

﴿إِنْ أَرَدْنَ تَحَصُّنًا﴾

– *«Аруулукту каалаган күңүңөрдү..»,* [24:33]

- аятындагы мафхумга амал кылынбайт. Анын мантукунун чегарасынан нарыга өтүлбөйт. Т.а. алар сактанууну каалашканда зынага мажбур кылынышпайт. Сактанууну каалабаган убактарында болсо, бул аяттын мафхуму менен эмес, башка бир зынанын бүтүндөй арамдыгын көрсөтүүчү аят менен өкүм чыгарылат.

Дагы бир мисал. Алла Таала айтат:

﴿وَإِذَا ضَرَبْتُمْ فِي الأَرْضِ فَلَيْسَ عَلَيْكُمْ جُنَاحٌ أَنْ تَقْصُرُوا مِنَ الصَّلاَةِ إِنْ خِفْتُمْ...﴾

– *«(Эй момундар), сапар кылып башка жерлерге барганыңырда, эгер капырлардын фитнасынан корксоңор, намазыңарды каср (кыска) кылып окушуңардын күнөөсү жок».* [4:101]

Бул аяттын мантуку коркунуч убагында каср окууну түшүндүрөт. Мафхуму болсо коркунуч болбогон убакта каср кылбоону билдирет. Бул мафхум Пайгамбар ﷺдын суроо сурап келген адамга тынчтык убагында да каср кылуу жайыздыгын айтып:

«صدقة تصدق الله بها عليكم فاقبلوا صدقته»

«(Бул) Алланын силерге кылган садакасы, ал заттын садакасын кабыл алгыла» деген хадисиндеги мантук менен бекер болот. Ошондуктан, аяттын мантукуна гана амал кылынат т.а. коркунуч туулган убакта каср окулат. Тынчтык убагында болсо бул аяттын мафхумунан эмес, жогорудагы хадистин мантукунан өкүм алынат. Т.а. коркунуч бар убакта да, тынчтык убагында да каср окуу жайыз, себеби, бул Алла Субхонахунун пенделерине берген садакасы.

Ушинтип, Муаздын хадиси туурасында ушуну айтышыбыз мүмкүн, бул хадистин мантукуна амал кылынат, мафхумуна болсо амал кылынбайт. Эгер алар намазды өтөшпөй турган болсо, зекеттин өкүмү башка далилдерден алынат, аларда намаз окулушу же окулбашына карабастан, зекеттин парз болушу анык кылып айтылган.

Кыскасы, өкүмдөрдүн айрымдарын колдонуп, калгандарын колдонбоонун арамдыгы мантук этибары менен да, мафхум этибары менен да амал кылына турган өкүм. Муаздын хадисине келсек, ага мантук жагынан амал кылынат, мафхум жагынан болсо амал кылынбайт. Бул

далилдер фикхий усул коидалары негизинде мына ушундай келиштирилет.

Эми экинчи хадиске өтөбүз:

Усман ибн Абул Остун хадиси. Хасан Усман ибн Абул Остон рыбаят кылышынча, Сакыйф өкүлдөрү Пайгамбар ﷺдын алдына келишти. Ал зат алардын көңүлүн алуу үчүн аларды мечитке жайгаштырды. Алар Пайгамбар ﷺга: «Бизди жихадга чакырбайсыңар, бизден ушр, салык албайсыңар жана бизге өзүбүздөн башкасын аким кылып дайындабайсыңар» деп шарт коюшту. Пайгамбар ﷺ: «Силер жихадга чыкпоо, ушр бербөө жана үстүңөргө өзүңөрдөн башкасын аким кылып дайындабоо укугуна ээсиңер», - деди. Пайгамбар ﷺ «рукуъ болбогон динде жакшылык жок» деген сөздү да айтты. Ровийдин айтышынча, Усман ибн Абул Ос «эй Алланын пайгамбары, мага Куранды үйрөтүңүз жана мени кавмыма жетекчи кылып дайындаңыз» деди.

Бул хадис туурасында төмөндөгүлөрдү айтышыбыз мүмкүн:

а) Мунзирий: «Айтууларынча, Хасан Басрий Усман ибн Абул Остон хадис укпаган экен» дегенине карабастан, бул хадис алынат. Анткени, «айтууларынча» сөзү анык эместикти түшүндүргөнү үчүн Хасандын Усмандан кылган рыбаятын хужжат кылуу мүмкүн.

Бул хадиске да кудум мурдагы хадиске жандашкандай жандашабыз.

- Демек, бул хадис да же катъий далилдерге тескери келбей турган түстө түшүнүлөт, же катъий далил алынат-да, зонний далил тарк кылынат. Башкача айтканда, ылажысы болсо бул хадис катъий хужжаттар менен келиштирилет, же бул иш таржих жолу менен чечилет. Маалым болгондой, катъий далил зонний далилди сындырат.
- Бул хадисте Пайгамбар ﷺ Сакыйф өкүлдөрүнүн «алар жихадга чакырылбашы, алардан ушр алынбашы, аларга өздөрүнөн башканын аким кылып дайындалбашы» жөнүндөгү шарттарын кабыл алып жатат. Бирок, намаздын тарк кылынышын кабыл албады. Аларга өздөрүнөн башканы аким кылып дайындабашына келсек, бул иштин эч кандай чиелик жери жок. Ырас, өздөрүнүн ичинен ушул ишке жөндөмдүү адам табылса эле, аны аким кылып дайындоо шаръан жайыз. Бирок, «алардын жихадга чакырылбашын жана алардан ушр алынбашын» кандай түшүнүү керек? «Лисон…»до «لايُحْشَرُوْنَ» сөзүнө «казатка чакырылышпайт», «үстүлөрүнө милдет жүктөлбөйт», «малдарынын зекетин алууга келген адам үчүн топтолушпайт» сыяктуу маанилер берилген. «لايُعْشَرُوْنَ» сөзү туурасында болсо «Т.а. малдары үчүн ушр алынбайт, дагы бир сөздө парз кылынган зекет көздө тутулган» делген. Ушуга ылайык, бул хадистеги «لايُحْشَرُوْنَ» сөзү «малдарынын зекетин алууга келген адам үчүн топтолушпайт, балким, өз жайларында тура беришет т.а. анын өзү алардын жайларына барып, зекеттерин алат» деген мааниде, «لايُعْشَرُوْنَ»

сөзү болсо «алардын малдарынан ушр алынбайт» деген мааниде түшүнүлөт.

Ушундай кылып, алар койгон жана Пайгамбар алайхис-салам кабыл кылган шарттар зекеттерин өз жайларында берүүлөрү жана алардан зекет гана алынып, ушр алынбашы жөнүндө болгон. Мусулман болууну каалаган адам «зекетимди өз жайымда беремин жана мен зекет гана берем, ушр бербейм» деп шарт коюшу жайыз. Ушуга ылайык, бул хадисти катъий далилдер менен келиштирүү мүмкүн. Бирок, Абу Давуддун Вахб аркылуу кылган башка бир рыбаяты да бар. Анда мындай делген: «Жобирден Сакыйфтын иши жөнүндө сураган элем – алар Пайгамбар алайхис-саламга бизге зекет да, жихад да парз кылынбайт – деп шарт коюшту» деп жооп берди. Өзү Пайгамбар алайхис-саламдын «мусулман болушкандан кийин зекет да беришет, жихад да кылышат» дегенин укканын да айтты». Бул рыбаят «لايُحْشَرُوْنَ» сөзү «жихадга чакырылышпайт» деген мааниде, «لايُعْشَرُوْنَ» сөзү болсо «зекет беришпейт» деген мааниде келгендигин тарджих кылат.

Мындай абалда бул хадис Сакыйф өкүлдөрүнө гана хос болот. Алардан жихад кылбоолору жана зекет бербөөлөрү жөнүндөгү шарттарды кабыл кылуу алардын өзүнө гана хос. Хос өкүм үчүн карыйна керек болот. Бул жердеги карыйна Пайгамбар алайхис-саламдын алар мусулман болушкандан кийин зекет да беришет, жихад да кылышат деп берген кабары. Ошондо алар койгон шарттардын вокыйсы болбой калат. Гоиб илими Пайгамбар алайхис-саламдан башкасына берилбейт. Ошондуктан, бул иш өкүмдүн хостугуна карыйна болот.

Хос өкүмдөр да келген. Мисалы: Пайгамбар ﷺ Хузайманын күбөлүгүн эки кишинин күбөлүгү ордуна өтөт деп эсептеген. Демек, бул күбөлүк Хузаймага хос болуп, башка кишиге өтпөйт. О.э. Абу Бурданын алты айлык эчкини курмандык кылгандыгы ал кишиге хос болуп, башка кишиге өтпөйт. Себеби, эчкилерден кылынган курмандыкта эчкинин туулганына бир жыл болгондугу шарт кылынат.

Ушундай кылып, өкүмдөрдү колдонууда даражама-даража көтөрүлүп баруу катъий далилдер менен арам. Ушул хадистеги зекет жана жихаддын даражама-даража болушу болсо Сакыйф өкүлдөрүнө гана хос. Анткени, Пайгамбар алайхис-салам алар мусулман болушкандан кийин зекет да берерин, жихад да кыларын билген.

Тыянак:

Өкүмдөрдү колдонууда даражама-даража чыгып баруунун т.а. алардын айрымдарын колдонуп, калгандарын колдонбоонун арамдыгы катъий далилдер менен далилденген.

Абу Давуддун хадисинде Пайгамбар алайхис-салам намаздын ташталышына ыраазы болбогон, жихад жана зекеттин ташталышын

болсо кабыл кылган. Бул өкүм Сакыйф өкүлдөрүнө гана хос. Себеби, Пайгамбар алайхис-салам вахий аркылуу алар койгон шарттардын вокыйсы болбошун жана алардын мусулман болушкандан кийин зекет да беришерин, жихад да кылышарын билген.

Кыскасы, бул эки хадис рад кылынбайт. Алар өкүмдөрдүн айрымдарын колдонуп, калгандарын колдонбоонун арамдыгын көрсөтүүчү катъий далилдер менен келиштирилет.

## Иш жүзүндө согушуп жаткан мамлекеттер менен мамиле кылуу

**Суроо**: ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баркаатуху.

Жараткан Аллахдан ден-соолукта болуп, сиздин колуңуз менен даңктуу жеңишке жеткиришин жана баардык жакшылык эшиктерин ачуусун тилейм.

Мен шейхибиз жана Хизб-ут-Тахрирдин сүйүктүү амири Ато бин Халил Абу Ар-Раштага суроо узатам:

Бир бир тууган менден Баркан конушундагы контейнерлерди чыгарган заводдо иштейм деп сурады. Бул заводдун бир бөлүгү жакында (Израиль) армиясынын пайдасына айландырылды. Генераторлорду жана башка аскердик техникаларды ташуу үчүн машиналарды чыгарат. Аскердик унааларды чыгарган бул бөлүмдө иштесе болобу?

Аллах ыраазы болсун жана эң жакшы сыйлык менен сыйласын. Аллах сизди коргосун, жеңишти насип кылсын, сизге күч-кубат берсин жана сиз аркылуу жеңиш жана улуулук берсин. Жараткан Аллахдан сизди сактоосун жана бардык жамандыктардан өз коргоосуна алуусун тилейм.

Мүмкүн болсо тезирээк жооп берсеңиз.

**Жооб**: алейкум ассалам рахматуллоохи уа баракаатуху.

Жогоруда айтылган заводго келсек (анын бир бөлүгү жакында (Израиль) армиясынын пайдасына айландырылган жана ал электр генераторлорун жана армияга керектүү нерселерди ташыган унааларды чыгарат), ал иш жүзүндө согушуп жаткан мамлекет яхуд вужудуна караштуу завод.

Жооп эки учурда болот:

Биринчиси басып алуу астындагы мусулмандар үчүн... экинчиси басып алуудан тышкары жердеги мусулмандар үчүн...

Биринчисине келсек, Мадинада мамлекет тикеленгенден кийин Меккеде калган мусулмандардын вакыйы аларга тиешелүү. Жөөт баскынчылыгы астындагы Палестина калкы жөөт менен сатып алуу-сатуу менен алектенүүсү жаиз... ж.б. Бирок душманды күчтөндүрө турган иш мындан тышкары. Ошол сыяктуу, мисалы, Америка жарандыгын

алган бир мусулмандын өкүмү Меккеде хижрат кылбаган мусулмандардын өкүмү сыяктуу. Өкүмдүн себебин иликтөөгө ылайык, Каапырларды мусулмандарга каршы күчтөндүрүүчү иштерден тышкары иштерде, алар жашаган доорул харб ( иш жүзүндө мусулмандарга каршы согушуп жаткан мамлекет) менен мамиле кылышы жаиз.

Экинчиге келсек, биз буга чейин бул суроого бир нече жооптор менен жооп бергенбиз, анын ичинде:

31.03.2009-ж суроого жооп:

1- иш жүзүндө согушуп жаткан өлкөлөр менен түздөн-түз мамиле кылуу жаиз эмес жана ал мамлекеттердин компаниялары менен да иштешүү жаиз эмес, себеби иш жүзүндө мусулмандарга каршы согушкандар менен болгон мамиле согуш мамилеси, ал тынчтык соода мамилеси эмес.

2- иш жүзүндө согушуп жаткан мамлекеттер менен иш алып барып жаткан компаниялар менен иштешүү каралат:

А- Эгерде ал компания тарабынан ишке ашырылган долбоор иш жүзүндө согушуп жаткан өлкөлөр үчүн болсо, анда бул долбоор боюнча ал компания менен иштешүүгө болбойт.

Б- Эгер ал компания тарабынан ишке ашырылып жаткан долбоор иш жүзүндө согушуп жаткан мамлекет үчүн эмес, тескерисинче, мектеп куруу же жол салуу сыяктуу өлкөнүн эли үчүн болсо... Күнөө иш жүзүндө согушуп жаткан мамлекет менен иш алып барган компаниянын моюнуна түшөт. Бирок долбоор иш жүзүндө согушуп жаткан мамлекеттер үчүн болбосо, ал компания менен бул долбоор үстүндө иштөөгө уруксат...

24.07.2011 суроого жооп:

Мусулман жерлерин басып алган, “иш жүзүндө согушуп жаткан” мамлекеттердин ишканалары жана уюмдары менен түз келишим түзүү жаиз эмес, себеби ал иш жүзүндө согушуп жаткан өлкөлөр менен иш алып барат... Ал эми жергиликтүү бийлик же баскынчы өлкөгө тиешеси жок, бирок баскынчы өлкө менен байланышы бар жергиликтүү уюм менен келишим түзүүгө келсек, анда төмөнкүлөр каралат:

1-Жергиликтүү ишканалардын басып алган мамлекет менен карым-катнаштары аскердик долбоорлордо болсо, бул жаиз эмес.

2-Жергиликтүү ишкананын басып алуучу мамлекет менен мамилеси өлкөгө зыяны тийбеген коммерциялык долбоорлордо болсо, анда бул жаиз, бирок зыян келтирет деген шектенүү менен аны менен иштешпеген жакшы.

3- Эгерде жумушчу жергиликтүү мамлекетте кызматкер болуп иштесе, бирок анын эмгек келишими түздөн-түз басып алган мамлекет менен болсо, анда ал жаиз эмес.

4- Эгерде жумушчу жергиликтүү мамлекетте кызматкер болуп иштесе жана анын эмгек келишими ошол эле мамлекет менен болсо, жергиликтүү мамлекет басып алган мамлекеттен материалдык жардам алса да, бул жаиз.

5- Эгерде жумушчу жергиликтүү мамлекетте кызматкер болуп иштесе жана анын эмгек келишими жергиликтүү мамлекет менен болсо, бирок эмгек акысын түздөн-түз басып алган мамлекеттен алса, бул жаиз эмес.

Ал эми далилдерге келсек, бул иш жүзүндө согушуп жаткан өлкөлөр менен болгон карым-катнаш боюнча өкүмдөр.

Бул жетет деп үмүттөнөм, эң туурасын Аллах билүүчү.

1447-х, 12-мухарам.
2025-ж, 07- июль.

## Уюм же топ менен мабдаий хизбдин айырмасы

**Суроо**: Ассаламу алайкум. Биз сизди көрүүгө ынтызарбыз, Халифалык – инша Аллах – жакында бизди өз көлөкөсүнө алар.

Менин бир суроом бар: تكتل – уюм же كتلة – топ менен мабдаий хизбдин айырмасы эмне?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

1 – تكتل - уюм жана كتلة - топ экөөсү тең бирдей мааниде болуп, адамдардын белгилүү бир максат үчүн белгилүү бир робита негизинде чогулушу айтылат. Бул чогулууну топ десе да, уюшуу десе да боло берет.

2 – تكتل - уюм сөзү كتلة – топ сөзүнө караганда айтылышта күчтүүрөөк. Себеби, харф жана харакаттарда зиядалык мааниде да зиядалыкты түшүндүрөт. Демек تكتل - уюм лафзы күчтүү аракат кылуучу كتلة – топтон чоңураак жамаатты түшүндүрөт.

3 – Ал эми, мабдаий хизб болсо уюм табанний кылган фикратка байланыштуу. Эгер, уюм мабдага негизделсе т.а. акыйдага жана бул акыйдадан келип чыккан түзүмгө негизделсе, ал мабдаий хизб болот. Эгер мабдаий хизбдин акыйдасы жана акыйдадан келип чыккан түзүмү туура болсо, анда уюм туура болот. Эгер мабданын акыйдасы жана акыйдадан келип чыккан түзүмү туура эмес болсо, анда уюм туура эмес жана адашкан уюм болот.

22-зул-каъда, 1434-х.
28-сентябрь, 2013-м.

## Электромагнит толкундар тууралуу

Абада таркала турган электромагнит толкундардын абалы деңизде сүзүп жүрүүчү кемелердин ишине окшойт. Демек, аба-мейкиндиги, деңиздер жана ушуларга окшогон түзүлүш табияты жеке адамдардын жекече ээлик кылышына тыюу сала турган нерселердин баары жалпы мүлк (омма мүлкү) эсептелет.

Мамлекеттин, компаниялар жана жеке адамдардын деңиздерде кемелери болушу жайыз. О.э. алардын аба-мейкиндигинде электромагнит толкундары болушу да жайыз. Болгону мында төмөндөгү үч иш этибарга алынышы лазым.

1. Бул толкундардан пайдалануу үчүн жалпы мүлктө (мисалы, жолдордо) антенна, узаткыч жана күчөткүч жабдууларынын столбаларын ортонотуу мүмкүн эмес.

2. Жалпы мүлктөн пайдалануу башка адамдын пайдаланышына тоскоолдук кыла турган болсо же башка адамга зыян жеткизе турган болсо, мындай абалда мамлекет баарынын жалпы мүлктөн пайдаланышына мүмкүнчүлүк берүүнү камсыздай турган түстө бул ишти башкаруу жагынан тартипке салышы лазым. Мисалы, мамлекет кемелердин дарыя жана деңиздердеги кыймыл жолдорун тартипке салат. О.э. жолдордон өтүүлөрдү да тартипке салат ж.б.у.с. Бул иштерди башкаруу тармагына кирет.

«اَلْإِمامُ راعٍ وَمَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

«Имам роий (башчы), ал өз раияты (колу астындагылардан) масъулжоопкер». Бул хадисти Бухарий чыгарды.

3. Эми эгер жалпы мүлктөн пайдалануу кандайдыр бир абалда жеке адамга же мамлекетке же коомго зыян жеткизе турган болсо, мындай абалга «Мубахтын зыян жеткизе турган ар бир бөлүгүнө тыюу салынат, анын калган бөлүгү мубахтыгынча калат» деген зыян жөнүндөгү каидага ылайык тыюу салынат.

Ушуга караганда, демек, электромагнит толкундарынан пайдалануу, аларга ээлик кылууда жалпы мүлктө столбалар орнотууга муктаждык болбосо же столбалар ошол компаниялар же адамдардын мүлкүндө орнотулса, андай абалда:

1. Бул толкундарга мамлекет тарабынан берилген уруксат менен ээлик кылуу жайыз болот. Бул иш мамлекеттин жалпы мүлктөн пайдануууну баарынын туура түстө пайдаланышына мүмкүнчүлүк бере турган түстө тартипке салуу тармагына кирет;

2. Мамлекет бул толкундардан пайдаланууда зыян бар деп биле турган болсо, ар кандай электромагнит толкундарынан пайдаланууга тыюу салуу укугуна ээ. Бул иш мубахтын зыян жеткизип жаткан кандайдыр бир

бөлүгүнө тыюу салуу бөлүгүнө кирет. Мисалы, бул толкундардын кандайдыр бир жактан мусулмандар артынан тыңчылык кылуу үчүн байланыш түйүнү катарында пайдаланууга тыюу салынат ж.б.у.с.

Ал эми, алардан пайдалануу үчүн жалпы мүлктө столбалар орнотуу керек боло турган болсо, мындай абалда компаниялар жана жеке адамдардын бул толкундардан пайдаланышы жайыз болбойт. Балким, алардан мамлекет гана пайдаланат.

7-зулхижжа, 1426-х.
7-январь, 2006-м.

## Камсыздандыруу тууралуу

**Суроо**: бүгүнкү күндө пайда болгон жана сезилерлик түрдө өсүп жаткан, “өз ара жардам (кооператив) камсыздандыруусу”, “өз ара кепилдик камсыздандыруусу”, “исламий камсыздандыруу” наамдары менен аталып жаткан компаниялардын өкүмү кандай? Белгилүү болгондой, бул компанияларга үгүттөп жаткан ээлеринин айтымында, бул компаниялар арам кылынган соода камсыздандыруу компанияларынан айырмаланат, себеби, булар мусулмандардын бири-бирлери ортосундагы өз ара жардам компаниялары болуп, бирер кырсык болгон учурда, катышуучулар тарабынан төлөнө турган акчадан катышуучулардын бирине жардам берилет. Алар бул тууурасында Расулуллох ﷺдын Ашъарийлердин өз ара жардамдашкандарын мактаганы тууурасындагы хадисин келтиришет. Ушул жөнүндө муфассал жооп берсеңер, Аллах силерден ыраазы болсун.

**Жооп**: сиз суроо кылып жөнөткөн бул теманы да, башка булактарды да үйрөнүп чыктым. Кийин мага төмөндөгүлөр маалым болду:

*Биринчи*: Сиз айткан камсыздандыруунун вакиъси:

1 – Өз ара жардам, өз ара кепилдик жана исламий камсыздандыруу – булардын баары түзүлүшү жана иш алып баруусу жагынан бири-биринен айырмаланбай турган жана өкүмү да бир болгон камсыздандыруу.

2 – Компания ээлери: “Бул камсыздандыруу компаниялары шахстардын өрт, автокырсык... сыяктуу бирер кырсыктар жүз берген убакта, бири-бирине жардам берүү максатында төлөп туруша турган белгилүү бир өлчөмдөгү каражаттар” экенин айтышат. Бирок, бул иште камсыздандыруу компаниясындагы каражат төлөөчү менен келишим түзүлөт!

3 – Компания ээлери дагы “бул компания пайда алуу максатына эмес, балким, жакшылык жана таква үстүнө негизделген өз ара жардам камсыздандыруусу” деп да айтышат.

4 – Компания ээлери дагы мындай дешет: “Биздин камсыздандыруу арам кылынган соода камсыздандыруусунан айырмаланат. Арам камсыздандыруу пайда алууга жана момундардан пайда көрүү үчүн топтоло турган инвестицияга негизделген жана анда момун качан бирер кырсык жүз беришин билбей, каражат төлөй берет!”

5 – Компания ээлери өз камсыздандырууларына Ашъарийлер тууурасындагы хадисти далил кылып келтиришет. Ал хадисте Ашъарийлер ачарчылыкка учурашканда оокат-азыкты бир жайга коюшуп, баары биргелешип жешкени айтылган. Мухаммад ибн Алаа

Хаммад ибн Усамадан, ал Бурайддан, ал Абу Бурдадан, ал Абу Мусадан риваят кылат: Набий ﷺ мындай деди:

«إِنَّ الْأَشْعَرِيِّينَ إِذَا أَرْمَلُوا فِي الْغَزْوِ أَوْ قَلَّ طَعَامُ عِيَالِهِمْ بِالْمَدِينَةِ جَمَعُوا مَا كَانَ عِنْدَهُمْ فِي ثَوْبٍ وَاحِدٍ ثُمَّ اقْتَسَمُوهُ بَيْنَهُمْ فِي إِنَاءٍ وَاحِدٍ بِالسَّوِيَّةِ فَهُمْ مِنِّي وَأَنَا مِنْهُمْ»

«Ашъарийлер казатта азык-оокаттар түгөнүп калган убакта же шаарда үй-бүлөлөрүнүн тамагы аз калган убакта, бар нерселеринин бардыгын бир көйнөккө жыйышып, кийин, бир табак менен өз ара бөлүштүрүшөр эле. Демек, алар менден, мен аларданмын» (Муттафакун алайх).

6 – Ушул өз ара жардам… компаниялары «кайра камсыздандыруу»га негизделген. Башкача айтканда, жергиликтүү кичине камсыздандыруу компаниялары өз колдорундагы момундардын мүчөлүк төлөмдөрүн айлантуу жана инвестиция кылуу максатында чоӊ камсыздандыруу компаниясына берип коюшат.

Бул алардын кайра камсыздандыруу менен байланыштуу документ жана брошюраларында төмөндөгүдөй жазып коюлган:

«Кичи камсыздандыруу компаниялары үлкөн зыяндарды каптай албайт. Кемелер жана учактар камсыздандырууларынын чыгымдарын көтөрө албайт. Ошондуктан, Европа жана Америка сыяктуу дүйнөдөгү ири камсыздандыруу компанияларына өзүн камсыздандырууга мажбур деп эсептейт. Бул кайра камсыздандыруу деп аталат...».

7 – Ушул өз ара жардам… камсыздандыруу компаниясынын ээлери соода камсыздандыруусунун арамдыгын инкар кылышпайт. Себеби, анын арамдыгы тууарасында чыгарылган фатвалар “шаръий же шаръий эмес” деп токтом чыгаруучу бир нече чөйрөлөр тарабынан чыгарылган. Мисалы:

– Саудиядагы Ири Уламалар комитети;

– Исламий Конференция уюмуна караштуу Эл аралык Исламий Фикх кеӊеши. Штаб квартирасы Жиддада;

– Эл аралык Исламий Робитага караштуу Исламий Фикх кеӊеши. Штаб квартирасы Меккеде;

– Азхар Исламий Изилдөөлөр кеӊеши ж.б.у.с.

Бирок ушул камсыздандыруу компанияларынын ээлери “биздин өз ара жардам компанияларыбыз адалдыгы менен айырмаланат» дешет. Алардын айтымында, ал соода инвестиция компаниясы болбой, балким, эхсан компаниясы болуп, ири соода компаниялары менен кайра камсыздандыруу амалиятын кылбайт... Алар өз компаниялары үчүн Саудия Ири Уламалар комитетинин хижрий 4-рабиус-саний, 1397-жылдагы токтомунан пайдаланышты.

Биз ушул токтомдун кандай түзүлгөнүнө о.э. комитет өз токтомун канчалык түшүнүп жеткенине айкындык киргизүү жаатынан айтып бермекчибиз. Негизи, ал өкмөткө байланыштуу комитет. Ушунун өзү эле

анын чатак иштери бар экенин түшүндүрүп турат. Бирок, адилеттик үчүн анын кандайча түзүлгөнүн айтып өтөбүз.

Бул компания ээлери Саудия Ири Уламалары комитетине кайрылышып, ага “компания иштери жакшылык жана таквага негизделген, инвестиция жана пайда алууга негизделбеген” деген маалыматты сунуш кылат. Натыйжада, комитет өзүнүн хижрий 4-рабиус-саний, 1397-жылдагы №51 токтомун чыгарып, анда өзүнө сунуш кылынган маалыматтарга ылайык өз ара жардам камсыздандыруусун түзүүгө уруксат берет. Токтомдун башында мындай делет:

«Бул өз ара жардам камсыздандыруусу эхсан келишимдеринен болуп, андан кооп-коркунучтарды жоюу жана кырсыктар жүз берген убакта жоопкерчиликти көтөрүү негизинде, адамдардын зыян жеткен кишиге каражат төлөөсү үчүн акча каражатын ажыратуу менен кызматташтык кылышы максат кылынган. Ошондуктан, бул өз ара жардам камсыздандыруу жамааты бирөөлөрдүн малынан соода кылып, пайда алууну көздөбөйт, балким, өз ара кооп-коркунучтарды жоюуну жана зыяндар жоопкерчилигин көтөрүү...нү максат кылышат».

Токтомдун аягында мындай делет: «Ушул компанияга мамлекет тарабынан тандалган, ушул ишти жакшы биле турган адистер жетиштүү беренелерди иштеп чыгууга баш-көз болушат. Алар ишти аягына чыгарышкандан кийин, иштерин үйрөнүү жана шарият коидалары негизинде колдонуу үчүн аны жазма түрүндө Ири Уламалар комитетине тапшырышат. Аллах тавфик берсин».

Комитет токтомунан ачык көрүнүп тургандай, комитет камсыздандырууну пайда көрүүгө орун жок болгон эхсан деп эсептеген. Себеби, комитетке компания ээлери тарабынан бул камсыздандыруу эки тараптын өз ара алмашуусу эмес, эхсан деп көрсөтүлгөн.

Бирок, бул камсыздандыруу эхсан эмес эле. Компаниялар муну жакшы билишкен. Ошондуктан, алар иштерин жүргүзүүдө комитет токтомунан пайдаланууну көздөштү. Натыйжада, комитеттеги илимий изилдөөлөрдүн туруктуу комиссиясы бир токтом чыгарды, анда мындай сөздөр келген: «Амма баъд: Мындан мурда Ири Уламалар комитети – зыян, үлкөн кооп-коркунучтар жана инсандар малын акысыз түрдө жеш бар экени себептүү – соода камсыздандыруусунун бардык түрү арам экени тууралуу токтом чыгарган эле. Кийин Ири Уламалар комитети өз ара жардам камсыздандыруусунун жайиздиги тууралуу токтом чыгарды. Себеби, ал эхсанчылар каражаттарынан түзүлгөн болуп, андан муктаждарга жана зыян көргөндөргө жардам берүү максат кылынган. Андагы каражаттан кичинеси да – кирешеден да, пайдадан да жана инвестиция пайдасынан да – ширкаттагы (компаниядагы) шериктерге кайтпайт. Себеби, шериктиктен максат, муктаждарга жардам берүү

аркылуу Аллах Субханахунун сообун алуу. Анда дүйнөлүк (дунявий) максат жок. Бул иш Аллах Тааланын:

﴿وَتَعَاوَنُواْ عَلَى ٱلۡبِرِّ وَٱلتَّقۡوَىٰۖ وَلَا تَعَاوَنُواْ عَلَى ٱلۡإِثۡمِ وَٱلۡعُدۡوَٰنِ﴾

*«Жакшылык жана таквалык жолунда көмөктөш болгула, күнөө дана чектен ашуу жолунда көмөктөш болбогула!»* [5:2]

деген аяты о.э. Набий ﷺдын

«وَاللَّهُ فِي عَوْنِ الْعَبْدِ مَا دَامَ الْعَبْدُ فِي عَوْنِ أَخِيهِ»

«Эгерде, пенде өз боордошуна жардам берсе, Аллах ага жардам берет» деген хадиси түркүмүнө кирет. Бул эч кандай проблема жок болгон ачык иш. Бирок, соңку убактарда айрым мекеме жана компанияларда адамдарды алдоо жана чындыкты жашыруу көрүнүп калды. Себеби, алар арам болгон соода камсыздандыруусун өз ара кызматташтык компаниясы деп атап жатышат. Алар адамдарды алдап, өз компанияларына үгүттөө жолунда ушул компанияларын Ири Уламалар комитети бизге мубах кылып берди деп жатышат. Акыйкатта болсо, Ири Уламалар комитети бул иштен бүтүндөй таза. Себеби, анын токтомунда соода камсыздандыруусу менен өз ара кызматташтык камсыздандыруусу ортосундагы айырма анык көрсөтүлгөн. Наамды өзгөртүү менен акыйкатты жашырып болбойт. Ушул баяныбыз адамдарга акыйкатты ачып берүү, көз боёмочулукту ачып таштоо, жалганды жоготуу максатында чыгарылды». (Булак: «Илимий изилдөөлөр жана фатвалар туруктуу комиссиясынын билдирүүлөрү жана маанилүү фатвалары» Ибн Жавзий басмаканасы, 1421-х. 1999-м».

*Экинчи*: Бул камсыздандыруу соода камсыздандыруусунан айырмаланбайт, тескерисинче, бул камсыздандырууда сөз оюндары бар:

1 – Ал жакшылык жана таква жолундагы өз ара жардам эмес, балким, инвестиция жана компаниячылар ортосунда төлөнгөн малдардын пайдасын бөлүшүү болуп саналат. Бирок, бул пайдалар соода камсыздандыруу компаниялары жана банктардагы сыяктуу пайда деп аталбай, балким, «үстөк пайыз» деп аталды!

2 – Ал эхсан да эмес, балким, дал соода камсыздандыруусу сыяктуу эле үлүштөргө шерик болуу. Буга далил, бул камсыздандыруудагы катышуучу – мейли «үстөк пайыз» деген наам жардамында пайыз төлөбөсө да, бирок – даттануу жана дааба кылуу укугуна ээ. Эгер чындап эхсан болгондо, анда ушул укук болбос эле. О.э. эхсан бир тараптын ээлиги (тасарруфаты) болуп, мында мына ушул тарап бүтүмгө тема болуучу келишимдерге кол коюшу лазым болбойт. Себеби, эхсанда төлөөчүнүн ролу аны төлөшү менен эле бүтөт.

3 – Бул камсыздандыруу – катышуучулар каражатын инвестиция кылуу болуп, каражаттарды инвестиция кылбастан фондго коюп коюу

эмес. Ошондуктан да, анын соода камсыздандыруу инвестициясынан айырмасы жок.

4 – Анда кайра камсыздандырууда т.а. соода камсыздандыруусунда болгону сыяктуу каражатты инвестиция кылууда кудуреттүүрөөк болгон компанияга берип коюу да айтылып жатат.

5 – Бул камсыздандыруу иштерин катышуучуларды түзүүчү мекеме өз үлүштөрүнө (акцияларына) ылайык башкарат. Анда кимдин үлүшү көп болсо, кудум соода камсыздандыруусу сыяктуу, башкаруу кеңешинде ошол көбүрөөк өкүмдар болот.

6 – Соода камсыздандыруусуна окшоп, бул камсыздандырууда да алдоо бар. Т.а. анда катышуучу качан кырсык жүз беришин билбейт...

7 – Ушул камсыздандыруу программасы да соода камсыздандыруусу программасынан айырмаланбайт: өрттөн, автокырсыктан камсыздандыруу, товарларды кургактык, суу жана абада камсыздандыруу о.э. кеме тетиктери, нефть, газ жана башка ушул сыяктууларды камсыздандыруу сыяктуу. Бул экөөсүнүн ортосундагы бар болгон айырма, соода камсыздандыруусунда камсыздандыруу ачык айтылат, бирок, өз ара кепилдик камсыздандыруусунда мындай деп жазып коюлат: өрттөн камсыздандыруунун кепилдиги программасы; автокырсыктан камсыздандыруунун кепилдиги программасы; товарларды кургактык, суу жана абада камсыздандыруунун кепилдиги программасы ж.б.у.с.

*Үчүнчү*: Алар “биздин өз ара жардам же өз ара кепилдик, же болбосо, исламий камсыздандыруу соода камсыздандыруусунан айырмаланат, себеби, мунун Ашъарийлер туурасындагы хадис болгон шаръий далили бар” дешти. Бирок алардын мындай далил келтирүүлөрү туура эмес. Себеби, Ашъарийлер туурасындагы хадисте айтылышынча, Ашъарийлер кырсык жүз бергенден кийин өз ара жардамдашышкан. Т.а. кургакчылык, ачарчылык, бирер балээ жүз берген убакта алардын ар бири колдорунан келген нерсе менен ушул балээ каршысында бири-бирине жардамдашышкан. Балээ жүз бербестен туруп өз ара каражат төлөшпөгөн.

Хадистин тексти да муну ачык айтып турат:

«إِنَّ الْعَشْعَرِيِّينَ إِذَا أَرْمَلُوا فِي الْغَزْوِ أَوْ قَلَّ طَعَامُ عِيَالِهِمْ بِالْمَدِينَةِ جَمَعُوا مَا كَانَ عِنْدَهُمْ فِي ثَوْبٍ وَاحِدٍ ثُمَّ اقْتَسَمُوا بَيْنَهُمْ فِي إِنَاءٍ وَاحِدٍ بِالسَّوِيَّةِ فَهُمْ مِنِّي وَأَنَا مِنْهُمْ»

«Ашъарийлер казатта азык-оокаттар түгөнүп калган убакта же шаарда үй-бүлөлөрүнүн тамагы аз калган убакта, бар нерселеринин бардыгын бир көйнөккө жыйышып, кийин, бир табак менен өз ара бөлүштүрүшөр эле. Демек, алар менден, мен алардanмын». Демек, алар азык-оокаттары түгөнүп калган кезде, колдорундагы бар нерселерин бир көйнөккө топтошуп, ортодо бөлүшүп алышкан.

Төртүнчү: Ушул камсыздандыруунун шаръий өкүмү арам. Себеби:

1 – Бул камсыздандыруу эхсан эмес. Ошондой болгон соң, ал ушул негизден туруп үйрөнүлбөдү.

2 – Бул камсыздандыруу – катышуучу адамдардын каражаттарынан түзүлгөн камсыздандыруу компаниясынын кырсыкка учураган катышуучуну кепилдикке алышы. Ушул себептүү, ага Исламдагы ушул кепилдик шарттары колдонулушу лазым:

а) Моюнда толук табылуучу укук болушу шарт. Башкача айтканда, эң биринчи кырсык жүз берсин, андан кийин компания ошол окуяда зыян көргөн адамды кепилдигине алсын. Т.а. ага керектүү нерсени төлөсүн.

б) Өз ара төлөмдүү келишим болбошу шарт. Башкача айтканда, кепилдикке алуучу (камсыздандыруучу) эч кандай акы албасын, пайда же пайыз, же болбосо, бадал деп аталабы, мунун айырмасы жок.

в) Камсыздандыруу компаниясынын келишими шаръий келишим болушу шарт. Бул анда Исламдагы ширкаттардын шарттары толук табылышы менен болот. Башкача айтканда, анда малдар компаниясы эмес, балким, мал жана тан (каражат жана дене) болсун. Акыйкатта болсо, үйрөнүү үчүн сунуш кылынган ушул камсыздандыруу малдар компаниясы болуп, андагылардын баары мал төлөшөт. Ал тургай, ушул компания иштерин башкаруучу администрация кеңеши да алардын денелеринин эмес, малдарынын өкүлү. Алардын арасында дени менен шерик болгон бир да адам жок. Тескерисинче, бардык адамдар малы менен шерик болгон. Ошондуктан, бул компаниянын вакиъси акционердик компаниясы т.а. малдар компаниясы вакиъси менен бирдей.

г) Каражатты инвестиция кылуу иши башка компаниялар аркылуу нашаръий болбошу шарт. Мында наамдын инвестиция же кайра камсыздандыруу деп айтылышынын айырмасы жок.

Мунун далилдери – малдар компанияларынын далилдери о.э. кепилдик далилдери. Бул далилдердин баары «Исламда экономикалык түзүм» китебинде кеңири берилген.

Тыянактап айтканда, өз ара жардам же өз ара кепилдик, же болбосо, исламий камсыздандыруу Исламдагы кепилдик шарттарына да, Исламдагы ширкаттар шарттарына да жооп бербейт, ошондуктан, ал шаръан жайиз эмес.

24-жумадус-саний, 1431-х.

## Медициналык камсыздандыруу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Мамлекеттик эмес мекеменин кызматкери медициналык камсыздандыруу компаниясы менен келишим түзгөн мекеменин камсыздандыруусунда катышуусунун өкүмү кандай?

Мекеме өкүлү болгон кызматкердин атайын медициналык камсыздандыруу компаниясы менен келишим түзүшүнүн өкүмү кандай?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Сиз, эй боордош, суроого дагы да айкындык киргизсеңиз жакшы болмок…

Ошондуктан, эгер суроодон кызматкерлердин саламаттыгы өздөрү иштеп жаткан мекеме тарабынан камсыздандырылышынын өкүмү максат кылынган болсо т.а. мекеме кызматкерди жана үй-бүлөсүн дарылоонун акысына анын маянасынын бир бөлүгүн алып калса, мунун жообу төмөнкүдөй:

Медициналык камсыздандыруу карата:

Эгер ден соолукту камсыздандыруу жумуш ордунун келишимине байланыштуу болсо т.а. ден соолукту камсыздандыруу жеке өзүнчө келишим эмес, жумуштун шарттарынын бири болсо, жайиз. Эгер, ден соолукту камсыздандыруу өзүнчө келишим болсо, жайиз эмес.

Мунун тафсилаты төмөндөгүдөй: Эгер, иш ээси маянанын бир бөлүгүн алып калуу акысына жумушчунун жалгыз өзүн же үй-бүлө мүчөлөрү менен бирге дарылатууга жумушчу менен келишсе, жайиз. Себеби, асл келишим ижара келишими жана иш ээси жумушчуну же анын үй-бүлө мүчөлөрүн дарылатышы жумуш келишимине байланыштуу. Келишимдердеги шарттар тыюу салынганына нусус келген болсо гана тыюу салынат, мисалы, арамды адал же адалды арам кылуу сыяктуу. Анын жайиз болушу үчүн ага уруксат бере турган нусуска кажет жок, тыюу салынышына нусус келбеши керек. Т.а. ал амалдарга окшобойт. Амалдардагы асл шаръий өкүмгө байланыштуу. Ошондуктан, амалдарда кылууга уруксат берген нусус болушу керек. Келишимдерде болсо, шарттар жайиз, анын тыюу салынганына нусус келбеген болушу лазым. Касир ибн Абдуллах ибн Амр ибн Авф Музаний атасынан, атасы чоң атасынан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ إِلَّا شَرْطًا حَرَّمَ حَلَالًا أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا»

«Мусулмандар өз шарттарына бапаа кылуулары лазым, адалды арам же арамды адал кыла турган шартка бапаа кылышпайт» (Термизий риваяты).

Бул бир жактан, башка жактан болсо, мында жумушчунун маянасынын бир бөлүгү алып калынат. Ушуга ылайык, иш ээси маянадан алып калуу акысына жумушчунун же анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугун камсыздандырат. Бул, жайиз, алгач эле жумушчу же үй-бүлөсүнүн ден соолугу камсыздарылыганбы, же оболу жумушчунун өзүнүн, кийинчерээк жумушчу менен иш ээсинин ортосунда өз ара ыраазылык менен анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн да ден соолугу камсыздандырылып, келишимдин бир бөлүгүнө айланып калганбы, мунун айырмасы жок. Булар – жайиз.

Ал эми, ден соолук камсыздандыруу өзүнчө бөлөк келишим болсо, жайиз эмес. Т.а. бир мекеме түзүлүп, бул мекеме коомчулукка «ким ооруп калганда дарылануусу каалаca, ай сайын бизге каражат өткөрүп турсун. Биз өткөрүлгөн бул каражат акысына анын дарыланышын кепилдейбиз» деп жарыялайт жана адамдар менен ошонун үстүндө келишим түзөт. Бул, белгисиз нерсе үстүндөгү келишим. Себеби, адам качан оорушу же оорусунун оор же жеңил болушун билбейт.

26-зул-каъда, 1434-х.
2-октябрь, 2013-м.

## Социалдык камсыздандыруу жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Мусулман адам социалдык камсыздандырууга кошулуусу жайизби?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Мамлекеттик же жеке сектордо иштеген жумушчуларга мамлекет тарабынан катышуу мажбурияты жүктөлгөн социалдык камсыздандырууга кошулуу жумушчу жана кызматкерге жайиз. Ал социалдык камсыздандыруунун акысын мамлекет же жеке сектор менен биргеликте төлөйт: т.а. бир бөлүгүн ал төлөйт, калган бөлүгүн иш ээси берет жана мамлекет же иш ээси анын дарыланышын камсыздайт. Бул – жайиз. Иш ээси камсыздандыруунун калган бөлүгүн кошкон болсо да, жумушчу өз маянасынын бир бөлүгүн бул социалдык камсыздандыруунун төлөмү үчүн которуп жатат. Социалдык камсыздандыруунун төлөмү жумушчунун маянасынан алынганы үчүн булардын баары жайиз.

Бирок, сиз жалаң гана социалдык камсыздандыруу үчүн түзүлгөн мекемелерди назарга алган болсоңуз, алар камсыздандыруу үчүн атайын түзүлүп, адамдарга: ким ушул социалдык камсыздандырууга кошулууну кааласа, ай сайын баланча каражат берсин, эгер ал ооруп калса, биз аны дарылайбыз, деп билдиришет… Бул түрдөгү социалдык камсыздандыруу жайиз эмес. Бул келишимде белгисиз нерсе бар. Себеби, оорунун качан келиши белгисиз, адам катуу ооруйбу же жеңилби… ж.б.у.с.? Ошондуктан, бул келишим батыл болуп, мүмкүн эмес.

4-ражаб, 1434-х.

9-июнь, 2013-м.

## Мужтахидге таклид кылуу тууралуу

**Суроо**: бирден көп мужтахидге таклид кылуу (ээрчүү) жайиз болбогон маселе жөнүндө бирер канааттандырарлык баян барбы? Кала берсе, бул суроо бир же бир канча суроо экенин кантип билемин? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: «Шахсиянын» 1-китебинин «Мужтахиддердин ортосунда көчүп жүрүү» бөлүмүндө мындай делет: «Бирок, ушул нерсени билүүсү керек, таклид кылып жаткан өкүмдү таштап, башкасын алуу мүмкүн болгон маселе башка маселеге байланышы жок өзүнчө маселе болушу жана аны таштоо менен башка шаръий өкүмдүн бузулуусу келип чыкпоосу важиб. Ал эми, башка маселеге байланыштуу болсо, андан баш тартуу мүмкүн эмес. Баш тартса да ушул маселеге байланыштуу бардык маселелерди таштоосу важиб. Себеби, ал маселелердин баары бири-бирине байланыштуу болгондуктан алар бир бүтүн деп эсептелет. Кудум намаз, даарат жана башка намаздын ркндары сыяктуу. Шафиъий мазхабындагы адам Абу Ханифанын «Аял кишини кармоо дааратты бузбайт» деген райын кабыл алып туруп, Шафиъий мазхабы негизинде намазды окуусу жайиз эмес. Же намазда ар канча көп аракет кылуу намазды бузбайт деп, же «Фатиха» сүрөсүн окуу намаз ркндарынын бири эмес деп эсептеген адам мунун тескерисин айткан мужтахидге ээрчүүсү туура эмес. Демек, башка шаръий өкүмдөр негизинде аткарып жаткан амалдарга таасири болбой турган өкүмдөрдү гана таштап, башкасын кабыл алуусу мүмкүн». Мындан көрүнүп тургандай, маселенин аныктамасы анын башка маселелерден обочолонгондугуна байланыштуу. Аны таштоодон башка шаръий өкүмдөрдүн бузулушу келип чыкпашы керек. Демек, маселе ркн, же байланыштуулук шарты, же башка өкүмдөрдүн дурус болуу шарты болбошу керек. Себеби, маселе мында башкасынан өзгөчө болбой калат.

Муну дагы да анығыраак түшүнүп алышыбыз мүмкүн:

Маселе аныктамасы: бул жерде маселе делгенде башка маселенин дурус болушу байланыштуу болбогон ар бир феъл же феълдер топтому назарга алынат. Маселенин бөлүгү болсо ушул маселенин дурус болушу үчүн зарыл болгон шарттар жана ркндар сыяктуу бардык феълдер болуп эсептелет.

Мисалдар:

Даарат: ал ушундай бир амал болуп, башка амалдын дурус болушу ага байланыштуу. Себеби, намаздын дурус болушу даaратка байланыштуу. Ошондуктан, аныктамага ылайык, даарат өзүнчө бир маселе эмес, ал намаздын бир бөлүгү эсептелип, намаз дурус болушу үчүн анын болушу албетте зарыл.

Намаз: ал ушундай бир амал болуп, башка амалдын дурус болушу ага байланыштуу эмес. Демек, ал өзүнчө маселе. Намаздын дурус болушу үчүн зарыл болгон ар бир нерсе анын бир бөлүгү болуп эсептелет, мисалы, рукндар, тазалык жана кыблага жүздөнүү сыяктуу намаздын дурус болушу шарттары.

Орозо ниети: ал ушундай бир амал, башка амалдын дурус болушу ага байланыштуу. Себеби, орозонун дурус болушу ниетке байланыштуу. Ошондуктан, ниет өзүнчө бир маселе эмес, башка маселенин бир бөлүгү.

Орозо: ал ушундай бир амал, башка амалдын дурус болушу ага байланыштуу эмес. Демек, ал өзүнчө маселе. Орозонун дурус болушу үчүн зарыл болгон ар бир нерсе анын бөлүгү эсептелет, мисалы, ниет жана оозду ачып жибере турган нерселерден тыйылуу сыяктуу.

Демек, бир адам намазда бир мужтахидге таклид кылса, ал намаздын даарат, жунуб болгондо гусл кылуу, таяммум, кыблага жүздөнүү жана намаздын рукндары сыяктуу бардык бөлүктөрүндө ушул мужтахидге таклид кылышы важиб болот.

Эгер, адам орозодо бир мужтахидге таклид кылса, орозонун ниети, ар күнү ниет кылуу важибби же бүткүл ай үчүн кылуу важибби, күндүзү ниет кылса болобу же албетте түнү ниет кылышы керекпи, орозону ачып жибере турган нерселер, орозону ачып жиберишине уруксаттар сыяктуу орозонун бардык бөлүктөрүндө ошол мужтахидге таклид кылуу важиб. Бирок, адам башка маселеде дагы бир мужтахидге таклид кылышы жайиз.

Булардын бардыгы, эгер адам мукаллид болсо ушундай. Ал эми, адам далилдерди талкуулап, таржих кыла алса, анда, ал таклид кылган мужтахидди таштап күчтүүрөөк далилге ээрчиши жайиз болот.

Бул маселе ачык-айкын болгон болсо керек деп үмүт кыламын… Аллах Субханаху тавфик ээси.

23-шаввал, 1433-х.
6-сентябрь, 2012-м.

## Басымдуу жана басымсыз ортосундагы шарий өкүм

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматуллохи уа баракатуху.

Урматтуу биздин мыкты аалымыбыз, менин төмөнкү суроомо жооб берүүңүздү өтүнөм.

Алакалардын негизи (аслы) адал болот, мубах болушу жөнүндө каралыш керек тууралуу сөз. Бул сөз төрт мазхабдын жумхуурлары (көпчүлүгү) алдында так, дааналап каралып чыгууга муктаж.

Бул негиз (асл) жөнүндө сөз кийинки (уламалардын арасында) кеңири тараган. Бирок, эски китептерди карай турган болсок, мындай негизди (аслды) кездештире албайбыз. Ибн Нажиим Ханафий бул Ханафий усулчулардан (бул эреже алардын арасында кеңири жайылгандыгы айтылат). Ал эки эрежени гана айткан:

Нерселердеги негиз (асл), эгер, аны арамдыка чыгара турган далил келбесе, ал – мубах.

Никедеги (абзоог – аялдын жан жери) негиз (асл) арам. (Башкача айтканда, аялдын жан жери негизинде (аслында) арам болуп саналат).

Суроо, эгер, Шаариъ (Аллах) тукумду (насл) сактоо максатында (абзоог – аялдын жан жерин) негизинде арам кылса! Бул нерсе каражаттарды жана каржы алакаларды жалпы өз ичине ала тургандай өңдөнүп жатат. Же жок дегенде алакалардагы негиз (асл) адал деп айтылбашы керек... Ошондуктан, өкүм берүү үчүн алакалар маселесин жалпы көзөмөл алкагында карап чыгуу зарылчылыгы туулат. Шаариъ (Аллах) тукумду (наслды) сактагандай эле, каражатты (малды ) да сактаган.

Мүмкүн мен жаңылышып калышым мүмкүн, анткени, бул маселе жаатында бардык уламалардын жана усулчулардын сөздөрүн карап чыккан жокмун...

Анткени, коопсураткан нерсе бул – азыркы учурдагы алакаларда көбүнчө биз (алакалардагы негиз (асл) адал) деген сөзгө таянуу менен маселенин вакыйын карап чыгып, ага далил караштырбастан, ага амал кыла беребиз.

Бул эреженин тууралыгы канчалык? Бул тууралуу фикх аалымдары айтканбы?

**Жооб**: алайкуму салам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Урматтуу бир тууган, кээ бир мужтахиддердин эрежелери биздин көз карашыбызда басымсыз. Ал эрежелердин бири – сен жогоруда айтып өткөн «алакалардын негизи (аслы) адал болот» деген эреже биздин алдыбызда басымсыз болуп саналат. Биздин алдыбыздагы күчтүү далилден келип чыккан басымдуу көз караш «нерселердеги негиз (асл), эгер, аны арамдыка чыгара турган далил келбесе, ал – мубах» жана

«иштердин негизи (аслы) шарий өкүмгө байлануу» деген көз караш болуп саналат. Биз башка дагы көптөгөн эрежелерди карап чыктык жана алардын күчсүз экендигин да баяндаганбыз. Анын баяны төмөнкүчө:

Биринчиден: «Шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүндө «шарият келишинен мурда өкүм жок» деген бапта минтип келген:

«Ошондуктан, Аллахтын мүлкүн Анын уруксатысыз пайдалануу арам, ал маклуктарга карата арам болот деген хужжат «далил менен нерселердин жана иштердин негизи (аслы) арам болот» деп айтылбайт. Анткени, Аллахтын аятында ачык түрдө Элчи жибербей туруп азаптабастыгы жана өкүмдү баян кылбастан туруп жазага кириптер кылбастыгы айтылды. Ушунун негизинде маклуктар запкы тартышат. Аллах пайда жана зыяндан таза Зат.

Ошондой эле, ээсине (Аллахка) зыян жана бузуу жеткирбестен пайдалануу деген хужжат (далил) менен нерселер жана иштердин негизи (аслы) мубах болот деп айтылбайт. Мындай деп айтылбайт. Анткени, аяттан түшүнүлгөн маани - инсан пайгамбар алып келген нерсеге байланган. Себеби, ал ага (Пайгамбар алып келген нерсеге) каршы иш кылса, жазага кириптер болот. Ошондуктан, негиз (асл) – Элчиге ээрчүү болуп саналат. Анын рисаалатындагы өкүмгө байланып иш кылуу негиз болуп саналат. Негиз (асл) мубах эмес, балким, шарий өкүмгө байлануу болуп саналат. Анткени, өкүм аяттарынын жалпылыгы шариятка кайтуу жана ага байлануу ваажибдигин билдирет. Аллах айтат:

﴿وَمَا اخْتَلَفْتُمْ فِيهِ مِنْ شَيْءٍ فَحُكْمُهُ إِلَى اللَّهِ﴾

*«Кайсы нерседе келише албасаңар, анын өкүмү Аллахта»* [Шуура:10]

﴿فَإِن تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ﴾

*«Кайсы нерседе талашып тартышсаңар, аны Аллахка жана Анын расулуна кайтаргыла»*

[Ниса:59]

﴿وَنَزَّلْنَا عَلَيْكَ الْكِتَابَ تِبْيَاناً لِّكُلِّ شَيْءٍ﴾

*«Биз сага баардык нерсени баяндаган китепти түшүрдүк»* [Нахл:89]

Даркутний риваяты, Пайгамбар ﷺ айтат:

«كُلُّ أَمْرٍ لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

«Биздин ишибиз жок болгон баардыгы кайтарылган».

Ошондуктан, бул нерсе иштердеги негиз (асл) – шариятка кайтуу, ага байлануу экендигине далалат кылат. Анткени, ээсине (Аллахка) зыян жана бузуу жеткирбестен пайдалануу деген хужжат мубахка хужжат (далил) болуп саналбайт.

Ошондой эле, нерселердеги негиз (асл) токтолуу, өкүм жок деп да айтылбайт. Анткени, токтолуу бул амал кылууну жокко чыгарат. Же шарий өкүмдү бекер кылат. Мындай кылуу жайиз саналбайт. Анткени,

Куран жана Хадистеги бекем тастык билбей турган учурда токтолуп туруу жана өкүм жок делбестен суроого буйруган. Аллах айтат:

﴿فَاسْأَلُوا أَهْلَ الذِّكْرِ إِن كُنتُمْ لَا تَعْلَمُونَ﴾

*«Эгер билбесеңер, илим ээлеринен сурагыла»* [Нахл:43]

Пайгамбар ﷺдын тайамум тууралуу хадисинде Абу Дауд Жаабир رضي الله عنه риваят кылат:

«أَلاَ سَأَلُوا إِذْ لَمْ يَعْلَمُوا فَإِنَّمَا شِفَاءُ الْعِيِّ السُّؤَالُ »

«Билбесеңер сурабайт белеңер, алсыздын (билбегендин) шыфаасы – суроо».

Бул насс нерселердеги негиз (асл) бул токтолуп туруу, өкүм жок дегенге каршы далаалат кылат.

Ушуга негизделип Пайгамбар ﷺ элчи болуп жөнөтүлгөндөн кийин өкүм шариятка таандык болду жана шарият келишинен мурда өкүм жок экендигин дааналады. Өкүм шарияттын келишине токтолот. Башкача айтканда, ар бир маселеге шарий далил болуштугуна токтолот. Ошондуктан, өкүм бир гана далилдин келиши менен болот. Ошондой эле, өкүм берилиши бир гана шарият келгенден кийин гана болот. Негиз (асл) шарияттан өкүмдү карап чыгуу болуп саналат. Башкача айтканда, негиз (асл) шариятан өкүм алуу үчүн шарий далилди карап чыгуу болот.

Ошондуктан «инсандын иштериндеги негиз (асл) – Аллахтын өкүмүнө байлануу» деген шарий далил басымдуу тастыкталат. Мусулман адам бир ишти кылуудан мурда бул ишке карата Аллахтын өкүмү билүүсү шарт. Башкача айтканда, иштин шарияттагы өкүмүн билгенден кийин гана ага амал кылышы шарт. Шарият өкүмдөрүнөн иштерге мубах өкүмүн алуу анын мубах экендигине далил келиши шарт...

Бул иштер жаатында болду. Ал эми, нерселер жаатында болсо, ал иштерге байланышкан. Нерселердин негизи (аслы) аны арамдыка чыгарган далил келбесе, ал – мубах. Нерселердин негизи арам эмес, мубах болот. Бир гана анын арамдыгы тууралуу шарий далил келгенде гана ал арам болот. Анткени, шарий насстар баардык нерселерди мубах кылган. Бул насстар жалпылык түрдө келип, баардык нерселерди өз ичине камтыйт. Аллах айтат:

«أَلَمْ تَرَ أَنَّ اللَّهَ سَخَّرَ لَكُم مَّا فِي الْأَرْضِ»

*«Аллах жердеги баардык нерселерди силерге баш ийдиргенин көрбөдүңбү»* [Хаж:65]

Аллахтын жердеги баардык нерселерди адамдарга баш ийдирип бергени аларга жердеги баардык нерселерди мубах кылып бергендиги. Аллах айтат:

﴿يَا أَيُّهَا النَّاسُ كُلُوا مِمَّا فِي الْأَرْضِ حَلَالاً طَيِّباً﴾

*«Эй адамдар, жердеги адал жакшы нерселерден жегиле»* [Бакара 168]

﴿يَا بَنِي آدَمَ خُذُوا زِينَتَكُمْ عِندَ كُلِّ مَسْجِدٍ وَكُلُوا وَاشْرَبُوا﴾

*«Эй адам баласы, ар бир мечит алдында зыйнаттангыла жана ичип жегиле»* [Аърооф:31]

﴿هُوَ الَّذِي جَعَلَ لَكُمُ الْأَرْضَ ذَلُولاً فَامْشُوا فِي مَنَاكِبِهَا وَكُلُوا مِن رِّزْقِهِ﴾

*«Ал силерге жерди төшөп берди анын үстүндө жүргүлө жана анын ырыскысынан жегиле»*

[Мүлк:15]

Мына ушундайча нерселерди мубах кылган баардык аяттар жалпы түрдө келген. Ошондуктан, аяттардын жалпылык түрдө келиши баардык нерселерди мубах болуштугуна далил болот. Баардык нерселердин мубах болуштугу Шааринин (Аллахтын) хытабынын (өкүмүнүн) жалпы түрдө болуштугу менен болду. Нерселердин мубах болуштугу баардык нерселерди мубахка чыгарган жалпы түрдөгү шарий насстар менен болду. Эгер, бир нерсе арамдыкка чыгарыла турган болсо, анда, аны мубахтыктан арамдыкка чыгара турган шарий далил келиши шарт болот. Жалпы мубахтыктан истисна кылып (бөлүп) чыгара турганга даалалат кылган шарий өкүм келиши зарыл. Ошондуктан, нерселердин негизи (аслы) шарий насстардын негизинде мубах болуп саналат. Шариъ бир нерсени арам кыла турган болсо, ал нерсени мубахтыктан истисна (бөлө) кыла турган, бул нерсенин өзү тууралуу ага насс келтирген. Аллах айтат:

﴿حُرِّمَتْ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةُ وَالدَّمُ وَلَحْمُ الْخِنزِيرِ﴾

*«Силерге өлүмтүк, кан, чочконун эти арам кылынды»* [Маида:3]

Пайгамбар ﷺ айтат:

«حُرِّمَتِ الْخَمْرَةُ لِعَيْنِهَا»

«Арак арактыгы үчүн арам кылынды». (Ибн Аббас, Мабсуутун).

Шарията бир нерсенин арамдыгы тууралуу насс келсе, ал нерсени жалпы насстан истисна кылат (бөлөт). Бул негиздин (аслдын) каршы мааниси. Башкача айтканда, нерселердеги негиз (асл) анын арамдыгы тууралуу далил келбесе, ал мубах дегендин каршы мааниси.

Ошондуктан, жогоруда сен айтып өткөн «алакалардын негизи (аслы) адал болот» деген эреже же биз ишаара кылып өткөн эрежелер биздин албызда басымсыз шарий эрежелер болуп саналат. Нерселер жана иштердин негизине (аслына) байланыштуу туура пикир – биз жогоруда айтып өткөн шарий эреже, ал «иштердеги негизи (аслы) Шарий өкүмгө байлануу» жана «нерселердин негизи (аслы) арамдыгы тууралуу шарий далил келбесе мубах» деген шарий эреже болуп саналат.

Жооп жетиштүү болду деп ойлойм. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

29-жумаадил-ахир, 1441-х.

23-февраль, 2020-м.

## Жин жана аны менен адам ортосундагы алака жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, урматтуу шейх!

Белгилүү болгондой, акыйда жаатындагы далил – аклий же наклий болот.

Жиндердин бар экенине аклий ыйман келтирүүгө алып барган эч кандай маддий (материалдык) далил жок, ошондуктан, наклий далил бар экени үчүн гана ыйман келтирилет. Мындан улам, ушундай суроо туулат: уламалардын жиндер менен адамдар ортосундагы маддий алака бар экени жөнүндөгү сөздөрү жогорудагыларга кандай туура келет? Алардын: жиндердин алакасы бар, алар кишиге оору же кыйынчылыктар (мисалы, адамдын ишке жөндөмдүүлүгү токтошу) сыяктууларды жеткириши мүмкүн деген сөздөрү кандай туура болот?

Жин «тийиши» жана ушуга окшош нерселер туурасында варид болгон аяттар жана хадистер – эгер, аларды ушул уламалардын түшүнүгү боюнча түшүнүү мүмкүн эмес болсо – кандай түшүндүрүлөт?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Жиндер бизге көрүнбөй турган гайб нерселерден саналат. Аллах Субханаху айтат:

﴿يَرَىٰكُمۡ هُوَ وَقَبِيلُهُۥ مِنۡ حَيۡثُ لَا تَرَوۡنَهُمۡ﴾

*«Ал жана анын малайлары силерди өзүңөр билбей турган тараптан көрүп турушат»* [7:27]

т.а. Иблис жана анын коуму, башкача айтканда, жиндер. Себеби, Иблис жиндерден саналат:

﴿إِلَّآ إِبۡلِيسَ كَانَ مِنَ ٱلۡجِنِّ﴾

*«Иблис гана (сажда кылбады). Ал жиндерден эле»* [18:50]

2 – Жиндердин васваса кылышы (азгыруусу) биз менен алардын ортосундагы алаканын негизин түзөт. Аллах Таала айтат:

﴿فَوَسۡوَسَ لَهُمَا ٱلشَّيۡطَٰنُ﴾

*«Кийин шайтан аларды васвасага салды»* [7:20]

﴿فَوَسۡوَسَ إِلَيۡهِ ٱلشَّيۡطَٰنُ﴾

*«Андан соң шайтан аны васваса кылды»* [20:120]

Бул жерде шайтан – Иблис. Ал эми, Иблис жиндерден болот.

3 – Шайтан адам үстүнөн эч кандай өкүмдарлыкка ээ эмес. Адам шайтанга өз ыктыяры менен гана ээрчисе, шайтан адамга өкүмдар болуп алат. Аллах Таала айтат:

﴿وَقَالَ ٱلشَّيۡطَٰنُ لَمَّا قُضِيَ ٱلۡأَمۡرُ إِنَّ ٱللَّهَ وَعَدَكُمۡ وَعۡدَ ٱلۡحَقِّ وَوَعَدتُّكُمۡ فَأَخۡلَفۡتُكُمۡۖ وَمَا كَانَ لِيَ عَلَيۡكُم مِّن سُلۡطَٰنٍ إِلَّآ أَن دَعَوۡتُكُمۡ فَٱسۡتَجَبۡتُمۡ لِي﴾

*«Качан, иш аяктаган соң (т.а. бейиш калкы бейишке ылайык болуп, тозокулар тозокко өкүм кылынган соң), Шайтан мындай деди: Албетте, Аллах силерге чын убада кылган эле. Мен болсо (жалган) убадаларды берип, силерди алдаган элем. (Бирок), мен үчүн силердин үстүңөрдө эч кандай өкүмдарлык жок эле, бирок, мен силерди (куфр жолуна) чакырышым менен эле өзүңөр мага моюн сундуңар»* [14:22]

﴿إِنَّ عِبَادِي لَيۡسَ لَكَ عَلَيۡهِمۡ سُلۡطَٰنٌ إِلَّا مَنِ ٱتَّبَعَكَ مِنَ ٱلۡغَاوِينَ﴾

*«Анык, Менин пенделерим үстүндө сен үчүн эч кандай өкүмдарлык жок, бирок, сени ээрчиген адашкан кимселерди гана (бул туура жолдон азгыра аласың)»* [15:42]

﴿فَإِذَا قَرَأۡتَ ٱلۡقُرۡءَانَ فَٱسۡتَعِذۡ بِٱللَّهِ مِنَ ٱلشَّيۡطَٰنِ ٱلرَّجِيمِ ۝ إِنَّهُۥ لَيۡسَ لَهُۥ سُلۡطَٰنٌ عَلَى ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَلَىٰ رَبِّهِمۡ يَتَوَكَّلُونَ ۝ إِنَّمَا سُلۡطَٰنُهُۥ عَلَى ٱلَّذِينَ يَتَوَلَّوۡنَهُۥ وَٱلَّذِينَ هُم بِهِۦ مُشۡرِكُونَ﴾

*«(Эй момун пендем), ар качан Куръан кыраат кылсаң, албетте кубаланган-каргышка калган шайтандан (азгырыгынан) Аллах баанек беришин сурагын! Албетте, ыйман келтирген жана жалгыз Жаратканга тобокел кылган заттардын үстүнө (Шайтан) үчүн эч кандай өкүмдарлык жок. Анын (Шайтандын) өкүмдарлыгы жалаң (аны) дос тутуп, (Аллах)ка шерик кылып алган адамдар үстүндө»* [16:98-100]

4 – Аллах Субханаху баян кылган мына ушул түпкү-негизги алакадан башкача кандайдыр бир маддий алака да бар деп айтылса, муну түшүндүрмөлөп берген өзүнө таандык насс болушу керек. Эгер, андай абал жөнүндө бирер насс бар болсо, ошол насска ылайык ошол абалга ыйман келтиребиз.

Мисалы, Сулайман ﵇дын жиндер үстүнөн өкүмдарлык кылышын, аларды буйрушун жана кайтарышын алып көрөлү, бул туурасында насс варид болгон, ошондуктан, буга ыйман келтиребиз. Аллах Таала «Намл» сүрөсүндө Сулайман ﵇ жөнүндө мындай дейт:

﴿قَالَ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلۡمَلَؤُاْ أَيُّكُمۡ يَأۡتِينِي بِعَرۡشِهَا قَبۡلَ أَن يَأۡتُونِي مُسۡلِمِينَ ۝ قَالَ عِفۡرِيتٞ مِّنَ
ٱلۡجِنِّ أَنَا۠ ءَاتِيكَ بِهِۦ قَبۡلَ أَن تَقُومَ مِن مَّقَامِكَۖ وَإِنِّي عَلَيۡهِ لَقَوِيٌّ أَمِينٞ﴾

*«Сулайман айтты: Эй адамдар, алар менин алдымда моюн сунуп келүүлөрүнөн мурун кайсы бирөөңөр мага анын (т.а. Билкийстин өз шаарында калган) тактысын алып келе алат. (Ошондо) жиндердин бир балбаны айтты: Мен аны сен ордуңдан турушуңдан мурун сага келтиремин. Албетте, менин буга кудуретим жетет жана ишеничтүүмүн»* [27:38-39]

﴿وَلِسُلَيۡمَٰنَ ٱلرِّيحَ غُدُوُّهَا شَهۡرٞ وَرَوَاحُهَا شَهۡرٞۖ وَأَسَلۡنَا لَهُۥ عَيۡنَ ٱلۡقِطۡرِۖ وَمِنَ ٱلۡجِنِّ مَن
يَعۡمَلُ بَيۡنَ يَدَيۡهِ بِإِذۡنِ رَبِّهِۦۖ وَمَن يَزِغۡ مِنۡهُمۡ عَنۡ أَمۡرِنَا نُذِقۡهُ مِنۡ عَذَابِ ٱلسَّعِيرِ ۝ يَعۡمَلُونَ
لَهُۥ مَا يَشَآءُ مِن مَّحَٰرِيبَ وَتَمَٰثِيلَ وَجِفَانٖ كَٱلۡجَوَابِ وَقُدُورٖ رَّاسِيَٰتٍۚ ٱعۡمَلُوٓاْ ءَالَ دَاوُۥدَ
شُكۡرٗاۚ وَقَلِيلٞ مِّنۡ عِبَادِيَ ٱلشَّكُورُ﴾

*«Сулайманга эртең менен бир айлык, кечке маал бир айлык (аралыкты басып өтө турган) шамалды (моюн сундурдук) жана ал үчүн мис булагын агызып койдук. Дагы жиндерден да Роббинин изни менен анын кол астында иштей турган кимселерди (моюн сундуруп койгонбуз). Алардан ким биздин буйругубуздан тайса Биз ага от азабынан таттырып коёбуз. Алар (Сулайманга жезден) ал каалаган нерселерди — ибадатканаларды, айкелдерди, (чоңдугу) көлдөрдөй табактарды жана (очокторго) орношкон (оор) казандарды жасап беришет. (Эй) Давуд үй-бүлөсү, (Аллах силерге берген бул неъмаьттардын) шүгүрү үчүн таат-ибадат кылгыла! Пенделерим арасында шүгүр кылуучу (заттар өтө) аз»»* [34:12-13]

5 – Расулуллах ﷺ ар кандай маддий окуяны башарий мамилелер түркүмүнөн деген этибарда караган. Жиндердин бул мамилеге алакасы бар экени жөнүндө вахийде бирер атайын насс варид болбогон болсо – негизи, бардык окуялар мына ушундай болот – Расулуллах ﷺ башарий мамилелер түркүмүнөн деп караган. Мисалы, бир өлтүрүлгөн киши табылды дейли, мында бул туурасында бирер насс варид болгон болсо гана зээн аны жиндер өлтүргөн деген ойго барат. Хайбарда өлтүрүлгөн кишинин окуясында да ушундай болгон. Анда аны өлтүргөн адам изделди, шектенүү жиндерге түшкөн жок:

Муслим өз Сахихинде риваят кылышынча, Абдуллах ибн Сахл жана Мухайяса экөөсү бир кыйынчылык себептүү Хайбарга чыгышты.

Ошондон кийин Мухайяса келип Абдуллах ибн Сахлдын өлтүрүлгөнүн жана булакка же кудукка ташталганын кабар кылды. Ал яхудийлердин алдына келип: Аллахка ант болсун, аны силер өлтүрдүңөр, деди. Яхудийлер: Аллахка ант болсун, аны биз өлтүрбөдүк, дешти. Ошондон бул окуя Расулуллах ﷺга жетип барды. Расулуллах ﷺ:

«إِمَّا أَنْ يَدُوا صَاحِبَكُمْ وَإِمَّا أَنْ يُؤْذِنُوا بِحَرْبٍ»

«Же алар боордошуңдун кунун төлөшөт же аларга каршы согуш жарыяланат», деди. Кийин Расулуллах ﷺ бул туурасында яхудийлерге кат жиберди. Алар: Аллахка ант болсун, аны биз өлтүрбөдүк деп жооп жазып жөнөтүштү…». Бул кысса белгилүү. Бул окуяда муну жиндер кылган деген талкуу таптакыр болбогон.

6 – Ушуга ылайык, жиндердин окуяга маддий алакасы бар экенин камтыган насс келбеген болсо, демек, жиндер менен адамдардын ортосундагы алака васваса алакасы гана болуп калат, андан ары өтпөйт.

Расул ﷺдын рисалаты – рисалаттардын жыйынтыктоочусу. Ошондуктан, андан кийин вахий үзүлгөн. Демек, жаңы нусус келбейт. Ошондуктан, биз менен жиндердин ортосунда эч кандай маддий алака жок, тескерисинче, алар васваса гана кыла алат. Айтып өткөнүбүздөй, адам өз ыктыяры менен гана жиндердин васвасасына ээрчисе, мына ошондо бул васваса анын үстүнөн өкүмдар болуп алат.

Хулафаи рошидиндер доорунда да маддий иштер мына ушундай чечилген. Ошондуктан, эч бир маддий окуяда – адам өлтүрүү болобу, уурулук, шылуундук же жалганчылык болобу – адамдын күмөнү, ойу бул нерсени жин кылган деген нерсеге барган эмес. Себеби, жиндердин алакасы васваса гана чектелген. Эгер, атайын насс варид болгон болсо, ошондо жиндерге ой барышы мүмкүн. Бирок, Расулуллах ﷺдан кийин эч кандай атайын насс келбейт. Демек, бардык маддий окуялар жиндер тарабынан эмес, адам тарабынан жүз берет. Жиндердин дүйнөсү башка, биздин дүйнөбүз башка. Ошондуктан, алар менен биздин ортобузда бир гана васваса алакасы бар.

Ушуга ылайык, эгер адам ооруп калса жиндердин буга алакасы жок, оору Исламда варид болгон нерсеге т.а. дарылануга ылайык дабаланат.

Дабалануу маддий болушу мүмкүн. Мисалы, Усама ибн Шурайк аркылуу риваят кылынган хадисте ал мындай дейт: Мен Набий ﷺдын алдына келдим. Ал кишинин сахабалары кудум башына куш конуп алгандай олтурушкан экен. Мен салам берип отурдум. Ошондо ар тараптан аърабийлер келишип: Я Расулуллах, дарылансак болбу? – деп сурашты. Пайгамбарыбыз ﷺ:

«تَدَاوَوْا فَإِنَّ اللهَ عَزَّ وَجَلَّ لَمْ يَضَعْ دَاءً إِلاَّ وَضَعَ لَهُ دَوَاءً غَيْرَ دَاءٍ وَاحِدٍ الْهَرَمُ»

«Дарылангыла, себеби, Аллах Азза ва Жалла бирер дартты берген болсо, албетте, анын дабасын да берген. Бирок, бир дарттын – өлүмдүн гана дабасы жок»

О.э. дабалануу дуба же рукя менен болушу мүмкүн. Муслим уммул муъминин Айша ﵂ аркылуу риваят кылган хадисте ушулар варид болгон: Расулуллах ﷺ рукяны минтип окуган:

«أَذْهِبْ الْبَاسَ رَبَّ النَّاسِ بِيَدِكَ الشِّفَاءُ لاَ كَاشِفَ لَهُ إِلاَّ أَنْتَ»

«Эй адамдар Роббиси, ооруну кетир, шыпаа Сенин колуңда, аны (ооруну) Сен гана арылтасың». Ушуга окшогон Куръан жана Сүннөттөн алынган дубалар менен же Куръан жана Сүннөткө ылайык болгон ар кандай дуба менен дабаланат.

Ал эми, жиндер менен маддий алакам бар деген кимселерге дабалануу үчүн кайрылууга келсек, мунун баары – баёо адамдарды алдап, алардын мүлкүн талап-тоноп жеген алдамчылардын (дажжалдардын) жалганынан жана шылуунунан башка нерсе эмес.

7 – Эми (المس) «тийген» сөзү көрсөтүлгөн аяттын тафсирине келсек, сиз Бакарадагы 275-аятты назарга алып жаткан көрүнөсүз:

﴿ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ ٱلرِّبَوٰاْ لَا يَقُومُونَ إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمۡ قَالُوٓاْ إِنَّمَا ٱلۡبَيۡعُ مِثۡلُ ٱلرِّبَوٰاْۗ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ﴾

*«Сүткор болгон адамдар (Кыямат күнүндө мүрзөлөрүнөн) турушпайт, бирок, жин тийген-акылдан азган (кем акыл) сымал турушат. Буга себеп алардын: «Соода да сүткорлуктун өзү го?» - дешет. Акыйкатта болсо, Аллах сооданы адал, сүткордукту арам кылды»* [2:275]

1 – Аллах рибаны (сүткордук) жеген кимсени жин тийген адамга окшотту: турат, кайра жыгылат, кадам шилтесе чалынат, олтура албайт, тура албайт. Келесоолук аны бүтүндөй ээлеп алат, себеби ал рибаны соода деп эсептеди. Негизи, Аллах рибаны арам, сооданы адал кылды.

﴿ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ ٱلرِّبَوٰاْ﴾

*(Сүткор болгон адамдар)* т.а. рибаны алышат. Ал риба менен пайда көрүүнүн бардык түрү үчүн умумий саналат. Куръани Каримде (يَأۡكُلُونَ) «жеген» сөзү мазаммат кылуу (жемелөө) үчүн колдонулган.

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ أَمۡوَٰلَ ٱلۡيَتَٰمَىٰ ظُلۡمًا إِنَّمَا يَأۡكُلُونَ فِي بُطُونِهِمۡ نَارًا﴾

*«Жетимдердин малдарын зулум жолу менен жеген кишилер, шеккүмөнсүз кара курсактарына от-жалын жеген болушат»* [4:10]

﴿يَتَمَتَّعُونَ وَيَأۡكُلُونَ كَمَا تَأۡكُلُ ٱلۡأَنۡعَٰمُ وَٱلنَّارُ مَثۡوٗى لَّهُمۡ﴾

*«(Мына ушул дүйнө тирүүлүгүнүн убактылуу ырахаттарынан) пайдаланып, үй-айбандары жегендей жеп-ичишет жана тозок алардын жайы болот!»* [47:12]

Ушул аяттарда бул сөз («жеген») жогоруда айтылган мааниде келген.

﴿لَا يَقُومُونَ﴾

*(Турушпайт)* т.а. Кыямат күнүндө.

﴿إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ﴾

*(Бирок, жин чалган-акылдан азган (акылы кем) сыяктуу турушат)* т.а. алар кабырларынан тирилип, кудум бул дүйнөдөгү келесоо сыяктуу орундарынан турушат. Алар үчүн бул нерсе ошол күндөгү бир шерменделик болот. Бул болсо, рибадан катъий кайтарылганына карина болуп эсептелет. Рибанын арамдыгы бул аяттарда байма-бай баса белгиленген.

﴿مِنَ ٱلۡمَسِّ﴾

*(Акылдан азган),* т.а. келесоолук. Акылдан азган адам жинди деп айтылат.

﴿إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّ﴾

*(Бирок, жин чалган-акылдан азган сымал турушат),* аятынын тафсиринде бир нече риваяттар варид болгон. Алардан рожихи (күчтүүсү) ушул, адам жинди болуп калса шайтан васвасалары аркылуу ага чоң таасир өткөрө турган болуп калат. Натыйжада, жин бул адамды келесоо кылып, анын оюна көп нерселерди келтирет.

Ал эми, шайтан аны жинди кылат деген сөзгө келсек, аят андай деген жок. Себеби, Аллах Субханаху «жин тийет» т.а. шайтан аны жинди кылат дебеди, тескерисинче аят:

﴿يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّ﴾

*(жин чалган акылы кем),* деп жатат т.а. шайтан аны жиндилиги себептүү чалып жатат т.а. мурун жинди болот, ошондон кийин шайтан чалат.

Менин назарымда аяттын тафсириндеги рожих раъй мына ушул. Ошондуктан, риба жегендин мисалы шайтан жиндилик себептүү чалган кимсенин мисалына окшойт. Т.а. адам бирер себепке ылайык жинди

болот, ошондон кийин аны шайтан васваса жана түрдүү ойлорго салышы менен чалат.

Демек, шайтан адамды келесоо т.а. жинди кыла албайт, антпесе аят карима «шайтан жинди кылып чалган кимсе» демек. Бул мисал риба жегендин кылмышы кандай гана катуу экендигин көрсөтүү болуп эсептелет.

15-сафар, 1435-х.

18-декабрь, 2013-м.

# Согуш кылууну ниет кылуу тууралуу

**Суроо**: урматтуу шейх Ато Абу Рушта мырза.

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Расулуллах ﷺ:

«مَنْ مَاتَ وَلَمْ يَغْزُ، وَلَمْ يُحَدِّثْ بِهِ نَفْسَهُ، مَاتَ عَلَى شُعْبَةٍ مِنْ نِفَاقٍ»

«Кимде-ким согуш кылбай, жада калса, бул нерсеге өзүн ниеттендирбей өлсө эки жүздүүлүктүн бир даражасында өлүптүр» деген. Өзүн ниеттендирүү кандай болот? Аллах сизге береке берсин жана бардык жакшылыктарга жетиштирсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Муслим сахихинде Абу Хурайра ﵁дан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«مَنْ مَاتَ وَلَمْ يَغْزُ، وَلَمْ يُحَدِّثْ بِهِ نَفْسَهُ، مَاتَ عَلَى شُعْبَةٍ مِنْ نِفَاقٍ»

«Кимде-ким согуш кылбай, жада калса, өзүн ниеттендирбей өлсө эки жүздүүлүктүн бир даражасында өлүптүр». Бул хадисти Ахмад Муснадында, Абу Давуд Сунанында, Насаий Сунанында жана Хаким Мустадракта риваят кылган.

Мунун мааниси ушул: мусулман адам (эгер үзүрлүү болбосо) халифа фатх кылуу жана Исламды жаюу үчүн согушка сапарбар кылса согушка чыгамын деп бекем чечим кылат о.э. эгер кафирлер мусулман өлкөсүнө чабуул кылса – эгер ал кудуреттүү болсо жана үзүрлүү болбосо – коргонуу согушуна катышамын деп бекем чычим кылып, чечиминде жана ниетинде бекем турат. Бул нерсе Исламда жихад маанилүү экенин түшүндүрөт. Табароний Муъжами Кабирде Абу Умамадан, ал Набий ﷺдан риваят кылган хадисте Набий ﷺ айтты:

«ذُرْوَةُ سَنَامِ الْإِسْلَامِ: الْجِهَادُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ لَا يَنَالُهُ إِلَّا أَفْضَلُهُمْ»

«Ислам өркөчүнүн чокусу – Аллах жолунда жихад кылуу. Бул чокуга алардын абзелдери гана жетет». Ибн Абу Асим Абу Зардан, ал Набий ﷺдан риваят кылган хадисте Набий ﷺ айтты:

«ذِرْوَةُ سَنَامِ الْإِسْلَامِ: الْجِهَادُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ لَا يَنَالُهُ إِلَّا أَفْضَلُهُمْ»

«Ислам өркөчүнүн чокусу – Аллах жолунда жихад кылуу. Бул чокуга алардын абзелдери гана жетет».

25-сафар, 1435-х.

28-декабрь, 2013-м.

## Такия жөнүндө

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу аалым Ато ибн Халил Абу Рушта, Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын!

Ушул суроолорума жооп берүүгө убакыт табасыз деген үмүттөмүн:

**Суроо**: Иорданиянын вакфтар, исламий иштер жана ыйык нерселер министри «Расулуллах ﷺ такия (диний итикадын жашырууну) иштеткен, такия Куръанда да, хадиси шарифте да келген, такия шиа мазхабына таандык деген ишеним ката», деп, буга далил катары:

﴿إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ﴾

*«Бирок ким дили ыйман менен ырахат алган абалда (куфр калимасын айтууга) мажбур кылынса, (анын ыйманына зыян жетпейт)»* [16:106]

аяты менен Расулуллах ﷺдын:

«إِنَّ فِي مَعَارِيضِ الْكَلاَمِ لَمَنْدُوحَةٌ عَنِ الْكَذِبِ»

«Сөздү бура сүйлөөдө жалгандан (сактануу үчүн) кеңдик бар», деген сөздөрүн келтирди о.э. бул министр Расулуллах ﷺдан бир бадавий: Сиз кайдансыз, деп сураганда «Суудан», деп жооп бергенин, муну менен жек көрүндү сууну назарга алганын келтирип, казыларга карап: «Акыры, бул такия эмеспи», деди. О.э. шиаларды кафирге чыгарууну четке кагып казыларга да катуу нааразылык билдирди жана шиалар Ла илаха иллаллоху Мухаммадур Росулуллох, деп күбөлүк беришкен соң, алар да мусулман экенин баса белгиледи.

Министрдин айтымында, шаръий такия менен шиалардын такиясы ортосундагы айырма мындай: шиалар такияны дин усулдары жана итикад талаптарынын бири деп билишет, ал тургай, такия кылбаган кишини дини да, итикады да жок деп билишет. Шаръий такия болсо, усул эмес, фар - жузъий (экинчи даражалуу) маселелерге кирип, мусулман адам аны таштышынын зыяны жок.

**Суроо**: такия маселесине ушул аят жана хадистерди далил кылуу туурабы?

Шаръий такия менен шиалардын такиясы ортосундагы министр айткан айырма туурабы?

Аллах Таала айтат:

﴿لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ فَلَيۡسَ مِنَ ٱللَّهِ فِي شَيۡءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً﴾

*«Момундар момундарды таштап коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, анда, ал Аллах тарабынан эч нерседе*

*эмес (Аллахка чоочун), бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»* [3:28]

Ибн Жарир айтат: «Аллах ушул аятта зикр кылган такия кафирлерден такия кылуу болуп эсептелет». Саид ибн Жубайр: «Исламда такия жок, ал ахли харб үчүн», деген.

Ушул аят каримадан такия көздөлгөнбү?

Шиалардын Куръанды өзгөртүү жөнүндөгү сөздөрүнө жана хулафаи рошидиндерди ﷺ наалатташып, саййидибиз Али каррамаллаху ﷺну илахийлештиришине карабастан, аларды мусулман десек болобу?

Сизге ыраазычылык билдиремин!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Бул министр үч маселени бир калыпка салып, аларды бири-бирине аралаштырып жиберген, биз ага терең киришүүнү каалабайбыз!

Биринчи маселе:

﴿إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً﴾

*«бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»* [3:28]

аятындагы такия, экинчи маселе:

﴿إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ﴾

*«Бирок ким дили ыйман менен ырахат алган абалда (куфр калимасын айтууга) мажбур кылынса, (анын ыйманына зыян жетпейт)»* [16:106]

аят каримасы, үчүнчү маселе: Абу Бакр Байхакий (хижрий 458-жылы дүйнөдөн кайткан) «Шуабул иман»да Мутарриф ибн Абдуллахтан риваят кылган хадис, Мутарриф мындай дейт: Биз Имрон ибн Хусайн менен Басрадан Куфага карай жолго чыктык, Имрон мындай деди: «Бура сүйлөөдө жалгандан (сактануу үчүн) кеңдик бар». Бул мавкуф (сахабанын сөзү) абалында сахих. Аны Ибн Аробий (хижрий 340-жылы дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Муъжам»ында марфу абалда келтирип, мындай деген: «Бизге Давуд ибн Зибрикан Саидден, ал Катададан, ал Зурора ибн Абу Авфадан, ал Имрон ибн Хусайндан риваят кылып, мындай деди: Набий ﷺ мындай дейт:

«إِنَّ فِي الْمَعَارِيضِ مَنْدُوحَةٌ عَنِ الْكَذِبِ»

«Бура сүйлөөдө жалгандан (сактануу үчүн) кеңдик бар».

Ушул үч маселенин ар биринин өз орду бар, алардын эч бирин башкасынын ордуна коюу жайиз эмес. Муну ачыктоо үчүн мындай дейбиз:

Биринчи: Шаръий түрдө жайиз болгон такия мусулман менен кафирлер ортосунда болот: Мусулман кафирлердин өкүмдарлыгы астында жашап, эгер аларга карата достук билдирбесе алардан катуу

азарларга туш келе турган болсо, ал кафирлерге жүрөгү менен эмес, оозу менен достук билдириши жайиз. Бирок, мусулман мусулмандын алдында жүрөгүндөгү нерсенин тескерисин билдириши жайиз эмес. Алдындагы мусулмандын кандай болушу, катардагы мусулмандардан же залим сыяктуу өзгөчөлөрүнөн болушунун айырмасы жок, ага такия кылышы шаръий түрдө мүмкүн эмес.

Буга аят кариманын тексти жана темасы далил:

﴿لَّا يَتَّخِذِ ٱلْمُؤْمِنُونَ ٱلْكَـٰفِرِينَ أَوْلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلْمُؤْمِنِينَ ۖ وَمَن يَفْعَلْ ذَٰلِكَ فَلَيْسَ مِنَ ٱللَّهِ فِى شَىْءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُوا۟ مِنْهُمْ تُقَىٰةً ۗ وَيُحَذِّرُكُمُ ٱللَّهُ نَفْسَهُۥ ۗ وَإِلَى ٱللَّهِ ٱلْمَصِيرُ﴾

*«Момундар момундарды таштап коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, анда, ал Аллах тарабынан эч нерседе эмес (Аллахка чоочун), бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус, Аллах силерди Өзүнүн (азабынан) эскертет жана Аллахтын Өзүнө гана кайтасыңар»* [3:28]

Аяттын темасы болсо анын текстинде ачык-айкын көрүнүп турат т.а. момундардын кафирлерге дос болушу, достук билдирүүсү. Аяттын текстинде:

﴿لَّا يَتَّخِذِ ٱلْمُؤْمِنُونَ ٱلْكَـٰفِرِينَ أَوْلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلْمُؤْمِنِينَ﴾

*«Момундар момундарды таштап коюп, кафирлерди дос тутушпасын!»* делди. Эгер, бирер аят же хадистер белгилүү бир темада келген болсо, мына ушул темага хас болот, башка теманы өз ичине албайт.

Ушул аят хижрат кылбай, Меккеде, Курайш кафирлеринин өкүмдарлыгы астында, ыктыярга ээ болбогон мусулмандардын абалы жөнүндө түшкөн. Эгер, бул мусулмандар аларга достук билдирбей, душмандык билдиришсе, катуу азаптарга туш келишет эле. Ошондуктан, бул аят карима аларды истисна кылып (өзгөчөлөнтүп), төмөндөгү маанини түшүндүрдү:

Момундар кафирлер менен достошуусу – кандай түрдөгү достук болбосун – арам. Аллах Субханахунун:

﴿وَمَن يَفْعَلْ ذَٰلِكَ فَلَيْسَ مِنَ ٱللَّهِ فِى شَىْءٍ﴾

*«Ким ушундай кылса, анда, ал Аллах тарабынан эч нерседе эмес (Аллахка чоочун)»*, деген сөзү менен бул нерсе катуу арам болду. Кийин бул аят башка абалды т.а. Меккеден хижрат кылбай, Курайш кафирлеринин өкүмдарлыгы астында, ыктыярга ээ болбогон мусулмандардын абалына окшогон абалды истисна кылды. Себеби, эгер

бул мусулмандар аларга достук билдирбей, душмандык билдиришсе, катуу азаптарга туш келет эле.

Ушуга ылайык, мусулман киши куфр менен өкүм жүргүзүп жаткан залим жана фасик мусулман акимдин азарынан коркуп, ага достук билдириши арам. О.э. өз пикириңерге каршы бир мусулманды жек көрүүңүздү жашырып, ага достук билдиришиңер да арам. Кафир же фасик, залим мусулман алдында өзүңүздү Исламга моюн сунбагандай, этибар бербегендей кылып көрсөтүүңүз жайиз эмес. Себеби, бул жана буга окшогон иштердин баары мунафыктык болуп, шарият аны мусулмандарга арам кылган. Демек:

﴿إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً﴾

*«Бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»* мазмуну Меккеде мушриктер арасында болгон мусулмандардын абалына чектелген. Т.а. мусулмандар кафирлердин өкүмдарлыгы астында болгон, алар алдында ыктыярга ээ болбой, өкүмдарлыгын кулатууга кудуретсиз болгон абалга чектелген.

Табарий (хижрий 310-жылы дүйнөдөн кайткан) өз тафсиринде мындай дейт: «Аллах Тааланын:

﴿لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ فَلَيۡسَ مِنَ ٱللَّهِ فِي شَيۡءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً﴾

*«Момундар момундарды таштап коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, анда, ал Аллах тарабынан эч нерседе эмес (Аллахка чоочун), бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»* деген сөзүнүн тафсири жөнүндө Абу Жаъфар айтат: Бул аят Аллах Азза ва Жалла момундарды кафирлерди жардамчы, таянса боло турган көмөкчү кылып алуудан кайтаруу болуп эсептелет. Бирок, мусулмандар алардын өкүмдарлыгы астында болуп, өз жаны үчүн алардан коркушса, аларга оозунда гана достук билдиришсе болот, бирок, алардын куфрлары туурасында аларга жасакерленбөөсү, бирер мусулманга каршы кандайдыр бир аракеттер менен аларга жардам бербеши керек».

Демек, алар айтып жаткан такия т.а. момун залим аким, же күчтүү кафир, же ага каршы пикирдеги киши жана ушуга окшогондор алдында жүрөгүндө болгон нерсенин тескерисин көрсөтүшүн айтып жаткан такия четке кагылат. Бул – арам, себеби, ал мунафыктык эсептелип, ал эми, мунафыктыктын ар кандай түрү арам.

Экинчи:

﴿مَن كَفَرَ بِٱللَّهِ مِنۢ بَعۡدِ إِيمَٰنِهِۦٓ إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ﴾

*«Кимде-ким Аллахка ыйман келтиргенден кийин (дагы кайра) кафир болсо (Аллахтын казабына дуушар болот). Бирок, кимдин дили ыйман менен ырахат алган абалда (куфр калимасын айтууга) мажбур кылынса, (анын ыйманына зыян жетпейт)»* [16:106]

аят карима ыймандан кийин куфр келтирүү т.а. Исламдан муртад болуу темасына таандык. Фукахалар тилинде бул абал «өлүм коркунучу жаралып, мажбурланган адамдын мажбур кылынышы», деп айтылат. Шаръий түрдө этибарга алынган бирден-бир абал мына ушул, буга мажбурланган кишиден өкүм алып таштала турган бардык абалдар кирет. Негизи, шариятта истисна кылынган мажбурланган абал – анык өлүм коркунучу пайда болгон абал. Бул аят Аммар ибн Ясир ﷺ жөнүндө түштү. Аммарды колго алып кыйноого салышты, ата-энесин, куфр келтирүүдөн баш тартышканы үчүн анын көз алдында өлтүрүштү… Аммар ибн Ясирди абдан катуу кыйноого салышты, ал да ата-энесине окшоп өлтүрүлүү астында калды. Ошондо Аммар куфр калимасын айтып жиберди. Табарий айтат: Бизге Ибн Абдулаъла айтып берди, ага Мухаммад ибн Савр Муаммардан, ал Абдулкарим Жазарийден, ал Абу Убайддан ибн Мухаммад ибн Аммар ибн Ясирден риваят кылды, Абу Убайд мындай дейт: Мушриктер Аммар ибн Ясирди кармап, азапташты, акыры, ал алар каалаган айрым нерсени (сөздү) айтып жиберди. Кийин ал муну Набий ﷺга айтты, ал зат Аммардан: «Жүрөгүң эмне дейт?», деп сурады, Аммар «Жүрөгүм бир гана ыйман менен кадыржам болот», деп жооп берди, ошондо Набий ﷺ: «Эгер алар муну дагы башташса, сен да дагы ушул сөздү айткын», деди». Ошентип, ушул аяттын түшүү себеби Аммар окуясы болду, анын темасы – Исламдан муртад болуу, ушул хос абал – анык өлүм коркунучу. Ушунун өзү гана бул аяттын:

﴿إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً﴾

*«Бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»* [3:28]

аятына эч кандай алакасы жок экенине жетиштүү болот. Мындан тышкары:

﴿إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ﴾

*«Бирок, кимдин дили ыйман менен ырахат алган абалда (куфр калимасын айтууга) мажбур кылынса, (анын ыйманына зыян жетпейт)»* [16:106]

аяты маккий (Меккеде түшкөн) болуп, ыйман темасы жөнүндө түшкөн,

﴿إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً﴾

*«Бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»* [3:28]

аяты болсо маданий (Мединада түшкөн) болуп, ал момундар кафирлерди дос тутуусу жана биз жогоруда баян кылган абалдын истисна кылынышы темасы жөнүндө түшкөн. Ушул себептен улам, бул экөөсү бири-биринен башка абал болуп, бири экинчисине киришпейт жана алардагы абал да, тема да өзгөчө болгону үчүн бири-бирине байланбайт. Эгер, мусулман кафирлердин өкүмдарлыгы астында калып, ыктыярга ээ болбосо, аларга жасакерленип, Исламдан муртад болушу жайиз эмес. Ал өз дининин өкүмдөрүн өтөөгө кудуреттүү болбой калса, өлкөсүнөн хижрат кылышы керек болот. Бул жагдай аларга жүрөктөн эмес, оозунда гана достук билдирүү жайиздигинен айырмаланат. Бирок, мусулман өзү үчүн анык өлүмдөн корккон, куфр келтирүүгө мажбурланган абал болсо, бул абалда куфрду билдириши жана ыйманды жашырышы жайиз. Эки аят кариманын ортосунда ачык-айкын айырма көрүнүп турат.

Үчүнчү: Расулуллах ﷺдын марфу жана мавкуф абалда риваят кылынган:

«إِنَّ فِي الْمَعَارِيضِ مَنْدُوحَةٌ عَنِ الْكَذِبِ»

«Бура сүйлөөдө жалгандан (сактануу үчүн) кеңдик бар», хадиси таврия кылуу (эки учтуулук) темасында келген. Ал жалган сүйлөө же ичинде жашырган нерседен башка нерсени билдирүү эмес, тескерисинче, туура сөз, чынчылдык бөлүмүнө кирет. Т.а. анда эки маанилүү: бир мааниси алысыраак, дагы бири жакыныраак болгон сөз колдонулат, ошондо ойго дароо анын жакын мааниси келет, түпкүлүгүндө болсо, андан алыс мааниси көздөлгөн болот. Хадистеги الْمَعَارِيضِ – бура сүйлөө сөзүнүн мааниси ушундай.

«Мухтори сихах»та мындай делген: «…жана «تَعْرِيض» сөзү «تَصْرِيح» сөзүнүн тескериси, сөдөгү «الْمَعَارِيضِ» сөзү ошондон алынган, нерсени башка нерседен таврия кылуу-жашыруу, дегени». Абу Убайд «الْمَنْدوحَةُ» сөзүн кеңдик, беймаралдык, деген. Демек, хадис - мааризже таврия иштетүү жалгандан сактануу жолу, деген маанини түшүндүрөт. Расулуллах ﷺ «Силер кайдансыңар?», деп сураган карыяга «Суудан», деп жооп бергени да такия эмес, таврия эсептелет. Ибн Хишам Сийратында мындай деп айтылат: «Расулуллах ﷺ жана Абу Бакр رضي الله عنه Курайш кабарларынан маалым болушту… Кийин алар Бадрдан алыс эмес жерге токтоп эс алышты, кийин ал зат жана сахабаларынын бири атка минди». Ибн Хишам айтат: «Ошол киши Абу Бакр Сиддик болчу. Ибн Исхак айтты: мага Мухаммад ибн Яхя ибн Хиббан айтты: ал зат бир араб карыя алдында токтоп, андан курайштыктар жөнүндө, Мухаммад жана анын сахабалары жөнүндө, алар тууралуу эмнелерди билишин сурады.

Карыя: Силер кайдан экениңерди айтмайынча, мен муну айтпайт, деди. Расулуллах ﷺ: Эгер сиз айтсаңыз, биз да айтабыз, деди. Ал: Кезек-кезеги мененби? - деди. Расулуллах: Ооба, ошондой, деди. Карыя айтты: Мага келген кабарга ылайык, Мухаммад жана анын сахабалары баланча күнү жолго чыгышкан. Карыя Расулуллах жетип келген жерди айтып: Эгер мага кабар кылган киши чын сүйлөгөн болсо, алар бүгүн баланча жерге жетип барышкан. Кабар табышымча, курайштыктар да баланча күнү жолго чыгышкан жана эгер мага кабар кылган киши чын сүйлөгөн болсо, алар бүгүн баланча жерде, деди жана курайштыктар турган жерди айтты. Ал сөзүн сүйлөп болгон соң: Эми, силер кайдансыңар? деп сурады. Ошондо Расулуллах ﷺ: Биз сууданбыз, деди да, бурулуп кетти. Карыя: Кайсы суудан, Ирак суусунанбы? деп калды. Ибн Хишам айтат: Айтымдарга караганда, ал карыя Суфян Замарий болгон».

Расулуллах ﷺ карыянын «силер кайдансыңар», деген суроосуна «биз сууданбыз», деп жооп берүү менен таврия жана бурма сөз колдонду. Себеби, «суунун» жөнөкөй суу мааниси да, түйүлдүк пайда боло турган нутфа, деген мааниси да бар. Ошондуктан, карыянын оюна дароо суусу көп айыл же регион келди. Анткени, арабдар баланча сууга токтоду, дешет. Демек, Расулуллах ﷺ такия колдонбоду, себеби, такия иштетүү мүмкүн эмес, мусулман кафирлердин өкүмдарлыгы астында, алардын жамандык жана азарларынан кутулуу үчүн эч кандай эрки болбой жашаган абалда гана такия колдонуу мүмкүн. Мындан башка абалда такия иштетүү жайиз эмес, себеби, ал жалган жана мунафыктык болуп калат… Садикул масдук (чынчыл жана тастыкталган) Расулуллах ﷺ мындан аруу, албетте!

Ошондуктан, вакуф министри «Расулуллах ﷺ такия колдонгон» деп ал зат жөнүндө туура эмес сүйлөгөн. Мүмкүн, ал бул жоопту окуп, Аллах Субханахуга истигфар айтар, тообо кылар. Ар бир мусулман туура жолго хидаят табышын жана катасы үчүн тообо кылышын каалайбыз, үмүттөнөбүз:

«كُلُّ ابْنِ آدَمَ خَطَّاءٌ وَخَيْرُ الْخَطَّائِينَ التَّوَّابُونَ»

«Ар бир Адам перзенти каталык кылуучу, каталык кылуучулардын эң жакшысы – тообо кылуучулар» (Имам Тирмизий риваяты).

Эми, жаъфарий мазхабына ээрчиген шиаларга келсек, түпкүлүгүндө, алар – мусулман. Ал эми, ким Куръанды өзгөртүү же Али رضي الله عنهну илахийлештирүү жөнүндө сүйлөсө, ал кафир болот, мусулмандардан эсептелбейт.

29-шаъбан, 1434-х.
8-июль, 2013-м.

## Тообо кылуу жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум… Аллах сизге жардамчы болсун жана иштериңизге тавфик берсин!

Мен сизге өзүм үчүн белгисиз болгон бир суроону бермекчимин: киши күнөөсү үчүн тообо кылса жана ошол күнөөнү дагы кайра кылса, ага мурунку күнөөсү да кайра жазылабы? Себеби, «калыс тообо – эч качан бул күнөөгө кайра барбоо» деп келген. Аллах Тааланын:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ تُوبُوٓا۟ إِلَى ٱللَّهِ تَوْبَةً نَّصُوحًا﴾

*«Эй момундар Аллахка калыс тообо кылгыла»* [66:8]

деген сөзүндө күнөөсү үчүн тообо кылып, бул күнөөгө кайра эч качан барбаган киши айтылган, дешет.

Экинчи суроом: эгер, бир адам Исламдан чыгып, кийин кайра Исламга кайтса, анын бардык жакшы амалдары өчүрүлүп, жаман амалдары калабы? Себеби, Расулуллах ﷺ айтты: «Бир киши: «Аллах баланчанын күнөөсүн кечирбейт», деди. Ошондо Аллах: «Бул сөз ката, ал кайра амалга жүздөнсүн», деп пайгамбарларынын бирине вахий кылды». Уламалар: «амалга жүздөнсүн» деген сөздүн мааниси – анын амалы жок болду, эми, башкадан амал кылсын деген маанини түшүндүрөт, дешкен. Себеби, «Эгер, кимдир бирөө намаз окуп жатып дааратын бузса, жүздөнсүн» т.а. намазга жүздөнүп, аны кайрадан окусун, деп келген. Бул маселе мени абдан тынсыздандырат. Эгер, мен куфр кылып, кийин ал үчүн тообо кылсам, жакшы амалдарым өчүрүлүп, өмүр бою жасаган жаман амалдарым өчпөй кала береби? Бир досум Хизбут-Тахрирди айыптаганда мен ага: «Аллахка ант болсун, Кыямат күнү бул сөзүң үчүн жооп бересиң», деген элем.

Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Күнөө үчүн калыс тообо кылуунун төрт шарты бар: ушул күнөөдөн бүтүндөй баш тартуу, бул күнөөсү үчүн бушайман болуу, бул күнөөгө кайра барбоого катуу чечим кылуу, эгер бул күнөө адам акысы менен байланыштуу болсо, ошол адамга акысын кайтарып берүү же анын кечиримин алуу керек. Ушулардын баарында Аллах Субханахуга калыс болуу шарт. Аллах ашкере-жашыруун нерсени билүүчү.

Аллах Субханаху ва Таала момундарга күнөөлөрү кечирилиши үчүн калыс тообо кылууга буюрду, Аллах Жалла ва Ала айтат:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ تُوبُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ تَوْبَةً نَّصُوحًا عَسَىٰ رَبُّكُمْ أَن يُكَفِّرَ عَنكُمْ سَيِّـَٔاتِكُمْ وَيُدْخِلَكُمْ جَنَّـٰتٍ تَجْرِى مِن تَحْتِهَا ٱلْأَنْهَـٰرُ﴾

*«Эй момундар Аллахка калыс тообо кылгыла, балким, Роббиңер күнөөңөрдү кечирип, силерди астынан дайралар агуучу бейиштерге киргизээр»* [66:8]

Ким ушул шарттар менен чын дилден жана калыс тообо кылса – Аллахтын изни менен – анын күнөөсү кечирилет. Ибн Мажа Абу Убайда ибн Абдуллахтан, ал атасынан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«التَّائِبُ مِنَ الذَّنْبِ، كَمَنْ لاَ ذَنْبَ لَهُ»

«Күнөө үчүн тообо кылган киши – кудум күнөөсү жок кишидей».

Ал эми, «калыс тообо – адам бул күнөөгө эч качан кайтпашы» жөнүндө Расулуллах ﷺдан риваят кылынган хадиске келсек, ал заиф хадис.

Имам Ахмад «Муснад»ында риваят кылат: Бизге Хажарий кабар берди, ал Абу Ахвастан, ал Абдуллахтан риваят кылды, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«التَّوْبَةُ مِنَ الذَّنْبِ: أَنْ يَتُوبَ مِنْهُ، ثُمَّ لَا يَعُودَ فِيهِ»

«Күнөө үчүн тообо кылуу – ал үчүн тообо кылып, кийин ага кайтпоо». Бул хадистин марфу (Расул ﷺга нисбат берилген) санады заиф, сахихи мавкуф (т.а. сахабанын сөзү). Ошондуктан, калыс тообо – киши бул күнөөгө таптакыр кайтпоого бекем жана калыс чечим кылышы. Эгер кайтса, дагы бекем чечим, калыстык менен, истигфар айтып тообо кылсын, күнөөм кечирилбейт деп бул күнөөсүнө кайтпасын. Калыстык жана ыклас менен дагы тообо кылып, истигфар айтсын, анткени, Аллах жашырын жана ашкере нерсени билүүчү… Аллах Субханаху айтат:

﴿وَٱلَّذِينَ إِذَا فَعَلُواْ فَـٰحِشَةً أَوْ ظَلَمُوٓاْ أَنفُسَهُمْ ذَكَرُواْ ٱللَّهَ فَٱسْتَغْفَرُواْ لِذُنُوبِهِمْ وَمَن يَغْفِرُ ٱلذُّنُوبَ إِلَّا ٱللَّهُ وَلَمْ يُصِرُّواْ عَلَىٰ مَا فَعَلُواْ وَهُمْ يَعْلَمُونَ﴾

*«Алар ушундай заттар, эгер кандайдыр бир ылайыксыз, бузгунчу иш кылып коюшса же өздөрүнө зулумдук кылышса, дароо Аллахты эстеп, күнөөлөрүн магфират кылышын сурай турган, ар кандай күнөөнү жалгыз Аллах гана кечирет, алар билип туруп кылган күнөөлөрүн улантпай турган адамдар»* [3:135]

Ушул аятта ишарат кылынган истигфардын сыпаты хасан хадисте келген: Имам Ахмад риваят кылат, бизге Вакиъ айтты, бизге Мисъар жана Суфян айтты… Али ﵁дан риваят кылды, ал айтты: Мага Абу Бакр ﵁ чынчыл сүйлөдү, ал Набий ﷺдын мындай дегенин уккан экен:

«مَا مِنْ رَجُلٍ يُذْنِبُ ذَنْبًا فَيَتَوَضَّأُ فَيُحْسِنُ الْوُضُوءَ قَالَ مِسْعَرٌ وَيُصَلِّي وَقَالَ سُفْيَانُ: ثُمَّ يُصَلِّي رَكْعَتَيْنِ فَيَسْتَغْفِرُ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ إِلاَّ غَفَرَ لَهُ»

«Бирер киши күнөө кылып, кийин даарат алса, муну чырайлуу кылса – Мисъар: «…жана намаз окуса, деди, Суфян болсо: «…кийин эки ирекет намаз окуса, деди – кийин Аллах Азза ва Жаллага истигфар айтса, Ал албетте күнөөсүн кечирет». Бул хадисти Тирмизий, Ибн Мажа жана Насаий да риваят кылган, Ибн Хиббан аны сахих деген. Тирмизий, Ибн Мажа жана Насаий риваятында «Ал албетте күнөөсүн кечирет», дегенден кийин ушул аятты окуду, делген:

﴿وَٱلَّذِينَ إِذَا فَعَلُواْ فَٰحِشَةً أَوْ ظَلَمُوٓاْ أَنفُسَهُمْ ذَكَرُواْ ٱللَّهَ فَٱسْتَغْفَرُواْ لِذُنُوبِهِمْ وَمَن يَغْفِرُ ٱلذُّنُوبَ إِلَّا ٱللَّهُ وَلَمْ يُصِرُّواْ عَلَىٰ مَا فَعَلُواْ وَهُمْ يَعْلَمُونَ﴾

*«Алар ушундай заттар, эгер кандайдыр бир ылайыксыз, бузгунчу иш кылып коюшса же өздөрүнө зулумдук кылышса, дароо Аллахты эстеп, күнөөлөрүн магфират кылууну сурай турган, ар кандай күнөөнү жалгыз Аллах гана кечирет, билип туруп кылган күнөөлөрүн улантпай турган адамдар»* [3:135]

Ушул таризде ким күнөөсү үчүн тообо кылса жана кийин дагы ушул күнөөсүнө кайтса, ал калыс жана ыклас менен кайрадан тообо кылышы, Аллах Субханахудан кечирим сурашы, Аллах тообосун кабыл алышына үмүт кылышы керек. Күнөөнүн кайталанышы тообо эшигин жаап койбойт. Бирок, жогоруда айтканыбыздай: «күнөө үчүн калыс тообо кылуунун төрт шарты бар: ушул күнөөдөн бүтүндөй баш тартуу, бул күнөөсү үчүн бушайман болуу, бул күнөөгө кайра барбоого катуу чечим кылуу, эгер бул күнөө адам акысы менен байланыштуу болсо, ошол адамга акысын кайтарып берүү же анын кечиримин алуу керек. Ушулардын баарында Аллах Субханахуга калыс болуу шарт. Аллах ашкере-жашыруун нерсени билүүчү».

2 – Эми, мурун Исламдан чыгып, кийин Исламга кирген кишинин мурунку күнөөлөрү сакталып калабы? Бирөө мусулман болгон болсо, кийин кафир болуп калса, кийин Исламга кайтууну кааласа, кайтышы үчүн тообосу кабыл болобу же анын тообосу кабыл болбой, натыйжада Исламга кайтпайбы? деген суроонун жообу төмөнкүдөй:

а) Имам Ахмад сахих хадисте Ибн Шимасадан риваят кылат: Амр ибн Ас мындай деди: Аллах Азза ва Жалла жүрөгүмө Исламды салганда Набий ﷺдын алдына байъат берүү үчүн келдим. Ал киши мага колун сунду. Ошондо мен: Я Расулуллах, менин күнөөлөрүм кечирилмейинче сизге байъат бербеймин, дедим. Расулуллах ﷺ мага мындай деди:

«يَا عَمْرُو أَمَا عَلِمْتَ أَنَّ الْهِجْرَةَ تَجُبُّ مَا قَبْلَهَا مِنَ الذُّنُوبِ، يَا عَمْرُو أَمَا عَلِمْتَ أَنَّ الْإِسْلَامَ يَجُبُّ مَا كَانَ قَبْلَهُ مِنَ الذُّنُوبِ»

«Эй Амр, хижрат бардык күнөөлөрдү өчүрүшүн билбейт белең, эй Амр, Ислам мурунку бардык күнөөлөрүңдү өчүрүшүн билбейт белең». Муну Байхакий «Сунани кубро»до Хабиб ибн Абу Австан риваят кылган: Мага Амр ибн Ас ﵁ айтты, ушундай деп анын Исламга киришинин кыссасы жөнүндөгү хадисти айтты: «…Кийин мен барып: Я Расулуллах, мурунку күнөөлөрүм кечирилиши шарты менен сизге байъат беремин, дедим. Ошондо ал киши мага:

«يَا عَمْرُو بَايِعْ فَإِنَّ الْإِسْلَامَ يَجُبُّ مَا كَانَ قَبْلَهُ وَإِنَّ الْهِجْرَةَ تَجُبُّ مَا كَانَ قَبْلَهَا»

«Эй Амр, байъат бер, себеби, Ислам мурунку күнөөлөрдү өчүрөт, хижрат да мурунку күнөөлөрдү өчүрөт», деди. Ошондо мен ал кишиге байъат бердим…».

Амр ибн Ас кафир эле, кийин Исламга кирди, Расулуллах ﷺ ага: «Ислам мурунку күнөөлөрдү өчүрүшүн билбейт белең», деди т.а. анын Исламга киришинен мурунку күнөөлөрү – Аллахтын изни менен – өчүрүлдү.

б) Кийин, мурун кафир болгон жана Исламга кирген, кийин дагы кафир болгон, кийин дагы кайтып Исламга кирген кишинин бул ишин Расулуллах ﷺ кабыл алган:

Насаий «Сунан»ында Ибн Аббастан риваят кылат: Ансарлардын бири Исламга кирди, кийин муртад болуп, ширкке барды, кийин буга бушайман болуп коумуна: Мен жөнүндө Расулуллахтан сурап бергиле, тообо кылсам болобу? деп адам жөнөттү. Коуму Расулуллах ﷺдын алдына келип: Баланча бушайман болду жана бизди сизден: тообо кылса болобу, ушуну сурап жөнөттү, дешти. Ошондо ушул аят түштү:

﴿كَيْفَ يَهْدِي ٱللَّهُ قَوْمًا كَفَرُواْ بَعْدَ إِيمَٰنِهِمْ وَشَهِدُوٓاْ أَنَّ ٱلرَّسُولَ حَقٌّ وَجَآءَهُمُ ٱلْبَيِّنَٰتُ ۚ وَٱللَّهُ لَا يَهْدِي ٱلْقَوْمَ ٱلظَّٰلِمِينَ ۝ أُوْلَٰٓئِكَ جَزَآؤُهُمْ أَنَّ عَلَيْهِمْ لَعْنَةَ ٱللَّهِ وَٱلْمَلَٰٓئِكَةِ وَٱلنَّاسِ أَجْمَعِينَ ۝ خَٰلِدِينَ فِيهَا لَا يُخَفَّفُ عَنْهُمُ ٱلْعَذَابُ وَلَا هُمْ يُنظَرُونَ ۝ إِلَّا ٱلَّذِينَ تَابُواْ مِنۢ بَعْدِ ذَٰلِكَ وَأَصْلَحُواْ فَإِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ﴾

*«Ыйман келтирип, Расулдун чыныгы расул экенине күбө болушкандан кийин жана аларга далил-аяттар келгенден кийин кафир болгон кишилерди Аллах кандай хидаят кылсын?! Аллах залим коумду хидаят кылбайт. Алардын жазасы – үстүлөрүнө түшө турган Аллахтын, периштелердин жана бардык адамдардын наалаты. Алар азаптары жеңилдетилбеген абалда тозокто түбөлүк калуучулар жана аларга (бул*

*азап бир закым да) кечиктирилбейт. Бирок, ошондон (т.а. куфрларынан) кийин тообо кылып, өздөрүн оңдошсо (Аллах күнөөлөрүн кечирет). Себеби, Аллах кечирүүчү, мээримдүү»* [3:86-88]

Ошондо Расулуллах ага адам жиберди жана ал Исламга кирди. Муну Хаким «Мустадрак»та мындай сөз менен риваят кылган: «Ансарлардан бир киши муртад болду, кийин мушректерге өтүп кетти, кийин бушайман болуп коумуна: Мен жөнүндө Расулуллахтан сурагыла, тообо кылсам болобу? – деп адам жөнөттү. Ошондо ушул аят түштү. Кийин коуму ага адам жиберди жана ал Исламга кирди». Хаким: Бул санады сахих хадис, аны Бухарий жана Муслим келтирбеген, деди.

в) Эми, ушул:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ بَعْدَ إِيمَـٰنِهِمْ ثُمَّ ٱزْدَادُوا۟ كُفْرًا لَّن تُقْبَلَ تَوْبَتُهُمْ وَأُو۟لَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلضَّآلُّونَ﴾

*«Ыйман келтиришкенден кийин кафир болгон, кийин кафирликтери дагы да ашыкча болуп кеткен кишилердин кылган тооболору эч качан кабыл алынбайт, дал ошолор акыйкат жолдон таюучулар»* [3:90]

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ ثُمَّ كَفَرُوا۟ ثُمَّ ءَامَنُوا۟ ثُمَّ كَفَرُوا۟ ثُمَّ ٱزْدَادُوا۟ كُفْرًا لَّمْ يَكُنِ ٱللَّهُ لِيَغْفِرَ لَهُمْ وَلَا لِيَهْدِيَهُمْ سَبِيلًۢا﴾

*«Ыйман келтирип, кийин куфрга ооп кеткен, кийин дагы ыйманга келип, кийин дагы кафир болгон, кийин болсо кафирликтери дагы да ашынган кишилерди Аллах эч качан кечирбейт жана аларды эч убакта Туура Жолго хидаят кылбайт»* [4:137]

аяттарына келсек, бул аяттар куфрга кайтып, ошол куфрду уланткан кишилерге карата айтылган (*куфрлары дагы да ашынган*). Мындайлардын тооболору – ушул абалда т.а. куфрлары ашына берсе – кабыл алынбайт. Т.а. алар кафир болушту жана куфрда бекем турушту, андайлар, ырас, ушул куфрду уланта беришсе тооболору кабыл болбойт. Тообонун биринчи шарты күнөөдөн бүтүндөй баш тартуу: Куртубийдин:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ بَعْدَ إِيمَـٰنِهِمْ ثُمَّ ٱزْدَادُوا۟ كُفْرًا لَّن تُقْبَلَ تَوْبَتُهُمْ وَأُو۟لَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلضَّآلُّونَ﴾

*«Ыйман келтиришкенден кийин кафир болгон, кийин кафирликтери дагы да ашыкча болуп кеткен кишилердин тооболору эч качан кабыл алынбайт, дал ошолор акыйкат жолдон таюучулар»* [3:90]

аятынын тафсиринде мындай делет: «Бул аят Меккедеги бир коум жөнүндө түшкөн, алар: Биз Мухаммад үстүнөн күзөтөбүз, балким, тагдырдын оомалуулугу менен күмөндөрүбүз ырасталар, эгер, кайтуу керек экендиги ачык-айкын болуп калса, анда кайтабыз, дешти, ошондо Аллах ушул аятты түшүрдү» т.а. алар куфрда бекем турушкан соң, тооболору таптакыр кабыл болбойт. Ошондуктан, ал аны кабыл алынбас тообо деди, себеби, бул коумдо күнөөлөрүнөн баш тартуу үчүн чечкиндүүлүк жок болгон, ал эми, Аллах Азза ва Жалла чечкиндүүлүк болсо тообонун баарын кабыл алат».

Куртубий:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ثُمَّ كَفَرُواْ ثُمَّ ءَامَنُواْ ثُمَّ كَفَرُواْ ثُمَّ ٱزۡدَادُواْ كُفۡرٗا لَّمۡ يَكُنِ ٱللَّهُ لِيَغۡفِرَ لَهُمۡ وَلَا لِيَهۡدِيَهُمۡ سَبِيلَۢا﴾

*«Ыйман келтирип, кийин куфрга ооп кеткен, кийин дагы ыйманга келип, кийин дагы кафир болгон, кийин болсо кафирликтери дагы да ашынган кишилерди Аллах эч качан кечирбейт жана аларды эч убакта Туура Жолго хидаят кылбайт»* [4:137]

аятындагы «*кийин болсо кафирликтери дагы да ашынган*», деген сөздү – куфрларында бекем туруп алышты, деп тафсир кылган.

3 – Аллах баланчанын күнөөсүн кечирбейт, деп ант ичкен киши жөнүндөгү сөзүңүзгө келсек, бул маселе төмөнкүдөй:

а) Муслим риваят кылат: бизге Сувайд ибн Саид айтты, ал Муътамир ибн Сулаймандан, ал атасынан, ал Абу Имрон Жавнийден, ал Жундубдан риваят кылды, Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«أَنَّ رَجُلاً قَالَ: وَاللهِ لاَ يَغْفِرُ اللهُ لِفُلاَنٍ، وَإِنَّ اللهَ تَعَالَى قَالَ: مَنْ ذَا الَّذِي يَتَأَلَّى عَلَيَّ أَنْ لاَ أَغْفِرَ لِفُلاَنٍ، فَإِنِّي قَدْ غَفَرْتُ لِفُلاَنٍ، وَأَحْبَطْتُ عَمَلَكَ»

«Бир киши: «Аллахка ант болсун, Аллах баланчанын күнөөсүн кечирбейт», деди. Ошондо Аллах Таала мындай деди: «Ким Менин баланчаны кечирбешим жөнүндө Менин атыма ант ичип жатат, албетте Мен анын күнөөсүн кечирдим жана сенин амалыңды бекер кылдым». Байхакий муну төмөндөгү сөз менен риваят кылган: «...Бизге Сувайд ибн Саид айтты, бизге Муътамир атасынан, ал Абу Имрондон… (экинчи санад) Бизге Абу Салама Яхя ибн Халаф Бахилий айтты, Бизге Муътамир ибн Сулайман айтты: Мен атамдын мындай дегенин уктум: Бизге Абу Имрон айтты, ал Жундубдан Расулуллахтын мындай дегенин риваят кылды:

«أَنَّ رَجُلاً قَالَ: وَاللهِ لاَ يَغْفِرُ اللهُ لِفُلاَنٍ، قَالَ اللهُ: مَنْ ذَا الَّذِي يَتَأَلَّى عَلَيَّ أَنَّنِي لاَ أَغْفِرَ لِفُلاَنٍ، فَإِنِّي غَفَرْتُ لِفُلاَنٍ، وَأَحْبَطْتُ عَمَلَكَ»

«Бир киши: «Аллахка ант болсун, Аллах баланчанын күнөөсүн кечирбейт», деди, Аллах болсо: Ким Менин баланчаны кечирбешим жөнүндө Менин атыма ант ичип жатат, албетте мен анын күнөөсүн кечирдим жана сенин амалыңды бекер кылдым, деди».

Табароний «Муъжами Кабир»де Хаммад ибн Саламадан, ал Абу Имрондон, ал Жундубдан риваят кылат:

«أَنَّ رَجُلاً آلَى أَنْ لاَ يَغْفِرَ اللهُ لِفُلاَنٍ فَأَوْحَى اللهُ عَزَّ وَجَلَّ إِلَى نَبِيِّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، أَوْ إِلَى نَبِيٍّ: أَنَّهَا بِمَنْزِلَةِ الْخَطِيئَةِ فَلْيَسْتَقْبِلِ الْعَمَلَ»

«Бир киши: Аллах баланчаны кечирбейт, деп ант ичти. Ошондо Аллах Азза ва Жалла Набийи ﷺга же бир набийге: Бул сөздөр кудум күнөө даражасында, ал адам амалга жүздөнсүн, деп вахий кылды».

Ушул хадистерде бир киши: Аллах баланчаны кечирбейт, деп ант ичти. Бул, жайиз эмес. Аллах баланчаны кечирбейт, деп кантип ант ичүү мүмкүн? Аллах айткандай, асман жана жерде гайыбды билген эч бир жанзат жок:

﴿قُل لَّا يَعْلَمُ مَن فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ ٱلْغَيْبَ إِلَّا ٱللَّهُۚ وَمَا يَشْعُرُونَ أَيَّانَ يُبْعَثُونَ﴾

*«Айткын: асмандар жана жердеги бир да киши гайыпты билбейт, бирок, Аллах гана (билет). Алар качан кайра тирилишээрин да сезе алышпайт»* [27:65]

Аллах Субханаху анын амалын бекер кылуу менен жазалады, себеби, ал кечирбейт деп Аллахка ант ичти… Бул, мына ушул күнөөгө гана хос. Т.а. ким айтып жаткан сөзүн түшүнгөн абалда Аллах баланчаны кечирбейт деп ант ичсе, жогорудагы абал ошого туура келет. Аллах Субханаху анын амалын бекер кылганынын себебин айтты жана хадисте: Ким Менин баланчаны кечирбешим жөнүндө менин атыма ант ичип жатат?, деди.

Эми сиздин, сурооңузда келгендей: «Аллахка ант болсун, Кыямат күнү бул сөзүң үчүн жооп beresiң», деген сөзүңүзгө келсек, бул бүтүндөй башка сөз. Анткени, сиз анын жооп беришине ант ичтиңиз, акыйкатта болсо, ар бир инсан Кыямат күнү эсеп-китеп кылынат, жакшы болсо жакшы, жаман болсо жаман.

Аллах Субханаху айтат:

﴿إِنِّي ظَنَنتُ أَنِّي مُلَٰقٍ حِسَابِيَهْ ۞ فَهُوَ فِي عِيشَةٍ رَّاضِيَةٍ ۞ فِي جَنَّةٍ عَالِيَةٍ ۞ قُطُوفُهَا دَانِيَةٌ ۞ كُلُواْ وَٱشْرَبُواْ هَنِيٓـَٔۢا بِمَآ أَسْلَفْتُمْ فِي ٱلْأَيَّامِ ٱلْخَالِيَةِ ۞ وَأَمَّا مَنْ أُوتِيَ كِتَٰبَهُۥ بِشِمَالِهِۦ فَيَقُولُ يَٰلَيْتَنِي لَمْ أُوتَ كِتَٰبِيَهْ ۞ وَلَمْ أَدْرِ مَا حِسَابِيَهْ﴾

*«Мен эсеп-китебиме бет маңдай болушумду билген элем», дейт. Андан соң, ал көңүлдүү жашоодо, мөмөлөрү (үзүү үчүн) жакын болгон бийик бейиште болот. Өткөн күндөрдө кылып өткөн амалыңар себептүү жеп-иче бергиле, (делет). Эми өз китеби сол колунан берилген кимсеге келсек, ошондо ал айтат: Эх кана эми, мага китебим берилсе жана менин эсеп-кысабым эмне экендигин билбесем эле, дейт»* [69:20-26]

﴿وَقَالُواْ رَبَّنَا عَجِّل لَّنَا قِطَّنَا قَبۡلَ يَوۡمِ ٱلۡحِسَابِ﴾

*«Алар (маскаралап) – Роббибиз, бизге насибибизди эсеп-кысап Күнүнөн тезирээк келтире калгын, дешти»* [38:16]

﴿فَأَمَّا مَنۡ أُوتِيَ كِتَٰبَهُۥ بِيَمِينِهِۦ ۝ فَسَوۡفَ يُحَاسَبُ حِسَابٗا يَسِيرٗا ۝ وَيَنقَلِبُ إِلَىٰٓ أَهۡلِهِۦ مَسۡرُورٗا ۝ وَأَمَّا مَنۡ أُوتِيَ كِتَٰبَهُۥ وَرَآءَ ظَهۡرِهِۦ ۝ فَسَوۡفَ يَدۡعُواْ ثُبُورٗا ۝ وَيَصۡلَىٰ سَعِيرًا﴾

*«Ал эми, кимдин намаи амалы оң жагынан берилсе. Демек, ал жеңил эсеп менен эсеп-китеп кылынат. Жана өзү(үнүн бейиштеги) үй-бүлөсүнө шаттанып-шайыр абалда кайтат. Ал эми, кимдин намаи амалы арт жагынан берилсе, анда ал өлүмүн чакырып калат. Жана тозокко кирет»* [84:7-12]

Көрүп турганыңыздай, бул аяттар адамдар жасаган амалдарына албетте эсеп-китеп кылынышына далалат кылууда. Демек, сиз бир адамды амалы үчүн албетте эсеп-китеп кылынат, деп ант ичкенсиз – менин пикиримде – амалдын бекер болушу бул абалга түшпөйт. Себеби, бул Аллах баланчаны кечирбейт, деп ант ичкен кишинин амалынан – менин пикиримде – айырмаланат, себеби, анын мындай анты туура эмес. Анткени, ал Аллах аны кечиреби, кечирбейби, муну билбейт. Бул маселеде менин назарында туура пикир ушул. Аллах билүүчү жана хаким.

Сөзүмдүн аягында ушуну айтамын, сиз Аллахка калыс амал кылып, Ага садик жана калыс тообо кылыңыз, кайтып эч качан күнөө кылбоого чечим кылыңыз, ар бир күнөөңүз үчүн бушайман болуңуз, эгер мойнуңузда бирөөнүн акысы болсо, ээсине кайтарыңыз. Али ﷺ Абу Бакр Сиддик ﷺдан, ал Расулуллах ﷺдан риваят кылган хадисте келгендей:

«مَا مِنْ رَجُلٍ يُذْنِبُ ذَنْبًا فَيَتَوَضَّأُ فَيُحْسِنُ الْوُضُوءَ قَالَ مِسْعَرٌ وَيُصَلِّي وَقَالَ سُفْيَانُ: ثُمَّ يُصَلِّي رَكْعَتَيْنِ فَيَسْتَغْفِرُ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ إِلَّا غَفَرَ لَهُ»

«Бирер киши күнөө кылып койсо, кийин даарат алса, муну чырайлуу кылса – Мисъар: …жана намаз окуса, деди, Суфян болсо: …кийин эки ирекет намаз окуса, деди – кийин Аллах Азза ва Жаллага истигфар айтса, Ал албетте күнөөсүн кечирет». Мен Аллах Субханахудан бизди жана сизди кечиришин, баарыбызды эң туура амалдарды кылууга жол көрсөтүшүн сураймын, Аллах Субханаху салих кишилерге дос.

5-сафар, 1435-х.
8-декабрь, 2013-м.

## Анттын каффараты

**Суроо:** ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баркаатуху.

Урматтуу Шейх. Тамак жебеген, эмчек сүтүн же ымыркайдын сүт аралашмасын гана ичкен эмчектеги жаш наристеге антты бузуунун каффараты саналабы? Эгерде каффаратты төлөп бүткөн болсо, бул суроо адамдын оюна келбесе, анда ал каффараты мискиндерге кайрадан бериши керекпи?

Ант бузуунун каффараты менен байланышкан дагы бир суроо: колунда жокту бир жолу тойгузуу жетиштүүбү же эки жолу (түшкү жана кечки тамакты) берүү керекпи?

Ал эми үчүнчү суроо: Европада жашап, Украинадагы кедей-кембагалдарга антты бузгандыгы үчүн каффарат берсе. Ал үчүн Европадагы каффараттын өлчөмүн кароо зарыл беле, же жөнөтүлгөн мамлекеттеги ( Украинадагы) каффарат өлчөмүн кароо жетиштүүбү?

**Жооб:** алейкуму ассалам рахматуллоохи уа баркаатуху.

1- Антты бузуудагы каффараттын негизи Алла Тааланын сөзү:

﴿لَا يُؤَاخِذُكُمُ اللَّهُ بِاللَّغْوِ فِي أَيْمَانِكُمْ وَلَكِنْ يُؤَاخِذُكُمْ بِمَا عَقَّدْتُمُ الْأَيْمَانَ فَكَفَّارَتُهُ إِطْعَامُ عَشَرَةِ مَسَاكِينَ مِنْ أَوْسَطِ مَا تُطْعِمُونَ أَهْلِيكُمْ أَوْ كِسْوَتُهُمْ أَوْ تَحْرِيرُ رَقَبَةٍ فَمَنْ لَمْ يَجِدْ فَصِيَامُ ثَلَاثَةِ أَيَّامٍ ذَلِكَ كَفَّارَةُ أَيْمَانِكُمْ إِذَا حَلَفْتُمْ وَاحْفَظُوا أَيْمَانَكُمْ كَذَلِكَ يُبَيِّنُ اللَّهُ لَكُمْ آيَاتِهِ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ﴾

( Аллах силерди ант ичүү ниетинде жок айткан антыңар үчүн жазалабайт. Бирок ант ичүү ниетинде айтылган антыңар үчүн ( акыретте) жазалайт. Анты бузуунун каффараты он мискинди үй-бүлөөңөрдү тамактандырган орточо тамак менен тамактандыруу же кийиндирүү. Же кулду азат кылуу. Кимдин буга кудурети жетпесе үч күн орозо тутсун. Бул силердин антыңарды бузгандын каффараты. Антыңарды сактагыла Аллах силерге аят белгилерин баяндап берет балким шүгүр кыласыңар.) Маида 89-аят

Он мискинди тамактандыруу аятта айтылган варианттардын бири:
﴿فَكَفَّارَتُهُ إِطْعَامُ عَشَرَةِ مَسَاكِينَ مِنْ أَوْسَطِ مَا تُطْعِمُونَ أَهْلِيكُمْ﴾.

(Анты бузуунун каффараты он мискинди үй-бүлөөңөрдү тамактандырган орточо тамак менен тамактандыруу)

2- Асыл аяттан он саны важиб, б.а. он муктаж адамды тамактандыруу керектиги түшүнүлөт. Мисалы бир мискинди он жолу тойгузуу туура эмес. Биз муну 2022-жылы 29-апрелде чыккан суроо жоопто жооп берип жатып түшүндүрдүк, анда төмөндөгүлөр айтылган:

... Мен артык көргөн пикир, эгерде наста муктаж адамдардын белгилүү бир саны айтылса мисалы:
﴿فَكَفَّارَتُهُ إِطْعَامُ عَشَرَةِ مَسَاكِينَ مِنْ أَوْسَطِ مَا تُطْعِمُونَ أَهْلِيكُمْ أَوْ كِسْوَتُهُمْ﴾،

(Анты бузуунун каффараты он мискинди үй-бүлөөңөрдү тамактандырган орточо тамак менен тамактандыруу же кийиндирүү)

﴿فَمَنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَإِطْعَامُ سِتِّينَ مِسْكِيناً﴾

( кимдин буга ( 60-күн катарынан  орозо тутууга) кудурети жетпесе алтымыш мискинди тамактандырсын) мужаадала 4-аят.

Бул абалда жогоруда айтылган санды (он, алтымыш) лаазым тутуу ваажиб. Тамактын өзүн же анын акчасын  берүүнүн айырмасы жок бул учурларда сан максат кылынган. Бул зарыл болгон чектөө (мукаяд) болуп саналат. Ал эми насста  санды айтпай эле мискиндерге берүүнү талап кылса, анда санга чектөө жок болгондуктан бир мискинге же бир нече мискинге  берсе болот. Бул абал Алла Таала зекет жөнүндө айткан аятта айтылган  абалга окшош;

﴿إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ وَالْعَامِلِينَ عَلَيْهَا وَالْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ وَفِي الرِّقَابِ وَالْغَارِمِينَ وَفِي سَبِيلِ اللهِ وَابْنِ السَّبِيلِ فَرِيضَةً مِنَ اللهِ وَاللهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ﴾

(зекет колунда жокторго, мискиндерге, зекетти жыйноочуларга, (Исламды кабыл алып калуусу мүмкүн делген аттуу баштуу адамдарга, өзүн азат кыла турган кулга, карызы барларга, Аллах жолундагы мужаахидке, мусаапырга берилүүсү Аллах тарабынан фарз болду. Аллах билүүчү өкүмдар)

Зекет берген адам зекетин бир муктаж адамга берсе болот же  көп муктаж адамдарга бөлүштүрсө болот. Анткени аятта конкреттүү бир сан айтылган эмес. Балким  саны айтылбастан “мискиндер” деген сөз айтылган ... Бирок алар зекет алууга укуктуу мискиндер болушу керек.

3- Ушуга негизделип каффаратты аткаруу  үчүн он колунда жок мискинди орточо тамак менен тойгузуу керек. Демек каффарат толук аткарылышы үчүн бул орточо тамакты жей  турган адам болушу керек. Ал эми эмчектеги ымыркайга келсек, анын бул түшүнүккө кириши мүмкүн эмес деп ойлойм. Ошондуктан ымыркай  каффаратты аткарууда орточо тамакты жей  турган мискиндин катарына кирбейт. Эгер бир адам он кишиден турган муктаж  үй-бүлөгө, анын ичинде ымыркайы бар үй-бүлөөгө  тамак жиберсе, анда бул каффаратты аткарууда он эмес, тогуз адамга тамак берген болуп толук болбойт. Анткени ымыркай тамактанып жаткандар түшүнүгүнө кирбейт. Бул мен туура көргөн пикир жана напси үчүн жакшыраагы. Ошондуктан каффараттын аткарып жаткан адам каффаратты толук болушу үчүн тогуз адамдан бөлөк дагы бир адамга тамак берүүсү керек. Бул ымыркай тамкак жеген кичине баладан айырмаланат.  Анткени тамак жеген кичине бала тамак жечүлөрдүн катарына кирет. Эгер ушундай муктаж үй-бүлөдө балдары болсо, анда аларды тамактандыруу менен каффарат толук  болот. Анткени алар тамак жечүлөр деген түшүнүккө кирет.

4- Антты бузганы үчүн каффарат катары ар бир мискинге бериле турган тамак-аштын өлчөмүн аныктоодо факыхтар ар кандай пикирде

болушкан. Кайсы тамактын түрүн бериши ж.б.у.с нерселерде кайчы пикирде болушкан.

Мен бул маселе боюнча Кувейттин Фикх энциклопедиясынан мисал келтирем:

... "Экинчи: өлчөм боюнча"...

- Маликилер, Шафиилер жана Ханбалийлер ар бир колунда жок муктаж адамга өлкөнүн негизги азык-түлүктөрүнөн бир муддан берүү шарт деп эсептешет. Аятта келген мааниге ылайык тамактын баасын чыгарып берүү жаиз эмес.

﴿فَكَفَّارَتُهُ إِطْعَامُ عَشَرَةِ مَسَاكِينَ﴾

(Анты бузуунун кафаараты он мискинди үй-бүлөөңөрдү тамактандырган орточо тамак менен тамактандыруу)

Үлүштөр азайтылбашы шарт, ошондуктан жыйырма муктаж адамдын ар бирине он жарым муддан  тамак берүү жаиз эмес. Бирок алардын онуна жетишпегенин толуктап берсе жаиз. Ошондой эле тамактандыруу он адам үчүн болушу шарт жасалмалоо жаиз эмес.  Мисалы эгер бешөөнү тамактандырса, бешөөнү кийиндирсе каффараты өтпөйт. Ошондой эле он адамдын ар бирине тамакты ээлик кылуу негизинде бир муддан берилиши шарт. Башкача айтканда азык оокат муктаж адамдын толук ээлиги болуп калышы керек. Ал эми Маликилерде бир кишиге кайра кайра берүү жаиз эмес. Ошондуктан он күндө бир эле кишиге кайра кайра он тамак берсе каффараты өтпөйт. Ханафилер ар бир муктаж адамга эки мудд  б.а. жарым сааъ ( кала) буудай же бир сааъ курма же арпа же анын баасы акчалай же соода-сатык товары менен берилиши шарт деп эсептешкен.  Анткени максат бул муктаждыкты кандыруу ошондуктан анын  баасын  берүү  жаиз дешет.

Уруксат берилген тамак-аштын көлөмүнө келсек аларда:  Эки маал тамактандырат, б.а. ар бир муктаж адамга түшкү жана кечки тамактар берилиши шарт кылынган. Ошонодой эле кечки жана таңкы тамакты же эки түшкү тамак менен тамактандыруу шарт. Анткени аларда эки маал тамактандыруу шарт. Ал эми бир тамакты түштө берип, экинчисин кечинде берсе  бул туура эмес, анткени ондун тамагын жыйырмага бөлгөн болуп болуп калат, бул туура эмес. Башкача айтканда түштө да кечинде да тамактандырыш шарт күнүнө эки маал тамактандыруу керек.

Ошондой эле  каффаратты аткарууда бир эле  муктаж адамга  он күндүн тамагын  бир күндө бүтүндөй же бөлүп бөлүп он жолу берилбешин шарт кылышат. Башкача айтканда бир адамга эмес он адамга берилишин шарт кылышат.

Ал эми бир муктаж адамды он күн түшкү жана кечки тамак менен тамактандырса  же бир муктаж адамга он күн күн   сайын жарым сааъ

берсе бул жаиз, себеби муктаждык күн сайын жаңыланышы он муктаж адамга сарпталгандай кылат.

"Үчүнчүсү: тамакты түрү жагынан”.

Ханафийлер тамактандырууга буудай, арпа же курма жетиштүү деген көз караште. Ар биринин уну өзүнүн баштапкы өлчөмүнө, башкача айтканда жарым сааъ буудай унуна жана бир сааъ арпа унуна барабар. Айтылды: Өлчөм эмес, ундун баасы каралат. Баасы бул категориялардын тышкаркыларынан алынышы жаиз. Маликилер эгер буудайдан оокат кылып жеген адамга буудайдан берилсе тамактандыруу болот. Ал эми арпа, жүгөрү жана башка нерселер кабыл болбойт деген пикирде. Эгер алар буудайдан башкасын жешсе, ага өлчөм эмес, тойо турган тарабы эске алынат. Шафиилер тамактандыруу зекет важиб болгон дан жана мөмө-жемиштерден деп эсептешет. Анткени денелер булардан кубат алат. Өзү жашаган өлкөнүн тамак-ашынын көпчүлүк бөлүгүнөн болушу талап кылынат. Ханбалийлер тамакты буудайдан, арпадан жана анын унунан, курма менен мейизден болуусун шарт кылышкан мындан башкасын жарабайт дешет. Эгер ал өз өлкөсүнүн тамак-ашы болсо да. Бирок бул азыктар өз өлкөсүндө жок болуп калса гана башка азык менен берсе болот дешкен. Бүттү.

5- Аяттын далаалатына дал келиши үчүн он мискинди тамактандыруу эки маал тамак болушун туура көрөм.

﴿فَكَفَّارَتُهُ إِطْعَامُ عَشَرَةِ مَسَاكِينَ مِنْ أَوْسَطِ مَا تُطْعِمُونَ أَهْلِيكُمْ﴾

(Анты бузуунун кафаараты он мискинди үй-бүлөөңөрдү тамактандырган орточо тамак менен тамактандыруу)

Үй-бүлөнү тамактандыруу дегенде күнүнө эки жолу тамактандыруу түшүнүлөт. Мисалы түшкү жана кечки тамак. Эгер мындай болбосо үй-булөсүн тамактандырбаган болуп саналат. Ошондуктан аятка негизделип каффарат толук болушу үчүн он муктаж адамды күнүнө эки жолу тамактандыруусу керек. Эгер түшкү тамакты берип кечки тамакты бербесе же кечки тамакты берип түшкү тамакты бербесе каффарат толук болбойт. Ошондой эле шарият Рамазан айында тамак-ашты эки маал кылды: Таң алдында тамактануу жана ифтар тамагы, андыктан толук тамактандыруу эки маал тамактандыруу менен болот.

6- Сиздин суроонузга келсек:

(Адам Европада жашап Украинадагы кедей-кембагалдарга антты бузгандыгы үчүн каффарат берсе жана Украинадагы антты бузуу үчүн каралган каффараттын өлчөмүн караса. Европадагы кафараттын өлчөмүн кароо важиб беле, же жөнөтүлгөн мамлекеттеги өлчөмдү кароо жетиштүүбү?) Мунун жообу: мен ишенген нерсе – кафарат төлөгөн адам ошол өзү жашаган өлкөнүн орточо тамак-ашына жараша берет. Себеби аятта:

﴿فَكَفَّارَتُهُ إِطْعَامُ عَشَرَةِ مَسَاكِينَ مِنْ أَوْسَطِ مَا تُطْعِمُونَ أَهْلِيكُمْ﴾

(Анты бузуунун кафаараты он мискинди үй-бүлөөңөрдү тамактандырган орточо тамак менен тамактандыруу)

Бул тамактануу адамдын турган жерине жараша экенин сездирет, себеби үй-бүлөсүн өзү жашаган жерден тамактандырат. Ошондуктан он мискинди өз үй-бүлөсүн тамактандырган орточо тамак менен тамактандыруу талап кылынган. Мисалы Украинада он доллар он мискинди тамактандырууга жетиши мүмкүн. Бирок Европадагы абалга ылайык, он доллар он мисикинди тамактандырууга аздык кылат. Балким Европада үй-бүлөсүн орточо тамак менен тамактандыруу жүз долларга барабар болот. Ошондуктан анты бузгандыгы үчүн кафаарат төлөгөн адам өзү жашаган өлкөдө үй-бүлөөсүн орточо тамак менен тамактандырган өлчөмдө он мискинди тамактандыруусу керек. Ушундай кылып кафаарат төлөө туура деп ойлойм.

Туурасын Аллах билүүчү жана өкүмдар.

1-зулхижжа, 1444-х.
19-июнь, 2023-м.

## Аракет ырыскыга себеп эмес

**Суроо**: уруксатыңыз менен, ырыскы тууралуу сурайын дедим эле, аракет кылуу жазылган ырыскыны көбөйтөбү? Башкача айтканда, үйдө отурган адам иштегендей эле, ырыскыга ээ дегенди билдиреби? Же башка жол менен айтканда, реклама кылуу же жумушту илгерилетүү тагдырга жазылган ырыскыны көбөйтөбү? Рахмат. Мүмкүн болсо, тезирээк жооп берип коюуңузду өтүнөм. Аллах сизди Өз коргоосуна алып өмүрүңүздү узун кылсын.

**Жооб**: алайкуму ассалам рахматуллоохи уа баркаатуху.

Сизде ырыскы менен аракет кылуу маселесинде бүдөмүк бар окшойт. Бирок, бул маселе, айрыкча китепчеде түшүндүрүлгөн жана ал жерден толугу менен карасаңыз болот, бирок мен сиз үчүн анын айрымдарын кыскача айтып берейин:

Ырыскы маселесине келсек, Куранга ишенген адам үчүн катий көптөгөн аяттар ырыскы Аллахтын колунда жана Ал аны кимге кааласа берет деп ишенүүдөн башка орун калтырбайт. Ырыскы маселеси тагдыр маселеси эмес, тагдыр – ал нерсе боло электе баланча бир нерсе кыларын Аллах билет, ошондуктан ал жазылган жана тагдырланган. Ал эми, ырыскыга келсек, Аллах баланча ырыскылынарын билет, ошондуктан ал жазылган жана тагдырланган гана эмес, ага кошумча б.а. ырыскы тагдырлангандан тышкары Аллах гана ырыскы берүүчү, адам эмес. Аяттар мына ушуга ишарат кылат:

﴿لَا نَسْأَلُكَ رِزْقاً نَّحْنُ نَرْزُقُكَ وَالْعَاقِبَةُ لِلتَّقْوَى﴾

*«Биз сенден ырыскы сурабайбыз, Өзүбүз сага ырыскы беребиз, акыбет такыба үчүн».* [Тоха:132]

﴿وَكُلُواْ مِمَّا رَزَقَكُمُ اللهُ حَلاَلاً طَيِّباً وَاتَّقُواْ اللهَ الَّذِيَ أَنتُم بِهِ مُؤْمِنُونَ﴾

*«Аллах силерге ырыскы кылып берген нерселерден адал жана таза жегиле жана силер ыйман келтирген Аллахтан корккула»* [Маида:88]

Бул аяттар Аллахтын ырыскы берүүчү экенине, кимге кааласа ырыскы беререрине жана кимге кааласа ырыскысын кенен кылуучу жана кимге кааласа тар кылуучу экенине ачык так катий ишарат кылууда. Аяттардын баарында ырыскы Аллахка гана таандык кылынган жана аларда Андан башка ырыскы берүүчү жок экени. Ырыскы берүүчү жалгыз гана Аллах экени ачык баяндалган.

Ырыскынын Аллахка таандык болуусу акыйкат. Буга кошумча эч бир аят хадисте ырыскыны адамга таандык кылып келген эмес. Балким, баардык насстар ырыскыны Аллахка гана таандык кылып келген. Ал эми, инсандын башка бирөөлөргө берген ырыскы тууралуу кабар берилгенине келсек, мунун мааниси: чыныгы ырыскы эмес, аларга мал-жандык берүү. Мисалы, Аллах Таала айтты:

﴿وَلاَ تُؤْتُواْ السُّفَهَاء أَمْوَالَكُمُ الَّتِي جَعَلَ اللّهُ لَكُمْ قِيَاماً وَارْزُقُوهُمْ فِيهَا وَاكْسُوهُمْ﴾

*«Аллах силерге турмуш керектөөсү кылып койгон мал-мүлкүңөрдү акылсыздарга бербегиле, андан аларга ырыскы бергиле жана кийиндиргиле».* [Ниса:5]

﴿وَإِذَا حَضَرَ الْقِسْمَةَ أُوْلُواْ الْقُرْبَى وَالْيَتَامَى وَالْمَسَاكِينُ فَارْزُقُوهُم مِّنْهُ﴾

*«Мурас бөлүштүрүүдө алыс туугандар, жетим жана бей-бечаралар келсе, аларга да ошол мурастан ырыскы бергиле».* [Ниса:8]

Биринчи аяттын мааниси: «Аларга тамак бергиле», экинчи аятта: «Силерге келген ушул ырыскыдан аларга бергиле» дегени, аларга келген ырыскыдан берүүнү буйруйт. Адамдарга ырыскы берүүнү таандык кылуу эмес. Ырыскы берүү сыпатын Аллах Тааладан башкага таандык кылуу маанисинде айтылган эмес, ошондуктан аяттарда мындай деп айтылат:

﴿نَّحْنُ نَرْزُقُكُمْ﴾

*“Биз силерди ырыскыландырабыз”.* [Анъам:159]

﴿وَرِزْقُ رَبِّكَ﴾

*«Роббиңдин ырыскысы».* [Тоха:131]

﴿كُلُواْ وَاشْرَبُواْ مِن رِّزْقِ اللهِ﴾

*«Аллахтын ырыскысынан ичип-жегиле».* [Бакара:60]

Булардын баарында ырыскы Аллахка таандык кылынып, Ага сыпат кылынат. Бул тафсирди таъвилди (чечмелөөнү) кабыл албаган маанини берет. Бул – Аллах гана ырыскы берүүчү, ырыскы Аллахтын колунда деген маанини берет.

Ушуга таянып, жаратылгандардын ырыскысын берүүчү бир гана Аллах экенине ишенүү важиб. Себеби, далилдин субуту да так, катий, далалаты да так, катий. Ошондуктан, ага ишенүү важиб, ага ишенбөө куфр, ким Аллахтын ырыскы берүүчү экенине ишенбесе, кафир болот, Аллах андан сактасын.

Бул ыйман жагынан да, далил жагынан да ырыскы маселеси.

Бирок, Аллах Таала ырыскы берүүчү экенине ишенүүнү буйругандан тышкары, адамга бул ырыскыга жетүүгө аракет кылууну буйруган. Аллах Таала айтты:

﴿هُوَ الَّذِي جَعَلَ لَكُمُ الْأَرْضَ ذَلُولاً فَامْشُوا فِي مَنَاكِبِهَا وَكُلُوا مِن رِّزْقِهِ﴾

*«Ал силерге жерди моюн сундурду, анын жолдору менен жүргүлө жана Анын ырыскысынан жегиле».* [Мулк:15]

﴿فَإِذَا قُضِيَتِ الصَّلَاةُ فَانتَشِرُوا فِي الْأَرْضِ وَابْتَغُوا مِن فَضْلِ اللهِ﴾

*«Намаз бүткөндөн кийин жер жүзүнө жайылып, Аллахтын фазилетин (ырыскысын) издегиле».* [Жума:10]

Бул эки аятта ырыскы издөөгө аракет кылууну буйруган. Ырыскыга умтулууну буйруган бул эки аят Аллахтын ырыскы берүүчү экенин билдирген аяттар менен жамдаштырылса, анда Аллахтын ырыскы берүүчү экендигинин мааниси ачык болуп, Аллахтын ырыскы берүүчү

экенине ишенүүнүн маанисин түшүндүрөт. Биринчи аяттардын баары Аллахтын ырыскы берүүчү экенин б.а. ырыскы берүүчү адам эмес экенин тастыктайт. Кийинки бул эки аят Аллахтын ырыскысын алуу үчүн иштөөнү буйруйт...

Ырыскыга жетүү үчүн аракет кылуу – бул ырыскынын келүүсүнө себеп эмес. Анткени, себеп (сабаб) сөзсүз түрдө (мусабаб) натыйжа жаратат. Натыйжа себебинен гана пайда болот. Бычак кесүүгө себеп болот. Анткени, ал кесе турган нерсе. Бычаксыз б.а. курч аспапсыз кесүү пайда болбойт. Күйүүгө от себеп болот. Отсуз күйүү пайда болбойт, башкача айтканда күйүүчү затсыз болбойт. Ушулар себеп. Эгер, ырыскыга умтулуу да ушундай болсо, анда ал ырыскыга себеп болмок. Бычак кесип, от күйгүзгөндөй, ырыскыга умтулуу да сөзүз түрдө ырыскы алып келүүчү болмок. Бирок, ырыскы издөөгө умтулуунун вакыйы андай эмес, б.а. кесүүгө бычак, күйүүгө от себеб болгону сыяктуу эмес. Анткени, ырыскы издөөгө аракет болуп, бирок ырыскы келбей калышы мүмкүн. Ырыскыны издөө үчүн эч кандай аракет кылбай эле ырыскы келип калуусу да мүмкүн. Башкача айтканда, себеп болуп натыйжасы жок, же себеби жок эле натыйжа болушу мүмкүн. Балким, эч кандай себеби жок эле да болушу мүмкүн. Бул – аракет кылуу ырыскынын келүүсүнө себеп эмес экенине так катий далалат кылып турат.

Реалдуу жашоодо мунун мисалдары көп жана кенен. Пайда издеген соодагер анын соодасынын натыйжасы зыян же пайдасыз болгону сыяктуу. Ал аракет кылды, бирок ырыскыга жетпеди б.а. себепти тапты, бирок натыйжа чыкпады. Натыйжа чыгарбаса бул себеп эмес. Анткени, себеп сөзсүз түрдө натыйжа берет...

Ошондой эле, байлыктын мураскери ырыскысын издебестен байлыкка ээ болгон. Эгер, аракет кылуу ырыскы келүүгө себеб болгондо аракетсиз ырыскы келбейт болчу. Анткени, натыйжа (мусабаб) сөзсүз түрө себебинен (сабабынан) гана пайда болот. Себепсиз натыйжа келип чыкпайт. Аракет кылбай, мурас аркылуу байлыка ээ болуу, аракет кылуу ырыскыга себеп болбогонуна далил. Анткени, ырыскыга аракетсиз эле ээ болду...

Булардын баары ырыскыга умтулуу ырыскыга себеп эмес экенин так катий далилдейт. Тактап айтканда, ал ырыскы алып келүүгө себеб эмес, анткени ал кескен бычактай же күйгүзгөн оттой себеб эмес. Ошондуктан, аракет кылуу ырыскы алып келүүгө себеб болбойт, анткени ал анын себеби эмес...

Демек, ырыскы берүүчү – Аллах Таала, бул ыймандын бир бөлүгү. Бирок, ага жетүүгө аракет кылуу – бул шаръий өкүм. Аракет кылсаң, Аллах сага жазган ырыскысын аласың жана ырыскы издегендин сообун

аласың. Эгер, издебесең да Аллах сага жазган ырыскысын аласың, бирок Аллах буйругандай издебегениң үчүн шарият өкүмүн бузган болосуң.

Бул жетиштүү, иншааллах.. Мен сизге жогоруда айтып өткөнүмдөй, теманын баары китепчеде айтылган, андыктан кандайдыр бир нерседен бүдөмүк болсо, китепчеге кайрылсаңыз болот, ал жетиштүү. Аллах сиз менен.

27-сафар, 1445-х.
12-сентябрь, 2023-м.

## Христиандар менен каапырларды майрамдары менен куттуктоо

**Суроо**: ассаламу алейкум, сизге Аллахтын ырайымы жана берекеси болсун, Палестиналык бир тууганыңыз Бахаа. Менин суроом христиандарды майрамдары менен куттуктап, курсантчылыктарын тең бөлүшүү жөнүндө. Мени бул суроону берүүгө түрткү болгон нерсе – шейх Такию-Дин ан-Набханинин, Аллах аны ырайымына алсын, буга уруксат берген жообунан улам пайда болду. Ушул маселени тактап берсеңизчи.

**Жооб**: Ассаламу алейкум, сизге Аллахтын ырайымы жана берекеси болсун.

Бул суроого биз буга чейин жооп бергенбиз. Аны төмөндө келтиребиз:

Ахли китептерди майрамдары менен куттуктоо тууралуу сурооңуз боюнча, жооп берерден мурун, мен сизге бул суроого байланышкан мурунку чыгарылыштарды айтып өтөйүн:

1 - 1970-жылы 30-январда чыгарылган суроо-жооб:

Христиандардын курсантчылыктары жана майрамдары учурунда зыярат кылуунун жана оорулуулаарына, жаназаларына баруунун өкүмү кандай? Мусулман аларга зыярат кылып барганда эмне кылат? Ал эми, мунун “Иудей жана христиандарга саламды биринчи баштабагыла...” деген асыл хадиске кандай тиешеси бар?

Жооб: Расулуллах ﷺ бир яхудийди ооруп жатканда зыярат кылганы далилденген. Ал бир жөөттүн жаназасына барганы жана саллаллаху алейхи уа саллам зиммилерди осуят кылганы да хадистерде айтылган. Булардын баары жана ушул сыяктуу нерселер христиандардын кубаныч жана аш-тойлорунда зыярат кылуунун, оорулууларын зыярат кылуунун, жаназаларына барып көңүл айтуунун жана ушул сыяктуулардын жайиз экендигине далил. Ал эми, аларга саламды биринчи баштабагыла деген хадиске келсек, аларга жолдон жолугуп калганда салам берүүнүн өзүнө гана хос (тиешелүү), башканы өз ичине албайт. 23-Зул каада, хижрий 1389-ж. 30-январь, миладий 1970-жыл.

2 - Андан кийин 1976-жылы 17-июлда чыккан суроо-жооб:

Христиандар жана яхудийлерди курсантчылыктары менен куттуктап салам берүүгө болобу? Жооп: христиандарга салам берүүгө болот, анткени ал жаман эмес, жакшы иштерден ага уруксат. 17-июль, 1976-жыл.

3 - Ошол сыяктуу эле 2010-жылы 16-январда жарыяланган суроо-жооб:

Ахли китептерди майрамдары менен куттуктаса болот. Ал эми, биз “жана сага да” деп айтуубуз – хадисте айтылган алар “сага салам болсун” дегенде аларга “жана силерге да” деп айтууга салыштырганың сыяктуу...

Бирок, бул андай эмес, хадисте айтылган нерсе – алардын «Ассааму алейкум» деген сөзүнө жооп, “Ассааму” сөзү өлүм дегенди билдирет.

دَخَلَ رَهْطٌ مِنْ الْيَهُودِ عَلَى رَسُولِ اللَّهِ ﷺ، فَقَالُوا: السَّامُ عَلَيْكُمْ. قَالَتْ عَائِشَةُ: فَفَهِمْتُهَا فَقُلْتُ وَعَلَيْكُمْ السَّامُ وَاللَّعْنَةُ، قَالَتْ: فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: «مَهْلاً يَا عَائِشَةُ إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ الرِّفْقَ فِي الْأَمْرِ كُلِّهِ»، فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَوَلَمْ تَسْمَعْ مَا قَالُوا؟ قَالَ: رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: «قَدْ قُلْتُ وَعَلَيْكُمْ»

Бухари жана Муслимде момундардын энеси Аиша ﵂ аркылуу келген хадистин тексти: Жөөттөрдүн бир тобу Аллахтын Элчиси ﷺдын алдына кирип: “Ассааму алейкум”, - дешти. Аиша ﵂ айтты: “Ошондо мен муну түшүнүп: “Силерге өлүм жана наалат болсун”, - дедим”. Аиша ﵂ айтты: “Аллахтын Элчиси ﷺ айтты: “Күтө тур, Аиша, Аллах бардык нерседе жакшылыкты жакшы көрөт”. Мен айттым: “Оо, Аллахтын Элчиси, алардын айтканын уккан жоксуңбу?”. Аллахтын Элчиси ﷺ: “Силерге болсун” деп айтым”, - деди.

وفي رواية أخرى لمسلم من طريق ابن عمر رضي الله عنهما قال: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: «إِنَّ الْيَهُودَ إِذَا سَلَّمُوا عَلَيْكُمْ يَقُولُ أَحَدُهُمْ السَّامُ عَلَيْكُمْ فَقُلْ عَلَيْكَ».

Муслимдин Ибн Умар ﵄ аркылуу риваят кылган башка риваятында, ал айтты: Аллахтын Элчиси ﷺ айтты: “Жөөттөр сага салам беришкенде, алардын бири “Сага саам болсун!” десе, сен ага “сага болсун” дегин”. Демек, бул алардын “Ассааму (өлүм болсун) алейкум” дегени үчүн аларга карата айтыла турган жооп.

Бирок, алар бизди куттуктап жакшы сөз айтышса, биз алардан кабыл алабыз. “Айтыңар кут болсун” дешсе, аларга жакшы, туура жооп айтабыз. Мисалы, куттуктооңор үчүн рахмат, кош келиңиз, же башка Исламга каршы келбеген жоопторду айтабыз. 16-январь, 2010-жыл.

Корутундулап айтканда:

1 - Зиммилерди майрамдары менен шариятка каршы келбеген жакшы сөздөр менен куттуктаса болот. Биз алардын майрамын мактабайбыз б.а. сенин майрамың берекелүү же ушуга окшогондорду айтпайбыз.

2 – Бирок, бул төмөнкү шарттарга түшкөндөр үчүн гана:

А - Мусулман өлкөлөрүндө мусулмандардын арасында жашаган зимми болушу жана мусулмандарга кыянаттык кылбоо үчүн зимма келишиминде болушу.

Б - Асыл аятта айтылгандай... Дин негизинде биз менен согушуп же сүрүлүп чыгуубузга колдоо көрсөтпөшү керек ...

Алардын зиммий экендигинин далилине келсек, 1970-жылы 30-январдагы биринчи суроо-жоопто мындай деп айтылат:

Расулуллах ﷺ бир яхудийди ооруп жатканда зыярат кылганы далилденген. Ал бир жөөттүн жаназасына барганы жана саллаллаху алейхи уа саллам зиммилерди осуят кылганы да хадистерде айтылган. Булардын баары жана ушул сыяктуу нерселер христиандардын кубаныч

жана аш-тойлорунда зыярат кылуунун, оорулууларын зыярат кылуунун, жаназаларына барып көңүл айтуунун жана ушул сыяктуулардын жайиз экендигине далил. Мындан көрүнүп тургандай, бул хадистерде айтылгандар – зимма калкы, анткени алар мусулмандардын арасында жана алардын карамагында жашашкан. Пайгамбар ﷺ зиммилерди осуят кылганы, жөөттүн жаназасы алардын арасында өтүп жатканда ага барганы алардын зимма калкы экенин билдирет. Мындан тышкары (Бухари №1356):

عن أنس رضي الله عنه (أَنَّ غُلَاماً مِنَ اليَهُودِ كَانَ يَخدُمُ النَّبِيَّ ﷺ فَمَرِضَ، فَأَتَاهُ النَّبِيُّ ﷺ يَعُودُهُ، فَقَعَدَ عِندَ رَأسِهِ، فَقَالَ: أَسلِم. فَنَظَرَ إِلَى أَبِيهِ وَهُوَ عِندَ رَأسِهِ، فَقَالَ لَه: أَطِع أَبَا القَاسِمِ ﷺ. فَأَسلَمَ، فَخَرَجَ النَّبِيُّ ﷺ وَهُوَ يَقُولُ: الحَمدُ لِلَّهِ الذِي أَنقَذَهُ مِنَ النَّارِ)

Анас риваят кылган хадисте айтылгандай, Пайгамбар ﷺ ооруп жаткан жөөттү зыярат кылды, ал жөөт пайгамбар ﷺга кызматчысы болчу. Жөөттөрдөн бир бала Пайгамбар ﷺга кызмат кылчу, ал ооруп калды. Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ аны кайра алып кетүү үчүн келди, анын баш жагына отуруп: "Ыйман келтир", - деди. Ал баш жагында турган атасына карады. Атасы ага: "Абу Касымга ﷺ баш ий", - деди. Ал ыйман келтирди. Пайгамбар ﷺ сыртка чыгып: "Аны оттон куткарган Аллахка мактоолор болсун", - деди.

Булардын баары биринчи жоопто айтылгандар зиммийлерге гана тиешелүү экенине ишарат кылат.

- Ал эми, асыл аяттарда айтылган дин үчүн биз менен согушпаган жана сүрүлүп чыгуубузга жардам бербегендерге жакшылык кылууга уруксат берген далилдерге келсек:

﴿لَا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ لَمْ يُقَاتِلُوكُمْ فِي الدِّينِ وَلَمْ يُخْرِجُوكُمْ مِنْ دِيَارِكُمْ أَنْ تَبَرُّوهُمْ وَتُقْسِطُوا إِلَيْهِمْ إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ الْمُقْسِطِينَ * إِنَّمَا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ قَاتَلُوكُمْ فِي الدِّينِ وَأَخْرَجُوكُمْ مِنْ دِيَارِكُمْ وَظَاهَرُوا عَلَى إِخْرَاجِكُمْ أَنْ تَوَلَّوْهُمْ وَمَنْ يَتَوَلَّهُمْ فَأُولَئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ﴾.

*«Аллах диниңер үчүн силер менен согушпагандарга жана мекениңерден кууп чыгарбагандарга жакышылык кылууңарга жана аларга адилеттүү болууңарга тыюу салбайт. Албетте, Аллах адилеттүүлөрдү жакшы көрөт. Аллах силердин диниңер үчүн силер менен согушкандар, силерди мекениңерден кууп чыккандар жана силерди кууп чыгарууда бири-бирине жардам бергендер менен достошууңарга тыюу салат. Ким алар менен достошсо, алар заалымдар»* [60:8-9]

Бул асыл аяттын түшүү себеби жөнүндө Ибн Касир мындай дейт:

﴿لَا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ لَمْ يُقَاتِلُوكُمْ فِي الدِّينِ وَلَمْ يُخْرِجُوكُمْ مِنْ دِيَارِكُمْ﴾

*«Аллах диниңер үчүн силер менен согушпагандарга жана мекениңерден кууп чыгарбагандарга жакышылык кылууңарга жана аларга адилеттүү болууңарга тыюу салбайт».*

﴿أَنْ تَبَرُّوهُمْ﴾

*«жакышылык кылууңарга»*

﴿وَتُقْسِطُوا إِلَيْهِمْ﴾

*«аларга адилеттүү болууңарга»*

﴿إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ الْمُقْسِطِينَ﴾

*«Албетте, Аллах адилеттүүлөрдү жакшы көрөт»*.

وقال الإمام أحمد: حدثنا عارم، حدثنا عبد الله بن المبارك، حدثنا مصعب بن ثابت، حدثنا عامر بن عبد الله بن الزبير، عن أبيه قال: قدمت قُتَيلة على ابنتها أسماء بنت أبي بكر بهدايا: صِنَاب وأقط وسمن، وهي مشركة، فأبت أسماء أن تقبل هديتها تدخلها بيتها، فسألت عائشة النبي ﷺ، فأنزل الله، عز وجل: ﴿لا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ لَمْ يُقَاتِلُوكُمْ فِي الدِّينِ﴾ إلى آخر الآية، فأمرها أن تقبل هديتها، وأن تدخلها بيتها.

Имам Ахмад айтты: Аарим бизге айтты, Абдулла бин Аль Мубарак айтты, Мусаб бин Сабит айтты, Амир бин Абдулла бин Аль Зубайр атасынын риваятына таянып айтты: Кутайба (Абу Бакр ﵁нун мурунку аялы) кызы Асма бинт Абу Бакрга мейизден жасалган тамак, быштак жана май алып келди. Ал ыйманга келе элек мушрик болчу. Асма анын алып келгенин кабыл алуудан баш тартып, аны үйүнө киргизбей да койду. Аиша ﵂ Пайгамбар ﷺдан сурады. Аллах бул аятты акырына чейин түшүрдү.

﴿لا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ لَمْ يُقَاتِلُوكُمْ فِي الدِّينِ﴾

*«Аллах диниңер үчүн силер менен согушпагандарга жана мекениңерден кууп чыгарбагандарга жакышылык кылууңарга жана аларга адилеттүү болууңарга тыюу салбайт»*

Пайгамбар ﷺ Асма ﵂ энесинин алып келгендерин кабыл алууга жана аны үйүнө киргизүүгө буюрду.

﴿إِنَّمَا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ قَاتَلُوكُمْ فِي الدِّينِ وَأَخْرَجُوكُمْ مِنْ دِيَارِكُمْ وَظَاهَرُوا عَلَى إِخْرَاجِكُمْ أَنْ تَوَلَّوْهُمْ﴾

*«Аллах силердин диниңер үчүн силер менен согушкандар, силерди мекениңерден кууп чыккандар жана силерди кууп чыгарууда бири-бирине жардам бергендер менен достошууңарга тыюу салат»*

﴿وَمَنْ يَتَوَلَّهُمْ فَأُولَئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ﴾

*«Ким алар менен достошсо, алар заалымдар»*

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لا تَتَّخِذُوا الْيَهُودَ وَالنَّصَارَى أَوْلِيَاءَ بَعْضُهُمْ أَوْلِيَاءُ بَعْضٍ وَمَنْ يَتَوَلَّهُمْ مِنْكُمْ فَإِنَّهُ مِنْهُمْ إِنَّ اللَّهَ لا يَهْدِي الْقَوْمَ الظَّالِمِينَ﴾

*«Эй момундар, яхудийлер жана насронийлерди дос тутпагыла! Алардын айрымдары айрымдарына дос. Силерден ким аларга дос болсо, анда, ал ошолордон. Албетте, Аллах залим коумду хидаят кылбайт»* [5:51]

Бул аят дагы жогурда айтылган аят менен үндөш.

Демек, зимма ээлерин майрамдары менен шариятка каршы келбеген сөздөр менен куттуктаса болот. Каапырлардын ичинен зиммий эместерди шариятка каршы келбеген сөздөр менен куттуктаса да болот. Куттуктоо

изги иштерден. Бирок, бул иш асыл аятта айтылган шартка ылайык аларга тиешелүү болушу керек. Дин үчүн биз менен согушпаган, мекенибизден кууп чыкпаган жана ага жардамдашпаган болушу шарт.

﴿لَا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ لَمْ يُقَاتِلُوكُمْ فِي الدِّينِ وَلَمْ يُخْرِجُوكُمْ مِنْ دِيَارِكُمْ أَنْ تَبَرُّوهُمْ وَتُقْسِطُوا إِلَيْهِمْ إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ الْمُقْسِطِينَ﴾

*«Аллах диниңер үчүн силер менен согушпагандарга жана мекениңерден кууп чыгарбагандарга жакышылык кылууңарга жана аларга адилеттүү болууңарга тыюу салбайт. Албетте, Аллах адилеттүүлөрдү жакшы көрөт»*

Бирок, андайлар азыр өтө аз.

Бул жетиштүү деп үмүттөнөм жана эң туурасын Аллах билет.

10-жумаадил аахир, 1443-х.

13-январь, 2022-м.

## Залимдерге берилүү (ыктоо) жана «эки зыяндын жеңили» эрежеси

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Эң оболу сизге ыраазычылык билдирип, берекелүү аракетиңиздерге мактоо айтам жана Жараткан Аллах Тааладан сизди нусратты менен колдошун тилейм. Умматтын кайгысын кетирип, аны мурунку дооруна кайтуусу үчүн Саад бин Муаз сыяктуу нусрат берүүчүлөрдү бул даъватка даярдап берүүсүн сурайм.

Менин эки маанилүү суроом бар, жооп мүмкүн болушунча деталдуу болот деп үмүттөнөм. Жарыяланган жооптор ар дайым деталдуу экенин билем, бирок мен бул маселелерди түшүнүү ар тараптуу болушу үчүн деталдуу түшүндүрмөлөрү менен көптөгөн шарий далилдерди каалаймын. Менин суроомо келсек:

Биринчи: Мусулман басып алынган жерлерде каршы жихад алып барышы үчүн же динди колдоо үчүн залимге (мунафык болобу, фасык болобу, кафир болобу, күч-кубаты, таасири жана пайдалуу жөндөмү бар адамга) таянып, андан эмне үчүн акча же жардам суроосу жайиз эмес?

Экинчи: эгер, мен бир мамлекетте болсом, анын калкынын көбү мусулмандар болсо, анда президенттик шайлоо болуп жатса жана бир талапкерден башка бардык талапкерлер Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүүнү каалабаса, бул талапкер Исламдын кээ бир жактарын сактап калаарын жана Аллах түшүргөн кээ бир нерселер менен өкүм кылгысы келерин билсем. Ал эми, калган талапкерлер ошол мамлекеттин кээ бир тургундарын куугунтук кыларын, Исламдын көптөгөн көрүнүштөрүн жок кылышарын, бузукулук жана дүнүйөкорлук баалуулуктарды жайылтышарын билсем. Элде айтылгандай “жамандын жеңилирегин” деген негизде ал талапкерлердин ичинен жамандыгы азырагын шайласам шарий жактан туура болобу? Ошол эле учурда, мусулмандардын бул кордукту токтотууга күчү жетпейт. Бул таңууланган чындык, эгер мен жаман башкарууга жол берсем, куугунтукка алып мусулман бир туугандарымды өлтүрүшү мүмкүн. А эгер мен добушумду жамандыгы эң аз адамга берсем, анда мен Аллах түшүргөн нерсе менен башкарууну каалабаган адам башкарсын деп кабыл алган адам катары болуп каламбы?

**Жооп**: ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух.

Биринчи: биринчи суроонузга келсек, анын жообу суроонун өзүндө...

1 – Мусулман басып алынган жерлерде каршы жихад алып барыш үчүн же динди колдоо үчүн залимге (мунафык болобу, фасык болобу, кафир болобу, күч-кубаты, таасири жана пайдалуу жөндөмү бар адамга) таянып, андан акча же жардам суроосу эмне үчүн жайиз эмес? – деп сурап жатасың. Сен “залимге таянуу” деген сөзүң менен кудум

Аллахтын бул аяттындагы айтылган нерсеге ишаара кылып жаткандайсың:

﴿وَلَا تَرْكَنُوا إِلَى الَّذِينَ ظَلَمُوا فَتَمَسَّكُمُ النَّارُ وَمَا لَكُمْ مِنْ دُونِ اللهِ مِنْ أَوْلِيَاءَ ثُمَّ لَا تُنْصَرُونَ﴾

*«Зулумдук жолун туткан адамдарга таянбагыла, антсеңер, силерге тозок оту жетет, силер үчүн Аллахтан башка бир да дос жок, кийин (залимдерди ээрчип кетсеңер) силерге (Аллах тарабынан) нусрат берилбейт»* [11:113]

Аяттан зулумдук кылгандарга таянуунун харамдыгына ишарат кылынганы ачык көрүнүп турат, анда мунун жайиздигин кантип сурайсың?!

2 – Куртубинин тафсиринде бул аят боюнча төмөнкүчө айтылган:

"Анын төрт маселеси бар: биринчиси – Алла Тааланын сөзү: "وَلا تَرْكَنُوا" ("таянбагыла"). "Таянуу" – бул бир нерсеге таянуу, сүйөнүү, унчукпай ага ыраазы болуу. Катада айтат : «Алар менен дос болбо, аларга баш ийбе» дегени. Абу аль-Аалия айтат: Алардын амалдарына ыраазы болбоо. Булардын бардыгы маанилеш...

Үчүнчүсү, Анын сөзү: "إِلَى الَّذِينَ ظَلَمُوا" ("зулум кылгандарга"). Айтылды: Ширк ээлери. Айтылды: Адатта алар баш ийбегендер. Ушул мааниде Аллах Таала айткандай: "وَإِذا رَأَيْتَ الَّذِينَ يَخُوضُونَ فِي آياتِنا" ("Эгерде биздин аяттарыбызга (шылдыңга алып келекелеп) тереңдеп киргендерди көрсөң"). Бул тууралуу мурда айтылган. Бул аяттын мааниси боюнча туура түшүнүк – кафир жана баш ийбеген адамдардан, бидъат ээлеринен жана башкалардан кол үзүүгө ишарат кылат. Анткени, алар менен бирге отуруу куфр жана баш ийбестикти билдирет. Себеби, алар менен бирге отуруу бир гана аларды дос жакын тутуудан келип чыгат...

Төртүнчүсү, Алла Тааланын: "فَتَمَسَّكُمُ النَّارُ" ("силерди тозок оту кармайт"). Башкача айтканда, силерди күйгүзөт. Алар менен аралашып, сырдашып коштоп жүрүү менен алардын (Аллахтын аяттарына) каршы пикирлерине, иштерине унчукпай макул болуу менен силерди тозок оту кармайт...".

Бул аяттын тафсиринен көрүнүп тургандай, залимге кайрылуунун, таянуунун, сүйөнүүнүн харам экендиги шексиз. Залим кафир болобу же баш ийбеген мусулман болобу, айырмасы жок. Зулумга таянуу – зулумду ыраа көрүп, ага таянуу, ага моюн сунуу, ага ыктоо, сүйөнүү, аны мактоо жана зулумуна унчукпоо ж.б.у.с.. Мунун баары рукунга (таянууга) кирет жана асыл аят менен тыюу салынган.

3 – Сиздин суроонуз боюнча, залим – кафир аким болушу мүмкүн, азыркы мусулман акимдериндей Исламдан башка нерсе менен өкүм кылган баш ийбеген аким же мунафык болушу мүмкүн...

а) Эгер, аким кафир болсо, андан жардам суроо шарият боюнча жаиз эмес, жада калса жихад кылуу үчүн андан акча алуу да харам. Анткени,

андан акча алуу албетте андан акча алган тараптын үстүнөн бийлик берүүгө алып келет. Айрыкча бул согушуп жаткан жамааттарда жана элдик кошуундарда бул көзгө көрүнөрлүк көрүнүш. Алар каржылаган өлкөлөрдүн барымтасына айланышат. Алардын чечимдери узурпацияланат. Себеби, кимде-ким иштин чындыгынан кымындай да кабары бар болсо, ал өлкөлөр каржылаган акчасын садага катары бербей турганын түшүнөт. Дүйнөдөгү ар кандай мамлекет өзүнүн жарандарынан башка тарапка жардам катары берген акчанын баарын белгилүү бир максаттарга жетүү үчүн берет жана ал жардам алган тараптын кызыкчылыгын эч качан ойлобойт... Демек, жеке адамдардын, топтордун жана элдик кошуундардын кафир чет өлкөлөрдөн жихад үчүн акча алып, баскынчы менен согушуулары албетте чет элдик менен болгон байланыш жана саясий жанкечтилик. Бул нерсе кафирлерге мусулмандардын үстүнөн үстөмдүк берет. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَنْ يَجْعَلَ اللهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلاً﴾

*«Аллах момундар үстүнөн кафирлерге эч качан жол бербейт»* [4:141]

б) Ал эми, мусулман өлкөлөрүндөгү азыркы акимдердин вакыйы сыяктуу асий (Аллахтын өкүмүнө моюн сунбаган) акимдер болсо сыртка жардам берүүдө кандайдыр бир максаттарга жетүү үчүн гана берет. Бул максаттар көбүнчө кафир мамлекеттердин сызып берген пландарына кирет, себеби мусулман акимдер кафир колонизатор мамлекеттердин малайлары... Демек мусулман өлкөлөрүндө кандайдыр бир аким менен байланышып, андан жардам жана колдоо алган жамаат аны каалагандай башкарган акимдин колундагы куралга айланат. Шамда көптөгөн жамааттар жана уюмдар региондогу өлкөлөр тарабынан аларга берилген ыплас саясий акчага көз карандылыгына күбө болуп жатабыз... Шам жергесинде жардам алып жаткан бул жамааттар аларга аң казып ыплас саясий жардам берип жаткан тараптарды четке какпастан, тескерисинче аларды мактап, аларга берилгендигин көргөзүп жатышкандыктарына күбө болуп жатабыз... Албетте, булардын баары да харам, анткени мусулмандардын укуктарына жана максаттарына жетүүдө кайдыгерликке алып келип, жардам берип жаткан залимдин кулу жана Умматка, динине чыккынчы кылып коёт.

4 – Аллах жолунда жихад жана динди колдоо кафир акимдерден же залим акимдерден жардам суроо менен болбойт. Анткени, кафир акимдер мусулмандардын душмандары, уммат аларга каршы туруп, аларга каршы күрөш алып баруулары важиб. Аларга каршы жихад кылуу алардан жардам алуу деп элестетилбейт. Бул ачык көрүнүп турган карама-каршы нерсе. Тескерисинче, жихад жана динди колдоо – бул Умматка таянуу жана аны күч-кубат булагы кылып алуу менен болот.

Мусулман өлкөлөрүндөгү залим акимдер – кафирлердин колундагы курал. Мусулман адамдын кафирлер менен күрөшүү жана динди колдоо үчүн кафирлердин колундагы курал болгон залим мусулман акимдерден жардам алып жатканын кантип элестетүүгө болот? Алар Уммат душмандары кафирлердин колунда арзан курал болуп, Умматка эң оор азаптын даамын таттырып, чынчыл мужахиддер менен калыс даъватчыларга каршы күрөшүп жаткандыктарын уланытып жатышса?!

Экинчи: экинчи суроонузга келсек:

Биз буга чейин 2010-жылы 29-августа эки жамандыктын жеңили (же сиз өз суроонузда айткандай: "жамандын жеңилиреги") эрежеси жөнүндө кеңири жооп бергенбиз. Бул анын тексти:

"Эки жамандыктын жеңили же эки зыяндын жеңили" деген эреже.

Бул бир катар факих аалымдардын ою боюнча шаръий өкүм. Аны карманган аалымдардын ою боюнча, бул бир маанини билдирет, бул эки харам амалдын бирин жасоого уруксат дегенди... Башкача айтканда, эки харамдын жеңилин кылуу дегенди. Эгерде, мукалаф адам (шарий фарз моюнунуна жүктөлгөн адам) эки харамдын бирин гана кылууга кудуретти жетсе. Экөөнү бирдей таштап койууга кудуретти жетпесе. Анткени, экөөсүн бирдей таштап койуу анын мүмкүнчүлүгүнөн тышкары.

Аллах Таала айтат:

﴿لَا يُكَلِّفُ اللّٰهُ نَفْساً إِلَّا وُسْعَهَا﴾

*«Аллах эч бир жанды мүмкүнчүлүгү жетпеген нерсеге буюрбайт»* [2:286]

﴿فَاتَّقُوا اللّٰهَ مَا اسْتَطَعْتُمْ﴾

*«Ошондуктан, күчүңөр жеткенче Аллахтан корккула»* [64:16]

Тактап айтканда, бул өкүмдү айткандардын ою боюнча, харам иштерден тыйылуу мүмкүн болбосо гана колдонулат. Башкача айтканда, эки харамды бирдей таштоо мүмкүн болбостон, бир чоң харамды кылууга түртө турган иш болуп жеңилирек харамды кылуу иши. Ошондой эле, бул аалымдар эки жамандыктын жеңилирээгин напсилерге карап эмес, шаръий өкүмгө карап коюшат. Бир жанды сактоого караганда эки жанды сактоо маанилүү, экөөнө карганда үчөө маанилүү ж.б.у.с. Өзүн сактоо мал-мүлкүн сактоодон жогору турат. Дарул Исламды сактоо динди сактоого кирет жана өзүн жана байлыгын сактоодон да жогору турат. Жихад жана Ислам мамлекетин сактоо диндин эң биринчи зарыл нерселериндеги сактоого кирет. Аалым Шатиби «Мувафакатта» мындай деген: "Жандар урматталат жана сакталат жана аларды тирүү сактап калуу талап кылынат. Андыктан, эгер иш жанды сактап калуу менен мал-мүлкүн жок кылуунун ортосунда болсо, же жанды жок кылуу менен мал-

мүлктү сактап калуунун ортосунда болсо, анда жанды сактап калуу ылайыктуураак...”.

Бул аалымдардын эрежени колдонууда келтирген мисалдары:

1 – Эненин төрөтү кыйындап, энени да, түйүлдүктү да сактап калуу кыйындаса. Анан тез чечим кабыл алуу муктаждыгы жаралса: же энени сактап калуу бул түйүлдүктүн өлүмүн талап кылат же түйүлдүктү сактап калуу бул эненин өлүмүн талап кылат. А эгер, алардын биринин өлүмү экинчисин куткарыш үчүн амалсыз калтырылса, же экинчисинин өлүмү аркылуу бирин куткарып калуу амалсыз калтырылса, экөөнүн тең өлүмүнө себеп болушу мүмкүн. Андай учурда эки жамандыктын женилиреги же харамдын харамы азыраагы же эки зыяндын кичинеси деп айтылат. Бул учурда бул куткарылгысы келген адамды, башкача айтканда энени куткара турган иш-аракетти кылынат, бул аракет экинчисин өлтүрүүгө түртүп жатса да.

2 – Эгер бир адам башка бирөө тарабынан сууга чөктүрүлүүгө же өлтүрүлүүгө дуушар болсо. Же анын денесине жана органдарына катуу зыян келтирүү болсо, же зына үчүн аялга кол салуу болсо, бул жамандыктарды алдын алууга кудурети жете турган эсеп-кысаптуу адам бул иштерди токтотууга аракет кылса, ошол эле учурда, ал адамдын убактысын өткөрүп жибериши мүмкүн болгон фарз намазы бар болсо. Же ал адам бул харам иштерди токтотууга аракет кылат да өз милдети болгон фарз намазын аткаруудан куру калат. Же фарзын аткарат да бул харам иштер болуп кетет. Экөөнү тең бир убакытта кылууга убакыт жетпейт. Бул жерде эреженин колдонулушу келет. Салыштыруу тартиби дагы шарият тарабынан камсыздалып, жогоруда айтылган тыйуулар алдын алынышы жогоруда аталган фарзды аткарууга караганда көбүрөөк ишеничтүү. Эки фарзды чогуу аткаруу мүмкүн болсо, анда фарз болот.

3 – Булар жана эки имам – Аллах аларды ырайым кылсын – Аль-Газали жана Изеддин бин Абдул-Салам айткан башка мисалдарда эки жамандыктын жеңилиреги эрежесин кантип ишке ашыруу керектиги көрсөтүлгөн. Ошондой эле, ал өкүмдөрдүн ортосундагы балансты да көрсөтөт. Изеддин өзүнүн «Кавааидул-ахкам фи масалих аль-анам» китебинде мындай деген: “Эгер таза эле жамандыктар чогулуп калса, аларды кайтарууга мүмкүн болсо, биз аларды кайтарабыз. Ал эми , кайтаруу мүмкүн болбосо, анда биз эң жаманды жаман менен, эң төмөндү төмөн менен кайтарабыз...”. Анан мисалдарды келтирип мындай деди: “Мусулманды өлтүрүүгө мажбурлануусу, эгер баш тартса өлтүрүлөт. Өлтүрүлүүгө сабыр кылуу менен өлтүрүүнүн жамандыгын алдын алуусу керек. Анткени, анын өлтүрүлүүгө болгон сабыры, аны жасоого караганда зыяны азыраак... Башкача айтканда, ал башканы өлтүрбөстөн өзү өлүп кеткенинин зыяны азыраак. Бул эки жамандыктын же эки

харамдын жеңилин тандап алууга ачык мисал, анткени ал эки иштин биринен да кутула албайт, эгер ага эки жамандыкты же харам ишти жасабоо мүмкүнчүлүгү табылса, анда сөзсүз түрдө ошондой кылуу важиб болот".

Ал дагы бир мисалда мындай деди: «Эгер, ал жалган күбөлүккө өтпөсөң же жалган өкүм чыгарбасаң , өлтүрүлөсүң деп мажбурланса, ошол эле нерсе колдонулат. Эгерде, мажбурлоо аны өлтүрүлүшүнө жалгандан күбөлүк кылуу, же өлүм жазасына тартуу, же бир мүчөсүн кесүү, же харам жыныстык катнашты баштоо үчүн боло турган болсо күбөлүккө өтүү да, өкүм берүү да жаиз эмес. Анткени өлтүрүлүүгө моюн сунуу мусулманды күнөөсүз өлтүрүлүшүнө, же кылмышы жок эле бир мүчөнү кесип салынышына, же харам жыныстык катнашты баштоого себеп болуудан жакшыраак...». Тактап айтканда, же өлтүрүлөсүң, же башка бирөөнүн өлүмүнө алып баруучу, же анын бир мүчөсүн кесип салууга, же анын ар-намысына шек келтире турган жалгандан күбөлүк берсиң делсе, күбөлүк берүүсү жаиз эмес, бирок өлтүрүлүүгө сабыр кылуусу жакшыраак. Анткени анын өлтүрүлүшүнө моюн сунуусу жалган күбөөлүк бергени себебтүү башка бир мусулмандын өлтүрүлүшүнөн жакшыраак...

Тактап айтканда, эки харамдын же эки жамандыктын жеңили менен амал кылуу абалы эки харамдын баарынан сактанууга же алардын баарын кайтарууга кудурети жетпеген абал.

Булар эки жамандыктын жеңилин колдонууну эрежесин айткан аалымдардын айткан мисалдары. Сарай уламалары кожоюндарынын айткандарына жараша же мусулмандарды адаштырып шаръий өкүмдөрдөн тайышын каалагандар тарабынан айтылган мисал эмес....

Тиги харам бул харамдан жеңилирек өкүмүн колдонгондор- камалып кетиштен же жумушунан бошоп калуудан корккондугун айтып актанса, анда бул өкүмдөн эмес.

Ошо сыңарындай эле, бардык мамлекеттик кызматтарды бузукулукка калтырбайлы, анткени өкүмдү аларга тапшыруу чоңураак харам, ошондуктан биз куфр өкүмдөрүнө харам болсо да ага катышабыз дегендер. Бул эреженин туура колдонулушунун көрүнүшү эмес, тескерисинче кафир араккана ачып, ал акча тапкандын ордуна аны биз ачып, андан акча табабыз дегенге окшош...

Адам эки харам нерсеге туш келсе, бирок экөөнөн тең тыйыла турган мүмкүнчүлгү бар абалда эки харамдын жеңилин колдонуу эрежесине кирбейт. "Ал светтик, кафир, адепсиз болсо да, баланчаны шайла, же баланчаны колдоп, башканы колдобо" дегендердин сөзү сыяктуу. Анткени, биринчиси бизге жардам берет, экинчиси бизге жардам бербейт же ушуга окшогондор. Бул жерде айтылган: бизге сунушталган эки

маселе тең харам, ошондуктан светтик бир адамды шайлоого да, аны бир мусулмандын пикирине өкүл кылып дайындоо да болбойт. Анткени, ал Исламды карманбагандыктан, мыйзам чыгаруу, харам долбоорлорду бекитүү сыяктуу өкүлгө уруксат берилбеген харам иштерди жасаганы үчүн. Харам нерселерди талап кылуу, кабыл алуу жана ээрчүү сыяктуу. Жалпысынан жакшылыктан тыйып, жамандыкка буюруйт. Демек, алардын бирин да шайлоо жаиз эмес. Анткени, тигини же муну тандоо харам. Тигини же муну шайлабоо мүмкүнчүлүктүн ичине кирет.

Мусулман адам кабылган бул эки харам, ал экөөнөн тең тыйыла мүмкүнчүлгү бар. Ошондуктан, ал өзүнүн каалоосуна жараша эки харам амалдан тыйылуу кыйын деп, алардын жеңилин атайылап тандоосу “эки жамандыктын жеңилин” колдонуу эрежесине кирбейт! Тескерисинче, шарият өкүмдөрүнө ылайык мүмкүн болушунча, бардык тыюулардан сактануу важиб.

Бул “эки жамандыктын жеңили” же “эки зыяндын кичирээги” эрежесинин колдонуу көрүнүшү мурунку суроо-жооптун цитатасы бүттү.

Бул жетиштүү деп үмүттөнөм, Аллах – Билүүчү жана Даанышман.

23-зулхижжа, 1444-х.
11-июль, 2023-м.

## Түштү айтуу жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Интернеттеги өздүк бетимде түштү айтуу жайизби же бул риябы? Мисалы, жеке өзүмө тиешелүү жана абдан маанилүү түш.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух...

Түштү айтуугა кайрылсак, Бухарий Абу Саид Худрийден Расулуллах ﷺдын мындай дегенин укканын риваят кылат:

«إِذَا رَأَى أَحَدُكُمُ الرُّؤْيَا يُحِبُّهَا، فَإِنَّهَا مِنَ اللهِ، فَلْيَحْمَدِ اللهَ عَلَيْهَا وَلْيُحَدِّثْ بِهَا، وَإِذَا رَأَى غَيْرَ ذَلِكَ مِمَّا يَكْرَهُ، فَإِنَّمَا هِيَ مِنَ الشَّيْطَانِ، فَلْيَسْتَعِذْ مِنْ شَرِّهَا، وَلاَ يَذْكُرْهَا لِأَحَدٍ، فَإِنَّهَا لَنْ تَضُرَّهُ»

«Эгер, силердин бирөөңөр өзү жакшы көргөн түштү көрсө, бул түш Аллахтан. Ошондуктан, ал Аллахка мактоолорду жолдоп, түшүн айтып берсин. Эгер, өзү жаман көргөн түштү көрсө, бул түш шайтандан. Ошондуктан, Аллахтан бул түштүн жамандыгынан баанек сурасын жана бул түштү эч кимге айтпасын, мына ошондо бул түш ага эч кандай зыян жетирбейт».

Ал эми, түштү айтуу риябы же рия эмеспи, муну өзүңүз белгилейсиз. Аллах сизди бардык жакшылыктарга жетиштирсин жана жардам берсин.

4-зул-каъда, 1434-х.
10-сентябрь, 2013-м.

## Хавл жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Хавл бул жыл да, жыл эсеби да эмес. Ал экөөсүнөн айырмаланып, 10 айды түзөт. Аллах Тааланын:

﴿وَحَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلَاثُونَ شَهْرًا﴾

*«Аны (боюнда) көтөрүү жана аны (сүттөн) ажыратуу (мөөнөтү) отуз ай»* [46:15]

деген аятына ылайык хавл мына ушундай. Эгер, отуз айдан тогуз ай кош бойлуулук убагын алып салсак, жыйырма бир ай калат т.а. бир хавл он жарым айга барабар экени ачыкталат. О.э. Аллах Тааланын ушул каламы:

﴿يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾

*«Толук эки хавл эмизишет»* [2:233]

Т.а. төрөгөндөн кийин жыйырма бир ай дегени. Демек, зекет да ар он жарым айда болот жана бул ар жети жылда сегиз ирет зекет беришибизди түшүндүрөт.

**Жооб**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Чамасы, сурооңузду Ислам саламы менен баштоого убактыңыз жетпеген көрүнөт! Кандай болбосун, макул, сиздин ордуңузга өзүбүз саламды коюп, жообубуздан мурда алик алып коё бердик! Акыры, саламга бакылдык кылбашыңыз жакшы эмеспи, эй Карим?!

Сурооңузга эки сабабтан улам жооп бербеймин деген фикир келген эле. Биринчиси, жыл маанисиндеги хавл «حول» лугатта да, шариятта да сабит нерсе. Экинчиси, сиз жооб алуу үчүн суроо бербей жатасыз. Сиз өзүңүзгө «хавл он жарым айды түзөт» деп чечип алгансыз жана анын үстүнө – суроодо келгендей – ибадат т.а. зекетти белгилеп алгансыз!

Бирок, бул маселени ар тараптуу ойлонуп көргөн соң, сурооңуз кээ бир инсандарды чалгытып койбошу үчүн жооб берүүнү туура деп чечтим. Аллахтын тавфики менен, кеп мындай:

Биринчиден: лугатта хавл «حول» мааниси жыл же жыл эсеби деп келет. Бул сөз абдан белгилүү болгондуктан айрым энциклопедияларда хавлга түшүндүрмө берилбестен эле жыл же жыл эсеби деп келген. Кудум бул сөз бардык адамдар тарабынан моюнга алгандай! Хавл «حول» сөзүнүн мааниси жөнүндө айрым лугаттардан үзүндүлөрдү көрсөтүп өтөмүн:

– «Лисанул араб»: «حول» сөзү «عام» жыл маанисин түшүндүрүп... анын көптүк мааниси «أعوام» болот.

– «Сихаху тажил лугат ва сихахул арабийя»: Хавл «حول» сөзү жыл маанисин билдирет.

– «Комусул мухит»: «حول» сөзү жыл маанисин билдирет. «حول» сөзүнүн көптүп мааниси: أَحْوالٌ, حُؤولٌ, حُوُولٌ.

– «Тажул урус»: Хавл «حول»: өзүнүн өзгөрүшү, күндүн айлануусу жагынан алганда жыл маанисин түшүндүрөт.

– «Комусул фикхий»: «حول» сөзү жыл маанисин түшүндүрөт.

Экинчиден, Куръани Карим ачык-айкын арабча сөз болуп, ал араб тилинде тафсир кылынат, ушул сабабтан улам тафсирлерде минтип келген:

– Тафсири Табарий – Жамиул баян Т Шакир (5-31):

Абу Жаъфар айтат: «Аллах Тааланын ﴿حَوْلَيْنِ﴾ сөзү эки жыл дегенди түшүндүрөт. Мага Мухаммад ибн Амр хадис риваят кылган: Бизге Абу Асим Исадан, ал Ибн Абу Набихтен, ал Мужахидден хадис риваят кылды,

﴿وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾

*«Энелер балдарын толук эки хавл эмизишет»* [2:233]

деген эки хавл эки жылды билдирет».

– Зажжаждын «Маанил Куръан ва эърабуху» (1\312):

﴿حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾ *«толук эки хавл»* – бала төрөлгөн күндөн баштап, эмчектен чыккан чейинки жыйырма төрт ай.

Тафсири Багавий - Тайййиба (1-277):

﴿حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾ *«толук эки хавл»* т.а. эки жыл. Бул «Камал»да да айтылган.

Үчүнчүдөн: Эми сиз ушул:

﴿وَحَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلَاثُونَ شَهْرًا﴾

*«Аны (боюнда) көтөрүү жана аны (сүттөн) ажыратуу (мөөнөтү) отуз ай»* аятын айтып, кийин кош бойлуулук 9 ай болот, бул 9 ай алынган соң 21 ай калат деп:

﴿وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ لِمَنْ أَرَادَ أَنْ يُتِمَّ الرَّضَاعَةَ﴾

*«Энелер балдарын толук эки хавл эмизишет. (Бул хукм) эмизүүнү толук кылмакчы болгон адамдар үчүн»,* аятында айтылган эки хавл 21 айды түзөт деген сөздөрүңүзгө келсек, сиз түшүнүүдө жана өлчөөдө жаңылышкансыз! Сиз кош бойлуулук мөөнөтүн тогуз ай гана болот деп ойлогонсуз, бул болсо туура эмес. Себеби, кош бойлуулук мөөнөтү алты ай, жети ай, сегиз ай жана тогуз ай болот. Бирок, хавл 12 ай болушу анык-сабит. Ошондуктан, ушул эки аяттын тафсири мындай болот:

﴿وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾

*«Энелер балдарын толук эки хавл эмизишет»* аяты, энелер толук эки жыл (24 ай) эмизишет деген маанини билдирет жана:

﴿وَحَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلَاثُونَ شَهْرًا﴾

*«Аны (боюнда) көтөрүү жана аны (сүттөн) ажыратуу (мөөнөтү) отуз ай»* аяты, кош бойлуулуктун эң аз мөөнөтү алты айды түзөт, анткени, эмизүүнү толук кылуу т.а. 24 айда аягына жетет. Демек, эң аз кош бойлуулуктун убагы 30-24=6 ай болот. Бул бардык фукахалар арасында белгилүү болуп, бул туурасында ихтилаф кылышпаган.

Төртүнчүдөн: Ошентип, сиз түшүнүү жана өлчөөнү жакшы жүргүзбөгөнсүз, натыйжада, өзүңүз сабит-анык хавлды өзгөртүп алгансыз, кийин ушул өзгөртүп алганыңызды сабит-анык кош бойлуулук мөөнөтү деп алгансыз! Акыбетте, аятка тескери маани берип, хавл он жарым айды түзөт деген тыянак чыгаргансыз. Бул жаңылыштык гана болуп калбастан, адашуу дагы!

Маселе айкындашкан болсо керек деп ойлоймун... Аллах сизди иштериңизде рушд-хидаятка баштасын.

10-жумадус-саний, 1438-х.
9-март, 2017-м.

## Даъватты колдон келгенче көтөрүп чыгуу

**Суроо**: ассаламу алайкум амирибиз. Мен мамлекетти тикелөөгө аракет кылуу жөнүндө сурап жатам. Бул аракет үчүн менин мүмкүнчүлүгүм жок.

Жообуңузду күтөмүн.

Мага жол көрсөтүүңүздү суранам, эмне кылайын, ким менен болоюн, билбей калдым. Сизден Аллах акысы сурап жатамын, эмне кылайын?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Бурадар, Аллах эч бир жанга мүмкүнчүлүгүнөн ашыкча нерсени жүктөбөйт. Даъват ишинде адамдардын мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүү болот, адамдар аны мыкты аткарууда жана чырайлуу жеткирүүдө бири-биринен айырмаланат. О.э. илимий жана пикирий жаатты өздөштүрүүдө, маселелерди хикмат менен баян кылууда да айырмачылык болот. Аллахтын Китебиндеги жана Расулу ﷺдын суннатындагы маалыматтарды зээнге киргизүүдө да адамдардын мүмкүнчүлүгү ар түрдүү. Булар инсаниятта бар нерселер. Аллах тарабынан жүктөлгөн вазыйпалар ушул мүмкүнчүлүктөргө карап аткарылат. Бул нерселер Куръани Каримде жана хадиси шарифтерде анык баян кылынган.

Аллах Субханаху айтат:

﴿لَا يُكَلِّفُ اللَّهُ نَفْسًا إِلَّا وُسْعَهَا﴾

*«Аллах эч бир жанга мүмкүнчүлүгүнөн ашыкча нерсени жүктөбөйт»* [2:286]

﴿لَا يُكَلِّفُ اللَّهُ نَفْسًا إِلَّا مَا آتَاهَا﴾

*«Аллах эч бир жанга Өзү ага тартуу кылгандан ашыкча нерсени жүктөбөйт»* [65:7]

Расулуллах ﷺ айтат:

«لَا تَحْقِرَنَّ مِنَ الْمَعْرُوفِ شَيْئًا وَلَوْ أَنْ تَلْقَى أَخَاكَ بِوَجْهٍ طَلْقٍ»

«Кичине маъруф ишти да арзыбас санабагын, жада калса бурадарыңды ачык маанай менен тосуп алышың болсо да». (Имам Муслим риваяты).

«بَلِّغُوا عَنِّي وَلَوْ آيَةً»

«Менден бир аят болсо да жеткиргиле». (Имам Бухарий риваяты).

Зайд ибн Сабит Набий ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«نَضَّرَ اللهُ اِمْرءًا سَمِعَ مِنَّا حَدِيثًا فَحَفِظَهُ فَبَلَّغَهُ فَرُبَّ حَامِلِ فِقْهٍ لَيْسَ بِفَقِيهٍ»

«Бизден бир хадисти угуп, жаттап алып, башкага жеткирген кишинин жүзүн Аллах нурдуу кылсын. Анткени, кээде билимди жеткирип жаткан кишинин өзү факих болбойт». (Табароний, «Кабир»).

Бурадарым! Сиз колуңуздан келгенче маъруфка буйруп, мункардан кайтарыңыз. Бир же эки аят болсо да жеткире бериңиз. Себеби, бул иште Куръани Каримди жана хадиси шарифти жаттагандардан болууңуз шарт

эмес. Жада калса, маъруфка буйруп, мункардан кайтарууда да мүмкүнчүлүгүңүзгө карап аткара бериңиз. Аллахтан жардам сурап, Ага тобокел кылыңыз. Аллах салих амал кылуучуларды дос тутат.

24-рамазан, 1441-х.
17-май, 2020-м.

# Курамында хамр же спирт болгон атырларды колдонгон имамдын артында намаз окуу жөнүндө

**Суроо**: амирибиз, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Биз, камактагы туткун Хизб жигиттерибиз. Бизде олуттуу бир проблема бар. Бизге белгилүү болгондой, курамында хамр болгон атырлар жана дарылар нажасат болуп эсептелет. Бирок, камакта биз анын артында намаз окуп жаткан имам ушундай атырлардан пайдаланат жана өзүнүн айтышы боюнча фатва китептеринен далил келтирет. Ошондуктан, биз экиленип калабыз. Биз бул имам артында намаз окуубуз жайизби? Урматтуу амир, биз мүмкүн болушунча батыраак жоопко муктажбыз. Сиздин жообуңузду күтөбүз. Аллах сизди эң жакшы сыйлыктар менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Курамында хамр же спирт болгон атырлардан пайдаланып жаткан бул имамдын артында туруп окулган намаз дурус болот жана батыл болбойт. Себеби, арам иш кылган мусулмандын артында туруп намаз окуу жайиз болуп, күнөөсү имамдын өзүнө болот. Буга далил ушулар:

1 – Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«يُصَلُّونَ لَكُمْ، فَإِنْ أَصَابُوا فَلَكُمْ، وَإِنْ أَخْطَئُوا فَلَكُمْ وَعَلَيْهِمْ»

«Алар силерге (имамдык кылып) намаз окушат. Эгер, туура окушса сообу силерге, эгер туура эмес окушса, сообу силерге, күнөөсү өздөрүнө болот». «Сообу силерге, күнөөсү өздөрүнө» деген сөздүн мааниси: намаздын сообу силерге, алар кылган катанын жазасы өздөрүнө болот, дегени.

2 – Муслим Абдуллах ибн Сомиттен, ал Абу Зардан риваят кылат, Абу Зар айтты: Мага Расулуллах ﷺ мындай деди:

«كَيْفَ أَنْتَ إِذَا كَانَتْ عَلَيْكَ أُمَرَاءُ يُؤَخِّرُونَ الصَّلَاةَ عَنْ وَقْتِهَا؟ - أَوْ - يُمِيتُونَ الصَّلَاةَ عَنْ وَقْتِهَا؟ قَالَ: قُلْتُ: فَمَا تَأْمُرُنِي؟ قَالَ: صَلِّ الصَّلَاةَ لِوَقْتِهَا، فَإِنْ أَدْرَكْتَهَا مَعَهُمْ، فَصَلِّ، فَإِنَّهَا لَكَ نَافِلَةٌ»

«Эгер сенин үстүңдө намазды убагынан кечиктире турган же намаздын убагын өткөрүп жибере турган амирлер болсо эмне кыласың? Мен: Мени эмнеге буюрасыз? – дедим. Ошондо Расулуллах ﷺ айтты: Сен намазды өз убагында окугун. Эгер алар менен бирге намаз үстүнөн чыксаңар, дагы окугун, себеби, бул намаз сага нафл болуп калат». Бул хадистин мафхуму: эгер залим амирлер намазды өз убагында окушса алардын артында намаз окуу дурус болот.

3 – Белгилүү болгондой, ханафийлер жана шафиийлер фасиктин артында окулган намаз макрух болот, бирок, сахих (дурус) боло берет (батыл болбойт) дешет. Күнөө мусулмандар менен намаз окуп, бирок,

мусулмандар аны жаман көргөн имамга түшөт. Термизий Абу Умамадан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«ثَلاَثَةٌ لاَ تُجَاوِزُ صَلاَتُهُمْ آذَانَهُمْ: العَبْدُ الآبِقُ حَتَّى يَرْجِعَ، وَامْرَأَةٌ بَاتَتْ وَزَوْجُهَا عَلَيْهَا سَاخِطٌ، وَإِمَامُ قَوْمٍ وَهُمْ لَهُ كَارِهُونَ»

«Үч тайпа адамдын намазы кабыл болбойт: качкын кул кайтып келмейинче, эрин нааразы кылып түндү өткөргөн аял жана коуму жаман көргөн имам».

4 – Тыянак ушул, силер таква, салих имамдын артында намаз окушуңар абзелирээк. Бирок, курамында спирт болгон атырларды адал санаган ошол имамдын артында намаз окуп калсаңар намазыңар сахих боло берет жана күнөөсү ошол имамга болот.

Кандай болбосун, силер одеколон жана ага окшогон курамында спирт болгон атырлардын арамдыгы жөнүндө насаат сурагыла о.э. спирт аралашкан атырлардын арамдыгы жөнүндөгү төмөндөгү жоопту ага бергиле. Мүмкүн – Аллахтын уруксаты менен – ал хидаят табар.

Курамында спирт болгон атырларга карата айта турган болсок, мындай атырларга хамрдын өкүмү ылайык келет. Муслим Ибн Умардан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«كُلُّ مُسْكِرٍ خَمْرٌ، وَكُلُّ مُسْكِرٍ حَرَامٌ»

«Ар бир мас кылуучу нерсе – хамр жана ар бир мас кылуучу нерсе – арам».

Абу Давуд Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مَا أَسْكَرَ كَثِيرُهُ، فَقَلِيلُهُ حَرَامٌ»

«Аз көлөмдө да, чоң көлөмдө да мас кылган нерсе – арам».

Расулуллах ﷺ хамр деп аталган суюктукту баян кылып берди. Аз көлөмдөгү же чоң көлөмдөгү мас кылуучу нерсе – хамр. Бул орунда атыр, одеколон жана ушуга окшогон нерселер аз же көп көлөмдө ичилсе мас кылабы же мас кылбайбы муну аныктоо зарыл. Эгер, мас кылса, ал да хамр болуп эсептелет жана ага хамрдын хадисте келген өкүмдөрү ылайык келет. Хаким Мустадракта Абдуллах ибн Абдуллах ибн Умардан, ал атасынан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«لَعَنَ اللَّهُ الْخَمْرَ، وَلَعَنَ سَاقِيهَا، وَشَارِبَهَا، وَعَاصِرَهَا، وَمُعْتَصِرَهَا، وَحَامِلَهَا، وَالْمَحْمُولَةَ إِلَيْهِ، وَبَايِعِهَا وَمُبْتَاعَهَا، وَآكِلَ ثَمَنِهَا»

«Аллах хамрды наалаттады, аны куюп бергенди, ичкенди, эзип чыгарганды, эзип чыгартканды, көтөргөндү, ага көтөрүп алып барылганды, сатканды, сатып алганды, акчасын жегенди наалаттады».

Суюктуктарга аралашкан спирт затынын таасири жөнүндө адистердин айтышынча, бул суюктук ичилсе мас кылат. Расулуллах ﷺ:

«كُلُّ مُسْكِرٍ خَمْرٌ، وَكُلُّ مُسْكِرٍ حَرَامٌ»

«Ар бир мас кылуучу нерсе – хамр жана ар бир мас кылуучу нерсе – арам», дегени үчүн курамында спирт болгон атырларга хамрдын өкүмдөрү ылайык келет.

Мен дагы айтамын, силердин насаатыңар чырайлуу, хикматтуу ыкмада болушу керек. Эгер, ал хидаят тапса, жакшы. Эгер, хужжат келтирип өзүнүн ишинде бекем туруп алса, эмнеси болсо да, силер ага насаат айткыла. Инша Аллах, бул үчүн силерге ажр-сооп бар.

10-мухаррам, 1435-х.
13-ноябрь, 2013-м.

## Курамында спирт болгон атырлар жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум. Курамында спирттин айрым түрлөрү болгон атырларды колдонуунун өкүмү жөнүндө түшүндүрүп беришиңизди каалар элем.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух...

Курамында спирт болгон атырларга карата айта турган болсок, мындай атырларга хамрдын өкүмү ылайык келет. Муслим Ибн Умардан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«كُلُّ مُسْكِرٍ خَمْرٌ، وَكُلُّ مُسْكِرٍ حَرَامٌ»

«Ар бир мас кылуучу нерсе – хамр жана ар бир мас кылуучу нерсе – арам».

Абу Давуд Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مَا أَسْكَرَ كَثِيرُهُ، فَقَلِيلُهُ حَرَامٌ»

«Көбү мас кылган нерсенин азы да арам».

Расулуллах ﷺ хамр деп аталган суюктуктун эмне экенин баян кылып берди. Аз көлөмдө болсун, көп көлөмдө болсун, ар бир мас кылуучу нерсе – хамр. Бул орунда атыр, одеколон жана ушуга окшогон нерселерди аз же көп ичилсе мас кылабы, мас кылбайбы муну аныктоо керек. Эгер, мас кылса ал да хамр эсептелет жана ага хамрдын хадисте келген өкүмдөрү ылайык келет. Хаким Мустадракта Абдуллах ибн Абдуллах ибн Умардан, ал атасынан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«لَعَنَ اللَّهُ الْخَمْرَ، وَلَعَنَ سَاقِيهَا، وَشَارِبَهَا، وَعَاصِرَهَا، وَمُعْتَصِرَهَا، وَحَامِلَهَا، وَالْمَحْمُولَةَ إِلَيْهِ، وَبَايِعِهَا وَمُبْتَاعَهَا، وَآكِلَ ثَمَنِهَا»

«Аллах хамрды наалаттады, аны куюп бергенди, ичкенди, сыгып чыгарганды, сыгып чыгартканды, көтөргөндү, көтөрүп ага алып барылганды, сатканды, сатып алганды, акчасын жекенди наалаттады».

Суюктуктарга аралашкан спирт затынын таасири жөнүндө адистердин айтышынча, бул суюктук ичилсе мас кылат. Расулуллах ﷺ:

«كُلُّ مُسْكِرٍ خَمْرٌ، وَكُلُّ مُسْكِرٍ حَرَامٌ»

«Ар бир мас кылуучу нерсе – хамр жана ар бир мас кылуучу нерсе – арам» дегени үчүн курамында спирт болгон атырларга хамрдын өкүмдөрү ылайык келет.

21-ражаб, 1434-х.
31-май, 2013-м.

## Спирт жана андан пайдалануу туурасында

**Суроолор**:

1 – Ghadeer Rooz: Азыр спирттин мас кылуу касиетин жок кылуу үчүн ага уу заттар кошула турган болуп калды. Ошондон кийин ал мас кылуучу эмес, уу затка айланып калат. Бул орунда суроо мындай, атырдагы уулуу спирт кийимдердин дааратын буза турган нажас болобу?

2 – Абу Махмуд Халилий: Атырлардагы спирт эки түрдүү болот. Биринчи түрдөгүсү, мас кылуучу этил спирти деп аталат. Экинчи түрдөгүсү, уулуу метил спирти деп аталат. Бул экөөсүнүн өкүмү бирби?

3 – Мустафа Абдул Ал: Эгер ичилбесечи?

4 – Иклил Жабал: Бул өкүм медициналык продукцияларга да туура келеби? Медицина секторлорунда колдорду тазалоо заттарынын көпчүлүгү спирт продукцияларынан (ethanol + isopropanol) турат. Оозду чайкоодо колдонула турган заттар да ушундай. Биз айрым дарыларды эритүүдө же аларды сактоодо да спирт продукцияларынан пайдаланабыз?

5 – Manal Bader: Ассаламу алайкум, урматтуу шейх. Аллах сизге берекет тартуу кылсын, сиз жогоруда алкоголду керектөө (ичүү) мас болуу абалына алып келишин айттыңыз. Акыйкатта болсо, денатуралдаштырылган спирт парфюмериядагы дезодаранттарда, лосьондор жана кремдерде колдонулат. Бул абалда, химиялык абалы өзгөргөндүктөн аларды керектөө (ичүү) мүмкүн болбой калат. Шарияттын бул спирттен пайдалануудагы өкүмү кандай? Башка тараптан, автомобилдер үчүн колдонула турган жанылгылар да ушул алкоголдон иштелип чыгат, алардын да өкүмү арамбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Бул суроолор бири-бирине окшош суроолор болгондуктан, мен аларга төмөнкүчө жалпы таризде жооп беремин.

1 – Спирттин метил спирти деп аталган түрү бар. Жогорудагы суроодо бул спирт мас кылуучу эмес, бирок уулуу деп айтылды. Жанылгы спирти ушул түрдөгү спиртке кирет. Ал жыгач жана башка нерселердин чыгындысынан алынат. Аны ичүү сокурлукка себеп болот жана бир нече күн ичинде өлүмгө алып барат. Ушуга ылайык, метил спирти хамр эмес, нажастык жана арамдык жагынан хамрдын өкүмүн албайт. Бирок, метил спиртин уу катары колдонуу «Зарар» (зыян) коидасына ылайык – арам. Ибн Мажа Убада ибн Самиттен ушул хадисти риваят кылат: «Расулуллах ﷺ зыян көрүү да, зыян жеткирүү да жок деп өкүм кылды».

2 – Спирттин этил спирти деп аталган түрү да бар, ал ачытылган же фильтрленген хамрга иштетилет. Медицинада колдонулуп жаткан спирт ушул түрдөгү спиртке кирет. О.э. этил спирти өнөр жайда да иштетилет. Мисалы, ал айрым заттарды сактоодо, нымдуулукту кургатууда, айрым щелоч жана майларды эритүүдө, тоңдуруунун алдын алууда, айрым дарыларды эритүүдө, одеколон жана духи сыяктуу атырларда о.э. айрым жыгач материалдарды иштеп чыгууда колдонулат. Этил спиртинен пайдалануу үч бөлүккө бөлүнөт:

а) Бул спирт жалаң гана эритүүчү катары же айрым заттарга аралашма катары иштетилет. Мындай иштетүү спирттин касиетин жоготпойт, анын курамы жана мас кылуу касиети өз абалында калат. Спирттен мындай пайдалануу бүтүндөй арам. Буга одеколонду мисал кылса болот. Ошондуктан, одеколонду иштетүү адал болбойт жана ал нажас. Анткени, анын аралашмасы нажасат жана мас кылуучу спирт өз абалында калган. Ал хамрга аралашкан зат болуп, хамр нажас болуп эсептелет. Буга Хушанийдин хадиси далил.

Дарикутний Хушанийден риваят кылган хадисте ал айтат: Мен айттым: Я Расулуллах, биз мушриктер менен аралашып жашайбыз. Биздин казаныбыз да жана алардын идишинен башка идишибиз да жок. Расулуллах ﷺ айтты:

«اسْتَغْنُوا عَنْهَا مَا اسْتَطَعْتُمْ فَإِنْ لَمْ تَجِدُوا فَارْحَضُوهَا بِالْمَاءِ فَإِنَّ الْمَاءَ طَهُورُهَا ثُمَّ اطْبُخُوا فِيهَا»

«Мүмкүнчүлүгүңөр жеткенче ага муктаж болбогула. Эгер, мүмкүнчүлүк таба албасаңар аны суу менен жуугула. Анткени, суу аны тазалайт. Кийин анда тамак бышыргыла». Расулуллах ﷺ: «Суу аны тазалайт» деди. Т.а. бул идиш ага хамр куюлушу менен нажас болгон жана жуулушу менен таза болгон. Бул, хамрдын нажастыгына далил. Суроо хамр куюлган идиш жөнүндө болгон. Абу Давуд Абу Саълаба Хушанийден риваят кылган хадисте Хушаний Расулуллах ﷺдан мындай деп сураган: Биз ахли китептер менен коңшулаш жашайбыз. Алар казандарында доңуз этин бышырат жана идиштеринде хамр ичишет. Ошондо Расулуллах ﷺ айтты:

«إِنْ وَجَدْتُمْ غَيْرَهَا فَكُلُوا فِيهَا وَاشْرَبُوا، وَإِنْ لَمْ تَجِدُوا غَيْرَهَا فَارْحَضُوهَا بِالْمَاءِ وَكُلُوا وَاشْرَبُوا»

«Эгер, андан башкасын тапсаңар, анда жегиле жана ичкиле. Эгер, башкасын таба албасаңар, аны суу менен жуугула, анда жегиле жана ичкиле». Доңуз жана хамр – нажас. Булардын ар бири салынган идиш нажас болот. Ошондуктан, аны иштетүүдөн мурун тазалоо үчүн жууп жиберүү важиб.

б) Бул түрдөгү пайдаланууда спирт негизи өзгөрөт, ал мас кылуу касиетин жоготот. Андан спирттин сыпаттарынан башка сыпатка ээ жаңы зат келип чыгат. Бирок, ал уулуу болбойт. Бул жаңы зат хамрдын өкүмүн

албайт. Бул зат кудум башка заттар сыяктуу таза жана ага «Нерселердеги асл – ырас, арамдыгына далил келбесе – мубахтык» коидасы туура келет.

в) Бул түрдөгү пайдаланууда спирт негизи өзгөрөт, ал мас кылуу касиетин жоготот жана андан спирттин сыпаттарынан башка сыпатка ээ зат келип чыгат. Бирок, бул зат уулуу болот жана анын өкүмү уу өкүмүндө болот. Өзү таза, бирок аны ичүү үчүн, же өзүнө, же башкасына зыян жеткирүү үчүн иштетүү арам.

3 – Ушуга ылайык этил спирти, эгер, башка зат менен аралаштырылса, бул аралашма анын мас кылуу касиетин жоготтубу же жокпу жана бул аралашма уулуубу же уулуу эмеспи, ушуну билүүгө карап өкүм чыгат. Бул үчүн адистердин текшерүүсү керек болот. Эгер, илимий же амалий жактан бул аралашманын мас кылуучу касиети тастыкталса, хамрдын өкүмүн алат жана бул, этил спирти өз негизин жана касиетин жоготпогонуна далил болот. Эгер, бул аралашма мас кылуучу да, уулуу да эместиги тастыкталса, хамрдын да, уунун да өкүмүн албайт. Эгер, бул аралашманын мас кылуучу эместиги, бирок, уулуу экени тастыкталса, хамрдын өкүмүн эмес, уунун өкүмүн алат.

Ушуга ылайык:

- Ghadeer Rooz өз суроосунда «Спирттин мас кылуу касиетин жоготуу үчүн ал башка уулуу зат менен аралаштырылат» деп жатат. Буга жооп мындай, эгер бул - адистер тарабынан текшерилип анын мас кылуучу эместиги, уулуу зат экени тастыкталса, ал хамрдын өкүмүн албайт жана нажас болбойт. Ага уу өкүмү колдонулат. Аны ичүү же башкасына зыян жеткирүү үчүн иштетүү арам.
- Абу Махмуд Халилий өз суроосунда айтат: «Атырлардагы спирт эки түрдүү болот. Биринчи түрдөгүсү мас кылуучу этил спирти деп аталат, экинчи түрдөгүсү уулуу метил спирти деп аталат. Бул экөөсүнүн өкүмү бирби?»

Буга жооп ушул: алардын өкүмү бир эмес. Мас кылуучу спирт хамрдын өкүмүн алат. Ал эми, уулуу метил спиртинин аралашмасы уунун өкүмүн алат. Бирок, атырлар, мендеги кабарларга караганда, метил спирти эмес, этил спиртинин түрүнө кирет. Бул маселени адистерден сурап аныктап алыңыз. Анткени, анын өкүмү анын мас кылуучу же мас кылбай турган уулуу экенине байланыштуу.

- Мустафа Абдул Ал «Эгер ичилбесечи?» деп суроо берди.

Эгер, аралашма одеколонго окшогон мас кылуучу болсо, хамрдын өкүмүн алат. Хамр ичилгенде гана эмес, он түрдүү орунда арам. Термизий Анас ибн Маликтен риваят кылган хадисте Анас ﵁ айтат: «Расулуллах ﷺ хамрда он кишини наалаттады: хамрды сыгып чыгаруучуну, сыгып чыгартуучуну, ичүүчүнү, көтөрүп келүүчүнү, ага

көтөрүп келингенди, куюп берүүчүнү, сатуучуну, анын акчасын жеген адамды, сатып алуучуну жана ага сатып алынганды наалаттады».

- Иклил Жабал мындай суроо берет: «Бул өкүм медицина продукцияларына да колдонулабы? Көпчүлүк медицина секторлорунда колдорду тазалоо заттары спирт продукцияларынан (ethanol + isoprropanol) турат. Оозду чайкоодо пайдаланыла турган продукциялар да ушундай. Биз айрым дары продукцияларын эритүү же сактоодо спирттен пайдаланабыз?».

Буга жооп мындай, дабалоодо хамрды иштетүүнүн жана спирт колдонуп дабалоонун өкүмү карохият менен жайиз:

Ибн Мажа Тарик ибн Сувайд Хазрамийден риваят кылган хадисте Тарик айтат: Мен: Я Расулуллах, биздин жерибизде жүзүм бар. Биз аны сыгып чыгарып, аны ичебиз деп айттым. Расулуллах ﷺ: Жок, ичпегиле, деп айтты. Мен дагы: Ал менен ооруларды дабалайбыз, деп айттым. Расулуллах ﷺ мындай деди:

«إِنَّ ذَلِكَ لَيْسَ بِشِفَاءٍ وَلَكِنَّهُ دَاءٌ»

«Бул шыпаа эмес, тескерисинче оору». Бул, дабалоодо нажасты же арамды (хамрды) иштетүүдөн кайтаруу болуп эсептелет. Бирок, Расулуллах ﷺ нажас болгон төөнүн бавли (сийдиги) менен дабаланууга уруксат да берген. Бухарий Анас رضي الله عنهдан риваят кылган хадисте мындай келет: «Урайна уруусунан болгон адамдарга Мединанын абасы жакпай ооруп калышты. Расулуллах ﷺ аларга зекет төөлөрүнүн алдына барып, алардын сүтү жана бавлинен ичүүгө уруксат берди…». Т.а. аларга Мединанын абасы жакпай кесел болуп калышканда Расулуллах ﷺ аларга төөнүн бавли менен дабалануларына уруксат берди. Акыйкатта болсо, ал – нажас. О.э. Расулуллах ﷺ арам менен т.а. жибек кийүү менен дабаланууга да уруксат берген. Термизий жана Ахмад Анас رضي الله عنهдан риваят кылган хадисте мындай келет: «Бир казатта Абдуррахман ибн Авф жана Зубайр ибн Аввам экөөсү Набий ﷺга кычыткыдан арызданышты. Расулуллах ал экөөсүнө жибек көйнөк кийүүгө уруксат берди. Анас мен жибек көйнөктү экөөсүнүн үстүндө көрдүм деп айтты». Бул эки хадис Ибн Мажанын хадисиндеги кайтаруу катъий эместигине карина. Т.а. нажас жана арам менен дабалануу макрух.

Ошондуктан, иштелип чыгышында спирт аралашкан дарыларды керектөө карохият менен жайиз. Абзели – дары иштеп чыгарууда спирт иштетпөө. Бирок, дары иштеп чыгарууда спирт иштетилсе, мунун өкүмү макрух. О.э. эгер оорулуу спирт камтылган дарыны керектесе бул да макрух. Бул да, эгер, адистер спирт камтылган дарыны даба деп белгилесе ушундай.

- Карындашыбыз Manal Bader тарабынан берилген суроосу:

«Ассаламу алайкум, урматтуу шейх. Аллах сизге берекет тартуу кылсын, сиз жогоруда алкоголду керектөө мас болуу абалына алып келишин айттыңыз. Акыйкатта болсо, денатуралдаштырылган спирт парфюмериядагы дезодаранттарда, лосьондор жана кремдерде колдонулат. Бул абалда аларды керектөө (химиялык абалы өзгөргөндүктөн) мүмкүн болбой калат. Шарияттын бул спирттен пайдалануудагы өкүмү кандай? Башка тараптан, автомобилдер үчүн колдонула турган жаныгылар да ушул алкоголдон иштелип чыгат, алардын да өкүмү арамбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын».

Буга жооп мындай, сиз «SD» түрүндөгү спиртти же химиялык дабалоо спиртин айттыңыз жана сиз аны уулуу деп айтып жатасыз. Мен бул түрдөгү спирттин метил же этил спиртинин кайсы бирине таандык экенин билбеймин. Бирок, аралашма мас кылуучу эмес, уулуу болсо хамрдын эмес, уунун өкүмүн алат. Эгер, аны бирер адам өзүнө же башкасына зыян жеткирүү үчүн иштетсе арам болот. Эгер, бул заттын нажас экенине нусус келбеген болсо ал таза.

Эгер, аралашма мас кылса, ал хамр өкүмүндө болот. Ал ичилсе гана эмес, жогоруда көрсөтүлгөн он орунда да арам болот.

Спирт аралашкан автомобилдер жаныгысы жөнүндө айта турган болсок, эгер ал ичилсе мас кылса, хамр өкүмүндө болот. Эгер, мас кылуучу эмес, уулуу болсо, уу өкүмүндө болот. Буга адистер чечим кылат.

13-зул-каъда, 1434-х.
19-сентябрь, 2013-м.

## Хамрдын иллети жана харамдыгы жөнүндө

**Суроо**: “Нерселер аслинде мубах, эгер алар жөнүндө арам деген далил келбеген болсо”. Мал бул бир нерсе, ал жөнүндө арам деген далил келбеген болсо, ал аслинде өз мубахтыгында кала берет. Мисалы, “баланча мал уурдады” деген сөздү алсак. “Уурдады” феълиндеги өкүм – арамдык, “баланча” – уурулукту аткаруучу адам күнөөкөр болуп, ага жаза зарыл болот. Мал өз аслинде кандай болсо ошондой мубах бойдон кала берет. Уурдалган малдын өкүмү – ал кыймылдуу мүлк же кыймылсыз мүлк болушуна карабастан – аны өз ээсине кайтаруу. Анткени мал, ал жөнүндө хостоо далили варид болбогон соң, ага тиешелүү феълге карабастан умуман мубах болуп кала берет. Кимде-ким аны хадя, белек же нафака көрүнүшүндө алса ага эч зыяны жок. “Арам эки кишиге тиешелүү (тааллук) болбойт”, Аллах билүүчү…

“Хамрдын айны харам кылынды”. Хамрдын айны болсо анын асли т.а. хамр хамр болгону үчүн арам кылынды. Т.а. анын арамдыгы анын аслинде. Хамрга тиешелүү болгон өкүмдөр “анын сатуучусу, ичүүчүсү…” Бирок, кыймылдуу мүлк жана кыймылсыз мүлктүн арамдыгы кантип хамрга жана аны сатууга тиешелүү болуп калды?! Хамр жана анын арамдыгы малдын арамдыгынын иллетиби? Эгерде ушундай болсо, анда киясан идиш жана ушуга окшогон нерселер хамрга пайдаланылгандан кийин о.э. хамрды ташып келген жүк машинасы иллеттин өзүндө катышканы үчүн, ал экөөнү тең колдонуу таптакыр жайиз болбой калат! Сураныч, ушул нерсеге түшүндүрмө берсеңиз. Сизди Аллах жалгасын.

**Жооп**: ооба, нерселердеги асл нерсе – мубахтык, эгерде арамдык далили келбеген болсо… Эми хамрдын иллети жана анын арамдыгы, анын ташып келе турган жүк машинасы, хамр куюлган идиш жөнүндөгү сурооңузга келсек маселе төмөнкүдөй:

Абу Давуд Жабир ибн Абдуллахтан чыгарган хадисте Пайгамбар САВ: “Эмненин көбү мас кылса, демек, анын азы да харам”, – деген.

Бул хадистен эч кандай иллеттин жоктугу ачык көрүнүп турат. Анткени, мас кылуу иллет эмес. Далили мындай, эгерде аз гана хамр ичилсе да, ичкен киши мас болбосо да арамдык вакиъ болуп, ага жаза зарыл болот. Анткени, хадисте эгерде көбү мас кыла турган болсо, ошол нерсенин азы да арам кылынып жатат. Демек, андан аз гана ичүү да арам.

О.э. он түрдө иллет варид болбогон. Хаким “Мустадрак”та эки сахихке таянып, Абдуллах ибн Абдуллах ибн Умардан, ал болсо атасынан риваят кылган хадисте чыгарышынча, Расулуллах С.А.В. мындай деген: “Аллах хамрды наалаттады, анын куюп берүүчүсүн да, ичүүчүсүн да, сыгып берүүчүсүн да, буюртмачысын да, ташып

келүүчүсүн да, ташып келтирилген кишисин да, сатуучусун да, сатып алуучусун да, анын акчасын жегенди да, ким үчүн алынган болсо ошону да наалаттады”. Хадисте иллет жоктугу ачык көрүнүп турат. Ошондуктан, ага башка нерсе кыяс кылынбайт.

Ушуга ылайык, мас кылуучу ар бир ичимдик арам, арамдыкта анын азы да, көбү да бирдей.

Он түрдүү нерсе эч кандай иллет келтирилбестен арам кылынган. Бирок, бул өкүм мукаллафка татбик кылынат. Демек, жүк машинанын айдоочусуна татбик кылынат, бирок, анын ташып келтирип жаткан жүк машинасына же хамр куюлган идишке татбик кылынбайт. Кыскасы, хамрга тиешелүү болгон өкүм жүк машина же идишке тиешелүү өкүм болбойт. Табароний “Кабир”де чыгарышынча, Аби Саълаба ал-Хушаний айтат, мен Расулуллах С.А.В.дын алдына келип: Я Расулуллах… мен ахли китептер жашаган жерде турамын. Алар өз идиштеринде доңуз (этин) жешет жана аларда хамр ичишет. Мен да ошолордон жеп-иче берейинби? – деп сурадым. Расулуллох САВ: “… эгерде кафирлердин идишине муктаж болбосоң, андан тамак жебе, эгерде муктаж болуп калсаң, аны суу менен жакшылап жууп таштап, андан кийин жегин т.а. эгерде аларга муктаж болуп, башкасын таба албасаң, аларды жакшылап жууп ташта”, – деди.

11-ражаб, 1434-х.
21-май, 2013-м.

# Роя жана лива тууралуу

**Суроо**: бизге жигиттердин биринен төмөдөгү суроо келди, силерге анын текстин сунуш кылабыз:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. Бул жерде Сирияда Расулуллах ﷺдын роясы жөнүндө тартышуулар көбөйдү. Алардын катарында «Шам исламий комитетинин» интернеттеги сайтына да «Бул жерде сириялыктар бекем амал кылышы важиб болгон анык бир белгиленген роя барбы?» деген суроо берилди. Жооп төмөнкүдөй болду: «Расулуллах ﷺдан согуш рояларына тиешелүү бир түс же бир форма варид болбогон. Себеби, Набий ﷺдын роясы кара болгону, кээде болсо ак болгону сабит болгон. Сары түстө болгон деген сөз да бар. Айрымдар ойлоп жаткандай Набий ﷺ ушул рояларга бирер нерсени жаздырганы сабит болбогон. Ибн Аббастан варид болгон Набий ﷺдын роясына «Ла илаха иллаллох, Мухаммадур Росулуллох» деп жазылган деген риваятына келсек, уламалар айткандай, ал батыл хадис».

Ушул тема боюнча жооп беришиңизди суранамын. Аллах силерди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**:

Биринчи: Лива жана роя түсү: Варид болгон сахих жана хасан шаръий далилдер лива ак түстө, роя болсо кара түстө болгонуна далалат кылат. Бул далилдердин айрымдары ушулар:

1 – Насаий өзүнүн Сунан Кубро китебинде жана Термизий Жабирден риваят кылат: Набий ﷺ:

«دَخَلَ مَكَّةَ وَلِوَاؤُهُ أَبْيَضُ»

«Меккеге киргенде ал кишинин ливасы ак эле». Ибн Абу Шайба өзүнүн Мусаннафында Амрадан мындай дегенин риваят кылды:

«كَانَ لِوَاءُ رَسُولِ اللهِ ﷺ أَبْيَضَ»

«Расулуллах ﷺдын ливасы ак эле».

2 – Ахмад, Абу Давуд жана Насаий өзүнүн Сунани Кубросунда Юнус ибн Убайд ибн Мухаммад ибн Косимдин мындай дегенин риваят кылды: Мени Мухаммад ибн Косим Баро ибн Азибдин алдына Расулуллах ﷺ роясы кандай болгону жөнүндө сурап келүү үчүн жиберди. Баро ибн Азиб:

«كَانَتْ سَوْدَاءَ مُرَبَّعَةً مِنْ نَمِرَةٍ»

«Роя кара түстө, төрт бурчтуу, намирадан болгон».

3 – Тирмизий жана Ибн Мажа Ибн Аббастан мындай дегенин риваят кылды:

«كَانَتْ رَايَةُ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ سَوْدَاءَ، وَلِوَاؤُهُ أَبْيَضَ»

«Расулуллах ﷺдын роясы кара, ливасы болсо ак эле».

Багавий Шархи Суннада Амрадан мындай дегенин риваят кылды:

«كَانَ لِوَاءُ رَسُولِ اللّٰهِ ﷺ أَبْيَضَ، وَكَانَتْ رَايَتُهُ سَوْدَاءَ...»

«Расулуллах ﷺдын ливасы ак, роясы болсо кара эле…».

Экинчи: Эми сары түстө да болгон деген сөзгө келсек, бул Абу Давуд жана Байхакий хадисинде келген. Бул хадистин санадында кеп-сөз бар. Бул хадис төмөнкүдөй: Бизге Укба ибн Мукрам хадис риваят кылды, бизге Салм ибн Кутайба Шаъирий Шуъбадан, ал Симактан, ал өз коумунан болгон бир кишиден, ал болсо алардан болгон башка бирөөдөн мындай дегенин риваят кылды: «Мен «Расулуллах ﷺдын роясы сары экенин» көрдүм». Көрүп турганардай, бул хадис санадында эки белгисиз адам бар, ошондуктан, ал заиф.

Үчүнчү: «Али ؓнун Сиффийн күнүндөгү роясы кызыл болуп, ага Мухаммадур Расулуллах, деп жазылган эле. Анын кара роясы да болгон» деген риваятына келсек, анык көрүнүп тургандай, ал Расулуллах ﷺдан риваят кылынган хадис эмес, ал бир сахабанын иши. Мындан тышкары бул риваяттын өзү да «анын кара роясы да бар эле» деп турат. Белгилүү болгондой, Расулуллах ﷺдын хадисине таянылат.

Төртүнчү: Расулуллах ﷺ роясынын түсү жана ливасынын түсү т.а. мамлекеттин расмий роясы жана ливасы…

Ал эми, айрым уруулардын согуштарда айырмаланып туруу үчүн өзүнө таандык түстөгү рояны тандап алышканына келсек, бул жайиз. Мисалы, Шам армиясы согушта кара роя менен бирге башка түстөгү рояны, Мисир армиясы кара түстөгү роя менен бирге дагы башка түстөгү рояны тандап алышы мүмкүн. Себеби, бул мубахтар катарына кирет. Табаронийдин Кабиринде Мазида Абдийден мындай дегени варид болгон: «Набий ﷺ ансарларга сары түстүү роя тапшырды». Ибн Абу Асимдин «Ахад ва масаний» китебинде Курз ибн Самадан мындай дегени варид болгон: «… Набий ﷺ Бани Сулаймга кызыл роя тапшырды». Булардын баары мубахтар катарына кирет. Бүгүнкү армиялардын аскерий бөлүктөрү мамлекеттин расмий байрагынан тышкары ушул аскерий бөлүктөрдү айырмалап турган белгилерди да кабыл алган. Армияларды ар кандай аталыштар менен айырмалоо да мубахтар катарына кирет. Мисалы, ар бир армияга номер коюлат. Же бирер вилаят же райондун аты менен аталат. Мисалы, Шам армиясы, Халаб армиясы.

Бешинчи: Рояга жазыла турган сөздөргө келсек, Табароний Авсатта ушуну риваят кылат: «Бизге Ахмад ибн Рищдин хадис риваят кылып айтты: Бизге Абдулгаффар ибн Давуд Абу Салих Харроний хадис риваят кылып мындай деди: Бизге Хайян ибн Убайдуллох риваят кылып мындай деди: Бизге Абу Мижлаз Лахик ибн Хумайд Ибн Аббастан мындай дегенин риваят кылды:

«كَانَتْ رَايَةُ رَسُولِ اللهِ ﷺ سَوْدَاءَ وَلِوَاؤُهُ أَبْيَضَ، مَكْتُوبٌ عَلَيْهِ: لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللهُ مُحَمَّدٌ رَسُولُ اللهِ»

«Расулуллах ﷺдын роясы кара, ал эми, ливасы ак болуп, ага Ла илаха иллаллох, Мухаммадур Расулуллох, деп жазылган эле». Бул хадис Ибн Аббастан ушул санад менен гана риваят кылынган. Аны Хайян ибн Убайдуллах гана риваят кылды.

Хайян ибн Убайдуллахтын ишеничтүүлүгү жөнүндө ихтилаф кылынган:

а) Ибн Хиббан өзүнүн «Сикот» китебинде (6/230) аны ишеничтүү риваятчылар катарында айтып өткөн.

7491 - Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр Бани Адийдин мавласы Абу Мижлаз жана анын атасынан риваят кылат, андан Муслим ибн Иброхим жана Муса ибн Исмаил риваят кылган.

б) Ал жөнүндө Захабий өзүнүн «Мизанул иътидал» китебинде (1/633) мындай деген:

«2388 - Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр басралык шейх Абу Мижлаздан хадис риваят кылган. Бухарий мындай деди: Солт анын хадистерди аралаштырып жибергенин айткан». Солт – Ибн Мухаммад Абу Хумам. Ал жөнүндө Абул Хажжаж Миззий өзүнүн «Тахзибул камал фи асмаир рижал (2/79)» китебинде мындай деген:

Абу Хумам Солт ибн Мухаммад Харикий – ал Араб Булуңундагы Амман жанындагы Харик аралына таандык. Бухарий сахихте андан риваят кылган.

Хайяндын карыган убактагы ихтилаты (аралаштырып жибериши) себептүү Укайлий аны өзүнүн «Зуафаул кабир» (1/319) китебинде заифтер катарына киргизип мындай деген:

«Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр Басрий… Мага Адам ибн Муса хадис риваят кылып айтты, мен Бухарийдин мындай дегенин уктум: Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр, Солт андан ихтилатты зикр кылган».

Ал жөнүндө Захабий өзүнүн «Мугний фи зуафа» (1/198) китебинде мындай деген: «Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр Басрийдин Абу Мижлаздан кылган риваяты хужжат эмес».

Ошентип, Хайян ибн Убайдуллох жөнүндө ихтилаф бар. Себеби, айрымдар аны ишеничтүү кишилер катарына киргизсе, башкалар заифтер катарына киргизген. Себеби, ал картайган убакта хадистерди аралаштырып жиберген. Ушуга карабастан, тема роя жана ливага «Ла илаха иллаллох, Мухаммадур Росулуллох», деп жазылганы жөнүндө болгону үчүн ихтилаттын бул жазууга эч зыяны жок. Айрыкча, аны менен Расулуллах ﷺ ортосунда санадда эки ишеничтүү ровий: Абу Мижлаз Лахик ибн Хамид жана Ибн Аббас бар экени үчүн мунун зыяны жок. Ошондуктан биз роя жана ливага эки шахадат сөздөрүн жазууну табанний кылдык.

15-шаввал, 1433-х.

1-сентябрь, 2012-м.

## Хулафаи рошидиндер “Укоб” роясын жана ливаны колдонгондуктары жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. Хулафаи рошидиндер “Укоб” роясын жана ливаны (роя жана Укобдун кыргызча мааниси байрак болот) көтөрүшкөнбү? Бул нерсе асарларда келгенби? Сизди Аллах жалгасын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух. Ооба, эй боордош, Хулафаи рошидиндер “Укоб” роясы менен ливаны колдонушкан. Мунун далилдерине келсек, Пайгамбар С.А.В. тууралуу “ал заттын роясы “Укоб” жана ливасы ак болгон” деген хадистер варид болгон. Мына ошол далилдердин айрымдары:

1 – Насаий “Сунан ал-Кубро” асарында о.э. Термизий Жабирден “Набий С.А.В. Меккеге киргенде ливасы ак болчу” деп риваят чыгарган. Ибн Абий Шайба “Мусаннаф”ында Амрадан: “Расулуллах САВдын ливасы ак болчу” дегенин чыгарган.

2 – Ахмад, Абу Давуд жана Насаий “Сунани ал-Кубро”до Мухаммад ибн ал-Косимдин мавласы Юнус ибн Убайддан риваят кылып чыгарышынча, ал мындай дейт: Мени Мухаммад ибн ал-Косим Расулуллах С.А.В.дын роясы кандай болгонун сурап келүү үчүн Барро ибн Аазибдин алдына жиберди. Ал: “ал төрт бурчтуу, кара намира болчу”, – деди. (намира –жүндөн токулган мата)

3 – Термизий жана Ибн Маажа Ибн Аббастан: “Расулуллах С.А.В.дын роясы кара, ливасы ак болчу”, – дегенин чыгарган.

4 – Ибн Абий Шайба “Мусаннаф”ында Хасандан: “Набий С.А.В.дын роясы кара эле жана “Укоб” деп аталчу”, – дегенин чыгарган.

Ушул нерсе Хулафаи рошидиндердин “роя” менен “лива”да Расулуллах С.А.В.ды ээрчигендиктерине жетиштүү далил болот. Анткени, алар Расул С.А.В. алардын арасында жарыя кылган бир да ишти калтырбастан аткарышат эле. Хулафаи рошидиндер доорундагы роя менен лива жөнүндө ашыкча талкуу кылуунун зарылчылыгы жок. Анткени, мунун эки себеби бар:

Биринчиси: Шаръий өкүм Расул САВдан алынуусу.

Экинчиси: Хулафаи рошидиндердин роя жана лива сыяктуу Расулуллах С.А.В. кылган жана күбө болгон бирер ишти таштап койбошу.

15-ражаб, 1434-х.

25-май, 2013-м.

## “Силердин араңарда пайгамбарлык Аллах каалаганча турат…” деген хадис тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. Бул жерде бир нече субути зонний хадистер бар, биз Ислам фикратын жаюу үчүн адамдар менен иш алып барганыбызда ушул хадистерди далил келтиребиз жана Расулуллах ﷺдын:

«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ... ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ نُبُوَّةٍ»

«Силердин араңарда пайгамбарлык Аллах каалаганча турат… Кийин пайгамбарлик минхажы негизиндеги Халифалык болот», хадиси сыяктуу хадистер менен башарат беребиз.

Суроо мындай, бул хадис субути зонний болуп, Үммөт башынан өткөрө турган саясий абалдар жөнүндө айтылган. Бул хадистин маанисинен баамдаганыбыздай, Набий ﷺ бул абалды бешке бөлдү: Пайгамбарлык, рошид Халифалык, зордукчул падышалык, жабыр көрсөтүүчү залим башкаруу, рошид Халифалык. Биз бул хадистеги баш абалдын төртөөсүн Үммөт башынан өткөргөнүн көрдүк. Бул хадис, анын бир бөлүгү жүз бергенин эсепке ала турган болсок, мутаватир мартабасына көтөрүлбөйбү?

**Жооп**: амал маанисиндеги хадис мутаватир болобу же зоннийби сахих боюнча кала берет, ырас, хадис сахих болгон соң, ал өз мазмунундагы фарзга ылайык амалга күчтүү үндөйт.

Мисалы, имам Ахмад риваят кылган:

«لَتُفْتَحَنَّ الْقُسْطَنْطِينِيَّةُ، فَلَنِعْمَ الْأَمِيرُ أَمِيرُهَا، وَلَنِعْمَ الْجَيْشُ ذَلِكَ الْجَيْشُ»

«Константинополь албетте фатх кылынат, аны фатх кылган амир кандай гана жакшы амир жана ошол кошуун кандай гана жакшы кошуун», деген хадисти алайлы. Ал хабар болсо да, бирок, амал маанисинде келген. Ошондуктан, ар бир мусулман аким бул окуянын өз колу менен жүзөгө чыгарууга ынтызар болду. Натыйжада, Константинополго бир нече жолу кошуундар жиберилди. Бул абал Аллах бул фатх менен Мухаммад Фатихти азиз кылганга чейин уланды. Яхудий мамлекетине каршы согуш жана аны жок кылуу хадиси да ушундай хадис. Кирип келе жаткан пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык жөнүндөгү хадис да ушундай. Демек, хадис – ырас, сахих хадис болгон соң – анын мутаватир болушу же болбошу бул ишке таасир кылбайт. Ошондуктан, биз бул иш – инша Аллах – биздин колубуз менен жүзөгө чыгышы үчүн ылдам аракет кыла беребиз жана жакшылыкты башарат беребиз, ал эртеби-кечпи жүз беришине ишенебиз. Ошондуктан, хадистин мутаватир же ахаддыгын билүү үчүн ага терең киришип олтурбайбыз.

Муну менен бирге бул хадистин бир бөлүгүнүн жүзөгө чыкканы хадистин калган бөлүгү да жүзөгө чыгышына болгон ишенимди бекемдейт. Константинополь фатх кылынганы үчүн Рим фатхы да ушундай. Себеби, Расулуллах ﷺдын башка хадисинде эки шаардында фатх кылынышы айтылган. Бирок, бул хадис амал маанисинде деп айтып өткөнүмдөй, демек, анын мутаватир экенине киришип олтурууга эч кандай себеп жок. Анткени, зонний сахих хадис амал, тастык, кадыржам ишенүү жана жүзөгө чыгышы жөнүндө башарат берүү үчүн жетиштүү. Ошондуктан, мусулман бул фазилетке жетишип ийгилик табууга ынтызар болот.

Эми сиздин: «Эгер бул хадистин бир бөлүгү жүзөгө чыккан соң, аны мутаватир деп эсептейсизби?» деген сөзүңүзгө келсек, буга жооп ушул: мутаватирлик үчүн санадда бир катар шарттар бар, мусталахул хадис илими мутаватирликти белгилөө үчүн ушул шарттарга негизделет. Т.а. бул илимде мутаватирлик хадистин жүзөгө чыгышы же чыкпашын күзөтүүгө байланыштуу эмес (башкача айтканда, сахих хадис вакиъде жүзөгө чыккан болсо, муну менен мутаватир болуп калбайт о.э. мутаватир хадис вакиъде жүзөгө чыкпаган болсо муну менен мутаватирлик даражасынан түшүп калбайт). Себеби, мутаватир экендиги үстүнөн хадис санады жана ага алакадар шарттарга ылайык өкүм чыгарылат. Муну менен бирге бул хадистин бир нече бөлүктөрүнүн жүзөгө чыкканы анын сахихтик даражасына болгон ишенимди дагы да бекемдейт жана калган бөлүгү жүзөгө чыгышы үчүн жан үрөп күжүрмөн аракет кылууга үндөйт. Аллах Субханаху тавфик ээси.

18-робиул-аввал, 1434-х.
29-январь, 2013-м.

## «Менин Үммөтүм жетимиш үч топко бөлүнөт» деген хадис тууралуу

**Суроо**: ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху.

Мен Афганистандан Абдуллахмын, урматтуу шейх, сизди Аллахым сактасын.

قال رسول ﷺ«ستنقسم أمتي إلى ثلاثة وسبعين فرقة وكلها في النار ما عدا واحدا» :

Расулуллах ﷺ айтты: «Менин Үммөттүм жетимиш үч бөлүккө бөлүнөт, алардын бирөөсүнөн башкасынын бардыгы тозокто».

Ушул хадисти түшүндүрүп беришиңизди өтүнөм!

**Жооб**: ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баркаатуху.

Биринчи: сиз сураган хадис сиздин суроонузда айтылган формада эмес. Хижрий 1439-жылы рабиъ-аль-ахирде, 2018-жылы 11-январда жарыяланган суроо-жообдо биз бул асыл хадисти бир нече риваят менен талкуулаганбыз, алардын айрымдары ар кандай кошумча (зияда) менен келген. Жооптун аягында биз «Үммөттүн жетимиш үч топко бөлүүнүсү» тууралуу келген хадистин кошумучасы (зиядасы) жогун сахих деп жыйынтык чыгардык. Биринчи кошумча (зияда) – "كلها في النار إلا واحدة" «бирөөсүнөн башкасынын баардыгы тозокто», муну көптөгөн хадисчилер хасан хадис дешкен. Экинчи кошумча (зияда) – " كلها في الجنة إلا واحدة" «бирөөсүнөн башкасынын баардыгы бейиште», мунун көптөгөн хадисчилер күчсүздүккө (заъифтикке) чыгарган, азырагы гана хасан же сахих хадис дешкен. Ошого жараша, мен артык көргөн нерсе ушул: кошумча (зияда) кылынганы – "كلها في النار إلا واحدة" «бирөөсүнөн башкасынын баардыгы тозокто» дегени далилдикке кабыл алынат. Ал эми "كلها في الجنة إلا واحدة" «бирөөсүнөн башкасынын баардыгы бейиште» дегени далилдикке кабыл алынбайт. Бул биз жогоруда эки кошумча тууралуу айтып өткөн нерсеге ылайык болду. Жогоруда айтылган суроонун жообунда айткан нерселерибизге таянуу менен далилге өтө турганы төмөнкү риваяттар:

أخرج الترمذي في سننه عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ: «تَفَرَّقَتْ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى وَسَبْعِينَ أَوْ اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَالنَّصَارَى مِثْلَ ذَلِكَ وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً»،

Аль-Тирмизинин Сунан китебинде Абу Хурайрадан رضي الله عنه Расулуллах ﷺ айтты: «Жөөттөр жетимиш же жетимиш эки топко таркап кетишти жана ушул сыяктуу христиандар да чачырап кетишти. Менин Үммөттүм да жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет». Саъд, Абдуллах бин Амр жана Ауф бин Маликтен Абу Исса: Абу Хурайранын хадиси хасан сахих хадис деген.

قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «... وَإِنَّ بَنِي إِسْرَائِيلَ تَفَرَّقَتْ عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ مِلَّةً كُلُّهُمْ فِي النَّارِ إِلَّا مِلَّةً وَاحِدَةً قَالُوا وَمَنْ هِيَ يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ مَا أَنَا عَلَيْهِ وَأَصْحَابِي»،

Ат-Тирмизинин дагы бир риваятында Абдуллах ибн Амрдан, ал Расулуллах ﷺдан айтты: «... жөөттөр жетимиш эки миллат (тайпага) бөлүнүштү. Менин Үммөттүм жетимиш үч миллатка (тайпага) бөлүнөт. Бирөөсүнөн башкасынын баардыгы тозокто». Айтышты: «Ал ким?». Пайгамбар ﷺ айтты: «(Ал) мен жана менин сахабаларымдын жолун жолдогон». Абу Иса муну хасан гориб хадис деген.

Аль-Хакимдин Аль-Мустадрагында эки сахихтин шартында Абу Аамир Абдулла бин Лухайдан риваят кылды. Ал мындай деди: «Биз Муавия бин Аби Суфян менен хаж кылдык... Андан кийин ал Меккеде бешим намазы окулганда ордунан туруп айтты:

قَالَ النَّبِيُّ ﷺ: «إِنَّ أَهْلَ الْكِتَابِ تَفَرَّقُوا فِي دِينِهِمْ عَلَى اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً، وَتَفْتَرِقُ هَذِهِ الْأُمَّةُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلَّا وَاحِدَةً وَهِيَ الْجَمَاعَةُ...»

Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деди: «Китеп ээлери өз дининде жетимиш эки миллатка (тайпага) бөлүнүп кетишти. Бул Үммөт жетимиш үч миллатка (тайпага) бөлүнүп кетет. Алардын бирөөсүнөн башкасынын баардыгы тозокто. Ал (бирөөсү) жамаат...». Хаким: «Бул чынчырдагылар (санаддагылар) аркылуу бул хадис далилдике (сахихтикке) өтөт», - деди. Захаби да аны макул көргөн.

Бул хадисти Абу Дауд Сунанда жана Ибн Маажа да риваят кылган.

Экинчиси: бул хадистин маанисиндеги биз артык көргөн маани төмөнкүдөй:

Шариятта фирка сөзү көбүнчө акыйдада, усулу динде (диндин негизинде), диндеги кескин далилдерде карама-каршылыкка барган нерсеге карата колдонулат. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا تَكُونُوا كَالَّذِينَ تَفَرَّقُوا وَاخْتَلَفُوا مِنْ بَعْدِ مَا جَاءَهُمُ الْبَيِّنَاتُ وَأُولَئِكَ لَهُمْ عَذَابٌ عَظِيمٌ﴾

*«Ачык далилдер келгенден кийин карама-каршылыкка барып бөлүнүп кеткендерден болбогула. Алар үчүн улуу азаб бар»* [3:105]

﴿وَمَا تَفَرَّقَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ إِلَّا مِنْ بَعْدِ مَا جَاءَتْهُمُ الْبَيِّنَةُ﴾

*«Китеп берилгендер аларга ачык далилдер келгенден кийин бөлүнүп кетишти»* [98:4]

﴿إِنَّ الدِّينَ عِنْدَ اللَّهِ الْإِسْلَامُ وَمَا اخْتَلَفَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ إِلَّا مِنْ بَعْدِ مَا جَاءَهُمُ الْعِلْمُ بَغْياً بَيْنَهُمْ وَمَنْ يَكْفُرْ بِآيَاتِ اللَّهِ فَإِنَّ اللَّهَ سَرِيعُ الْحِسَابِ﴾.

*«Аллахтын алдында (кабыл боло) турган дин – Ислам дини гана. Китеп берилгендер аларга (ачык айкын) илим (далил) келгенден кийин бири-бирине карата күнөө, көрө албастык кылышып карама-каршылыктарга барышты. Ким Аллахтын аяттарына куфрдук кылса, Аллах тез арада эсеп китеп кылуучу»* [3:19]

﴿إِنَّ الَّذِينَ فَرَّقُوا دِينَهُمْ وَكَانُوا شِيَعاً لَسْتَ مِنْهُمْ فِي شَيْءٍ إِنَّمَا أَمْرُهُمْ إِلَى اللَّهِ ثُمَّ يُنَبِّئُهُمْ بِمَا كَانُوا يَفْعَلُونَ﴾

*«Динин бөлүп тайпа-тайпаларга бөлүнүп кеткендерден (жөөт жана насронийлерден) сен тазасың. Алардын иши Аллахка (калат), кийин Аллах алардын кылган нерселеринин кабарын берет»* [6:159]

2. Бул хадистердеги жамаат сөзү шариятта ислам акыйдасына таянган мусулмандар жамаатына карата колдонулат. Ушул маанини түшүндүргөн шарий нусустар келген. Анын ичинде мутафакун алейхи хадистер да келген. Абдуллах бин Масуд айтты:

قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: «لَا يَحِلُّ دَمُ امْرِئٍ مُسْلِمٍ يَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَأَنِّي رَسُولُ اللَّهِ إِلَّا بِإِحْدَى ثَلَاثٍ الثَّيِّبُ الزَّانِي وَالنَّفْسُ بِالنَّفْسِ وَالتَّارِكُ لِدِينِهِ الْمُفَارِقُ لِلْجَمَاعَةِ»،

Расулуллах ﷺ айтты: «Аллахтан башка кудай жок экенине, мен Аллахтын Элчиси экендигиме күбө келтирген мусулман кишинин каны үч учурда гана адал болот: аялы бар туруп бузукулук кылган адамдын (каны), канга кан (бейкүнөө киши өлтүргөн адамдын каны), динин таштап жамааттан бөлүнгөн адамдын (каны)». Муслим риваяты.

Пайгамбарыбыз ушул асыл хадисте жамааттан бөлүнүү – динден чыгуу экендигин баяндады. Ушундан улам бул маанидеги жамааттан бөлүнүү – динден жана акыйдадан алыстоо экендигин көргөзүп турат...

Ибн Хажар Фатх аль-Бариде Сахих аль-Бухарини шархтап ушуларды түшүндүргөн:

«Динден бөлүнүп жамаатты таштаган деген сөзүндө, ошондой эле Абу Зар Ал Кушмиханий жана башкалардын риваятында динден бөлүнгөн, Аннасафий, Сарахсий, Мустамлийде да динден бөлүнгөн деп келген. Тоййибий айтты: «Динден бөлүнгөн дегени динди таштап андан чыкканды билдирет. Муслимдин риваятында динин таштап жамааттан бөлүнгөн деп келген. Саврийдин риваятында жамааттан бөлүнгөн деп келген.... Жамаат дегени – бул мусулмандардын жамааты. Башкача айтканда, алардарды таштап алардан бөлүнгөндү түшүндүрөт...». Байзавий айтты: «Динин таштоо дегени мусулмандардын жамаатын таштап алардан бөлүнгөндү түшүндүрөт...».

3. Хадистин ар башка риваяттарындагы Пайгамбар ﷺдын «وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي» «وَتَفْتَرِقُ هَذِهِ الْأُمَّةُ»، «وَإِنَّ هَذِهِ الْمِلَّةَ سَتَفْتَرِقُ» деген фразадагы үммөт, миллат сөздөрү Ислам акыйдасына ыйман келтирген Ислам Үммөтү экендигин тастыктап турат. Пайгамбар ﷺ дагы ачыктап «أُمَّتِي» «менин Үммөтүм» деди. Ошондуктан бул хадистерден көрүнүп тургандай, белгилүү бир үммөттү айтып жатат. Ал ислам үммөтү.

4. Белгилүү болгондой, Исламда карама-каршылыктуу пикирлер орун алат. Анын айрымдары айыпталса, айрымдары макталат. Анын макталган тарабы жөнүндө айта турган болсок, бул шарий нусустарды түшүнүүдөн келип чыккан карама-каршылктуу фикх маселелериндеги пикирлер. Бул маселе боюнча сахих Бухари риваятында келгендей, туура ижтихад

кылган адамга эки сооп, ката кылган адамга бир сооп берилет. Амр бин Аас Пайгамбар ﷺдын ушуну айтканын уккандыгын айтты:

«إِذَا حَكَمَ الْحَاكِمُ فَاجْتَهَدَ ثُمَّ أَصَابَ فَلَهُ أَجْرَانِ وَإِذَا حَكَمَ فَاجْتَهَدَ ثُمَّ أَخْطَأَ فَلَهُ أَجْرٌ»،

«Эгер аким өкүм чыгарып ижтихад кылса, ал ижтихадында туура болсо ага эки сооп. Эгер өкүм чыгарып ижтихад кылса, ал ижтихадында каталашса, ага бир сооп».

Ал эми Исламда жемеге алынып айыпталган карама-каршылыктарга келсек: акыйдада, катий далилдерде Исламдан чыгып кетүүгө алып бара турган карама-каршылыктардын болуусу. Исламда жемеге алынып айыпталган, бирок Исламдан чыгарбаган карама-каршылыктын болуусу: мисалы өздөрүнүн бидат кылып жатканын бидат катары санабагандардын карама-каршы пикирлери. Имамга каршы чыгып, ага моюн сунууда моюн толгондордун карама-каршы пикирлерин Ислам айыптап жемеге алат.

Үчүнчүсү: жогорудагы айтылгандарга таянып жана аларды эске алуу менен, биз жөөттөр менен христиандардын бөлүнүшү жана Ислам Үммөттүнүн бөлүнүп-жарылышы жөнүндөгү асыл хадисти түшүнө алабыз. Анын түшүндүрмөсү мындай:

1 - Аллах Таала Муса алейхи саламды бани Исралиге акыйкат дин менен жөнөттү, ошондуктан ага ишенгендер жана ага эргешип, чындык жана тавхидге бириккендер бир үммөт, ыймандуу жамаат болушту. Бирок убакыттын өтүшү менен көптөгөн адамдар бул үммөттөн бөлүнүп, динде алар менен карама-каршылыктарга барышты.

إِنَّ أَهْلَ الْكِتَابِ تَفَرَّقُوا فِي دِينِهِمْ عَلَى اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً

«Китеп ээлери диндеринде жетимиш эки миллатк (тайпага) бөлүнүп кетишти». Алар Муса алейхи салам алып келген динге жана анын катий далилдерине каршы чыгышып, андан бөлүнүп каапыр болушту. Бул топтор Мусанын дининен чыгып, усулу динде (акыйдада) карама-каршылыктарга барып өз өзүнчө топторго айланышты. Алар жетимиш же жетимиш бир топко (фикаларга) бөлүнүп баардыгы тозоку болушту. Ал эми Муса алейхи салам алып келген динди бекем кармап калгандар бир топ болуп жетимиш биринчи же жетимиш экинчи топ болуп бейиштик болду. Ал Аллахтын пайгамбары Муса алейхи саламдын жолдоочуларынын аман калган, ийгиликке жеткен тобу (фиркасы) болуп калды.

2 - Аллах Таала Иса алейхи саламды бани Исраилге акыйкат дин менен жөнөттү, ага ишенгендер жана эргешкендер чындык жана тавхидге биригип бир үммөт, ыймандуу жамаат болушту. Бирок убакыттын өтүшү менен көптөгөн адамдар бул үммөттөн бөлүнүп, динде алар менен карама-каршылыктарга барышты. Алар Иса алейхи салам алып келген динге жана анын катий далилдерине каршы чыгышып, андан бөлүнүп

каапыр болушту. Бул топтор (фиркалар) Исанын дининен чыгып, усулу динде (акыйдада) карама-каршылыктарга барып өз-өзүнчө топторго айланышты. Алар жетимиш топко бөлүнүп баардыгы тозоку болушту. Ал эми, Иса алейхи салам алып келген динди бекем кармап калгандар бир топ болуп, жетимиш экинчи топ болуп бейиштик болду. Ал Аллахтын пайгамбары Иса алейхи саламдын жолдоочуларынын аман калган, ийгиликке жеткен тобу (фиркасы) болуп калды.

3 - Андан кийин Аллах Таала Өзүнүн пайгамбары Мухаммад ﷺды акыйкат жана тавхид дини менен жөнөттү. Мусулмандар Пайгамбарыбыз жана анын сахабалары ишенген ишенимге ыйман келтиришип, Ислам Үммөтү, мусулмандар жамааты болуп калышты. Бирок, бул мусулмандардын кээ бирлери Мухаммад ﷺдын дининен чыгып кетишти (жана чыгып кетишет). Алар Пайгамбарыбыз, анын сахабалары жана мусулман жамааты ыйман келтирген Ислам акыйдасына жана катий далилдерге каршы чыгышып, динден чыгышты жана чыгып кетишет. Исламдан чыгып кеткен бул жамаат, топтор (фиркалар) ар бири карама-каршылыктуу топторго айланышты. Анткени алар Ислам акыйдасына карама-каршы келген акыйдаларды тутунушат. Исламдан чыгып кеткен бул жамаат жана топтор жетимиш экиге жетет, алардын баардыгы тозоку болушат. Ал эми, жетимиш үчүнчү тобу (фиркасы) Пайгамбарыбыз жана анын урматтуу сахабалары ыйман келтирген нерсеге ыйман келтирген, Ислам акыйдасын жана катий далилдерин бекем кармаган Ислам Үммөтү жана жамааты болуп бейиштик болот. Бул Ислам Үммөтү Аллахка, периштелерине, китептерине жана элчилерине, Акырет күнүнө жана тагдырдын жакшылыктары менен жамандыктары бир гана Аллах Тааладан деп ыйман келтирген Үммөт. Бул жалпы Исламий Үммөт – ийгилик тапкан бейиштик болгон жамаат (фирка). Бул топ, жамаат (фирка) – Пайгамбар ﷺ жана анын сахаабалары ыйман келтирген нерсеге ыйман келтирип, аны бекем туткан жамаат, үммөт.

Төртүнчүсү: хадистин мааниси жана анын акыйкаты жөнүндө ушул түшүндүрмөгө таянып, төмөнкүлөрдү жыйынтыктай алабыз:

1 – Нажат таап бейиштик болгон топ (фирка) – бул жалпы мааниде Ислам Үммөттү. Ал Үммөт фикхий маселелердеги, мазхабдардагы, шарий өкүмдөрдөгү көз караштары жана пикирлери айырмачылыктуу карама-каршы болгонуна карабастан, Ислам акыйдасын жана катий далилдерин бекем кармаган, анын негизинде бириккен жамаат, топ. Бул жамаат, топтун ийгилик таап бейиштик болуусунун себеби Ислам акыйдасына ыйман келтирип, катий далилдерин бекем кармап, анын негизинде бириккендиги. Ушуга негизделип:

А. Ахлу сунна вал жамааттагы ашъарий, матрудий сыяктуу жана башка каламий (Ислам динин, башкача айтканда, усулу динди,

акыйданын келип чыгышын изилдөөчү илим) мазхабдар, ошондой эле «салафийлер», ахлу хадис жана башка исламий мазхабдардын баардыгы, Аллахтын жардамы менен, бардыгы нажат таап бейиштик болгон жамаат (фирка) ээлери. Анткени алардын баардыгы Ислам динине, анын катий далилдерине ишенген Мухаммад ﷺдын жолдоочулары. Алардын ортосундагы айырмачылыктар, карама-каршылыктар аларды Ислам дининен алыстатпайт.

Б. Ханафи, Малики, Шафи'и, Ханбали жана башка фикх мазхабдар, ар кандай мужтахиддердин жолун жолдогондор – бардыгы Аллахтын буйругу менен нажат тапкан жамаат (фирка) ээлери. Анткени алар Ислам динине, анын катий далилдерине ишенген Мухаммад ﷺдын жолдоочулары. Алардын ортосундагы айырмачылыктар, карама-каршылыктар аларды Ислам дининен алыстатпайт.

В. Хизб-ут-Тахрир, «Мусулман агайындар», «Таблиг», жихадчыл топтор, салафий топтор жана башкалар сыяктуу азыркы учурда аренада иштеп жаткан Исламий топтор жана Исламий кыймылдар – бардыгы Аллахтын буйругу менен нажат тапкан жамаат (фирка) ээлери. Анткени алар Ислам динине, анын катий далилдерине ишенген Мухаммад ﷺдын жолдоочулары. Алардын ортосундагы айырмачылыктар, карама-каршылыктар аларды Ислам дининен алыстатпайт.

Демек, ушул куттуу хадиске таянып Ислам Үммөтүндөгү кайсы бир жамаатты, ал нажат тапкан бейиштик топ, жамаат деп айтуу туура эмес, себеби бул ага макул болбогон башка мусулман жамааттарын Ислам чөйрөсүнөн чыгаруу дегенди билдирет, бул эч кандай шартта туура эмес. Аллахтын буйругу менен Ислам ишенимине ишенген жана анын катий далилдерине бекем жабышкан бардык мусулмандар нажат тапкан бейиштик жамаат (фирка) ээлери болуп саналат.

Ислам дининен бөлүнүп чыгып, тозокко түшүүгө татыктуу болуп калган топ, жамаат (фиркалар) – бул жамааттар – мусулмандардын акыйдасына каршы келип, Аллахка ширк келтирүү, Мухаммад ﷺдан кийин бөлөктү пайгамбар деп таануу, же пайгамбар ﷺдын сүннөтүн четке кагуу ж.б.у.с. Исламда катий далил катары саналган катий далилдерди четке каккан жамааттар (фиркалар). Друздар, нусайрилер, бахаилар, кадиянийлер жана башка каапыр жамаатар сыяктуу Ислам дининен чыгып кеткен фиркалар. Узайр алейхи саламды Аллахтын уулу деп Муса алейхи саламдын дининен чыгып кеткендер сыяктуу. Иса алейхи саламдын жолдоочуларынын арасынан аны Аллахты уулу деп, анын дининен чыгып каапыр болуп кеткендери сыяктуу.

Ушул түшүндүрмө менен хадистин мааниси айкын болду деп үмүттөнөмүн жана Аллах эң жакшы билүүчү жана даанышман.

16-жумаадил аахир, 1442-х.

29-январь, 2021-м.

## «Халифалык отуз жыл, андан кийин падышалык болот» деген хадис тууралуу

Туура,

الْخِـلاَفَةُ ثَلاَثُونَ عَاماً ثُمَّ يَكُونُ بَعْدَ ذَلِكَ الْمُلْكُ»

«Халифалык отуз жыл, андан кийин падышалык болот» деген хадис бар. Бул хадисти Ахмад Суфайна аркылуу рыбаят кылды. Бирок, бул хадис «эң акыркысы падышалык, андан кийин Халифалык болбойт» деген маанини түшүндүрөт деш туура эмес. Себеби, бул орунда ушул хадисти түшүндүрө турган башка рыбаяттар бар.

Мисалы,

الْخِـلاَفَةُ بَعْدِيْ ثَلاثُونَ سَنَةً ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً»

«Менден кийин Халифалык отуз жыл, кийин падышалык болот» деген рыбаят бар. Кээ бир рыбаяттарда болсо:

خِلاَفَةُ النُّبُوَّةِ بَعْدِي ثَلاثُونَ سَنَةً ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً»

«Пайгамбарлык (манхажындагы) Халифалык менден кийин отуз жыл болот» делген т.а. бул хадис Ахмад рыбаят кылган башка хадисте келген пайгамбардын программасы негизиндеги Халифалык жөнүндө. Ошол башка хадисте мындай делет:

تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ ثَمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً عَاضّاً، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً جَبَرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

«Пайгамбарлык араңарда Алла каалаганча болот, кийин каалаган убакта аны көтөрөт, кийин пайгамбарлык манхажы негизиндеги Халифалык болот, ал да Алла каалаган доорго чейин болот, кийин Алла каалаган убакта аны көтөрөт, кийин залим падышалык болот, ал да Алла каалаган доорго чейин болот, кийин Алла каалаган убакта аны көтөрөт, кийин зордукчул падышалык болот, ал да Алла каалаган доорго чейин болот, кийин Алла каалаган убакта аны көтөрөт, ошондон кийин пайгамбарлык манхажы негизиндеги Халифалык болот».

Ошондуктан, демек, Халифалык пайгамбарлык программасы негизинде башталып, ушул хадиске ылайык, Расулулла Јдан кийин отуз жыл улантылды. Андан кийин залим падышалык, кийин зордукчул падышалык болот, кийин ушул хадисте айтылгандай, алгачкы доордо болгон пайгамбарлык программаммасы негизиндеги Халифалык турмушка кайтат. Биз Алладан ушул Халифалыктын аскерлеринен жана калкынан болушубузду жана аны өз колдорубуз менен тикелешибизди жалбарып сурап калабыз. Алла угуучу, кабыл алуучу зат.

15-рабиул-аввал, 1426-х.

24-апрель, 2005-м.

## Фиркалар жөнүндөгү хадис

**Суроо**: амирибиз, Аллах сизди Өз коргоосуна алсын.

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Мен фиркалар жөнүндөгү хадистин «كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً Алардын баары жаннатта болушат, бирөөсү гана жаннатта эмес» деп келген экинчи риваятын чыгара (санадына байлай) албадым. Яъни, бул риваятты Хаким гариб лафз менен сахих деген. Макдисий болсо, ал машхур « كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةٌ Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес» деп келген хадистен сахихирээк дептир. Эгер, убакыт таап, ушул нерсени мага көрсөтүп берсеңиз, жакшы болмок, Аллах илимиңизге жана убактыңызга береке берсин.

Амирибиз, Хаким аны сахих деди дегени жөнүндө айта турган болсом, ал Ажлунийдин «Кашфул хафа» китебинин 150-бетинде келген жана анын тексти төмөнкүчө: «Аны Шаъроний «Мизан»да Ибн Нажжардын хадисинен риваят кылды. Хаким аны гариб лафз менен сахих деди. Ал минтип келген:

«سَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى نَيِّفٍ وَسَبِعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً»

«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет, алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес». Дайламийдин бир риваятында «الْهَالِكُ مِنْهَا وَاحِدَةٌ Алардын кыйроого учурай турганы бирөө болот» делген. Уламалар бул кыйроого учурай турган тайпаны «الزنادقة зиндиктер» дешкен. Мен бул риваяттагы «الزنادقة зиндиктер» деген сөз менен келген кошумчалоону мавзу деп түшүнөмүн. Лекин, менин сураганым, Хаким «الزنادقة» деген кошумча сөзү жок келген риваятты каерде сахих деген?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Биринчи: Умматтын фиркаларга бөлүнүү жөнүндөгү сурооңуз. Бул маселеде келген хадистер үч түрдөн турат:

1 – Умматтын жетимиш үч фиркага бөлүнүшү айтылган;

2 – Жетимиш үч фиркага бөлүнүү «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةً» деген кошумчалоо менен айтылат;

3 – Жетимиш үч фиркага бөлүнүү «كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً» деген кошумчалоо менен айтылат.

Биринчи түрдөгү хадис сахих, аны заиф деген эч кимди билбейм.

– Абу Давуд өзүнүн «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«افْتَرَقَتْ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى أَوْ ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَتَفَرَّقَتِ النَّصَارَى عَلَى إِحْدَى أَوْ ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً»

«Яхудийлер жетимиш бир же жетимиш эки фиркага бөлүндү. Насронийлер жетимиш бир же жетимиш эки фиркага бөлүндү. Менин Умматым жетимиш үч фиркага бөлүнөт».

– Тирмизий өзүнүн «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«تَفَرَّقَتْ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى وَسَبْعِينَ أَوْ اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَالنَّصَارَى مِثْلَ ذَلِكَ وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً»

«Яхудийлер жетимиш эки же жетимиш үч фиркага бөлүндү. Насронийлер да кудум ушундай. Менин Умматым жетимиш үч фиркага бөлүнөт». Саъддан, Абдуллах ибн Амрдан жана Авф ибн Маликтен алынган риваяттарды Абу Иса ушул бабда хасан сахих деген.

– Хаким өзүнүн «Мустадрак»ында Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«افْتَرَقَتِ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى أَوِ اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، وَافْتَرَقَتِ النَّصَارَى عَلَى إِحْدَى أَوْ اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً»

«Яхудийлер жетимиш эки же жетимиш үч фиркага бөлүндү. Насронийлер жетимиш эки же жетимиш үч фиркага бөлүндү. Менин умматым жетимиш үч фиркага бөлүнөт». Бул хадис Муслим шарты менен сахих, лекин аны эки шайх чыгарбаган жана бул хадистин күбөлөрү-шавахиди (хадистин текстинде бир сахабийдин башка бир сахабийге лафзан жана маънан ээрчүүсү) бар, Захабий да ага макул болгон.

Экинчи түрдөгү хадис болсо, «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةً Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес» деген кошумчалоо менен көптөгөн риваяттарда сахихтиги же хасандыгы айтылган.

– Тирмизий өзүнүн «Сунан»ында ушуну риваят кылган: Бизге Мухаммад ибн Гайлан риваят кылды. Мухаммад ибн Гайлан айтат: Бизге Абу Давуд Хафрий Суфяни Саврийден, ал Абдуррахман ибн Зияд Африкийден, ал Абдуллах ибн Язидден, ал Абдуллах ибн Амрдан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«... وَإِنَّ بَنِي إِسْرَائِيلَ تَفَرَّقَتْ عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ مِلَّةً كُلُّهُمْ فِي النَّارِ إِلَّا مِلَّةً وَاحِدَةً قَالُوا وَمَنْ هِيَ يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ مَا أَنَا عَلَيْهِ وَأَصْحَابِي»

«Бану Исраил жетимиш эки фиркага бөлүндү. Менин умматым жетимиш үч фиркага бөлүнөт. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес. Алар кимдер, я Расулуллах, деп сурашканда: Менин жана асхабдарымдын жолунан жүргөндөр, деди». Абу Иса бул хадис хасан гариб деди.

– Ибн Мажа өзүнүн «Сунан»ында ушуну риваят кылган: Бизге Амр ибн Усман ибн Саид ибн Касир ибн Динар Химсий хадис риваят кылып айтты: Бизге Уббад ибн Юсуф хадис риваят кылып айтты: Бизге Сафван

ибн Амр – Рошид ибн Саъддан, ал Авф ибн Маликтен хадис риваят кылып айтты: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«افْتَرَقَتْ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى وَسَبْعِينَ فِرْقَةً فَوَاحِدَةٌ فِي الْجَنَّةِ وَسَبْعُونَ فِي النَّارِ وَافْتَرَقَتْ النَّصَارَى عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً فَإِحْدَى وَسَبْعُونَ فِي النَّارِ وَوَاحِدَةٌ فِي الْجَنَّةِ وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ لَتَفْتَرِقَنَّ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَاحِدَةٌ فِي الْجَنَّةِ وَثِنْتَانِ وَسَبْعُونَ فِي النَّارِ قِيلَ يَا رَسُولَ اللَّهِ مَنْ هُمْ قَالَ الْجَمَاعَةُ»

«Яхудийлер жетимиш бир фиркага бөлүндү. Алардын бирөөсү жаннатта, жетимиши тозокто. Насронийлер жетимиш эки фиркага бөлүндү. Алардын жетимиш бири тозокто, бирөөсү жаннатта. Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант болсун, менин Умматым жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет. Алардын бирөөсү жаннатта, жетимиш экиси тозокто болот. Я Расулуллах, алар кимдер, делгенди: Алар – жамаат, деп жооп берди».

– Ахмад өзүнүн «Сунан»ында ушуну риваят кылат: Бизге Абу Мугира хадис риваят кылып айтты: Бизге Сафван хадис риваят кылып айтты: Бизге Азхар ибн Абдуллах Хавзаний хадис риваят кылып айтты: Абу Мугира – башка жерде Харазий делген – Абу Амир Абдуллах ибн Лухайдан риваят кылат: Биз Муавия ибн Абу Суфян менен бирге хаж кылдык... Меккеге келгенибизде ал бешим намазын окуганы туруп мындай деди: Расулуллах ﷺ айткан:

«إِنَّ أَهْلَ الْكِتَابَيْنِ افْتَرَقُوا فِي دِينِهِمْ عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً وَإِنَّ هَذِهِ الْأُمَّةَ سَتَفْتَرِقُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ مِلَّةً يَعْنِي الْأَهْوَاءَ كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلَّا وَاحِدَةٍ وَهِيَ الْجَمَاعَةُ»

«Ахли китабдар өз дининде жетимиш эки фиркага бөлүнүп кетти. Бул Уммат болсо жетимиш үч фиркага, яъни нафстарына берилген коомго бөлүнөт. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана, яъни жамаат гана тозокто эмес».

– Табароний «Сагир»де риваят кылат: Бизге Иса ибн Мухаммад Симсар Васитий хадис риваят кылып айтты: Бизге Вахб ибн Бакия хадис риваят кылып айтты: Бизге Абдуллах ибн Суфян Маданий – Яхя ибн Саид Ансарийден, ал Анас ибн Маликтен хадис риваят кылып айтты: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفْتَرِقُ هَذِهِ الْأُمَّةُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهُمْ فِي النَّارِ إلاَّ وَاحِدَةً، قَالُوا: وَمَا هِي تِلْكَ الْفِرْقَةُ؟ قَالَ: مَا أَنَا عَلَيْهِ الْيَوْمَ وَأَصْحَابِي»

«Бу уммат жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес. Бул кандай фирка, деп сурашканда, минтип жооп кылды: Алар бүгүн мен жана асхабдарым баскан жолдон жүргөндөр». Бул хадисти Яхядан бир гана Абдуллах ибн Суфян риваят кылган.

– Байхакий «Далаили нубувват»та ушуну чыгарган: Бизге Абу Хасан ибн Фазл Каттан хабар берип айтты: Бизге Абдуллах ибн Жаъфар Нахвий хабар берип айтты: Бизге Якуб ибн Суфян хадис риваят кылып

айтты: Бизге Абул Яман хадис риваят кылып айтты: Бизге Сафван – Азхар ибн Абдуллахтан, ал Абу Амир Абдуллах ибн Лухайдан хадис риваят кылып айтты: Абдуллах ибн Лухай мындай дейт: Биз Муавия менен хаж кылдык... Меккеге жеткенибизде бешим окууга туруп мындай деди: Расулуллах ﷺ айткан:

«إِنَّ أَهْلَ الْكِتَابِ افْتَرَقُوا فِي دِينِهِمْ عَلَى اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً، وَإِنَّ هَذِهِ الْأُمَّةَ سَتَفْتَرِقُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ مِلَّةً يَعْنِي الْأَهْوَاءَ، كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةً، وَهِيَ الْجَمَاعَةُ»

«Ахли китабдар өз дининде жетимиш эки фиркага бөлүнүп кетти. бул Уммат болсо жетимиш үч фиркага, яъни нафстарына берилген коомго бөлүнүп кетет. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес, ал – жамаат».

– Хаким «Мустадрак»та эки сахих негизинде риваят кылат: Бизге Абу Аббас Мухаммад ибн Якуб хадис риваят кылып айтты: Мухаммад ибн Исхак Саганий – Абу Яман Хакам ибн Нафиъ Бахронийден, ал Сафван ибн Амрдан, ал Азхар ибн Абдуллахтан, ал Абу Амир Абдуллах ибн Лухайдан риваят кылып айтты: Биз Муавия ибн Абу Суфян менен хаж кылдык... Меккеге жеткенибизде Меккеде бешим окууга туруп мындай деди: Расулуллах ﷺ айткан:

«إِنَّ أَهْلَ الْكِتَابِ تَفَرَّقُوا فِي دِينِهِمْ عَلَى اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً، وَتَفْتَرِقُ هَذِهِ الْأُمَّةُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلَّا وَاحِدَةً وَهِيَ الْجَمَاعَةُ...»

«Ахли китабдар өз дининде жетимиш эки фиркага бөлүнүп кетти. Бул Уммат болсо жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес, ал – жамаат». Хаким бул санаддар менен ушул хадистин сахихтигине хужжат кылынат деди жана буга Захабий да макул болду.

– Абу Давуд өзүнүн «Сунан»ында риваят кылат: «Бизге Ахмад ибн Ханбал менен Мухаммад ибн Яхя хадис риваят кылып айтышкан: Бизге Абу Мугира – Сафвандан, ал Амр ибн Усмандан, ал Бакиядан хадис риваят кылат: Бакия айтты: Мага Сафван лафзда эмес маънада ушуга жакын хадис риваят кылып айткан: Мага Азхар ибн Абдуллах Харазий хадис риваят кылып айтты: Абу Амир Хавзаний – Муавия ибн Абу Суфяндан риваят кылат: Муавия бизге мындай деди: Эсиңерде болсун, Расулуллах ﷺ мындай деген:

«أَلَا إِنَّ مَنْ قَبْلَكُمْ مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ افْتَرَقُوا عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً، وَإِنَّ هَذِهِ الْمِلَّةَ سَتَفْتَرِقُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ: ثِنْتَانِ وَسَبْعُونَ فِي النَّارِ، وَوَاحِدَةٌ فِي الْجَنَّةِ، وَهِيَ الْجَمَاعَةُ»

«Эсиңерде болсун, силерден мурунку ахли китабдар жетимиш эки фиркага бөлүнүп кеткен. Бул миллат болсо жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет. Алардын жетимиш экиси тозокто, бирөөсү гана жаннатта болот жана ал – жамаат». Албаний муну хасан деген.

Эми «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ فِرْقَةً وَاحِدَةً Алардын баары жаннатта болот, бир фирка гана жаннатта эмес», деген кошумчалоосу менен келген үчүнчү түрдөгү хадистерге келсек, бул риваятты көпчүлүгү заиф деген:

– Укайлий «Зуафаи кабир» китебинде мындай чыгарган:

Бизге Мухаммад ибн Марван Кураший хадис риваят кылып айтты: Бизге Мухаммад ибн Убада Васатий хадис риваят кылып айтты: Бизге Муса ибн Исмаил Жабалий хадис риваят кылып айтты: Бизге Муаз ибн Ясин Зайят хадис риваят кылып айтты: Бизге Абрад ибн Абу Ашрас хадис риваят кылды: Абрад Яхя ибн Саидден, ал Анас ибн Малик ﵁дан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفَرَّقَ أُمَّتِي عَلَى سَبْعِينَ أَوْ إِحْدَى وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهُمْ فِي الْجَنَّةِ إِلَّا فِرْقَةً وَاحِدَةً، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ، مَنْ هُمْ؟ قَالَ: الزَّنَادِقَةُ وَهُمُ الْقَدَرِيَّةُ»

«Умматым жетимиш бир же жетимиш эки фиркага бөлүндү. Алардын баары тозокто болот, бир фирка гана тозокто эмес. Я Расулуллах, алар кимдер, деп сурашканда, мындай деди: Алар зиндиктер, яъни кадариялар».

Укайлий айтты: Муаз ибн Ясин Зайят Абрад ибн Ашрастан риваят кылган, Абрад болсо белгисиз киши жана анын хадиси махфуз эмес.

– Укайлий «Зуафаи кабир» китебинде дагы мындай риваят кылат: Бизге Хасан ибн Али ибн Халид ибн Лайсий хадис риваят кылып айтты: Бизге Нуайм ибн Хаммад хадис риваят кылып айтты: Бизге Яхя ибн Яман хадис риваят кылды: Яхя ибн Яман Ясин Зайяттан, ал Яхя ибн Саид ансорийдин иниси Саъд ибн Саидден, ал Анастан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى بِضْعٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلَّا فِرْقَةً وَاحِدَةً، وَهِيَ الزَّنَادِقَةُ»

«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары жаннатта болот, бир фирка гана жаннатта эмес, алар – зиндиктер».

Укайлий айтты: Бул хадистен сахихтик чыкпайт. Чамасы, Ясин аны атасынан же Абраддан риваят кылган болсо керек. Бул хадистин асли Яхя ибн Саидге да, Саъдга да тиешеси жок.

– Ибн Жавзийдин «Мавзуат» китебинде «Китаби сунна ва заммул бидъада – ифтироки хазихил умма» бабында мындай делет: Бизге Абдулваххаб ибн Мубарак хабар берип айтты: Бизге Ибн Бакрон хабар берип айтты: Бизге Атикий хабар берип айтты: Бизге Мухаммад ибн Марван Кураший хадис риваят кылып айтты: Бизге Мухаммад ибн Убада Васитай хадис риваят кылып айтты: Бизге Муса ибн Исмаил хадис риваят кылып айтты: Бизге Муаз ибн Ясин Зайят хадис риваят кылып айтты: Бизге Абрад Ибн Ашрас хадис риваят кылды: Абрад Яхя ибн Саидден, ал Анас ибн Маликтен риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى سَبْعِينَ أَوْ إِحْدَى وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهُمْ فِي الْجَنَّةِ إِلا فِرْقَةً وَاحِدَةً قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ مَنْ هُمْ؟ قَالَ: الزَّنَادِقَةُ وَهُمُ الْقَدَرِيَّةُ»

«Умматым жетимиш же жетимиш бир фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары жаннатта болот, бир фирка гана жаннатта эмес. Я Расулуллах, алар ким, деп сурашты. Зиндиктер жана кадарийлер, деп жооп берди». Бул хадисти хафиз Ахмад ибн Адий, Муса ибн Исмаилдин Халаф ибн Ясинден, ал Абраддан риваят кылды.

Экинчи жол: Бизге Абдулваххаб ибн Мубарак хабар берип айтты: Бизге Ибн Бакрон хабар берип айтты: Бизге Атикий хабар берип айтты: Бизге Юсуф ибн Дахил хадис риваят кылып айтты: Бизге Укайлий хадис риваят кылып айтты: Бизге Хасан ибн Али ибн Халид ибн Лайсий хадис риваят кылып айтты: Бизге Нуайм ибн Хаммад хадис риваят кылып айтты: Бизге Яхя ибн Яман хадис риваят кылды: Яхя ибн Яман Ясин Зайяттан, ал Яхя ибн Саид ансорийдин иниси Саъд ибн Саидден, ал Анастан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى بِضْعٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلا فِرْقَةً وَاحِدَةً وَهِيَ الزَّنَادِقَةُ»

«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары жаннатта болот, бир фирка гана жаннатта эмес, алар зиндиктер».

Үчүнчү жол: Бизге Жарир хабар берип айтты: Бизге Ушарий хабар берип айтты: Бизге Дарикутний хадис риваят кылып айтты: Бизге Абу Бакр Мухаммад ибн Усман Сайдаланий хадис риваят кылып айтты: Бизге Ахмад ибн Давуд Сижистаний хадис риваят кылып айтты: Бизге Усман ибн Аффан Кураший хадис риваят кылып айтты: Бизге Абу Исмаил Айлий хадис риваят кылды: Абу Исмаил Айлий – Хафс ибн Умардан, ал Мисъар ибн Саъд ибн Саидден риваят кылат: Мен Анас ибн Маликтин мындай дегенин укканмын: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин укканмын:

«تَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى بِضْعٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ الزَّنَادِقَةُ»

«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет, алардын баары жаннатта болот, зиндиктер гана жаннатта эмес». Анас: Биз аларды кадарийлер деп билчүбүз, деди.

Бу хадистердин Расулуллах ﷺдан экени сахих эмес, анткени алардын ар бириндеги санадда бир же бирден ашуун жайда заифтик бар:

– Ибн Жавзий «Мавзуат»та жогорудагы үч риваятты келтирип мындай деген:

«Хадис илиминде көп эмгек кылган аалымдар айткан: Абрад «Ал биринчи риваяттагы санаддагы кишилердин бири» ойлоп табуучу каззаб. Андан риваятты Ясин алып, санадын алмаштырды жана аралаштырды, Усман ибн Аффан аны уурдады. «Усман үчүнчү риваяттагы санад кишилеринин бири».

Абрадга келсек, Мухаммад ибн Исхак ибн Хузайма аны каззаб жана ойлоп табуучу деген.

Ясин болсо, «ал экинчи риваяттагы санад кишилеринин бири», Яхя ал жөнүндө мындай деген: Анын хадисинин эч бир кадыры жок. Насаий мындай деген: Хадиси ташталган кимсе.

Усманга келсек, накл уламалары мындай деген: Хадиси ташталган, анын хадисин жазуу жаиз эмес, этибар үчүн гана болсо урухсат.

Хафс ибн Умарга келсек, «ал үчүнчү риваяттагы санад кишилеринин бири», Абу Хатим Розий аны каззаб деген. Укайлий болсо, ал имамдардан батыл жолдор менен риваят кылган адам деген».

– Ибн Хажар Аскаланийдин «Лисанул мизан» китебинде мындай делет: «362 – Абрад ибн Ашрас – Яхя ибн Саид Ансорийден... Ибн Хузайма аны каззаб жана ойлоп табуучу деген».

Демек, «كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً» Алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес» деген кошумчалоосу бар хадис сахих эмес.

Экинчи: Суроонузда: «Хаким аны гариб лафз менен сахих деди. Ал минтип келген:

«سَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى نَيِّفٍ وَسَبِعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً»

«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет, алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес»», - деген сөзүңүзгө келсек, мен аракет кылдым, лекин Хакимдин сахих дегенин таба албадым. Ошондой болсо да, сиз айткан нерсе мен билбеген жана менин көзүмө илинбеген орунда болушу мүмкүн. Анткени, бул маселе хадистеги кошумчаны заиф деп айткан мухаккик уламалар менен токтоп калбайт.

Үчүнчү: Умматтын жетимиш үч фиркага бөлүнүүсү жөнүндөгү кошумчалоосу жок хадис сахих жана «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةٌ» Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес» деген биринчи кошумчалоосу бар хадисти көпчүлүгү хасан деген. Ал эми «كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً» Алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес» деген кошумчалоосу бар хадисти көпчүлүгү заиф деген, аны сахих же хасан дегендер өтө аз.

Демек, мен ушуну рожих санаймын, «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةً» Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес» деген биринчи кошумчалоосу бар хадисти алса болот. Ал эми «كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً» Алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес» деген кошумчалоосу бар хадисти албоо керек. Жогоруда ушул эки кошумчалоо туурасында айткандарыбыз риваяттарга ылайык ушинтип белгиленди.

Мен рожих санаганым ушул: валлаху аълам ва ахкам.

24-робиул-аввал, 1439-х.
11-январь, 2018-м.

## Кылым жаңылоочусу тууралуу хадис

**Суроо:** ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баркаатуху.

Аллахтан жакынкы күндөрдөгү нусратты сиздин колуңуз аркылуу берүүсүн сурайм. Аллах буга кудуреттүү. Менин суроом Расулуллах саллаллаху алейхи васалламдын хадисинде айтылган жаңылануу түшүнүгү жөнүндө.

(إن الله يبعث على رأس كل سنة من يجدد لهذه الأمة دينها)

“Аллах ар бир жылдын башында бул үммөттүн динин жаңылай турган бирөөнү жиберет”.

Саллаллаху алейхи васаллам айткандай доордун жаңылачуусу улуу аалым Такю-Дин ан-Набхани болсо, анда жаңылануу анын өлүмү менен аяктадыбы, Аллах аны ырайымына алсын? Же анын идеясын көтөрүп жүргөн хизб партиясы болгондуктан бул жаңылануу дагы эле сакталып калдыбы?

Аллах ыраазы болсун, эң жакшы сыйлык менен сыйласын.

**Жооб**: алейкуму ассалам рахматуллоохи уа баркаатуху.

Биринчи: Сиз сурап жаткан хадис – бул Абу Дауд өзүнүн “Сунанында” жана башкалар Абу Хурайра р.а. Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа салламдан риваят кылган хадис ал айтты:

قَالَ: «إِنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الْأُمَّةِ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا

“Аллах бул үммөткө ар бир жүз жылдын башында анын динин жаңылай турган бир адамды жиберет”. Бул хадисти Китеп жана Сүннөттө белгиленген шарий түшүнүктөрдүн алкагында түшүнүү керек жана алардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

1- Аллах Тааланын бул аяты

﴿الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الْإِسْلَامَ﴾،

( Бүгүн мен силерге диниңерди толуктадым, нээматымды (исламды дин кылып берүү) толук кылып бердим, Исламды силерге дин кылып бергендигим үчүн ыраазы болдум) Маида 3-аят.

Дин толукталды, нээмат толук кылып берилди, дин жашоодо өз оордун тапты. Кийин Пайгамбар с.а.в. өлүмү менен вахий токтоду. Мына ошондуктан диндин өзү Аллах Тааладан вахий катары вахийдин бүтүшү менен толукталган. Динде кошумча алымча кылууга оорун жок. Ошондуктан дин- Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам динди толук кылып жеткиргенден баштап кыяматка чейин- ал толук боюнча калат. Бул мусулмандардын аң-сезиминде терең орун алган нерсе жана шек күмөнү жок исламий чындыктардын бири.

2- Демек مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا “динин жаңылай турган бир адамды” деген асыл хадисте айтылган максат- диндин өзүнө бир нерсе кошуу же андан бир нерсени кемитүү аркылуу жаңылоо дегенди түшүндүрбөйт. Же

умумий маанини хосто же мутлакты мукайад кылуу дегенди билдирбейт. Анткени вахийдин бүтүшү менен насх кылуу же хос кылуу же мукайад кылуу эшиги толук жабылган. Анткени мындай кылуу шарий жактан мүмкүн эмес. Себеби диндин акыйкаты бул вахий ал вахий аркылуу гана толукталат. Башкача айтканда, пайгамбарыбыз с.а.в.га вахий кылынган нерсе. Мындан башка жол менен динге эч кандай кошумча алымча киргизүү шарий жактан мүмкүн эмес. Жаңылануу диндин өзүндө болушу мүмкүн болбогондон кийин, жаңылануу мааниси башка ишке бурулушу керек болот.

3- Ислам бул мабда. Башкача айтканда өзүнөн түзүм келип чыга турган акыйда. Ислам – бул пикирлердин жана өкүмдөрдүн-жыйындысы. Булардын баары Китеп жана Сүннөттөн жана ал экөөнө таянган сахабалардын ижмасы жана кыястан алынган. Анткени ал Исламдын өзүндөгү пикирлер жана өкүмдөрүндө жаңылануу болуусу шарий жактан мүмкүн эмес. Жаңылануу ага тиешелүү маселеде б.а. Исламдын пикир жана өкүмдөрүнө байланыштуу болгон маселеде болушу керек. Маселени кылдаттык менен карап чыгуу аркылуу Исламдын пикир жана өкүмдөрүнө байланыштуу эки негизги жагдай бар экени көрүнүп турат. Ал экөө түшүнүү жагдайы жана ишке ашыруу жагдайы... Тактап айтканда Исламга байланыштуу адамдык аспект. Мусулмандар Исламды түшүнүүчүлөр жана ишке ашыруучулар болуп саналат. Мусулмандар тарабынан исламды туура эмес түшүнүүлөрү же аны турмушта ишке ашыруу түшүнүктөрү бүдөмүктөшүп исламды туура эмес ишке ашыруулары оорун алат. Алардын түшүнүгү же кээ бирлеринин Исламды түшүнүүлөрү бузулушу мүмкүн, алар Исламдан эмес нерсени Исламдан деп ойлоп Исламга кошуп коюшу мүмкүн. Же кандайдыр бир деңгээлде Исламдагы нерсени исламдан экенине көңүл бурбастан аны көңүл сыртына калтырышы мүмкүн.

4- Ошондуктан мусулмандардын Исламды түшүнүүсүндө жана аны ишке ашырууда Исламга туура келбеген нерселер келип чыгышы мүмкүн мисалы:

А- Исламдан болбогон бир нерсени исламдан кылуу же Исламдагы нерсени исламдан экенине көңүл бурбастан аны көңүл сыртына калтырышы. Ал бидъатка кирет.

Б- Исламды мабда жана жашоо түзүмү катары түшүнүүдө бүдөмүк жаралышы. Же анын пикир жана өкүмдөрүн түшүнүүдө бүдөмүк оорун алышы.

В- Исламды жеке же жамааттык түрдө же аким тарабынан туура эмес колдонулушу. Же исламды ишке ашырууда башка түзүм менен аралаштырып жиберүү.

5- Динди түшүнүү же колдонууда вахийге ылайык болушу керек болгон абалга кайтуу үчүн, б.а. мусулмандар динди түшүнүшү же аны колдонууда Исламдын пикирлерине жана өкүмдөрүнө бурмалоосуз, кемчиликсиз, толуктоосуз кайтуу үчүн... Аллах Таала мусулмандардын арасынан ар бир жүз жылда динди жаңылоого аракет кылган адамды берет. Башкача айтканда, динди мурунку тазалыкка, нукуралыка жана тунук абалга кайтаруу, же кыянаттык жана баш аламандыкка булганбаган туура колдонууга кайтаруу үчүн... Тактап айтканда динди түшүнүү же колдонууда - Пайгамбар жиберилген убактагы өзүнүн тазалыгы, нукуралыгы жана тунуктугу менен баштапкы абалына келтирүү үчүн... Ал жаңылоочу адам- исламдан эмес болгон нерселерди андан тазалайт. Көмүскөдө калып калган пикирлерди ачыка чыгарат. Исламдан деп эсептелип калган туура эмес түшүнүктөрдү андан эмес экендигин ачыктап түшүндүрөт. Эгер ал адам өкүм ээлеринен болсо исламды толук ишке ашыруу үчүн аракет кылат... Хадисте «жаңылануу» деген сөздүн колдонулуш эмне болуп жатканын так сүрөттө үчүн анкени ал жаңы нерсени алып келүүнү эмес, тескерисинче жаңы нерсени жасоону, б.а. анын башында кандай болсо, аны калыбына келтирүү дегенди билдирет. Лингвистикалык сөздүктөр "жаңылоо" маанисин мындайча көрсөтүшкөн: Аль-Мухит сөздүгү: (жаңылады жаңылайт ал жаңы. Ал аны жанылады жаңырт жана жаңыла: аны жаңы кылды жана жаңыланды.) Ас-сихах тилде: (Нерсе жаңыланды: жаңы болду. Аны таап жаңылады, жаңылады, б.а. жаңы кылды.) Лисан аль-Араб: (Мен аны жаңыладым, аны жаңылады, жаңы кылды) Куттуу хадистеги бул ( жаңылоо) сөзү туура так маанини берет, бул Исламды өзүнүн баштапкы абалына кайтаруу дегенди билдирет. Ал динди өзгөртүү жана алмаштыруу дегенди билдирбейт.

6- Аалымдар асыл хадисте айтылган жаңылануу мааниси тууралуу айтышкан, мен алар айткандардын кээ бирлерин келтирдим:

Аун аль-Маъбудда мындай деп айтылган:

(Жаңылоочу): Жөнөтүүгө сыпат (ага): б.а. бул үммөткө (анын динине): Тактап айтканда сүннөттү бидъаттан тазалайт, илимди арттырат, илим жактоочуларын колдойт, бидъатчыларды сындырат жана аларды кор кылат. Алар- ал адам диний илимди майда баратына чейин биле турган адам –дешти. Аль-Манави бул тууралуу Фатх Аль-Кадир, Шарх Аль-Жами Ас-Сагирде айткан. Аль-Алками өзүнүн түшүндүрмөсүндө айтты. Жаңылануунун мааниси – Китеп жана Сүннөткө амал кылуу иштеринде жана аларга ылайык өкүмдөрдө жоголуп амал кылынбай калган нерселерди кайра жандандыруу...

Сиз жогоруда айтылган нерселерден түшүндүңүз. Жаңылануунун мааниси – Китеп жана Сүннөткө амал кылуу иштеринде жана аларга

ылайык өкүмдөрдө амал кылынбай калган нерселерди кайра жандандыруу жана бидъаттан пайда болгон нерселерди жок кылуу. Ал соолих адамдардын межлисинде мындай деди: Үммөттүн динин жаңылоочу дегендеги максат- Китеп жана Сүннөткө амал кылуу иштеринде жана аларга ылайык өкүмдөрдө амал кылынбай калган нерселерди кайра жандандыруу. Ал бул тууралуу айтты: Бул жаңылоочу- өз доорунун аалымдарына караганда эң ыктымалдуу пикири менен, жана анын илиминен пайдалануу менен гана таанылат. Динди жаңылоочу адам сүннөт менен чектелип, бидъаттарга бөгөт коюучу жана диний илимдердин майда баратына чейин жакшы билген болушу керек. Ошондой эле анын илими өз доорундагы адамдарга тараган болушу керек. Жаңылануу ар бир жүз жылдыктын башында болушунун себеби анткени ушундай маалдагы көпчүлүк учурда уламалар жокко эсе болуп калат. Сүннөткө амал кылынбай жоголуп, бидъат пайда болот. Анан динди жандандыруу муктаждыгы келип чыгат. Демек Жараткан Алла Таала мурункулардын оордун басуу үчүн үммөткө бир же бир нече жаңылоочуларды алып келет. Бүттү.

Коори “Миркот” китебинде мындай дейт: Башкача айтканда, сүннөттү бидъаттан тазалайт, илимди артырат, илим ээлерин урматтайт, бидъатты басып анын жактоочуларын сындырат. Бүттү.

Көрүнүп тургандай, жаңылоочу дин илиминин майда баратын чейин билген адам болушу керек. Ошону менен бирге эле сүннөттү жандандыруу, жайылтуу жана сүннөткө амал кылуучуларга жардам берүү анын күнү-түнкү чечкиндүү камы болушу керек. Ошондой эле курч далилдүү сөздөрү менен же китептерди жазуу же окутуу ж.б. нерселер аркылууу динге киргизилген бидъаттарды жок кылып анын жактоочуларын сындырышы керек. Ал эми ким мындай сыпаатка ээ болбосо, ал илим аалымы болуп, эл арасында таанымал болсо да, эл анын айтканын эшиткен болсо да ал жаңылоочу боло албайт....

-Мишкат ал-Масабихтин Маръаати ал-Мафаатих деген шархында мындай келди:

(Жаңылоочу): Жөнөтүүгө сыпат (ага): б.а. бул үммөткө (анын динине): Тактап айтканда сүннөттү бидъаттан тазалайт, илимди арттырат, илим жактоочуларын колдойт, бидъатчыларды сындырат жана аларды кор кылат. Ошондой эле курч далилдүү сөздөрү менен же китептерди жазуу же окутуу ж.б. нерселер аркылууу динге киргизилген бидъаттарды жок кылып анын жактоочуларын сындырат. Бул жаңылоочу- өз доорунун аалымдарына караганда эң ыктымалдуу пикири менен, жана анын илиминен пайдалануу менен гана таанылат. Динди

жаңылоочу адам сүннөт менен чектелип, бидъаттарга бөгөт коюучу жана диний илимдердин майда баратына чейин жакшы билген болушу керек. Ошондой эле анын илими өз доорундагы адамдарга тараган болушу керек. Жаңылануу ар бир жүз жылдыктын башында болушунун себеби анткени ушундай маалдагы көпчүлүк учурда уламалар жокко эсе болуп калат. Сүннөткө амал кылынбай жоголуп, бидъат пайда болот. Анан динди жандандыруу муктаждыгы келип чыгат. Демек Жараткан Алла Таала мурунку салафтардын ордун басуу үчүн үммөткө бир же бир нече жаңылоочуларды алып келет.

Экинчиси: Жалпысынан жаңылоочуларга жана хижрий он төртүнчү кылымдын жанылоочуларына келсек, биз бул маселе боюнча 2013-жылы 23-июндагы суроо жоопто төмөнкүдөй жооп бергенбиз:

Суроо:

Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху

Аллах ыраазы болсун сизден, сиздин колуңуз аркылуу нусратты тездетсин... Аллах илимиңиз менен бизге пайда берсин.

Белгилүү сахих хадистердин арасында улуу сахаба Абу Хурайра Аллах андан ыраазы болсун Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа салламдан риваят кылган хадисте:

إِنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الْأُمَّةِ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا» رواه أبو داود (رقم/4291)

“Аллах бул үммөткө ар жүз жылдын башында анын динин жаңылай турган бир адамды жиберет”. Абу Дауд (№4291) риваят кылган. Аны ас-Сахави “ал-Макасид аль-Хуснада” (149), ал-Албани “ас-Силсила ас-Сахиха” №599да сахих деп баалаган.

Хадистеги “ким” деген сөз жаңылоочу жеке адамга же жамаатка ишарат кылабы? Аларды мурунку кылымдарга гана таандык кылуу керекпи? Аллах ыраазы болсун.

Жооп;

Алейкуму ассалам рахматулоохи уа баркаатуху

Ооба хадис сахих жана анда беш маселе бар:

1- Жүз жылдык кайсы күндөн башталат? Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, төрөлгөндөнбү, же Пайгамбар болуп жөнөтүлгөндөнбү, же хижраттанбы, же анын өлүмүнөнбү?

2- “Ар жүздүн башы” ар жүздүн башындабы, же жүздүн ичиндеби, же жүздүн аягындабы?

3- Ким деген сөз бир адам дегенди билдиреби же адамдардын динин жаңырткан жамаатты билдиреби?

4- Акыркы жүздөгөн жылдар аралыгында жаңылоочулардын саны тууралуу сахих риваяттар бар беле?

5- Хижрий 1399-жылы 30 зул-хижжада аяктаган он төртүнчү жүз жылдыкта динди жаңылоочу адамдар кимдер болгонун биле алабызбы?

Колумдан келишинче келишпестиктерге аралашпай бул маселелерде эң туура пикирди айтканга аракет кылам. Аллах тафык берүүчү жан туура жолго жолдоочу.

1- Жүз жылдык кайсы күндөн башталат?

Аль-Манави “Фатхул-Кадирдин” кириш сөзүндө айткан:

Жүз жылдыктын башы Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам төрөлгөндөнбү, же Пайгамбар болуп жөнөтүлгөндөнбү, же хижраттанбы, же анын өлүмүнөнбү? Кийин башталышы тууралуу пикир келишпестиктер бар. Мен үчүн хижраттан бери башталышы ыкмалдуу пикир. Бул Ислам мамлекетинин тикелениши менен ислам жана мусулмандар улуулукка жеткен учур. Мына ушул себептен Азирети Умар сахабаларды тарыхтын башталышы боюнча макулдашуу үчүн чогултканда алар хижратты тандашты.

Ат-Табари өзүнүн тарых китебинде риваят кылган:

Абдурахман ибн Абдулла ибн Абдул-Хакам мага мындай деди: Ал айтты: Нуъайм бин Хаммаад бизге айтып берди, ал айтты: Ал: Ад-Даварди бизге Усман бин Убайдуллох бин Абу Роофиъден риваят кылып айтты, ал айтты: Мен Саид ибн аль-Мусайиб мындай деп айтканын уктум: Умар бин аль-Хаттаб элди чогултуп, алардан сурады: Кайсы күндөн баштап жазабыз? Али айтты: Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам ширк ордосун таштап чыгып кеткен хижрат кылган күндөн бери. Умар р.а. ошондой кылды. Абу Жаъфар айтат: Алар биринчи хижрий жылды ошол жыл б.а. Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам Мадинага келээрине эки ай жана бир нече күн мурунку мухаррам айынан баштап эсептешти. Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам Рабиул-аввал айынын он экинчисинде хижрат кылган.

Ушуга жараша жаңылоочулар келе турган жүз жылдыктар- сахабалар Аллах алардан ыраазы болсун кабыл алган хижрий дататан баштап эсептелишинин ыктымалы жогору катары артык көрдүм.

2- Ал эми жаңылоочу ар жүздүн жылдын башында келеби дегенге келсек, үстөмдүк кылуучу пикир жүз жылдыктын акыркы убактарында, б.а. жаңылоочу жүздүн аягында, белгилүү аалым, такыба жана тазалоочу болуп келет. Анын өлүмү жүз жылдын ортосунда же арасында эмес аягында болот. Эмне үчүн мен аны тандадым ал төмөнкү себептерден улам:

А- Биринчи жүз жылдыктын башында Умар бин Абдулазизди санашканы сахих риваяттар менен далилденген. Ал Аллах андан ыраазы болсун, хижраттын 101-жылы кырк жашында каза болгон. Алар

Шафиини экинчи жүз жылдыктын башында санашкан, ал хижраттын 204-жылы элүү төрт жашында каза болгон.

Ал эми "ар жүз жылдыктын башы" деген жорум мындан башкача кабыл алынса, б.а. биринчи жүз жылдын башы менен чечмеленсе анда Умар бин Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын жаңылоочусу болбойт анткени ал 61-хижрий жылы төрөлгөн. Ал эми Шафии экинчи жүз жылдыктын жаңылоочусу болбойт анткени ал хижраттын 150-жылы туулган.

Демек хадисте айтылган "رأس كل مئة" "ар жүз жылдын башы" жүздүн башын эмес, аягы дегенди билдирет. Ошондуктан ал адам ошол жүз жылдыктын ичинде төрөлүп, анын акыркы мезгилдеринде атактуу аалым болуп, акыр жагында каза болот.

Б- Биринчи жүз жылдыкты жаңылоочу Умар ибн Абдул-Азиз, ал эми Шафиъий экинчи жүз жылдыкты жаңылоочу экендигине далилдерге келсек, бул үммөт аалымдары жана имамдары арасында белгилүү болгон нерсе. Аз-Зухри жана Ахмад ибн Ханбал жана башка абалкы жана кийинки имамдар- мужаддидердин ичинен биринчи жүз жылдыктын башында Умар ибн Абдул-Азиз Аллах ырайымына алсын, ал эми экинчисинин башында болсо Имам аш-Шафии Аллах аны ырайымына алсын -экенине келишишкен. Умар ибн Абдулазиз хижраттын жүз биринчи жылы кырк жашында каза болгон. анын халифалык доору эки жарым жыл болгон. Аш-Шафии хижраттын 204-жылы элүү төрт жашында каза болгон. Хафиз Ибн Хажар "Тавали ат-Та'сисде" Абу Бакр аль-Баззар мындай дейт: "Мен Абдулмалик бин Абд Аль-Хамид Аль-Маймунинин мындай деп айтканын уктум: Мен Ахмад бин Ханбал менен бирге болчумун. Шафии туралуу айтылып жатканда Ахмад анын кадыр баркын көтөрүп жатканын көрдүм, ал айтты: "Пайгамбардан риваят кылынат: "Алла Таала ар бир жүз жылдын башында адамдарга динин үйрөтө турган адамды дайындайт". Ал айтты: Умар бин Абдул-Азиз биринчи жүз жылдыктын башында турган, ал эми Шафии экинчи жүз жылдыктын башында деп үмүттөнөм.

Абу Саид Аль-Фарябиден: Ахмад бин Ханбал айтты: Аллах ар жүз жылдын башында адамдарга динин үйрөткөн жана Пайгамбар с.а.в. дын атынан сүйлөнгөн жалгандарды четке каккан бир адамды дайындайт. Карап көрсөк бприрнчи жүздүн башында Умар бин Абдулазиз жана экинчи жүздүн башында Шафиъий.

Ибн Адий айтты: Мен Мухаммад бин Али бин Аль-Хусейндин мындай деп айтканын уктум: Мен биздин досторубуздун биринчи жүздө Умар бин Абдул Азиз, экинчисинде Мухаммад ибн Идрис аш-Шафии болгон деп айтышканын уктум.

Хаким өзүнүн “Мустадрак” китебинде Абу аль-Валидден риваят кылган хадисте мындай дейт: “Мен Абу аль-Аббас бин Шурайхтын кеңешмесинде болчумун, ошол кезде бир карыя аны мактап туруп анын мындай дегенин уктум: Абу Ат-Тоохир Аль-Хавлани бизге, Абдуллах бин Вахб айтты, Саид бин Абу Айюб мага Шарахил бин Язидден, Аби Алкамадан ал Абу Хурайрадан Аллах андан ыраазы болсун айтты; Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«قَالَ: «إِنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا

“Аллах ар бир жүз жылдын башында анын динин жаңылоо үчүн бирөөнү жиберет”. Куш кабар бер Эй казы- Аллах биринчи жүздүн башына Умар бин Абдулазизди, экинчи жүздүн башына Мухаммад Ибн Идрис аш-Шафиини жиберди..

Аль-Хафиз Ибн Хажар бул хадистин ошол убакта өтө белгилүү болгонун айткан.

В- Тилдик мааниде бир нерсенин башы анын башталышын билдирет деп айтууга болот. Анда кантип хадисте айтылган ар жүз жылдыктын башы анын башын эмес, акыркы жагын билдирет деген басымдуу көз караш деп айта алабыз? Жооп: тилдик мааниде бир нерсенин башы анын баш тарабына карата айтылат ошондой эле акыркы учуна каратада да колдонулат. Ал айтты:“Таажы ъарууста” нерсенин башы анын учу деп анын аягына карата айтылган. Ал Лисан аль-Арабда кескелдирик койкоктоп чыкты деп айтылат: кескелдирик өзүнө корунуч жаралганда ийнинен башы менен же куйруук жагы менен чыга келгенине карата айтылат. Демек тилдик мааниде бир нерсенин башы анын башталышына карата айтылат. Ошондой эле анын аягына карата да колдонулат. Ал эми хадисте айтылган ар жүз жылдын башы дегенде маани анын аягы же башы болобу, кайсы тарабына басым койулушу керектигине келсек: Буга далил жогоруда айтылган риваяттарда бар, Умар бин Абдул Азиз биринчи жүз жылдыктын жаңылоосу катары каралып, ал 101-хижрий жылы каза болгон. Аш-Шафии экинчи жүз жылдыктын жаңылоочусу деп эсептелген жана ал 204-жылы каза болгон. Мунун баары хадистеги маани жүз жылдыктын башы эмес, анын аягы экенин билдирет.

Жогоруда айтылгандарга таянып, хадисте айтылган “ар бир жүз жылдыктын башында” дегендин мааниси ар бир жүз жылдын аягы деп эсептейм.

3- Ал эми хадисте айтылган “ бирөөнү” деген бирөөнү же бир тайпаны билдиреби дегенге келсе; Хадисте “бул үммөткө... анын динин жаңылай турган бир адам жиберилет” деп айтылат. Эгерде "ким" сөзү бул жерде көптүк үчүн колдонулганда этиш көптүк түрдө болмок б.а.

"жаңылагандар". Бирок этиш“жаңылайт” жекелик менен келген. «Ким» деген сөздөн кийинки этиш жекелик болсо да анын

маaниси көптүк маанини камтыйт. Бирок менимче бул жерде ким сөзү жекелик маанидеги этиш менен келгендиктен жекелике чектелет. Ошондой эле мунун далалаты жекелике эле чектелет деген акыркы сөз эмес көптүкө да далаалат кылышы мүмкүн. Ошондуктан «Ким» дегенди топ менен чечмелеп, риваяттарында ар бир жүз жылдыкта аалымдар тобун санап бергендер бар. Бирок бул жааттагы менин басымдуу пикирим жогоруда айтып өткөндөй жекеликти билдирет. Башкача айтканда бир адам болот.

Ошого ылайык мендеги басымдуу көз караш хадистеги“ким” деген сөз аалым, такыба, таза бир адамга далаалат.

4- Өткөн жүз жылдыктардагы жаңылоочулардын ысымдарынын санына келсек, Бул тууралуу риваяттар болгон, алардын эң белгилүүсү Аржуза Ас-Суюти, ал тогузунчу жүзгө чейин санаган. Ал Аллахтан тогузунчу жаңылоочу болушту тилеген. Аржуза Ас-Суюти санагандардын кээ бирлерин келтирем:

“Биринчи жүз жылдыктын жаңылоочусу ижмаа менен Адилеттүүлүк халифасы Умар бин Абдул Азиз болгон...

Ал эми Шафии улуу илими менен экинчи жүз жылдыктын жаңылоочусу...

Ал эми бешинчи аалым ал-Газали экени талашсыз.

Ал эми жетинчи бир оороздон Ар-Раки Аль-Мараки бин Дакик аль-Ийд.

Эми тогузунчу жүз келди. Хидаятоочу убадасына каршы келбейт. Мен бул кылымдагы жаңылоочу болушту Аллахтан тилейм. Аллахтын фазилети кайтарымсыз...

Андан ары уланган башка сөздөр да бар.

5- Хижрий 1399-жылы 30 зул-хижжада аяктаган он төртүнчү жүз жылдыкта динди жаңылоочу адамдар кимдер экенин биле алабызбы?

Жүз жылдыктын башы деген анын аягын билдирет деген көз караш этибарлуу аалымдар арасында белгилүү болуусу менин көңүлүмдү бурду. Умар бин Абдул Азиз хижрий 61-жылы төрөлүп, хижрий 101-жылы биринчи жүздүн башында каза болгон. Шафии хижрий 150-жылы төрөлүп, экинчи кылымдын башында хижрий 204-жылы дүйнөдөн кайткан. Тактап айтканда, алардын ар бири 100 жылдыктын ичинде төрөлүп, анын аягында атактуу болуп, аягында каза болгон. Айтып өткөнүмдөй эле, мен этибарлуу аалымдар арасында белгилүү болгон көз караш- Умар бин Абдул-Азиздин биринчи жүздүн башында турган жаңылоочу жана Шафии экинчи жүздүн башындагы жаңылоочу деген чечмелөөнү туура көрөм. Ошого ылайык, мен аалым шейх Такю-Дин ан-

Набхани, Аллах аны ырайымына алсын, он төртүнчү жүз жылдыктын башындагы диндин жаңылоочусу болгон деп билем. Ал хижраттын 1332-жылы төрөлүп, ушул XIV кылымдын аягында белгилүү болгон. Айрыкча Хизб-ут-Тахрир партиясын хижрий 1372-жылы Жумада ат-Саниде негиздеген учурда. Анын аягында хижрий 1398-жылы каза болгон. Ал мусулмандарды орчундуу маселеге чакырды. Туура жолдогу Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий жашоону кайра баштоого чакырды. алардын турмушуна, аркеттерине жана ижтихадарына зор таасирин тийгизди. Бүгүнкү күндө Халифалык мусулмандар үчүн жалпы талап болуп калды. Абу Ибрахимге Аллах ырайым кылсын. Андан кийинки бир тууганы Абу Юсуфка ырайым кылсын, аларды пайгамбарлар, салихтер, шейиттер менен бирге кылсын.

Урматтуу Абу Муъмин; Ушул менин бул маселе жаатындагы басымдуу көз карашым. Туурасын Аллах билүүчү. Мурунку суроо жооп бүттү.

Үчүнчүсү: Сиздин суроонузга келсек: Эгерде кылым жаңылоочусу көрүнүктүү аалым Такю-Дин ан-Набхани Аллах ырайымына алсын болсо анда жаңылануу, анын өлүмү менен аяктадыбы же анын идеясын алып жүргөн хизб партиясы болгондуктан дагы эле уланып жатабы? Буга жооп: жаңылануу процесси жогоруда түшүндүргөнүбүзгө ылайык жүрөт ( аалым таакыба таза бир адам менен) Анын өлүмү менен жаңылануу маселеси бүтөт. Бирок бул жаңылануунун таасири бүттү дегенди билдирбейт. Тескерисинче, жаңылануу- мусулмандарга жана келечек муундарга жаңылоо аяктагандан кийин убакыттын өтүшү менен түшүнүү же колдонууда бир кемчилик пайда болмоюнча- өз таасирин тийгизет. Келерки кылымдын аягында Аллах Таала дагы бир жолу үммөттү динин жаңылай турган адамды жиберет. Хадисте айтылгандай Аллах ар бир жүз жылдын башында үммөттүн динин жаңылай турган бир адамды жиберет. Башкача айтканда, он бешинчи жүз жылдыктын башында Ин шаа Аллах дагы бирөөнү жиберет. Ким болорун бир кудай билет.

Ушул менин бул маселе жаатындагы басымдуу көз карашым. Туурасын Аллах билүүчү.

26-шаввал, 1444-х.
16- май, 2023-м.

## Мусулмандардын кичине тобу Ак үйдү фатх кылышы тууралуу хадис

**Суроо**: ассалому алайкум менде бир суроо бар эле, ушул хадистин маанисин түшүндүрүп берсеңиз?

قالَ: فكتَبَ إليَّ ، ﷺ كتَبتُ إلى جابِرِ بنِ سَمُرَةَ مع غُلامي، أخبِرْني بِشَيءٍ سَمِعتَهُ مِن رَسولِ اللهِ: يَومَ الجُمُعَةِ، عَشيَّةَ رَجْمِ الأسلَمِيِّ يَقولُ» :لا يَزالُ الدِّينُ قائِماً حتى تَقومَ ﷺ سَمِعْتُ رَسولَ اللهِ السَّاعةُ، أو يَكونَ عليكم اثنا عَشَرَ خَليفةً كُلُّهُم مِن قُرَيشٍ.» «وسَمِعتُهُ يَقولُ» :عُصبةُ المُسلِمينَ يَفتَتِحونَ البَيتَ الأبيَضَ، بَيتَ كِسْرى وآلِ كِسْرى.» «وَسَمِعتُهُ يَقولُ» :إنَّ بَينَ يَدَيِ السَّاعةِ كَذَّابينَ، فاحذَرُوهم.» «وَسَمِعتُهُ يَقولُ» :إذا أعطى اللهُ أحَدَكم خَيراً، فَلْيَبْدَأْ بِنَفْسِهِ، وأهلِ بَيتِهِ.» «وَسَمِعتُهُ يَقولُ: «أنا فَرَطُكم على الحَوضِ».

“Мен кызматчым аркылуу Жабир бин Самурага кат жазып мындай дедим: “Мага Аллахтын Элчисинен (саллаллаху алейхи уа саллам), уккан нерсеңди айт”. Ал мага мындай деп жазды: “Мен Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) жума күнү Асламийди таш баранга алуу алдында мындай деп айтканын уктум: “Дин кыямат келгенче, же силердин үстүңөргө баары Курайштан болгон он эки халифа келгенге чейин турат. Мусулмандардын кичине бир тобу Ак үйдү, Кисронун үйүн жана анын үй-бүлөсүн фатх кылат”, - деп айтканын уктум. Мен анын: “Чындыгында, Кыяматтын алдында жалганчылар болот, алардан сактангыла”. - деп айтканын уктум. Дагы: “Эгер силердин бириңерге Аллах жакшылык берсе, өзүнөн жана үй-бүлөсүнөн баштасын”, - дегенин уктум. Мен анын: “Мен силерди хавздан күтөм”,- дегенин уктум.

Урматтуу шейх, “Мусулмандардын кичине бир тобу Ак үйдү фатх кылат” деген бул хадистин сахихтиги жана анын чечмелениши кандай? Аллах ыраазы болсун!

**Жооп**: уа алайкум ассалам уа рохматуллоохи уа баракаатуху.

Биринчи: Сиз суроонузда айткан хадис имам Ахмаддын риваятынан. Имам Муслим бул хадисти сөздөрүндө бир аз айырмачылык менен риваят кылган. Ал өзүнүн «Сахихинде» Аамир бин Саьд бин Абу Ваккастан риваят кылат:

قَالَ فَكَتَبَ ﷺ كَتَبْتُ إِلَى جَابِرِ بْنِ سَمُرَةَ مَعَ غُلاَمِي نَافِعٍ أَنْ أَخْبِرْنِي بِشَيْءٍ سَمِعْتَهُ مِنْ رَسُولِ اللَّهِ يَوْمَ جُمُعَةٍ عَشِيَّةَ رُجِمَ الأَسْلَمِيُّ يَقُولُ» :لاَ يَزَالُ الدِّينُ قَائِماً حَتَّى تَقُومَ ﷺ إِلَيَّ سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ السَّاعَةُ أَوْ يَكُونَ عَلَيْكُمُ اثْنَا عَشَرَ خَلِيفَةً كُلُّهُمْ مِنْ قُرَيْشٍ «وَسَمِعْتُهُ يَقُولُ» :عُصَيْبَةٌ مِنَ الْمُسْلِمِينَ يَفْتَتِحُونَ الْبَيْتَ الأَبْيَضَ بَيْتَ كِسْرَى أَوْ آلِ كِسْرَى «وَسَمِعْتُهُ يَقُولُ» :إِنَّ بَيْنَ يَدَيِ السَّاعَةِ كَذَّابِينَ فَاحْذَرُوهُمْ «وَسَمِعْتُهُ يَقُولُ» :إِذَا أَعْطَى اللَّهُ أَحَدَكُمْ خَيْراً فَلْيَبْدَأْ بِنَفْسِهِ وَأَهْلِ بَيْتِهِ «وَسَمِعْتُهُ يَقُولُ» :أَنَا الْفَرَطُ عَلَى الْحَوْضِ

“Мен кызматчым аркылуу Жабир бин Самурага кат жазып мындай дедим: “Мага Аллахтын Элчисинен (саллаллаху алейхи уа саллам), уккан нерсеңди айт”. Ал мага мындай деп жазды: “Мен Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) жума күнү Асламийди таш баранга алуу

алдында мындай деп айтканын уктум: “Дин кыямат келгенче, же силердин үстүңөргө баары Курайштан болгон он эки халифа келгенге чейин турат”. Дагы: “Мусулмандардын кичине бир тобу Ак үйдү, Кисронун үйүн жана анын үй-бүлөсүн фатх кылат”, - деп айтканын уктум. Мен анын: “Чындыгында, Кыяматтын алдында жалганчылар болот, алардан сактангыла”. - деп айтканын уктум. Дагы: “Эгер силердин бириңерге Аллах жакшылык берсе, өзүнөн жана үй-бүлөсүнөн баштасын”, - дегенин уктум. Мен анын: “Мен силерди хавздан күтөм”,- дегенин уктум.

Бул хадис сахих жана анын сахихтигине Сахих Муслимде келгени жетиштүү.

Экинчи: Хадистин тафсирине келсек, хадисте көптөгөн маселелер бар. Анын биринчиси, ал Зат (с.а.в): “Дин кыямат келгенче, же силердин үстүңөргө баары Курайштан болгон он эки халифа келгенге чейин турат”. Аалымдар бул хадистин максат, мааниси тууралуу ар кандай пикирде болушкан жана эң туурасын Аллах билүүчү. Алардын ичинен ыктымалы эң жогорусу Ибн аль-Жаузинин “Кашф аль-Мушкилде” келтирген шархы. Ал аталган хадиске байланыштуу түшүндүрмө берип: “Кыяматка чейинки халифалардын бүткүл доорунда он эки халифа катарынан келбесе да, туура иштерди кыла тургандары доор-доору менен кыяматка чейин келишет. Бир адилеттүү имам келип мүмкүн, анын артынан зулум кыла турган бирөө келет. Андан кийин адилеттүү бирөө келет. Ушундай түрдө он эки халиифанын келиши Кыяматка чейин уланат. Бул пикирге Абу Мансурдун бизге айткандары далил болот.

Абу Бахр Абу Аль-Мужаллиддин ага айтканын жана ага ант бергенин айтып мындай деди: “Бул үммөт он эки халифа болмоюнча, баары хидаят жана акыйкат дин менен өкүм жүргүзмөйүнчө жок болбойт. Алардын арасында Пайгамбардын (с.а.в) үй-бүлөсүнөн эки киши болот. Алардын бири кырк жыл, экинчиси отуз жыл жашайт.

Бул басымдуу көз караш жана эң туурасын Аллах билет. Анткени, хадисте: “Дин кыямат келгенче, же силердин үстүңөргө баары Курайштан болгон он эки халифа келгенге чейин турат” деп келген. Демек, кеп кыяматка чейин диндин турушу жөнүндө болуп жатат. Буга Курайштан чыккан он эки халифанын башкаруусу менен бүтүшү кирет. Курайштан жана башкалардан көптөгөн халифалар бийлик жүргүзгөндүктөн, Хадис Курайштан болгон анык он эки адамдын өкүмүнө негизделген. Анткени, алар башка халифалар сыяктуу Ислам менен өкүм жүргүзгөн жөн гана халифалар эмес. Алар Пайгамбарлык минхажы негизинде адилет жана акыйкат менен өкүм жүргүзгөн өзгөчө халифалар. Алардын халифалыгы “хидаят жана акыйкат дин амал кылынган халифалык”. Алардын арасында алгачкы төрт Туура жолдогу

Халифалардын болгону талашсыз жана алардын бешинчиси Умар бин Абдул Азиз...

Ал эми жакынкы күндөрдө Пайгамбарлык минхажы негизинде экинчи туура жолдогу Халифалык тикеленгенде бул халифалардын ичинен хулафаи рошидиндердин жолуна түшүп, хидаят жана акыйкат дин менен амал кылышат... Башкача айтканда, Кыяматка чейин Ислам негизинде акыйкаттык менен өкүм жүргүзө турган халифалар болот. Ошондо азыркыдай зордук-зомбулук доору бүтөт. Анан Пайгамбарлык минхажы негизиндеги халифалык кайтып келет. Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам), Нуъман бин Баширдин Хузайфадан риваят кылган хадисинде айткандай... Пайгамбарлык минхажы негизинде экинчи халифалык доорунда Ислам менен өкүм жүргүзгөн көптөгөн халифалар, анын ичинде Пайгамбарлык минхажы негизинде адилеттүү жана туура жолго түшкөн жети халифа болот. Алар биринин артынан бири удаа келбеши да мүмкүн. Алар кыяматка чейин келе турган Пайгамбарлык минхаажы негизинде өкүм жүргүзгөн он эки халифанын катарында болушат...”. Менин оюмча, бул эң басымдуу көз караш. Аллах – Билүүчү жана Даанышман.

Үчүнчү: Ал эми Расул (с.а.в)дын: «عُصَيْبَةٌ مِنْ الْمُسْلِمِينَ يَفْتَتِحُونَ الْبَيْتَ الأَبْيَضَ» “Ак үйдү мусулмандардын кичине бир тобу фатх кылат” деген сөзүнүн маанисине келсек. “Ак үй” хадистин өзүндө айтылгандай: «الْبَيْتَ الأَبْيَضَ» «بَيْتَ كِسْرَى أَوْ آلِ كِسْرَى» "Кисронун үйү же Кисронун үй-бүлөсү", же Кисронун хан сарайы. Умар бин Аль-Хаттабдын доорундагы сахабалар (Аллах алардан ыраазы болсун) аны фатх кылышты. Ан-Навави Муслимге берген түшүндүрмөсүндө мындай деп айткан:

عُصَيْبَة مِنْ الْمُسْلِمِينَ يَفْتَتِحُونَ الْبَيْت الأَبْيَض بَيْت كِسْرَى

“Мусулмандардын кичине бир тобу Ак үйдү, Кисронун үйүн фатх кылышат. Бул Аллахтын Элчисине (саллаллаху алейхи уа саллам) көрүнгөн мужизалардын бири. Алар Умар ибн аль-Хаттабдын доорунда (Аллах андан ыраазы болсун) Ак үйдү фатх кылышты! “Усайбатах” сөзү “усабанын” кичирейтүүчү түрү. Ал кичине топ дегенди билдирет.

Төртүнчүсү: Ал эми, Расулулла (ага салам-салаваттар болсун) айткан: «إِنَّ بَيْنَ يَدَيْ السَّاعَةِ كَذَّابِينَ فَاحْذَرُوهُمْ» “Чындыгында, кыяматтын алдында жалганчылар болот, алардан сактангыла” деген сөзгө келсек, аалымдар аны көптөгөн өңүттө чечмелешкен. Маркаатул Мафаатихтин автору “Мишкат аль-Масабих”ти төмөнкүчө түшүндүрөт: وَعَنْ جَابِرِ بْنِ سَمُرَةَ قَالَ: «سَمِعْتُ النَّبِيَّ ﷺ يَقُولُ»: إِنَّ بَيْنَ يَدَيِ السَّاعَةِ كَذَّابِينَ “Жабир бин Самура риваят кылган хадисте, ал айтты: Мен Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) мындай дегенин уктум: “Чындыгында, кыяматтын алдында жалганчылар болот”. Аль-Музхир айтты: “Ал көп наадандык жана илимсиздиктин болушун билдирген. Бул доордо токума хадистер, Аллахтын Элчиси (саллаллаху

алейхи уа саллам)га каршы ойлоп чыгарылган хадистер, анын доорундагыдай мен пайгамбармын деген жалганчылар чыгышы мүмкүн. Батылга этикад кылган бузуку жамааттардын да чыгышы мисал болушу мүмкүн. Алардан сактангыла...

Бешинчи: Хадистин калган бөлүгүнө келсек, Навави аны төмөнкүчө түшүндүргөн:

«إِذَا أَعْطَى اللَّهُ أَحَدكُمْ خَيْراً فَلْيَبْدَأْ بِنَفْسِهِ»

“Эгер силердин бириңерге Аллах жакшылык берсе, өзүнөн баштасын”. Бул "اِبْدَأْ بِنَفْسِك ثُمَّ بِمَنْ تَعُول" “Өзүңдөн башта, анан карамагыңдан башта” деген хадис сыяктуу.

Алтынчы: Ал Затка Аллахтын салам-салаваттары болсун: أَنَا الْفَرَط عَلَى الْحَوْض “Мен силерди хавздан күтөм” деген сөзүнө келсек, “Мен хавзга алгачкы болуп келүүчүмүн” деген маанини билдирет. Ра фатха менен келгенде, мурун келгенин жана силерге андан ичирүүнү күтүп турушун билдирет. Фарат сөзүнүн мааниси суУга мурун келген кийинки келгендерге муктаж боло турган нерсесин даярдап күтүүнү билдирет.

26-шаввал, 1445-х.
5-май, 2024-м.

## Хизб ут-Тахрирдин каттоодон өтүшү тууракында

**Суроо**: Бисмиллахир Рохманир Рохим.

Урматтуу шейх, сизди Аллах Өз коргоосуна алсын.

Индонезиядагы Хизбут-Тахрирге тиешелүү маанилүү суроо:

Менден Индонезиядагы мусулман жаштар Хизбут-Тахрирдин Индонезия мамлекетинин өкмөттүк иштер боюнча министрлигинде расмий түрдө каттоодон өтүшү жөнүндө суроолорду беришти. Мен дагы айрым адамдардын (алар көпчүлүк эмес) бул жаатта: Индонезиядагы Хизбут-Тахрир акыйкат менен батылды айырмалабайт – мындан Аллах сактасын – деп дааба кылып жатышканына күбө болдум.

1 – Эй шейхибиз, бул маселе боюнча канааттандырарлык жооп кандай?

2 – Хизбдин Индонезия сыяктуу дарул куфрдагы өкмөттөрдүн астында каттоодон өтүшүнүн өкүмү кандай? Кичипейилдик кылып далил келтирүү көрүнүшүн бизге шархтап берсеңиз.

Аллама Шафеий «Умм»да: «Дарул Исламдагы адал дарул куфрда да адал, дарул Исламдагы арам дарул куфрда да арам», – деген. Эй шейхибиз, биз сиздин илимиңизден пайдаланууну каалайбыз. Аллах сизге тавфик берсин, каталарыңызды оңдосун, сизди Исламий Үммөткө таяныч кылсын. Мен аны сиздин жакшылыктарыңыз таразасына коюшун Аллахтан сурап каламын.

Аллах жолундагы боордошуңуз: Аллахга муктаж пенде Ирфан Абу Навид.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух.

Эй боордошум, ооба туура, дарул Исламдагы адал дарул куфрда да адал, дарул Исламдагы арам дарул куфрда да арам… Бирок, сиздин суроонуз идарий иштерге тиешелүү. Бул иштер болсо – дарул куфрда болобу, же дарул Исламда болобу, айырмасыз – мубахтар бөлүмүнө кирет. Себеби, сиз мисалы паспорт же виза алуу үчүн алдын ала арыз жазасыз, же жол эрежелерине моюн сунасыз, самолёт же поездде сапарга чыгуу үчүн билет сатып аласыз, ишканадагы иш убактыңызга, же университет жана мектептеги окуу убактыларына амал кыласыз, же жумушка ким келип кимдин келбегендиги белгилеп турулат… Булардын бардыгы – дарул куфрда болобу, же дарул Исламда болобу, айырмасыз – жайиз болгон идарий иштер болуп эсептелет. Сиз аларга амал кылышыңыз мүмкүн. Балким, сиз айрым идарий услубдарды дарул куфрдан дарул Исламга алып келишиңиз да мүмкүн. Умардын рум жана фарстан девандарды т.а. олжолорду жарандарга бөлүштүрүү үчүн алардын аты-жөнүн тизмеге алууну алып келгени белгилүү:

Ибн Абу Шайба өзүнүн «Мусаннаф»ында Абу Саламадан, ал Абу Хурайрадан риваят кылды: Ал Умардын алдына Бахрейнден келген эле. Ал айтат: Мен анын (Умардын) алдына келип аны менен куптан намазын окудум. Ал менин ага салам бергенимди көрүп: «Эмне алып келдиң?» – деп сурады. Мен: Беш жүз миң алып келдим, – деп жооп бердим. Ошондон кийин ал адамдарга: «Мага көп мал келди, кааласаңар силерге аны бирме-бир санап берели, кааласаңар теңме-тең өлчөп тартып берели», – деди. Ошондо бир киши: Эй момундар амири, мен тиги ажамдардын карыздарды деван кылып жазышканын жана адамдарга ошонун негизинде беришкенин көргөнмүн, – деди. Ошондон кийин Умар девандарды түзүп, мухажирлерге алар алып жаткан беш миң үстүнө дагы беш миң, ансарларга төрт миң үстүнө дагы төрт миң, Набий Адын аялдарына он эки миң үстүнө дагы он эки миң кошуп берүүнү буйруду».

Эми сиздин: Хизбдин Индонезия өкмөтү алдында каттоодон өтүшүнүн өкүмү кандай? – деген суроонузга кайтып келебиз.

Бул иш маалымдап коюу жана кабардар кылып коюу бөлүмүнө кирет. Т.а. биз аларды Хизбдин атынан, программасынан, жүргүзө турган ишинен… кабардар кылып коёбуз. Булардан кабардар кылып коюунун эч кандай зыяны жок. Эгерде кайсы бир мамлекет кабардар кылышыбызды куфр мыйзамдарына моюн сунууга мажбурлабай кабыл ала турган болсо, Хизбди бир идарий иш катары каттоодон өткөрөбүз. Бүгүнкү күндө мамлекеттер бизди ушул негизде – куфр мыйзамдарына моюн сунууга мажбурлабай каттоодон өткөрүүнү кабыл алышпады. Болгону үч гана мамлекет: Ливан, Индонезия жана Тунис кабыл алды. Ал тургай, бул үч мамлекет да Хизбди каттоодон өткөрүүнү бекер кылуу үчүн түрдүү шылтоолорду издеп жатат.

Маалымат үчүн айта кетебиз, хизб-партиялардын маалымдап коюу жана кабардар кылып коюу менен эле чектелиши усманий мамлекеттен калган таасирлердин бири болуп эсептелет. Себеби, 1909-жылдагы хизбдер жөнүндөгү мыйзам хизбден, болгону хизбдин аталышы жана расмий штабы тууралуу кабардар кылып коюуну талап кылат. Ливанда бул мыйзам бүгүнкү күнгө чейин күчүн жогото элек. Себеби, алар анын ордун баса турган бирер мыйзамга келише алышпады. Ошондуктан, Хизбди ал жерде катоодон өткөрүүлөрү «усманий мамлекеттин 1909-жылдагы мыйзамы»на ишара кылган абалда болгон.

Тыянак: Дарул куфрдагы арам дарул Исламда да арам т.а. мисалы хамр (мас кылуучу ичимдик) дарул куфрда да, дарул Исламда да арам. Эгерде дарул куфрда жашап жаткан мусулман аны ичсе арам иш кылган болот…

Мубахка карата да ушундай. Себеби, идарий иштерге амал кылуу, мисалы эртелеп саат сегизден күндүзгү саат экиге чейин иштөөгө

туруктуу амал кылуу дарул Исламда мубах болду. Ал дарул куфрда да мубах. Бул Хизбди каттоодон өткөрүүгө, же паспорт алууга, же виза алууга да туура келет. Бирок, Хизбди куфр мыйзамдарына амал кылуу шарты менен каттоодон өткөрүү таптакыр жайиз эмес. Себеби, бул арам. Кудум ушул сыяктуу эле, паспортту хамр ичүү шарты менен алуу да таптакыр жайиз эмес ж.б…

Т.а. идарий иштер эгерде дарул Исламда мубах болсо, алар дарул куфрда да – эгерде аларда арамды кылуу шарт кылып коюлбаса – мубах болот. Ошондуктан, Индонезияда Хизбдин каттоого алынганы маалымдап коюу жана кабардар кылып коюу бөлүмүнөн болгон бир идарий иш болуп, анда куфр мыйзамдарына эч кандай амал кылынбайт. Кайсы мамлекет маалымдап коюу жана кабардар кылып коюу бөлүмүнөн бизди идарий каттоого алууну кабыл алса жана мында куфр мыйзамдарына амал кылууга мажбур кылынбаса, бул жайиз болот. А бирок, эгерде куфр мыйзамдарына амал кылуу милдетин шарт кылып коё турган болсо, анда арам болуп, таптакыр жайиз болбойт. Бул тема сизге түшүнүктүү болгондур деп үмүттөнөмүн.

11-робиул-аввал, 1435-х.
12-январь, 2014-м.

## ИШИМ уюмунун Халифалыкты тикелегени туурасындагы жарыясы

ИШИМ (Ирак жана Шам Ислам Мамлекети) уюмунун Халифалыкты тикелегенин жарыялаганы туурасында суроо жолдогон бардык боордошторго... Ар бириңиздердин атыңыздарды атабаганым үчүн кечирим сураймын.

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Негизи, бул суроонун жообун мурун да жибергемин, ошентсе да кайрадан кайталамакчымын.

Мурун берилген жана жөнөтүлгөн жооп:

Урматтуу боордоштор!

1 – Кайсы бир жамаат Халифалыкты тикелөөнү каалаоса, ал Пайгамбарыбыз ﷺдын жолуна ээрчүүсү важиб. Алардын бири, ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай ала турган ачык бийликтин болушу шарт жана ошол Халифалык жарыяланган аймакта мамлекеттүүлүк көрүнүшү көрүнүп туруусу керек. Пайгамбарыбыз ﷺдын Мадинаи Мунаварада Ислам мамлекетин тикелөөдөгү туткан жолу мына ушундай болгон. Ошол кезде Пайгамбарыбыз ﷺдын колунда ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай турган толук Исламий бийлик болгон жана ошол аймакта мамлекеттүүлүк көрүнүшү толук көрүнүп турган.

2 – Халифалыкты жарыялаган ИШИМ жамааты Иракта да, Сирияда да ачык түрдө бийликке ээ эмес жана ал ички-сырткы коопсуздукту камсыздай албайт. Жада калса, Халиф катары байъат берилген адам да өзүн ачыкка чыгара алган жок. Халифалык жарыяланганга чейин кандай жашырынып жүрсө, ошол бойдон калды. Бул болсо Пайгамбарыбыз ﷺдын Мадинадагы Ислам мамлекетин тикелеген жолуна тескери келет. Себеби, Пайгамбарыбыз ﷺга мамлекет тикеленгенге чейин өзүн жашырып жүрүү жайиз болгон болсо, мамлекет тикеленгенден кийин ал зат жашырынбастан, мамлекеттик иштер менен алек болгон. Элчилер жөнөтүп, элчилерди кабыл алган, кошуунду жетектеген жана келишпөөчүлүктөргө казылык кылган. Мына ушундайча мамлекет тикеленишинен мурунку жана кийинки абал айырмаланып турган. Ал эми Халифалыкты жарыялаган жамааттын бул жарыясы эч кандай мааниге ээ эмес. Себеби, бул жерде мурункудай эле вакиъси жок жарыяланган жасалма халифалыктар сыяктуу сценарий жүрүүдө. Эч кандай мамлекеттик көрүнүшкө, бийликке ээ болбой туруп о.э. мамлекеттин ички жана сырткы коопсуздугун камсыздабай туруп, өзүн

«Халифа», «Махдий» деп жарыялоосу – өзүнүн жана ээрчүүчүлөрдүн туйгуларын кандыруудан башка нерсе эмес.

3 – Халифалык мамлекети – бул массалык мааалымат каражаттары жөн гана жарыялап коё турган бир жарыя эмес. Халифалык – бул жер жүзүнө тамыр жая турган, ички жана сырткы коопсуздукту Ислам бийлиги негизинде камсыздай турган, Ислам рисалатын даават жана жихад аркылуу ааламга алып чыга турган мамлекет. Бул мамлекеттин кандай тикеленишин, анын көрүнүшүн, экономикалык түзүмүн, мамлекеттер менен болгон мамилесин, саясатын шарият ачык түрдө баяндап берген.

4 – ИШИМдин бул жарыясы ал жамааттын вакиъсин өзгөртүп жибербейт. Ал жамаат булжарыяга чейин кандай болсо,андан кийин деле – Сирия жана Ирактагы өкмөткө каршы күрөшүп жаткан, ачык бир бийликке ээ болбогон башка куралдуу кыймылдар сыяктуу эле – куралдуу кыймыл бойдон калат. Эгер бул кыймылдардын кайсы бири ушул аймакта ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай ала турган, мамлекеттик көрүнүшкө ээ стратегиялык аймакты көзөмөлдөп, Ислам менен өкүм жүргүзө алса, анда шарият өкүмдөрүнө ылайык аларга ээрчилет. Себеби, Халифалыкты тикелөө жалгыз Хизб-ут-Тахрирге эле эмес, жалпы мусулмандарга фарз. Ким аны шарият өкүмдөрүнүн негизинде тикелесе, ага ээрчиш важиб болот. Ал эми азыркы окуя мындай эмес. ИШИМдин бул жарыясы, баарыбызга көрүнүп тургандай, ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай албай турган, ачык бир бийликке ээ эмес о.э. мамлекеттик көрүнүшкө да ээ эмес, куру жарыя болуп калды.

5 – Бирок бул жерде көңүл бурчу жагдай, бир аймакта туруп алып, жакшы иш кылып жатам деген ойдо, куру аталыштагы халифалык мамлекетин жарыялоо – мусулмандардын эңсеп келген Халифалык мамлекетинин баркын, маани-маңызын кетирүүдө. Айрыкча, чыныгы Халифалык мамлекети тикеленүүгө жакын калган учурда, мусулмандар ал Халифалык мамлекетин акыркы сабыры менен күтүп жаткануучурда, ушундай болуп жатат. Мусулмандар «Хизб-ут-Тахрир Халифалыкты тикелөөдө Пайгамбарыбыз ﷺдын Мадинаи Мунаввարада мамлекетти тикелеген жолдон жүрөт» деп билишет. Үммөт Хизб-ут-Тахрирди өз кучагына алып, мусулмандар өз ара ислам боордоштугун түшүнүп, мусулмандар Хизбдин Пайгамбарыбыз ﷺ минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелеген ийгилиги менен шаттанышкан чакта, мына ошондо Халифалыкты жарыялоо мезгили келет.

6 – Жогоруда белгиленген беренелер о.э. ачык бийликке ээ болбой, коопсуздук камсыздалбай туруп, халифалыктын жарыялануусу – булардын баары суроо туудурат. Айрыкча, уюшуудагы пикирий негизи

жок куралчан кыймылдардын арасына Батыш жана Чыгыш агенттеринин кирип келиши жеңил болгон учурда халифалыктын жарыяланышы да суроо туудурат. Батыш жана Чыгыштын Ислам жана Халифалыкка айла-амал кылуулары айдан-ачык. Алар анын атын өчүрө албагандыктан, анын ысымын куру аталышка айлантып, мусулмандар башын айландырууга абдан ынтызар. Халифалык – бул кафирлер оңой-олтоң айта бере турган жөн гана бир аталыш эмес. Балким, чыныгы Халифалыктын тикелениши кафирлерди эстен тандыруучу бир окуя болот!

7 – Биз Батыш-Чыгыштагы Ислам душмандарына дагы бир жолу тастыктайбыз, Халифалык кылымдар бою дүйнөнү башкарып келген – жана канчалык айла-амал кылынганына карабастан – ал кайрадан кайтып келет:

﴿وَيَمۡكُرُونَ وَيَمۡكُرُ ٱللَّهُۖ وَٱللَّهُ خَيۡرُ ٱلۡمَٰكِرِينَ﴾

*«Алар айла-амал кылышат, Аллах да айла-амал кылат, Аллах айлакерирээк»* [8:30]

Аллах Халифалык үчүн бир хизбди чыгарды. Ал хизб – Аллахты зикр кылуудан эч бир мал-мүлк жана соода-сатык бура албай турган – жигиттерди камтыган. Алар бүткүл барлыгын Халифалыкка арнаган адамдар. Алар о.э. Халифалык, анын дастуру (конституциясы), идарий жихазы (башкаруу аппараты) жаатындагы өкүмдөрдү истинбат кылышкан. Жана да алар бул Халифалыкты тикелөөдө Пайгамбар ﷺдын сийратынан кылча чыкпастан иш алып барат. Алардын арасын эч бир бузукунун бузукулугу аралай албайт. Алар Аллахтын жардамы менен, кафир жана алардын малайларынын тил бириктирүүлөрүнүн таш-талканын чыгара турган, Ислам жана мусулмандардын душмандарынын айла-амалдарын – Аллахтын күч-кубаты менен – өз ийнине кайтара турган саясий аң-сезимдүү адамдар.

﴿وَلَا يَحِيقُ ٱلۡمَكۡرُ ٱلسَّيِّئُ إِلَّا بِأَهۡلِهِۦ﴾

*«Жаман айла-амал болсо жалаң өз ээлерин ороп жок кылат»* [35:43]

Азиз боордоштор!

Исламий Халифалыктын тикелениши үлкөн бир иш болуп, ал адаштыруучу массалык маалымат каражаттары андан-мындан айтып коё турган жөн гана бир кабар эмес. Балким, ал – Аллахтын уруксаты менен – дүйнөнү дүңгүрөтө турган, мамлекеттер таразасын өзгөртө турган жана жаңы тарых жарата турган окуя болот. Пайгамбар а.с. башарат кылгандай, пайгамбарлык минхажындагы экинчи Халифалык кайрадан кайтып келет. Аны тикелегендер биринчи Халифалыкты тикелегендер сыяктуу болушат. Алар таква адамдар болуп, алар Үмөттү жакшы

көрүшөт, Үммөт да аларды жакшы көрөт. Алар Үммөткө жолугуу менен шаттанышат, Үммөт да аларга жолугуу менен шаттанышат. Пайгамбарлык минхажы негизиндеги болочок Халифалыкты тикелөөчү адамдар мына ушундай сыпаттарда болушат. Ким ушундай сыпаттарга ээ болсо, Аллах аларга Халифалыкты берет. Биз ушундай сыпаттарга ээ болушубузду жана Халифалыкты тикелөөнү бизге беришин Аллахтан сурап калабыз.

﴿فَٱسۡتَبۡشِرُواْ بِبَيۡعِكُمُ ٱلَّذِي بَايَعۡتُم بِهِۦ﴾

*«Демек, (эй момундар), бул түзгөн соодаңарга кубангыла. Мына ушул чыныгы улуу бакыт»* [9:111]

Эй урматтуу бир туугандар! Аллахтын рахматынан үмүтсүз болбогула! Аллах силердин кылган дубаңарды, изги иштериңерди бекерге кетирбейт. Мүмкүнчүлгүңөрдүн болушунча бизге жардам бергиле. Эгер силер Аллах үчүн жакшылык кылсаңар, Аллах силердин жакшылыгыңарды дагы да көбөйтүп берет. Кайдагы бир маанисиз сөз силерди чыныгы амалдан буруп койбосун.

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Боордошуңар 3-рамазан, 1435-х.

1-июнь, 2014-м.

*мурун берилген жана жөнөтүлгөн жооптун соңу*

Мен бул маселеге ушул жооп жетиштүү деп үмүт кыламын. Аллах силерди жетиштирсин, Өз коргоосунда сактасын, силерди жана бизди туура ишке хидаяттасын.

4-рамазан, 1435-х.

2-июнь, 2014-м.

## Күч-кубат ээлеринен нусрат талаб кылуу

**1. суроо:** ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракаатуху. Урматтуу Шейх Ата, менин суроом нусрат талаб кылууга байланыштуу. Хизб көптөгөн орундарда Пайгамбар ﷺ Мекке коому катып калган учурда башка уруулардан нусрат талаб кылууга баргандыгын белгилейт...

Ушул жерде менде жана хизбден окуп жаткан, ошондой эле, хизб эмес көптөгөн адамдарда Пайгамбар ﷺ Исламды мушриктерге кандай көрүнүштө сунуштап жеткиргендигинде бүдөмүктөр бар. Пайгамбар ﷺ биринчи аларды нусрат кылууга чакырды беле? Же Исламга чакырды беле? Же биринчи Исламга чакырып, андан кийин нусрат кылууга чакырды беле? Эгер, уруу башчыларын ыйман келтирди деп ала турган болсок, башкача айтканда, алар ыйман келтириши менен эле курбанчылык кылууга даяр болушканбы? Мисалы, алардын Исламга киргүүсүн Пайгамбар ﷺ четке каккан дегенге болобу?

Зияд Уалвила.

**2. суроо:** эгер, уруксат берсеңер мендеги суроо: Пайгамбар ﷺ кафирлерден алар кафирликте турушканда эле алардан нусрат талаб кылды беле? Же алардан биринчи ыйман келтирүүнү талап кылды беле? Кафирден нусрат талаб кылуу мүмкүнбү?

Суроом күңүрт болуп калгандай, башкача айтканда: Набий ﷺ мушриктерден алар ширкте турушканда нусрат талап кылдыбы? Же алардан нусрат талап кылуудан мурда, алардын Исламга кирүүсүн шарт кылдыбы? Же Набий ﷺдын максаты алар исламга киреби же кафир бойдон калабы, айырмасыз, нусрат талап кылуу болду беле?

Кемел Салах.

**3. суроо**: Аллах Набий ﷺды араб урууларына Таифке нусрат талаб кылып баруусуна буйруду беле? Же нусрат талап кылуу ишинде Пайгамбар ﷺ күчтүү урууларды тандадыбы? Пайгамбар ﷺ нусрат талап кылгандар – артынан күч кубат ээлерин ээрчите ала турган саясий жетекчилер беле же аскерий жетекчилер беле?

Башкача айтканда, Набий ﷺ мадиналыктардан нусрат талап кылганда, алар саясий жетекчилер болгонбу же аскерий жетекчилер беле?

Фази Иброхим.

**Жооб**: алайкума ассалам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Сурооңор окшош болгондуктан, Аллахтын жардамы менен баарыңарга бирдей жооп беремин.

1. Набий ﷺ ар бир ишти Аллахтан вахийсиз кылган эмес. Бул тууралуу үчүнчү «Шахсия» китебинде Пайгамбар ﷺдын иштери бабында баяндалган, ал төмөнкүдөй:

Пайгамбар ﷺдын иштери үч бөлүктөн турат:

«Үчүнчү бөлүк: Пайгамбар ﷺдын табиятына жана ага гана таандык иштерден тышкаркы иштердин баардыгында талаш жок Набий ﷺды ээрчүүгө баардык мусулмандар буйрулган. Анын сөзү жана сүкүтү шарий далил болгону сыяктуу эле, иштери да талаш жок шарий далил болуп саналат. Ага амал кылуу ваажиб. Анткени, Аллах айтат:

﴿لَّقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللَّهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ﴾

*«Чындыгында, Аллахтын элчисинде силер үчүн эң жакшы үлгү бар»* [33:21]

﴿إِنْ أَتَّبِعُ إِلَّا مَا يُوحَىٰ إِلَيَّ﴾

*«Мен мага вахий кылынган нерсеге гана ээрчийм»* [46:9]

﴿قُلْ إِنَّمَا أَتَّبِعُ مَا يُوحَىٰ إِلَيَّ مِن رَّبِّي﴾

*«Айткын мен бир гана Роббимден вахий кылынган нерсеге ээрчийм»* [7:203]

Бул аяттарда Набий ﷺдын иштери жалпы түрдө ачык-айкын, даана айтылып, Пайгамбар ﷺдын баардык иштерин өз ичине алат. Ошондой эле, анын сөздөрүн жана сүкүт сактаганын да өз ичине камтыйт. Ошондуктан, Пайгамбар ﷺдын табиятына жана ага гана таандык иштерден сырткаркы баардык иштеринде ага ээрчүү ар бир мусулманга ваажиб. Анткени, Набий ﷺ бир гана вахий кылынган нерсеге ээрчиген. Бирок, Пайгамбар ﷺдын иштерине ээрчүү ваажиб дегенде ал зат кылган иштерди кылуу ваажиб дегенди билдирбейт, балким иштин түрүнө карата ээрчүү ваажибдигин билдирет. Эгер, иш ваажиб болсо, аны кылуу ваажиб болот. Эгер, иш мандуб болсо, аны кылуу мандуб болот. Эгер, иш мубах болсо, аны кылуу мубах болот. Ошондуктан, иштин түрүнө карата ага ээрчүү ваажиб болот. Бул Пайгамбар ﷺдын буйруктарына ээрчүүнүн ваажибтиги сыяктуу Аллах айтат:

﴿فَلْيَحْذَرِ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ أَمْرِهِ أَن تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ أَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴾

*«Анын буйругуна тескери иш тутуп жаткандар аларга фитна же катуу азап жетип калышынан сактанышсын»* [24:63]

Бул аят Пайгамбар ﷺдын буйруган нерсесине моюн сунуу ваажиб экендигине далаалат кылып турат. Бирок, буйруган ишти кылуунун ваажибдигине далаалат кылган жок. Балким, аны кылуу буйрулган иштин түрүнө жараша болот. Эгер, аны кылуу ваажиб болсо, ал ишти кылуу ваажиб. Эгер, буйрулган иш мандуб болсо, ал ишти кылуу мандуб болот. Эгер, иш мубах болсо, аны кылуу мубах. Ошондой эле, Набий ﷺдын иштеринде да аны ээрчүү ваажиб болот. Бирок, иштин түрүнө жараша ээрчүү ваажиб болот».

2. Мына ушундайча Пайгамбар ﷺ Аллахтын уруксаты менен нусрат талап кылган. Бул иш биъсаттын онунчу жылы Пайгамбар ﷺга

карата кастык күчөп турган өз ара аракеттенүүнүн акыркы этабында орун алган.

Сироо китептеринде мындай келет:

«Кутаада айтат: Хадижа ﵂ Меккеде хижраттан үч жыл мурун дүйнөдөн кайты. Ал Набий ﷺга эң биринчи ыйман келтиргендерден эле. Айтты: Кийин Хадижа бинт Хувайлид жана Абу Талиб бир жыл ичинде дүйнө салышты. Пайгамбар ﷺга эки кайгы арты-артынан келди. Хадижа жана Абу Талибдин дүйнө салышы. Хадижа ﵂ Исламда Пайгамбар ﷺдын эң жакын жардамчысы болгон жана Пайгамбар ﷺ аны менен жашаган. Айтты: Зияд Букааи ибн Исхактан айтты: Хадижа жана Абу Талиб бир жылда дүйнө салышты. Бул Пайгамбар ﷺ Мадинага хижрат кыла электен үч жыл мурун, биъсаттын онунчу жылы болгон. Ибн Кутайба айтат: Хадижа ﵂ Абу Талибден кийин үч күн өткөн соң дүйнөдөн кайткан. Байхакий да ушул мааниде айткан...».

Ваакидийден: «Хадижа ﵂ Абу Талибден отуз беш күн мурда каза болгон. Мындан башкача да айтылган орундар бар. Абу Талиб каза болгондон кийин Курайш Абу Талиб тирүү мезгилинде кыла албай жүргөн иштерин Пайгамбар ﷺга карата кыла баштады. Ал тургай, Курайш акылсыздарын Пайгамбар ﷺга каршы тукуруп башынын ылдый топурак чачтырды. Пайгамбар ﷺ үйүнө башы ылдый топурак болгон боюнча кирди. Кыздарынын бирөө туруп, ал заттын башын жууп ыйлады. Пайгамбар ﷺ: «Кызым, ыйлаба, Аллах атаңды Өз коргоосуна алуучу», - деди. Дагы мындай деди: «Курайш мага карата Абу Талиб өлгөнгө чейин кыла албай жүргөн иштерин  кылып жатат»».

3. Ушундай оор кырдаалда Аллах Набий ﷺды эки улуу иш менен кубандырып сыйлады. Ал эки улуу иш: Исро Мираж жана дааватты коргоо үчүн мамлекет тикелөө максатында уруулардын күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылуу болду. Бул жерде Исро Миражга токтолбойбуз. Нусрат талап кылуу биринчи Таифтен башталды. Алар ага оң жооп беришкен жок. Тескерисинче, акылсыздарын Набий ﷺга каршы тукуруп, ташбараңга алышты. Кийин нусрат талаб кылуу амалы токтолбостон уланды...

Пайгамбар ﷺ нусрат талап кылганда уруу башчыларынын майда баратынан эмес, балким эң таасирдүүлөрүнөн талап кылган. Алардан нусрат талап кылуудан мурда аларды Исламга чакырган. Эгер, алар аны кабыл алышса, алардан Аллахтын өкүмүн ишке ашырып Аллах жолунда жихад алып бара турган мамлекетти тикелөө нусратын ачыктан-ачык талап кылган. Ошондуктан, алардын кээ бирлери Пайгамбар ﷺдан кийин бийлик аларга калышын шарт кылышты. Кээ бирлери арабдар менен

жихад кылууга макул болуп, бирок, Фарстар менен согушпоо шартын койушту. Алардын мисалы:

Пайгамбар ﷺдын сиросу, Ибн Касир, 155/2.

Хафиз Абу Наъиим Абдуллах бин Ажлах Яхя бин Саъид Умавийден, экөө тең Мухаммад бин Сааиб Калбийден, ал Ибн Аббастан айтты: Пайгамбар ﷺ мага: «Сенден да агаңдан мени коргой ала турган күчтү көрө алган жокмун. Эртең мени менен базарга бирге чыгып, уруулардын жыйындарына чогуу бара аласыңбы?», - деди. Араб урууларынын жыйындары болчу.

Айтты: Айттым, бул Кинда жана анын айланасындагылар. Булар Ямандан ажылык кылып келгендердин эң көрүнүктүүлөрү. Бул Бакр бин Ваилдин жыйыны. Бул бани Аамир бин Саъсаъа, каалаганыңды танда. Киндадан баштады. Аларга келип: «Кайсы коомдонсуңар деди?». Айтышты: Яманданбыз. Айтты: «Ямандын кайсынысынан?». Айтышты: «Киндадан». Айтты: «Киндаданын кайсынысынан?». Аытышты: «Бани Амр бин Муьавиядан». Айтты: «Силерди жакшылыка чакырайынбы?». Айтышты: «Ал эмне?». Айтты: «Бир Аллахтан башка кудай жок деп күбөлүк берүүңөр, намаз окуп Аллахтан келген нерсеге ыйман келтирүүңөр». Абдул бин Ажлах айтты: «Менин атам мага өзүнүн коомундагы аксакалдардан Кинда Пайгамбар ﷺга эмне деп айтканын айтты». Алар айтышты: «Эгер, сен жеңишке жетишсең, сенден кийин мүлк (бийлик) бизге калабы?». Набий ﷺ айтты: «Мүлк Аллахтыкы, аны Өзү каалгандай кылат». Айтышты: «Анда, сен алып келген нерсеге биздин муктаждыгыбыз жок».

Абу Бакр رضي الله عنه айтты: «Кийин биз тынчтык өкүм сүрүп турган жана аксакалдары оор басырыктуу болгон межлиске келдик». Абу Бакр رضي الله عنه алдыга чыгып аларга салам берди. Али رضي الله عنه айтты: «Абу Бакр ар дайым жакшылык иштерде алдыда жүрчү». Абу Бакр аларга айтты: «Кайсы коомдонсуңар?». Айтышты: «Бани Шайбан бин Саьлабданбыз». Абу Бакр رضي الله عنه Пайгамбар ﷺга карап: «Сен үчүн ата-энем садага, булардын коомунда булардан бөлөк барктуулары жок». Дагы бир риваятта «булар коомунун кашкасы (таасирдүүлөрү)» деди. Бул межлисте Мафрук бин Амр, Хааниъ бин Кубайс, Мусана бин Хаариса, Нуьман бин Шариик бар эле. Бул межлисте Абу Бакрга жакын саналган адам Мафрук бин Амр болчу. Мафруктун өз межлисиндегилерге тили өтөт эле. Анын өрүлгөн эки чачы көкүрөгүнө түшүп турчу жана межлистеги Абу Бакр رضي الله عنه эң жакындардан болгон. Мафрук айтты: «Курайштын тууганы да сени мененби?». Абу Бакр رضي الله عنه айтты: «Ал Аллахтын элчиси экендиги силерге да жетсе керек, мына ал». Мафрук айтты: «Анын ошондой экендиги тууралуу бизге да жеткен». Кийин Набий ﷺга карап: «Эй Курайштын

тууганы эмнеге чакырасың?», - деди. Пайгамбар ﷺ алдыга чыгып отурду, Абу Бакр ﵁ аны кийими менен көлөкөлөдү. Пайгамбар ﷺ айтты: «Бир Аллахтан башка Кудай жок экендигине, Анын шериги жок экендигине күбөлүк берүүгө жана мен Анын элчиси экендигиме күбөлүк берүүңөргө чакырам. Аллах мени буйруган нерсени толук жеткирүү үчүн мага жардам берип, мени коргоого алууңарды чакырамын. Курайш Аллахтын ишине каршы чыкты, элчисин жалганчыга чыгарды. Акыйкаттан көрө, батылга ээрчүүгө канааттанды. Аллах эч муктажсыз зат...». Мафрук ага айтты: «Дагы эмнеге чакырасың, эй Курайштын тууганы?. Аллахка ант болсун, бул, жер ээлеринин сөзү эмес. Эгер, алардын сөзү болгондо биз билет элек». Пайгамбар ﷺ бул аятты окуду:

﴿إن الله يأمر بالعدل والإحسان وإيتاء ذي القربى وينهى عن الفحشاء والمنكر والبغي، يعظكم لعلكم تذكرون﴾

*«Аллах адилеттүүлүккө, жакшылыкка буйруйт. Жакындарга күйүмдүү болууга о.э. күнөө, мункар, зулум иштерден тыйылууга буйруйт. Эстетме алышыңар үчүн (Аллах) силерге насаат кылат»* [16:90]

Мафрук айтты: «Аллахка ант болсун, эй Курайштын тууганы чындыгында сен эң жакшы кулк мүнөзгө, жакшы амалдарга чакырдың. Сени жалганчыга чыгарып, сага каршы чыгып жаткандар жалгандан токума кылып жатышыптыр».

Ал сөзгө Хааниъ бин Кубайсты аралаштыргысы келип: «Бул Хааниъ бин Кубайс, биздин дин билги адамыбыз», - деди... «Биздин артыбызда коомубуз бар, аларсыз бир келишим кылууну туура көрбөйбүз. Бирок, сен да караштырып көр, биз да караштырып көрөбүз...». Ал сөзгө Мусаннаны да аралаштыргысы келип: «Бул Мусанна, биздин аскерий адамыбыз», - деди. Мусанна айтты: «Сенин сөзүңдү уктум. Сенин сөзүң эң жакшы, эй Курайштын тууганы. Сенин айткандарың мени таң калтырды. Жооб Хааниъ бин Кубайстын жообу. Биз динибизди таштап, сен биз менен отурган межлисте ага ээрчидик. Бирок, биз эки тоскоолдук ортосундабыз, бири – Ямама, экинчиси – Самават».

Пайгамбар ﷺ ага айтты: «Бул эки тоскоолдук эмне?». Ал айтты: «Анын бири – арабдын туфууф жери. Экинчиси – Фарс жери жана Кисро дарыясы. Биз Кисро менен эч бир окуяга катышпастыкка жана жаңыча бир нерсени колдобоого келишим кылганбыз. Сен чакырып жаткан нерсе падышалар жаман көрө турган нерсе. Ал эми, араб жери тарабынан келе турган нерсе болсо, анын жагдайы кабыл алына турган нерсе. Ал эми, Фарс жери тарабынан келе турган нерсенин жагдайы кабыл алынбай турган нерсе. Эгер, араб жери тарабынан келе турган нерседе сени коргоп, сага жардам берүүнүн калаасаң, анда сага жардам беребиз, эгер Фарс жагынан келе турган нерсе болсо, аны кыла албайбыз».

Пайгамбар ﷺ айтты: «Чындыкты айтууңар менен жаман жооп бербедиңер. Аллахтын дини бир гана аны ким баардык тарабы менен камтып алса гана тикелеленет».

Сиро, Ибн Хишам, 424 /1.

«Пайгамбар ﷺ өзүн Бани Аамирге сунуштоосу».

Ибн Исхак айтты: Захрий мага айтты: Пайгамбар ﷺ Бани Аамир бин Саъсахга келди. Аларды Аллах Азза ва Жаллага чакырды жана өзүн аларга сунуштады. Алардын бирөөсү айтты: Анын аты Байхарата бин Фирос. Ибн Хишам айтты: Фирос бин Абдиллаах бин Салмат бин Кушайр бин Каьб бин Робииъат бин Аамир бин Саъсаъат айтты: «Эгер, бул баланы мен Курайштардан алганымда арабдардын баарын аны менен жок кыла алат элем». Кийин айтты: «Эгер, биз сенин ишиңе баят берсек, кийин сени Аллах сага каршы чыгып жаткандардын үстүнөн үстөм кылса, сенден кийин иш бизге калабы?». Пайгамбар ﷺ айты: «Иш Аллахка таандык, аны Өзү каалагандай кылат». Пайгамбар ﷺга айтты: «Өзүңсүз бизди арабдарга жем кылууну каалап жатасыңбы, Аллах сени үстөм кылгандан кийин иш бизден башкага болобу? Андай болсо, сенин ишиңе биздин муктаждыгыбыз жок».

Акырында экинчи Акаба анташуусунда ачык көрүнүп тургандай, анташуу Мусаб менен бир жыл Исламды үйрөткөн мусулмандар менен болгону ачык көрүнүп турат... Кийин экинчи акаба анташуусу, кийин хижрат, кийин мамлекетти тикелөө ишке ашты. Анын баяны төмөнкүчө:

Ибн Хишамдын «Хадаику анваар сиро» китебинде жана башка сиро китептеринде келгендей, «Кийин Мусаб бин Умайр Меккеге кайтты. Аны менен биргеликте Ансарлардан болгон мусулмандардын бир тобу биъсаттын он экинчи жылы өз коомундагы мушриктердин ажылык кылуучулары менен бирге Меккеге сапар алышты. Алар Меккеге келишкенден кийин Пайгамбар ﷺ алар менен ташрик күндөрү Акабада жолугушууну убадалашты. Аллах алар менен Пайгамбарына жардам берүүнү, Исламды улуулоону жана ширкти кордоону каалаган учур... Каъб айтты: «Кийин биз ажылыкка чыктык. Набий ﷺ менен ташрик күндөрү Акабада жолугушууну убадалаштык». Айтты: «Ажылыктан бошогондон кийин Пайгамбар ﷺ менен убадалашкан түн кирип келди. Биз ал түндө сапар улоолорубуздун жанында комубуз менен бирге уктадык. Түндүн үчтөн бири өткөндөн кийин Пайгамбар ﷺ менен убадалашкан жерге, эч кимге билгизбей жашыруун түрдө бардык. Акаба өрөөнүндө чогулганыбыздан кийин биз жетимиш үч эркек жана аялдарыбыздан эки аял бар болчу». Айтты: «Биз Акабада чогулгандан кийин Пайгамбар ﷺды күттүк». Айтты: «Бизге Пайгамбар ﷺ сүйлөп, Куран окуду. Аллахка чакырды. Исламга үндөдү. Кийин айтты: «Мен

силер менен аялдарыңарды жана балдарыңарды коргогондой, мени коргошуңарга антташам». Айтты: «Бароо бин Маъруур колунан кармап айтты: «Ооба. Сени акыйкат менен жиберген Заттка касам, сени балдарыбызды жана аялдарыбызды коргогондой коргоого ант беребиз, я Расулуллох, сага баят беребиз. Аллахка ант болсун, биз жоокер элбиз, биз аны улуулардан мурас кылып алганбыз». Бароо Набий ﷺ менен сүйлөшүп жатканда сөзгө Хасам бин Тайихаан аралашып айтты: «Я Расулуллох, биз менен адамдардын (жөөттөрдүн) ортосунда келишим бар. Биз аны бузабыз. Биз сага жардам бергенден кийин Аллах сени үстөм кылган соң бизди таштап, коомуңа кетип калбайсыңбы?». Пайгамбар ﷺ жылмайып айтты: «Тескерисинче, канга кан, бузууга бузуу, мен силерденмин, силер мендерсиңер. Силер согушкан менен согушам, силер согушпаган менен согушпаймын...». Ибн Исхак айтат: «Мага Убадата бин Валид бин Убаадата бин Соомит, ал атасы Валидден, ал чоң атасы Убаадата бин Сооmittен айтты: «Ал накибдердин бири болгон жана биринчи Акаба анташуусундагы он экинин бири болгон». Айтты: «Пайгамбар ﷺга согуш баятын бердик. Кыйынчылыкта да, жеңилдикте да, жакса да, жакпаса да угууга жана моюн сунууга баят бердик. Өзүбүздөн жогору койууга жана иш ээлеринен ишти талашпоого, кайда болбосок да Аллах үчүн жаманатты кылуучунун жаманатты кылуусунан коркпостон акыйкатты айтууга баят бердик».

4. Мына ушундай көрүнүштө нусрат баяты болгон жана Мадинада Исламдын орношуна өбөлгө болгон экинчи Акаба антташуусу ишке ашты. Кийин Хижрат болуп мамлекет тикеленди. Ушунун баарынан көрүнүп тургандай, Пайгамбар ﷺ биъсаттын онунчу жылынан кийин нусрат талап кылууга Аллах тарабынан буйрулган. Башкача айтканда, Акаба анташуусунан үч жыл мурда. Тактап айтканда, Набий ﷺга нусрат талап кылуу амалдары вахий кылынган. Набий ﷺ уруулардагы күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылып, аларды издей баштаган. Пайгамбар ﷺ Мадинаны Ислам мамлекетин тикелөөгө, Ислам жана мусулмандарды улуу кылууга жарактуу деп билген. Ошондой болсо да, Пайгамбар ﷺ Мадинага хижрат кылууну качан Аллах көргөзгөндөн кийин жана ага уруксат бергенден кийин гана кылды. Бухаари сахихинде келгендей: «Ибн Шихаб айтты: «Мага Урвата бин Зубайр айтты: Аиша رضي الله عنها айтты: «Мен ата-энемдин бир гана динде жүрүшкөнүн гана билем. Бизге ар бир күнү Пайгамбар رضي الله عنها келчү... Пайгамбар رضي الله عنها мусулмандарга айтты: «Мен силердин хижрат кыла турган жериңерди көрдүм, ал эки кара таштуу аймактын ортосундагы курмалуу жер». Мадинга хижрат кылуучулар хижрат кылышты. Хабашияга хижрат кылгандардын да бардыгы Мадинага хижрат кылышты. Абу Бакр Мадина тарапты көздөй

даярдана баштады. Пайгамбар رضي الله عنها ага айтты: «Шашпа, мага уруксат берилишин үмүт кылып жатам». Абу Бакр رضي الله عنه айтты: «Сен үчүн ата садага, ошону үмүт кылып жатасыңбы?». Набий ﷺ айтты: «Ооба». Ибн Шихаб айтты: Урвата айтты: Аиша رضي الله عنها айтты: «Биз чак түштө атам Абу Бакрдын үйүндө отурганбыз, кимдир бирөө атам Абу Бакрга «Бул кийимин башына ороп келе жаткан – Пайгамбар ﷺ» деди. Бул убакта Пайгамбар ﷺ биздин үйгө келчү эмес». Абу Бакр رضي الله عنه айтты: «Ата-энем садага болсун, бул убакытта ал бизге бир иш менен келе жатат». Аиша رضي الله عنها айтты: «Пайгамбар ﷺ келип уруксат сурады. Ага уруксат берди жана ал үйгө кирди». Пайгамбар ﷺ Абу Бакр رضي الله عنهга айтты: «Сенин алдыңдагыларды чыгар». Абу Бакр رضي الله عنه айтты: «Я Расулуллох, ата-энем сен үчүн садага, алар сенин ахлиң (жакындарың)». Набий ﷺ айтты: «Мага чыгууга уруксат берилди». Абу Бакр رضي الله عنه айтты: «Ата-энем, сен үчүн садага, я Расулуллох, биргеби?». Пайгамбар ﷺ айтты: «Ооба».

- Пайгамбар ﷺ нусрат талап кылууну Аллах ага вахий аркылуу уруксат бергенден кийин баштаган.
- Пайгамбар ﷺ нусрат талап кылууда биринчи Исламга чакырган, эгер, Исламды кабыл алышса, нусрат берүүгө чакырган.
- Пайгамбар ﷺ нусратты талап кылууда нусрат берүүгө кудуреттүү болгон уруу башчыларынан талап кылган, майда барат башчыларынан эмес. Ошондой эле, мааниге ээ шаарлардан талап кылган. Айыл, кичинекей аймактардан жана бедиундерден талап кылган эмес. Башкача айтканда, Аллахтын өкүмүн орнотуп, Аллах жолунда жихад кылып Пайгамбар ﷺга жардам бере ала турган кудуреттүүлөрдөн талап кылган. Бул нерсе алардын Пайгамбар ﷺга шарт койгондуктарында ачык көрүнүп турат. Бири Пайгамбар ﷺдан кийин бийликти өзүлөрүнө калуусун шарт кылса, бири арабдар менен согушууга макул болуп, фарстар менен согушууга макул болушпаганы сыяктуу шарттарда ачык көрүнүп турат.

Ушул жооп жогорудагы үч бир тууганыма жетиштүү болот деп үмүт кыламын, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

22-мухаррам, 1441-х.
21-сентябрь, 2019-м.

## Пайгамбар ﷺ эмне үчүн Курайштан жардам сураган эмес?

**Суроо**: бир суроону тактоо үчүн: Пайгамбар ﷺ Курайштан жардам сурабагандыгынын себеби алар нусрат ээлери болушпагандыгыбы же алар Исламды четке кагышкандыгыбы? Мекке жетекчилерин айтып жатам. Андай болсо, Йасрибдин жетекчилери Исламды кабыл ала электен мурда жана нусрат бере электе эле Расулуллах Ясриб калкынан жардам сурады беле? Түшүндүрүп бериңизчи? Аллах ыраазы болсун сизден.

**Жооб**: Меккедеги Курайштан жардам сурабоо маселеси төмөнкүчө:

Пайгамбарыбыз ﷺ жахилиятты Исламга өзгөртүүгө кудурети жеткен күчтүү адамдарды Исламга чакырчу. Алгач аларды Исламга чакырган... Эгер алар Исламды кабыл алып, жооп беришсе, андан кийин алардан нусрат талап кылган... Меккедеги өзгөртүүгө күчү жеткен Курайштын башчылары Исламды кабыл алышкан жок. Ошол себептен Пайгамбар алардан жардам сураган эмес. Тескерисинче, Расулуллах ﷺ Меккеде Исламга чакырууга чектелген. Анткени алардын арасындагы бийлик ээлери Исламга жооп бербегендиктен, алардан жардам сураган эмес...

Төмөндө мен сизге анын кандай болгонун сиродон айтып берем:

Биринчиси: Ибн Хишамдын сиросу:

Пайгамбар ﷺдын коому ага өтө каршы турушту, алардын бир аз гана алсызыраактары ыйман келтиришти. Пайгамбар ﷺ ажылык мезгилинде сырттан келген араб урууларына өзүн колдоону сунуштаган. Аларды Аллахка чакырып, жиберилген Пайгамбар экенин айтып, ага ыйман келтирүүнү жана Аллах  берген рисаалатты жеткирүү жолунда аны коргоону сураган...

Ибн Исхак айтты: Хусейн бин Абдуллах бин Убайдиллах бин Аббас мага айтты: Ал айтты: Мен атамдын Рабиа бин Аббадга айтып жатканын уктум, ал айтты: “Мен жаш баламын, атам менен бирге Минада элек, Аллахтын Элчиси ﷺ араб урууларынын үстү жагында туруп айтты: “Эй баланча уулдары, мен силерге Аллахтын элчисимин жана Ал силерди Аллахка ибадат кылууңарды жана ага эч нерсени шерик кылбооңорду буюрду. Андан башкага сыйынган нерселериңерди таштагыла жана мага ыйман келтиргиле. Аллах мага берген рисаалатын жеткирүү жолунда мени коргогула”...”.

2-Ибн Исхак айтты: Аз-Зухри мага айтты: Пайгамбар ﷺ Бану Амир бин Саъсаага келип, аларды Улуу Аллахка чакырып өзүн коргоону аларга сунуштады. Алардын ичинен Байхарата бин Фирас мындай деди: (Ибн Хишам айтты: Фирас бин Абдулла бин Салама (Аль-Хайр) бин Кушайр бин Кааб бин Рабиа бин Аамир бин Саъсаага деди) “Кудайга касам, эгер

мен бул жигитти Курайштан алсам, аны менен арабдарды жемекмин”. Анан айтты: «Сенин ишиң үчүн сага байъат кылганыбыздан кийин Аллах сени сага каршы чыккандардын үстүнөн жеңишке жеткирсе, сенден кийин ишти биз чечебизби?”. “Ишти каалаган жерине коюу Аллахтан көз каранды”, - деди Пайгамбар ﷺ. Ал айтты: “Сен өзүңсүз бизди арабтарга таштап койгону жатасыңбы? Эгер Аллах сени жеңишке жеткиргенден кийин иш бизден башка бирөө үчүн болсо, анда сенин ишиңе биз муктаж эмеспиз”.

3-Ибн Исхак айтты: Пайгамбар ﷺ ар дайым ар бир ажылык мезгилинде сырттан келген араб урууларын Исламга чакырып, Аллахтын рисаалатын жеткирүү жолунда өзүн коргоого алууну аларга сунуштаган. Пайгамбар ﷺ Меккеге сырттан кадыр барктуу араб келгенин угар замат ага барып аны Исламга чакырган.

Көрүнүп тургандай, Пайгамбар ﷺ эгер анын өтүнүчү кабыл алынса, эң биринчи Исламга күч-кубаты бар адамдарды чакырчу.

Экинчиси: Ибн Касирдин сиросунан:

1- ...Ал мындай деди: Анан биз бейпил жана кадырлуу жыйынга келдик, ал жыйындын катышуучулары кадыр-барктуу адамдар экен. Абу Бакр алдыга чыгып салам айтты. Али мындай деди: “Азирети Абу Бакр бардык жакшылыкта алдыда болчу”. Абу Бакр аларга: “Кайсы коомдонсуңар?”, - деди. Алар: “Бани Шайбан бин Саълабаданбыз”, - дешти. Абу Бакр Алланын Элчисине кайрылып: “Атам, апам сага садага болсун, булар өз коомунун кадыр барктуулары”, - деди. Жыйында отургандардын арасында Мафрук бин Амр, Хани бин Кубайса, Аль-Мусанна бин Хариса жана Нуъман бин Шарик бар эле. Алардын ичинен Абу Бакрга эң жакыны Мафрук бин Амр болчу. Мафрук бин Амр алардын кызыл тилдүүсү жана көкүрөккө түшкөн эки бел чачы бар эле. Жыйында Абу Бакрга жакыныраак отурган. Абу Бакр ага: «Силердин саныңар канча?”, - деди. Ал ага мындай деди: “Миңден ашабыз, миңди эч качан азчылык менен жеңе албайсың”. Абу Бакр ага: «Силерде кандай коргоо бар?”, - деди. Ал мындай деди: “Биз аракет кылышыбыз керек, ар бир эл үчүн олуттуулук керек”. Абу Бакр ага: “Силер менен душманыңардын ортосундагы согуш кандай?”, - болот деди. Мафрук айтты: “Биз көбүнчө ачууланганда кез келебиз. Биз аттарды балдардан, куралды эмдөөдөн артык көрөбүз. Нусрат Аллахтан. Кээде биз, кээде алар үстөм болушат...”.

“Балким сен Курайштын бир тууганысың?”. Абу Бакр айтты: «Аллахтын элчиси экени жөнүндө кабар силерге жеткен болсо, анда ал ошол”. Мафрук мындай деди: “Ал тууралуу бизде айтылып жүрөт”. Анан ал Алланын Элчисине кайрылып: “Эй, Курайштын бир тууганы, сен эмнеге чакырасың?”, - деди. Ошондо Аллахтын Элчиси ﷺ алдыга чыгып

отурду, Абу Бакр аны кийими менен көлөкөлөө үчүн ордунан турду. Пайгамбар ﷺ айтты: “Мен силерди Аллахтан башка илах жок, шериги жок жалгыз, жана мен Аллахтын элчиси экениме күбөлүк берүүгө чакырам. Аллах мага буйруган рисаалатын жеткирүү жолунда мени коргоп колдоп-кубаттоого чакырам. Курайштар Аллахтын буйругуна каршы чыгып, Анын элчисин жалганга чыгарышты. Акыйкатка караганда батылды жактырышты, Аллах муктаж эмес жана мактоого татыктуу”. Ал ага: “Эй, Курайштын бир тууганы, сен дагы эмнеге чакырасың?”, - деди. Андан кийин Алланын Элчиси ﷺ бул аятты окуду:

﴿قل تعالوا أتل ما حرم ربكم عليكم: ألا تشركوا به شيئا وبالوالدين إحسانا﴾

*“Айткын: “Келгиле, Роббиңер силерге арам кылган нерселерди окуп берейин: Ага бир да нерсени шерик кылбагыла жана ата-энеге жакшылык кылгыла... Такыба болушуңар үчүн силерге осуят кылды”* [6:151-153]

Мафрук: “Эй, Курайштын бир тууганы, сен дагы эмнеге чакырасың?” Кудайга ант болсун, бул жер жүзүндөгү адамдардын сөзүнөн эмес, эгер алардын сөзүнөн болсо, биз аны билмекбиз”, -деди.

Андан кийин Алланын Элчиси ﷺ бул аятты окуду:

﴿إن الله يأمر بالعدل والإحسان وإيتاء ذى القربى وينهى عن الفحشاء والمنكر والبغى، يعظكم لعلكم تذكرون﴾

*“Аллах адилеттүүлүктү, жакшылыкты, тууган-туушканга кайрымдуулук кылууну буйруйт. Бузукулуктан, мункардан (кайтарылган иштерден) жана зулумдуктан тыйат, эсиңерде болсун деп насаат кылат”* [16:90]

Мафрук айтты: «Аллахка ант болсун, эй Курайштын бир тууганы, сен жакшы ахлакка жана жакшы иштерге чакырдың. Сени жалганчыга чыгарган жана сага каршы күрөшкөн коом жалган айтышыптыр”, - деди.

Ал өз сөзүн Хани бин Кубайса менен бөлүшкүсү келгенсип, мындай деди: “Бул болсо биздин шейхибиз жана дин билгибиз Хани бин Кубайса”. Хани ага мындай деди: “Оо, Курайштын бир тууганы, сенин айткандарыңды угуп ага ынандым. Сен биз менен бирге отурган башталышы да, аягы да жок сыяктанган жыйында, биз сенин маселеңди жана сен чакырып жаткан нерсенин кесепеттерин ойлонбостон биз динибизди, комубузду таштап, сенин диниң боюнча ээрчисек, бул пикирдин, акыл-эстин тайкылыгы жана натыйжага көңүл бурбаган, шашкалактык деп ойломун. Артыбызда алардын зыянына келишим түзүүнү жек көргөн адамдар бар. Бирок, сен да кайт, биз да кайталы, кийин сен да ойлонуп көр, биз да ойлонуп көрөлү”. Ал Мусанна бин Харисаны сөзгө аралаштыргысы келип мындай деди: “Бул Мусанна биздин шейхибиз жана аскер башчыбыз”. Мусанна айтты: “Эй Курайштын бир тууганы, мен сенин айткандарыңды уктум жана сөзүңдү

баaладым. Айткандарың мага жакты, жооб Хани бин Кубайсанын жообу. Биз сени менен отурган бул жыйында коомубузду жана динибизди таштай турган болсок, биз эки түркүк ортосундабыз. Анын бири – ямама, экинчиси – самава”. Пайгамбар ﷺ айтты: “Ал кайсы эки түркүк?”. Ал айтты: “Анын бирине келсек, бул жердин төгүлгөн жери (Ирактын чет жакалары)  жана арабдардын жери, экинчиси болсо Персия жери жана Хосров дарыялары. Биз биз жаныча бир иш кылбаганга жана жаңычылды колдоп-кубаттабоого Кисро менен келишим кылганбыз. Балким, сен бизди чакырып жаткан бул маселе падышалар жек көргөн нерседир. Арабдар жаатында болгон нерсеге келсек, анын ээсинин күнөөсү кечирилет жана шылтоосу кабыл болот. Ал эми, Персия жаатына келсек, анын ээсинин күнөөлөрү кечирилбейт, шылтоосу да кабыл алынбайт. (Башкача айтканда, арабдар жаатында сени колдоп, сага жардам бере алабыз. Персия жаатында сага жардам бере албайбыз). Арабдар жаатында сага жардам берип, сени колдоого алууну кааласаң, анда аны кылабыз...”.

Аллахтын Элчиси ﷺ айтты: “Силер акыйкатты айтуу менен жаман жооп берген жоксуңар. Аллахтын динине аны бардык жагынан камтыгандар гана колдоо көрсөтүп жардам бере алат...”.

2- Али ؓ айтты: “Андан кийин бизди Авс жана Хазраж жамааты отурган жыйынга багыташты жана алар Пайгамбарга ﷺ байъат бергенге чейин оордубуздан турбадык”. Али ؓ айтты: “Алар чынчыл жана сабырдуу болушкан, Аллахтын Элчиси ﷺ Абу Бакр ؓ алардын санжырасы тууралуу билгендигине кубанды”. Ал айтты: “Аллахтын Элчиси ﷺ аз гана убакыттан кийин сахабаларынын алдына чыгып, аларга мындай деди: “Аллахка чексиз мактоолорду айткыла, анткени бүгүн Рабииъанын уулдары Персия элин жеңип, падышаларын өлтүрүштү, аскерлерин басышты, мени менен жеңишке жетишти”.

Ал айтты: “Бул окуя Зикардын жанындагы Каракар деген жерде болгон...”. Бул абдан гариб хадис..

Бул хадисте Пайгамбарлыктын далили, адеп-ахлактын жакшылыгы, асыл сапаттары жана арабдардын чечендиги орун алгандыгы үчүн жаздык. Бул башка жол менен да риваят кылынган. Анда алар Евфрат дарыясына жакын жердеги Каракарда Персия менен согушуп, аларды жеңишкен. Алар өздөрүнүн байрагына Мухаммад ﷺдын ысымын жазышкан жана Персиянын үстүнөн жеңишке жетишишкен. Кийин Исламды кабыл алышты.

Имам Мухаммад бин Умар аль-Вакиди урууларды бир-бирден изилдеп чыгып, Пайгамбар ﷺ Аллах берген рисаалатты жеткирүү жолунда коргоо жана нусрат талаб кылган араб урууларын бирден

тизмектеген. Бани Аамир, Гассан жана Бани Фазара, Бани Мурра, Бани Ханифа, Бани Салим, Бани Абс жана Бани Надр Ибн Хавазин, Бани Саълаба бин Акаба, Кинда жана Калб, Бани аль-Харис бин Кааб, Бани Узра, Кайс бин Аль-Хатим жана башкалар. Бул тууралуу кабарлар абдан көп. Биз андан артыкчылыктуу жактарын айтып өттүк, Аллахка мактоолор болсун. Имам Ахмад мындай дейт: “Асвад бин Аамир бизге айтты, Исраил бизге Усмандан, башкача айтканда Ибн Аль-Мугиранын, Саалим бин Аби Аль-Жааъд, Жаабир бин Абдуллахтын риваяты боюнча айтты. Пайгамбарﷺ Арафада элге чыгып: «Курайш Улуу Раббимдин сөздөрүн жеткирүүдөн мени тосуп жатат, (динди жеткирүү үчүн) мени элине алып бара турган адам барбы?”, - деди”.

Мунун баарынан көрүнүп тургандай, Расулуллах ﷺ Исламга чакыруудан мурда эч кимден нусрат талаб кылган эмес. Эгер, Исламга жооп бербесе, андан жардам сураган эмес. Курайштын башчылары Исламга жооп бербегендиктен, Расулуллах алардан жардам сураган эмес.

26-жумаадил уула, 1443-х.
30-декабрь, 2021-м.

## Нусрат талап кылуу, нусрат берүү жана Аллахтын жардамы

**Суроо**: ассаламу алайкум уа рахматуллоохи уа баркаатуху. Аллах сизге ийгилик жана сыйлыктарды берсин.

Нусрат талап кылуу, нусрат талабына жооп берүү, Аллахтын жардамы жөнүндө түшүнүктөр бар. Нусрат талабына жооп берүү нусратты билдиреби? Сиродо (Пайгамбар (с.а.в)дын өмүр баянында) Ибн Хишам айтат: “Аллах пендесине жардам бергиси келгенде Мадинадан бир топ адамдарды ага жиберди”.

Аллахтын жардамы менен алдыда тикелене турган Халифалык мамлекети “Аллахтан башка илах жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси” деген туу астында үммөттү бириктирип, батыш бизге кол салса, аларга каршы согуш алып баруусу нусратпы? Нусрат Бадрда периштелер жана Хандакта шамал менен болгону сыяктуу сезилип, көзгө көрүнө турган абалда болушу мүмкүнбү? Же нусрат берүү, колдоо көрсөтүү, шарттардын жаралышы жана душмандын жүрөгүнө коркунуч туудуруу сыяктуу маанабий түрдө болобу?

Суроо көбөйүп кеткени үчүн кечирим сурайм, Аллах сизди эң жакшы сыйлык менен сыйласын.

**Жооп**: Уа алайкум ассалам уа рахматуллоохи уа баркаатуху.

1. Нусрат сөзүнүн көп жактуу мааниси бар. Маселен, көптөгөн пикирлердин арасынан бир пикирге даават кылуу (ага басым жасоо) идеясы нусраттын бир тарабы. Дааваттын айланасына элдин биригүүсү жана аны колдой башташы нусраттын дагы бир жагы. Дааватчылардын дааватты көтөрүп чыгуусундагы туруктуулугу да нусраттын бир тарабы…

2. Күч кубат ээлеринин дааватка оң жооп берүүсү нусраттын экинчи тарабы. Бирок, толук нусрат бул – Хизб мамлекетти тикелеп, Исламды жашоого алып келип, даъватты көтөрүп чыгуу менен бийликке жетиши. Давваттын жүрүшүндөгү нусрат – бул таяныч чекитинин толук болушун билдирет. Башкача айтканда, мамлекетти тикелөө. Анткени, мамлекет түзүлмөйүнчө Ислам жашоо майданында толук ишке ашпайт. Нусраттын башка маанилери бар болсо да, алар Исламдын жашоо майданда толук ишке ашышына жетиштүү эмес. Тескерисинче, Исламдын жашоо майданда толук ишке ашышы жана толук түрдөгү нусраттын болушу үчүн Ислам мамлекети жана башкаруусу иш жүзүндө тикелениши керек.

3. Биз – Пайгамбарлык негизиндеги экинчи Халифалык мамлекети тикеленишине, үммөттү жеңишке жана күч-кубатка ээ кылышына терең ишенебиз. Себеби, анын тикеленишин убада кылган далилдер, анын борборлошуп, адилеттүүлүк менен өкүм жүргүзөөрүн билдирип келген. Аллах Таала айтат:

﴿وَعَدَ اللهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَى لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُمْ مِنْ بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْناً يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئاً وَمَنْ كَفَرَ بَعْدَ ذَلِكَ فَأُولَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾.

“Аллах силердин араңардан ыйман келтирип, жакшы амалдарды кылгандарга, алардан мурдагыларды жер жүзүндө халифа кылганы сыяктуу аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды. Алар үчүн Өзү тандап алган динин (исламды) бекем кылат жана алардын кооп коркунучтарын аманчылык, коопсуздукка алмаштырат. Алар эч нерсени шерик кылбай Мага гана ибадат кылашат. Ушундан кийин ким каапыр болсо, алар чектен чыгуучулар” (Нур: 55-57).

Бул аят умумий келсе да, Ин ша Аллах келе жаткан Халифалык мамлекетине тиешелүү. Аяттан көрүнүп тургандай, бул мамлекет күч-кубат жана коопсуздукка жеткирет. Бул анын бекемдиги, туруктуулугу жана душмандарын жеңүүсү менен гана ишке ашат.

جاء عند الإمام أحمد، ومسند الطيالسي من حديث حذيفة، قال: قال رسول الله ﷺ: «إِنَّكُمْ فِي النُّبُوَّةِ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً عَاضّاً، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»، ثُمَّ سَكَتَ.

Имам Ахмаддан жана Муснад ат-Таялисиде Хузайфадан риваят кылынат. Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: «Силердин араңарда Алла каалаганча пайгамбарлык болот. Кийин Алла каалаган убакта аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Алла каалаганча турат. Кийин Алла Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин залим падышалык болот жана ал Алла каалаганча турат. Кийин Алла Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү падышалык болот жана ал Алла каалаганча турат. Кийин Алла өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот». Кийин Пайгамбар (с.а.в) сүкүт сактады”. (Имам Ахмад муснады 4/273).

أخرج مسلم في صحيحه عن أبي هريرة رضي الله عنه: أن رسول الله ﷺ قال: «لَا تَقُومُ السَّاعَةُ حَتَّى يُقَاتِلَ الْمُسْلِمُونَ الْيَهُودَ، فَيَقْتُلُهُمُ الْمُسْلِمُونَ...»، وفي لفظ آخر قال ﷺ: «تُقَاتِلُكُمُ يَهُودُ، فَتُسَلَّطُونَ عَلَيْهِمْ»،

Муслим өзүнүн “Сахих” китебинде Абу Хурайра (радыяллаху анху)дан риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: “Мусулмандар жөөттөр менен согушуп, мусулмандар аларды өлтүрмөйүнчө Кыямат болбойт…”. Башка бир риваятта (ага Аллахтын салам-салаваттары болсун) айтты: «Жөөттөр силер менен согушат, силер аларга үстөм болосуңар”.

Бул жөөт мамлекетин түп тамырынан жок кылуу дегенди билдирет жана бул экинчи халифалык мамлекетинин тикелениши, туруктуулугу жана жеңиши менен гана ишке ашуусун билдирет.

روى أحمد في مسنده والحاكم وصححه ووافقه الذهبي عن أبي قَبِيلٍ، قَالَ :كُنَّا عِنْدَ عَبْدِ اللهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ الْعَاصِ :فَقَالَ :بَيْنَمَا نَحْنُ حَوْلَ رَسُولِ اللهِ ﷺ نَكْتُبُ، إِذْ سُئِلَ رَسُولُ اللهِ ﷺ :أَيُّ الْمَدِينَتَيْنِ تُفْتَحُ أَوَّلاً :قُسْطَنْطِينِيَّةُ أَوْ رُومِيَّةُ؟ فَقَالَ رَسُولُ اللهِ ﷺ» :مَدِينَةُ هِرَقْلَ تُفْتَحُ أَوَّلاً، يَعْنِي قُسْطَنْطِينِيَّةَ

Ахмад өзүнүн “Муснад” китебинде жана аль-Хааким риваят кылган, аны Аз-Захаби Абу Кабилдин риваятында айтат: “Биз Абдулла бин Амр бин аль-Аас менен бирге болчубуз, ал айтты: “Биз Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам)дын алдында жазып жүргөн кезибизде, Аллахтнын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам)дан эки шаардын кайсынысы биринчи фатх кылынат? Константинополбу же Римби?” деп сурадык. Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам айтты): “Биринчи кезекте Геракл шаары, башкача айтканда Константинополь фатх кылынат”, – деди. Константинополь фатх кылынды, Кудай буйруса Рим дагы фатх кылынат. Бул экинчи халифалык мамлекетинин түптөлүшүн жана туруктуулугу менен гана ишке ашат…

أخرج أحمد في مسنده عَنْ تَمِيمٍ الدَّارِيِّ قَالَ :سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ ﷺ يَقُولُ» :لَيَبْلُغَنَّ هَذَا الْأَمْرُ مَا بَلَغَ اللَّيْلُ وَالنَّهَارُ، وَلَا يَتْرُكُ اللهُ بَيْتَ مَدَرٍ وَلَا وَبَرٍ إِلَّا أَدْخَلَهُ اللهُ هَذَا الدِّينَ، بِعِزِّ عَزِيزٍ أَوْ بِذُلِّ ذَلِيلٍ؛ عِزّاً يُعِزُّ اللهُ بِهِ الْإِسْلَامَ وَذُلّاً يُذِلُّ اللهُ بِهِ الْكُفْرَ...«

Ахмад өзүнүн “Муснадында” Тамим ад-Дарийден риваят кылат, ал айтты: “Мен Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) мындай деп айтканын уктум: «Бул иш күн жана түн жеткен жерге чейин жетип барат. Аллах бир да отурукташкандын, көчмөнчүнүн үйүн калтырбастан, ага бул динди азиздин азиздиги жана кордун кордугу менен киргизет. Ушундай бир азиздик, Аллах аны менен Ислам динин азиз кылат, ушундай бир кордук, Аллах аны менен куфрду кор кылат».

Байхакий дагы ушул маанидеги хадисти “Ас-Сунанул-Кубра”да жана Хаким өзүнүн “Мустадрак” китебинде риваят кылган. Бул болсо экинчи рошид Халифалык бүт дүйнөнү камтый тургандай кеңейишин билдирет.

4. Жогоруда айтылгандар Халифалык мамлекети ар бир согушкан согушта жеңишке жетишин билдирбейт. Бул же тиги жерде согушта жеңилип калышы да мүмкүн. Бирок, акырында жеңишке жетишин түшүндүрөт. Тактап айтканда, согуш майдандарында жеңилип калышы мүмкүн. Бирок, биринчи Ислам мамлекетинде болгондой, чечүүчү согуштарда жеңилбейт. Алгачкы Исламий мамлекет дагы кээ бир салгылашууларда жеңилип калган. Бирок дүйнөнүн көпчүлүк бөлүгүн башкарганга чейин жеңиш ага шерик болгон.

5. Сиздин суроонуздун акыркы бөлүгүнө келсек, Нусрат Бадрда периштелер жана Хандакта шамал менен болгону сыяктуу сезилип, көзгө көрүнө турган абалда болушу мүмкүнбү? Же нусрат берүү, колдоо

көрсөтүү, шарттардын жаралышы жана душмандын жүрөгүнө коркунуч туудуруу сыяктуу маанабий түрдө болобу? Мунун баары болушу мүмкүн. Инша Аллах, Аллах үчүн жеңил. Анткени Ал Өзүнүн ишенимдүү пенделерин Өзүнүн аскерлери менен колдоп-кубаттайт. Айтат:

﴿وَمَا يَعْلَمُ جُنُودَ رَبِّكَ إِلَّا هُوَ﴾

“Раббиңдин кошуундарын Андан башка эч ким билбейт”. (Муддасир: 31).

Бирок, шарий өкүм бизден Аллах Таала айткандай жетиштүү даярдануусу талап кылат:

﴿وَأَعِدُّوا لَهُمْ مَا اسْتَطَعْتُمْ مِنْ قُوَّةٍ وَمِنْ رِبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدُوَّ اللهِ وَعَدُوَّكُمْ وَآخَرِينَ مِنْ دُونِهِمْ لَا تَعْلَمُونَهُمُ اللهُ يَعْلَمُهُمْ وَمَا تُنْفِقُوا مِنْ شَيْءٍ فِي سَبِيلِ اللهِ يُوَفَّ إِلَيْكُمْ وَأَنْتُمْ لَا تُظْلَمُونَ﴾.

“Алланын душманын, өз душманыңарды жана башка силер билбеген, бирок Алла билген душмандарыңарды коркунучта кармоо үчүн аларга каршы күч-кубат жана атчандарды толук даярдыкта кармагыла! Силердин Алла жолуна сарптаганыңар өзүңөргө толук кайтарылат. Адилетсиздик кылынбайт” (Анфаал: 60).

Инша Аллах суроонузга ушулар жетет деп үмүттөнөм, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

22-жумаадул уула, 1446-х.
24-ноябрь, 2024-м.

## Халифалык термини тууралсында

**Суроо**: ассаламу алайкум, менин эки сурооm бар:

Исламий мамлекет үчүн Халифалык термини Аллах ушул мамлекетке фарз кылган фикхий терминби же саясий терминби?

**Жооп**: Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Аллах Үммөткө фарз кылган башкаруу түзүмү – Халифалык. Ошондуктан, Халифалык фикхий термин т.а. шаръий акыйкат болуп эсептелет. О.э. Халифалык башкаруу түзүмү болуп эсептелет т.а. Халифалыкта халифа ишке ашыра турган саясий иштер бар. Мунун тафсилаты төмөнкүдөй:

1 – Халифалык фикхий термин – «шаръий акыйкат». Анткени, шаръий нусустар буга далил болуп келген. Ошолордон:

– Аллах Субханаху ва Таала айтат:

*»Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум мурунку өткөн) итикаддуу(заттарды халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон) Ислам (динин үстөм кылууну о.э. аларды көргөн кооп-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды» .Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул)убада(дан кийин куфрону) неъмат (кылса, анда, алар итаатсыз кимселер*[24:55] «

– Ахмад жана Абу Давуд Таялисий Хузайфа ибн Ямандан риваят кылган хадисте Расулуллах A:

«إِنَّكُمْ فِي النُّبُوَّةِ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، ثُمَّ سَكَتَ»

«Силердин араңарда пайгамбарлык Аллах каалаганчауланат. Андан кийин Аллах каалаган убакта аны көтөрөт. Андан кийин пайгамбарлык минхажы негизинде Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча уланат. Андан кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Андан кийин раиятына зулум жана адилетсиздиктер жете турганпадышалык болот жана ал Аллах каалаганча уланат. Андан кийин Аллах өзү каалаганда аны көтөрөт. Андан кийин залим жана зордукчул (падышалык) болот жана ал Аллах каалаганча уланат. Андан кийин Аллах өзү каалаганда аны көтөрөт. Андан кийин пайгамбарлык минхажы негизиндегиХалифалык болот, – деди. Андан кийин Пайгамбар A сүкүт сактады».

– Муслим Абу Хозимдин мындай дегенин да риваят кылды: Мен Абу Хурайра менен беш жыл чогуу болдум жана андан Набий Адын мындай дегенин уктум:

«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ، كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَيَكُونُ خُلَفَاءُ فَيَكْثُرُونَ»، قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: «فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ، وَأَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»

«Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзөт эле. Качан бир пайгамбар өлсө, артынан башка бир пайгамбар келет эле. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетишет». Ошондо: Бизди эмнеге буюрасыз? – деп сурашкан эле, Расулулла: «Биринчисинин, жалаң гана биринчисинин байъатына бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле, анткени Аллах алардан жарандарды кандай башкарганы тууралуу сурайт», – деп жооп берди.

– Муслим Абу Саид Худрийден риваят кылган хадисте Расулуллах А:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ، فَاقْتُلُوا الْآخَرَ مِنْهُمَا»

«Эгерде эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө», – деген.

Шаръий нусустар түзүм «Халифалык» экендигин, бул түзүмдөгү акимдер болсо «халифалар» экендигин баян кылган. Аларды Расулуллах А жана хулафаи рошидиндер ушундай аташкан. Халифа момундар амири жана мусулмандар имамы болуп, аларды Аллах Субханахунун шарияты менен башкарат. Т.а. «Халифалык» жана «халифа» ага далил келген фикхий терминдер – «шаръий акыйкат» болуп эсептелет. Биз бул далилдерди жогоруда айтып өттүк.

2 – Эми Халифалык түзүмүнүн фарздыгына келсек, буга Куран, Сүннөт жана сахабалар ижмасынан далилдер келген. Ошолордон Куранда Аллах Таала Расулуллах Ага хитаб кылып мындай деди:

*«алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл каалоосуна ээрчибе!»* [5:48]

*«(Эй Мухаммад), алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын напис-каалоосуна ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюшунан этият бол!»* [5:49]

Расулуллах Ага “адамдар ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын” деп айтылган хитаб ал кишинин Үммөтүнө болгон хитаб болот. Мунун мафхуму “Расулуллах Адан кийин адамдар ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылуучу акимди пайда кылгыла”

дегени. Бул хитабдагы буйрук катъийликти түшүндүрүп жатат. Анткени, бул жерде хитаб мавзусу фарз. Бул болсо, усул илиминде болгону сыяктуу катъийликке далалат болот. Расулуллах А дан кийин адамдар ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылуучу аким бул – халифа. Мына ушундай башкаруу түзүмү Халифалык түзүмү болуп эсептелет. Мындан тышкары, хаддарды жана башка өкүмдөрдү тикелөө важиб, алар болсо аким аркылуу гана тикеленет. «Важиб эмне менен ишке ашса, ал да важиб» коидасына ылайык, шариятты тикелей турган акимди пайда кылуу важиб. Андай аким халифа, башкаруу түзүмү болсо Халифалык түзүмү болуп эсептелет.

Сүннөткө келсек, Нофеъден риваят кылынышынча ал мындай деди: Мага Абдуллах ибн Умар айтты: Мен Расулуллах А дын мындай дегенин уктум:

«مَنْ خَلَعَ يَدَاً مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لاَ حُجَّةَ لَهُ، وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

«Кимде-ким итаат кылуудан баш тартса, кыямат күнү Аллахка хужжаты жок абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъат жок абалда өлсө жахилият өлүмү менен өлүптүр»(Муслим риваяты). Демек, Набий А ар бир мусулманга мойнунда байъат болушун фарз кылды, мойнунда байъатсыз абалда өлгөн адамды “жахилият өлүмү менен өлүптүр” деп сыпаттады. Байъат Расулуллах А дан кийин халифага гана берилет, башка эч кимге берилбейт. Бул хадис ар бир мусулмандын мойнунда байъат болушун важиб кылууда т.а. анын жүзөгө чыгышы менен ар бир мусулман байъат берүүгө акылуу болгон халифанын болушун важиб кылууда. Эгерде мусулман халифа бар болбой туруп өлсө, анын өлүмү жахилият өлүмү болот. Бул Ислам менен өкүм жүргүзүүчү халифаны пайда кылууга аракет кылбастыктын күнөөсү оор экендигине далалат кылат.

Эми сахабалар ижмасына келсек, сахабалар – алардан Аллах ыраазы болсун – Расулуллах А өлгөндөн кийин ал кишинин халифасын тикелөө керектигине ижма кылышкан. Сахабалардын халифаны тикелөө важибдигине катъий ижма кылгандыктары Расулуллах А көз жумгандан кийин Пайгамбарыбыз А ды жайына узатууну кечиктирип, ал кишинин халифасын тикелөө менен алек болушунда даана көрүндү. Акыйкатта болсо, сөөктү тезирээк жайына узатуу фарз. Расулуллах А ды даярдоо жана жайына узатуу менен алектениши керек болгон сахабалардын бир бөлүгү аны менен алек болбой, халифаны тикелөө менен алек болушту. Сахабалардын калган бөлүгү болсо буга сүкүт сакташты жана алар да сөөктү жайына узатууну эки күнгө кечиктирүүдө шерик болушту. Акыйкатта болсо, буга каршы чыгышы жана сөөктү узатуу менен алектениши мүмкүн болчу, буга кудурети жетет эле. Расулуллах r

дүйшөмбү күнү шашкеде дүйнөдөн кайтты, шейшембиге өткөн түнү да да, Абу Бакрга байъат берилген шейшемби күнү күндүзү да жерге коюлбады. Ошондон кийин шаршембиге өтө турган түнү жерге коюлду. Т.а. жерге узатуу эки түнгө кечиктирилди. Расулуллах r жерге коюлушунан мурда Абу Бакрга байъат берилди. Демек, сөөктү жерге коюудан мурда халифаны дайындоо менен алектенүү ижма болуп калды. Бул халифаны дайындоо сөөктү жерге узатуудан важибирээк болгондугуна далил болот.

Ушуга ылайык, Халифалыкты тикелөө жана халифаны пайда кылуу эң маанилүү фарз болуп эсептелет.

3 – Эми Халифалык Исламдагы башкаруу түзүмү экендигине, анда халифа ишке ашыра турган саясий иштер бар экендигине келсек, саясат иштерди камкордук менен башкарууну түшүндүрөт. Халифалык жана халифанын негизги иши Үммөттүн иштерин камкордук менен башкаруу жана аким тарабынан иштердин башкарылышы саясат болуп эсептелет.

Саясат сөзү лугатта «ساس يسوس» сөзүнөн алынган болуп, акимдин иштерди башкарышы түшүнүлөт. Комусул Мухитте «سست الرعية سياسة жаранга саясат кылдым: Аларды буйрудум жана кайтардым» деп келет.

Мухторус Сихахта «سوس» бөлүмүндө төмөнкүдөй келет: «سَاسَ الرَّعِيَّةَ يَسُوسُهَا سِيَاسَةً بِالْكَسْرِ».

Үммөттүн иштерин башкарууну халифага байлаган хадистер да келген. Ошолордон:

Бухарий Ибн Шихабдан риваят кылды… ага Салимдин айтышынча, Абдуллах ибн Умар мындай деди: Мен Расулуллах Адын мындай дегенин уктум:

«كُلُّكُمْ رَاعٍ، وَكُلُّكُمْ مَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، الإِمَامُ رَاعٍ وَمَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ...»

«Ар бириңер жетекчисиңер жана ар бириңер өз раиятыңардан жоопкерсиңер. Адамдарга башчы болгон имам жетекчи жана ал өз раиятынан жоопкер». Халифанын иши жарандардын ишин камкордук менен башкаруу. Аким тарабынан иштердин башкарылышы лугавий мааниге ылайык, саясат болуп эсептелет.

21-робиул-аввал, 1435-х.

22-январь, 2014-м.

## Үммөт байъат акдында халифа үчүн белгилүү бир мөөнөттү белгилеши тууралуу

**Суроо**: Халифалык ыраазылык жана ыктыяр акды (келишими). Үммөт Абдуррахман ибн Авфка аларды башкара турган адам Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен башкарышына кошумча эки шейхтин (Абу Бакр жана Умар) жолун да шарт кылып койгон. Мындан байъат акдында Үммөт халифа үчүн белгилүү бир мөөнөттү белгилөөнү да шарт кылышы жайиздигин түшүнүүбүз мүмкүнбү? Муну түшүндүрүп беришиңизди үмүт кылабыз. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: жооп берүүдөн мурун ушуларды эске салып коймокчумун:

а) Мусулман адам акд-келишимдерде адалды арам же арамды адал кыла турган шарттан бөлөк каалаган нерсесин шарт кылып коюшу мүмкүн. Бухарий Барираның азат кылынышы жөнүндө Аиша ﵂дан риваят кылган хадиси шарифте келишинче, Расулуллах ﷺ адамдар алдында туруп Аллахка хамду-сана айткандан кийин мындай деди:

«أَمَّا بَعْدُ، مَا بَالُ رِجَالٍ يَشْتَرِطُونَ شُرُوطًا لَيْسَتْ فِي كِتَابِ اللَّهِ، مَا كَانَ مِنْ شَرْطٍ لَيْسَ فِي كِتَابِ اللَّهِ فَهُوَ بَاطِلٌ، وَإِنْ كَانَ مِائَةَ شَرْطٍ، قَضَاءُ اللَّهِ أَحَقُّ، وَشَرْطُ اللَّهِ أَوْثَقُ، وَإِنَّمَا الوَلاَءُ لِمَنْ أَعْتَقَ»

«Амма баъд, Аллахтын Китебинде болбогон шарттарды шарт кылып коё турган кишилердин абалы эмне болор экен. Аллахтын Китебинде болбогон шарт, жүз шарт болсо да – батыл. Аллахтын казасы эң хак жана Аллахтын шарты эң бекем. Албетте, валийлик азат кылган кишиники».

Термизий Касир ибн Абдуллах ибн Авф Музанийден, ал атасынан, атасы чоң атасынан риваят кылган сахих хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ، إِلاَّ شَرْطًا حَرَّمَ حَلاَلاً، أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا»

«Мусулмандар өз шарттарына бапаа кылуулары керек, адалды арам же арамды адал кыла турган шартка гана бапаа кылышпайт».

б) Демек, мусулман адам акддарда арамды адал же адалды арам кыла турган т.а. Аллахтын шариятына тескери шарттардан башка шарттарды шарт кылышы жайиз. Аллахтын шариятына тескери шарт батыл шарт болуп, ал жайиз эмес.

в) Мужтахиддин башка бир мужтахидге ээрчүүсү жайиз. Бул, сахабалар карманган жол. Ошого ылайык, эгер мусулман адам бир мужтахидге кандайдыр бир маселеде башка бир мужтахидге ээрчишин, антпесе, ага байъат бербешин шарт кылып койсо, бул жайиз. Анткени, мужтахиддин башка бир мужтахидге ээрчиши жайиз.

«Шахсия» китебинин биринчи китебинин 157-бетинде «Таклид вакиъси» бөлүгүндө төмөнкүчө келет:

«Эгер мужтахидде бир маселе тuurасында ижтихад кылуусу үчүн жөндөмү бар болсо жана ал ушул маселеде ижтихад кылып, бир өкүмгө

жетип барса, бул жетип барган өкүмүнө тескери көрүнүштө башка мужтахиддерге ээрчүүсү жайиз эмес. Болгону, төмөнкү төрт абалдын биринде гана өз ижтихады менен жеткен райынан баш тартуусу мүмкүн:

1. Эгер, мужтахидге өз ижтихадында таянган далили заифтиги жана башка мужтахиддин далили анын далилинен күчтүү экендиги белгилүү болсо, дароо өз өкүмүнөн баш тартып, далили күчтүү өкүмдү алуусу важиб…

2. Эгер, бирер мужтахидге башка бир мужтахиддин далилдерди өз вакиълигине байлоого кудуреттүүлүгү, викиъни же далилдерди түшүнүп жетүүсү күчтүүрөөк экени, самъий далилдерди көбүрөөк билүүсү сыяктуу абзелдиктери белгилүү болсо, белгилүү бир маселени же проблемаларды түшүнүп жетүүдө өзүнө караганда анын туура жол тутушуна ишенсе, өз ижтихады менен жеткен өкүмдү таштап, ишенимдүүрөөк деп билген мужтахиддин ижтихадына ээрчүүсү жайиз.

3. Эгер, халифа мужтахид истинбат кылган өкүмгө тескери өкүмдү киргизсе, мужтахиддин өз ижтихадын таштап, халифа киргизген өкүмдү алуусу важиб…

4. Мусулмандардын пайдасы үчүн, аларды бириктирүү максатында мужтахид өз ижтихадынан баш тартып, мусулмандардын келишүүсү назарда тутулуп жаткан өкүмдү алуусу жайиз. Кудум Усманга байъат кылынып жаткан убакта жүз берген окуя сыяктуу… Бирок бул нерсе мужтахид үчүн важиб эмес, жайиз. Себеби, Али  өз ижтихадын таштап Абу Бакр жана Умар нун ижтихадына ээрчүүгө көнбөгөн убакта эч ким Алинин бул ишин каралабады. Демек, өз ижтихадын таштап башкага ээрчүүсү важиб эмес, жайиз.

Жогорудагылар - өзү иш жүзүндө ижтихад кылып, бирер маселеде бир өкүмгө ээрчиген мужтахид жөнүндөгү пикирлер. Ал эми, мужтахид бирер маселеде ижтихад кылбаган болсо, бул маселеде башка мужтахиддин ижтихадын алуусу да мүмкүн… Сахих кабарларда келгендей, Умар ﵁ Абу Бакр ﵁га: «Биздин райыбыз сиздин райыңызга караштуу», - деп айткан. Дагы ушундай кабарлар бар, Умар  эгер бирер чатакты чечүүдө Куран жана Сүннөттөн чечим таба албаса, Абу Бакр нун ушундай проблеманы кантип чечкенине кызыгар эле. Эгер Абу Бакр нун ушундай проблеманы чечкенин көрсө, ал да ушул чечимди алат эле. Ибн Масъуд  болсо Умардын сөзүн алар эле. Мындай абалдар сахабалардын көз алдында болуп өткөн, бирок алардын эч кимиси муну четке каккан эмес. Бул болсо, сүкүт ижмасы болуп эсептелет».

г) Халифага байъат берүү нусустары мөөнөт шарт кылынышына карама-каршы келет. Анткени, Расулуллах ﷺга жана хулафаи рошидиндерге байъат берүү Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү

менен өкүм жүргүзүүгө ылайык болгон. Байъаттын шарты мына ушул. Эгер, халифа Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулуллах ﷺдын Сүннөтү менен өкүм жүргүзүүнү таштаса, халифаны четтетүү абалын о.э. мазалим махкамасы укугун кеңири баян кылып келген шаръий өкүмдөргө ылайык анын башкаруусу аягына жетет. Халифа үчүн башка шартты белгилөө байъат нусустарына тескери болгону үчүн жайиз эмес. Байъат нусустарында Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулу ﷺдын Сүннөтү менен өкүм жүргүзүү деп келген. Бул – Сүннөт жана сахабалар ижмасы менен сабит:

Сүннөткө келсек, Бухарий Убада ибн Самиттен риваят кылган хадисте ал айтат: Расулуллах ﷺ бизди даъват кылды. Биз ал кишиге байъат бердик. Бизден байъат алганда, кубанычта да, кайгыда да, оор күндөрүбүздө да, жеңил күндөрүбүздө да кулак салып, итаат кылууга, өзүбүздөн абзел көрүшүбүзгө, ишти ээсинен талашпоого байъат беришибизди айтып:

«إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللَّهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

«Эгер, ачык куфрду көрсөңөр жана силерде бул жөнүндө Аллахтан анык хужжат болсо гана, (ошондо гана талашууңар мүмкүн), деди». Бул хадисти Муслим да риваят кылган.

Муслим Яхя ибн Хусайндан, ал (чоң) энеси Умму Хусайндан риваят кылышынча, Расулуллах ﷺ:

«إِنْ أُمِّرَ عَلَيْكُمْ عَبْدٌ مُجَدَّعٌ أَسْوَدُ، يَقُودُكُمْ بِكِتَابِ اللَّهِ تَعَالَى، فَاسْمَعُوا لَهُ وَأَطِيعُوا»

«Үстүңөргө бир кара кул амир болуп дайындалса да – ырас, ал силерди Аллахтын Китеби менен башкарган соң – ага кулак салып итаат кылгыла», деди.

Булардын баарынан, ырас Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулу ﷺдын Сүннөтү менен өкүм жүргүзүлгөн соң, байъат жана итааттын уланышы анык көрүнүп турат. Ачык куфр т.а. шариятка катъий карама-каршылык көрүнсө итаат кылынбайт.

Сахабалар ижмасына келсек, хулафаи рошидиндердин байъаты белгиленген мөөнөткө эмес, Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулу ﷺдын Сүннөтүнө ылайык болгон. Аларга байъат берүү сахабалардын көз алдында ишке ашкан. Ошондуктан, бул, мөөнөт белгиленбешине ижма болуп калды. Халифанын халифалыкта турушу Аллах Таала жана Расулу ﷺга итаат кылышына т.а. Аллах түшүргөн шарият менен өкүм жүргүзүүсүнө байланыштуу. Муаммар ибн Рошид «Жамиъ»синде мындай келтирет: Бизге Абу Бакр ؓ кайрылып айтты: «Эй адамдар, мен силерге башчы болуп дайындалдым жана мен силердин жакшыңар эмесмин. Мен Аллах жана Расулуна итаат кылсам, мага итаат кылгыла. Эгер, Аллах жана Расулуна асийлик кылсам, мага итаат кылуу

силерге важиб эмес. Намазга тургула. Кудай силерди Өз рахматына алсын».

Бул далилдерден халифалык мөөнөтү белгиленбегени, халифа Аллах Таалага жана Расулу ﷺга итаат кылышы байъат текстинде анык көрсөтүлгөнү көрүнүп турат. Ырас, халифа Аллахтын шарияты менен өкүм жүргүзгөн соң, анын башкаруусу уланат. Эгер, ал катъий нусуска тескери иш кылса, анын башкаруусу аягына жетет, ага бир же эки ай болгон болсо да. Бул иш халифаны четтетүү жана мазалим казысы жөнүндө келген шаръий өкүмдөргө ылайык болот.

д) Умар رضي الله عنهдан кийин халифаны шайлоодо жүз берген иштер жөнүндө айта турган болсок, алар Абдуррахман ибн Авфка ушундай бир халифага байъат берүүнү шарт кылып коюшкан, эгер бул халифага андан мурунку эки халифанын доорунда жүз берген маселе туш келсе о.э. Абу Бакр жана Умар бул маселеде өкүм кылган болсо, бул маселеде ижтихад кылбай аларга ээрчиши важиб. Али رضي الله عنه бул шартты четке кагып ар бир маселеде өзү ижтихад кылышын айтты. Усман رضي الله عنه болсо бул шартты кабыл алды. Ошондуктан Усман رضي الله عنهга байъат берилди. Халифага мындай шарттардын шарт кылынышы жайиз. Халифа үчүн да бул шарттарды кабыл алып ээрчиши же кабыл албай ижтихад кылышы жайиз. Мужтахиддин башка бир мужтахидге ээрчиши – жогоруда сахабалар доорунда бир мужтахиддин башка мужтахидге ээрчигени жөнүндө айтып өткөнүбүздөй – шаръий түрдө жайиз.

Жыйынтык ушул: акддарда шаръий нусустарга тескери болбогон шарттын коюлушу жайиз. Эгер, шаръий нусустарга тескери болсо жайиз эмес. Халифа үчүн мөөнөттү белгилөөнү шарт кылуу Сүннөт менен жана сахабалар ижмасы менен сабит болгон байъат нусустарына тескери. Бул нусустар – Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулу ﷺдын Сүннөтү менен өкүм жүргүзүлүшү. Демек, байъат берилиши көздөлүп жаткан халифага мөөнөттү белгилөөнү шарт кылып коюу жайиз эмес.

16-жумадус-саний, 1434-х.
6-апрель, 2013-м.

## Байъаттын белгилүү бир убакытка чектелиши тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум рахматуллоохи ва баракаатух!

Менин суроом үммөт менен халифанын ортосундагы ыраазылык келишими болгон баят тууралуу. Халифаны азыркы системадагыдай төрт-беш жылга чектелген белгилүү бир мөөнөткө шайлоо мүмкүнбү? Ушуга далил барбы?

Аллах сиздин колунуз менен Ислам жеңишин берсин.

**Жооп**: Алайкуму салаам рахматуллоохи ва баракаатух!

1 – Баят тууралуу келген шарий далилдер белгилүү бир мөөнөткө чектөөнү четке кагат. Себеби, Пайгамбар ﷺга жана туура жолдогу хулафаи роошидиндерге берилген баят – Аллахтын китеби жана сүннөт менен өкүм жүргүзүүгө гана берилген. Баят мына ушуга гана байланган. Тактап айтканда, китеб жана сүннөт менен өкүм жүргүзүүгө гана байланган. Эгер Халифа Аллахтын китеби жана Пайгамбардын сүннөтү менен өкүм жүргүзүүнү таштаса, шарий өкүмгө ылайык, ал Халифалык вазыйпасынан ажырайт. Бул тууралуу Халифаны ишинен четтетүү иш чарасы жана мазоолим башкы казынын ыйгарым укуктары темасында шарий далилдер толук түрдө берилген. Баятты мындан башка нерсеге байлоо мүмкүн эмес, анткени, ал баят тууралуу келген шарий далилдерге тескери келип калат. Баяттын шарий далили китеб жана сүннөт менен өкүм жүргүзүүгө гана байланган. Бул сүннөт жана сахабалардын ижмасы менен далилденген

Ал эми сүннөткө келсек: Убаадата Соомит р.а айтты: Расулуллоох ﷺ бизди чакырды, биз ага баят бердик. Бизден ал ушул нерселерге баят алды:

«أَنْ بَايَعْنَا عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي مَنْشَطِنَا وَمَكْرَهِنَا، وَعُسْرِنَا وَيُسْرِنَا، وَأَثَرَةٍ عَلَيْنَا، وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الْأَمْرَ أَهْلَهُ»

«Биз оорчулук-жеңилчиликте да, кыйынчылык-жыргалчылыкта да да угуп моюн сунууга жана ишти өз ээлеринен талашпоого баят бердик». Ошондо айтты:

«إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

«Бирок (баш ийбейсиңер), качан ачык куфрду көрсөңөр жана ага каршы Аллахтын китебинен далилиңер болсо» (Бухарий, Муслим).

Яхя бин Хусайндын чоң энеси умму Хусайн айтты: анын айтып жатканын уктум, ал айтты: Русулуллох ﷺ айтты:

«إِنْ أُمِّرَ عَلَيْكُمْ عَبْدٌ مُجَدَّعٌ - حَسِبْتُهَا قَالَتْ - أَسْوَدُ، يَقُودُكُمْ بِكِتَابِ اللهِ تَعَالَى، فَاسْمَعُوا لَهُ وَأَطِيعُوا»

«Мурду кетик кул силерге амир болсо да, ал Аллахтын китеби менен силерди жетектесе, аны угуп ага баш ийгиле ».

Ушул далилдерден көрүнүп тургандай, баяттагы угуп жана баш ийүү Аллахтын китеби жана Пайгамбар ﷺдын сүннөтү менен өкүм жүргүзүлүүсүнө гана байланган. Качан ачык куфрду көргөндө, тактап айтканда, шариятка катий каршы иштерди көргөндө, угуп баш ийилбейт. Ал эми сахаабалардын ижмаасы болсо: хулафаи роошидиндерге берилген баятта, алардын Аллахтын китеби жана Пайгамбар ﷺдын сүннөтү менен өкүм жүргүзүүлөрүнө гана байлаган. Белгилүү бир мөөнөткө байланган эмес. Аларга берилген баят көптөгөн сахаабалардын р.а. катышуусу менен ишке ашкан. Ошондуктан халифага берилген баят белгилүү бир мөөнөткө чектелбегендиги да ушул сахаабалардын ижмаасы менен ижмаа болуп калат. Халифага моюн сунуу анын Аллахтын китеби жана Пайгамбар ﷺдын сүннөтү менен өкүм жүргүзүүсүнө байланган. Тактап айтканда, Аллах түшүргөн китеб менен өкүм жүргүзүүсүнө, эгер антпесе, ага баш ийилбейт.

Муьамар бин Рошид «Жаамиь» китебинде риваят кылат: Абу Бакр бизге мындай хутба кылды: «Эй адамдар, мен силерге амир болуп шайландым. Мен силердин жакшыңар эмесмин. Мен Аллахтын китеби жана Пайгамбар ﷺдын сүннөтүнө баш ийгенимде, силер да мага баш ийгиле. Эгер мен Аллахтын китеби жана Пайгамбар ﷺдын сүннөтүнө баш ийбесем, силердин мага баш ийүүңөр да жок. Намазыңарды өтөгүлө, Аллах силерди ырайымына алсын».

Ушул далилдерден көрүнүп тургандай, баят белгилүү бир мөөнөткө чектелген эмес, балким Халифанын Аллахтын китебине жана Пайгамбар ﷺдын сүннөтүнө баш ийүүсүнө байланган. Халифа Аллах түшүргөн өкүм менен өкүм жүргүзө берсе, ага баш ийүү улана берет. Качан гана Халифа Аллах түшүргөн өкүм менен өкүм жүргүзүүнү токтотуп, ага каршы иш тутса, анда ага баш ийилбейт жана анын мөөнөтү бүтөт, мейли, ал бийликке келгенине жарым ай болсо дагы.

Бул боюнча мазолим казысынын ыйгарым укуктары жана Халифаны иштен четтетүү темаларында шарий далилдери менен толук берилген.

2 – Ал эми халифаны белгилүү бир мөөнөткө шайлоо тууралуу айтып жаткандардын далилдери да, далилге окшош нерселери да жок. Бул боюнча 2013-жылы 4-июнда чыккан суроо-жоопто кеңири токтолгонбуз, каалоочулар болсо ага кайрылса болот.

26-мухаррам, 1438-х.
27-октябрь, 2016-м.

## Мамлекетти тикелөө үчүн аракет кылуудагы жихад

**Суроо**: бул орунда: «Хизбут-Тахрир Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылууда Мадина дооруна эмес, Мекке дооруна таянат, Халифалыкты тикелөөгө даъват кылуу баскычында жихад кылууну шариятка тескери деп эсептейт, себеби, Расулуллах ﷺ муну кылбаган» деп айткандар бар… Эмне үчүн Халифалыкты тикелөө далилдери Медина доорунан алынбайт? Бул доордо жихад болгон жана ага амал кылынган. Бул маселеге канааттандырарлык жооп барбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: бул суроодо баян кылуу зарыл болгон бир катар маселелер бар:

1 – Китептеби, Сүннөттөбү варид болгон далилдерге ээрчүү важиб. Бул туурасында Маккаи Мукаррамада варид болгон далилдер менен Мадинаи Мунаввтарада варид болгон далилдер ортосунда айырма жок.

2 – Талап кылынып жаткан далилдер бир маселенин далилдери жана башка маселенин далилдери эмес (Бир маселе үстүндө изделип жаткан далилдер башка маселенин үстүндө эмес, дал ошол маселе үстүндө изделет):

а) Мисалы, эгер мен кандай даарат алууну үйрөнүүнү кааласам, даарат далилдерин, ал Меккеде түшкөнбү же Мединадабы айырмасы жок, даарат далилдерин издейм жана бул далилдерден кабыл алынган усул коидаларына ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен даaратты жана аны кандай алууну билүү үчүн орозо далилдерин издебеймин.

б) Мисалы, эгер мен ажылык өкүмдөрүн билүүнү кааласам, ажылык далилдеринен – алар Меккеде түшкөнбү же Мединадабы, айырмасы жок – издейм жана бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен андан ажылык өкүмдөрүн жана аны кандай аткарууну алуу үчүн намаз далилдерин издебеймин.

в) Мисалы, жихад өкүмдөрүн т.а. жихаддын фарзи айн же фарзи кифаялыгы, ал коргонуу үчүнбү же биз тараптан баштала турган жихадбы, жихаддын артынан келе турган фатх өкүмдөрү жана Исламды жаюу өкүмдөрү, согуш аркылуу фатх кылуу же келишим менен фатх кылуу өкүмдөрүн билүүнү кааласам, жихад далилдеринин өзүнөн издеймин. Бул далилдер Меккеде же Мединада түшүшүнүн айырмасы жок. Бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен андан жихад өкүмдөрүн жана анын тафсилаттарын алуу үчүн зекет далилдерин издебеймин.

г) Ар бир маселеде ушундай болот. Анын далилдери Меккеде же Мединада варид болсо, ошол жайдан изделет. Бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык маселенин шаръий өкүмү алынат.

3 – Азыр биз Исламий мамлекетти тикелөө маселесине токтолобуз жана далилдер Меккеде түшкөнбү же Мединадабы, айырмасы жок, анын далилдерин издейбиз. Кийин бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык шаръий өкүмдү истинбат кылабыз.

Биз Расулуллах ﷺ Маккаи Мукаррамадагы сийратында баян кылып берген далилдерден башка Исламий мамлекетти тикелөөнүн эч кандай далилдерин таппадык. Ал киши алгач Исламга жашыруун даъват кылды, натыйжада, момун, сабырдуу топту пайда кылып алды… Кийин бул топту Меккеде жана ажылык мезгилдеринде адамдарга жарыя кылды… Кийин кубат жана жардам ээлеринен нусрат талап кылды. Акыбетте, Аллах Субханаху ал кишини ансарлар менен сыйлады жана хижрат кылынып мамлекет тикеленди.

Мына ушулар мамлекетти тикелөө далилдери жана мындан башка далил жок. Расулуллах ﷺ бул далилдерди өз сийратында бизге канааттандырарлык кылып берген. Биз бул далилдерге баш ийишибиз важиб. Маселе жихад фарз кылынышынан мурунку Мекке доору жана жихад фарз кылынгандан кийинки Медина доору эмес, маселе – мамлекетти тикелөө далилдерин издөө. Бул далилдер Расулуллах ﷺ Мединага хижрат кылып мамлекетти тикелегенге чейин болгон Мекке доорунда гана бар.

Ал бир маселе болсо, жихад андан башка маселе. Айтып өткөнүбүздөй Халифалыкты тикелөө далилдери өз булагынан алынат жана жихад далилдери да өз булагынан алынат. Алардын бири экинчисине байланыштуу эмес. Ошондуктан, халифа жок болсо жихад токтотуп коюлбайт. Расулуллах ﷺ айтты:

«وَالْجِهَادُ مَاضٍ مُنْذُ بَعَثَنِيَ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ إِلَى أَنْ يُقَاتِلَ آخِرُ أُمَّتِي الدَّجَّالَ، لاَ يُبْطِلُهُ جَوْرُ جَائِرٍ وَلاَ عَدْلُ عَادِلٍ»

«Жихад – Аллах Субханаху ва Таала мени жибергенден тартып Үммөтүм акыры дажжалга каршы согушканга чейин токтобойт. Ани залимдин зулуму да, адилеттүүнүн адилети да бекер кыла албайт». Бул хадисти Байхакий «Сунани Кубро»до Анас ибн Маликтен риваят кылган. Ошондуктан, жихад – Халифалык болсо да, болбосо да, айырмасыз – өз шаръий өкүмдөрүнө ылайык уланат.

О.э. акимдер жихадды токтотуп коюшканы себептүү Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылуу токтотуп коюлбайт. Халифалыкты тикелөөгө аракет кылуу ал тикеленгенге чейин уланат. Себеби, кудуреттүү мусулмандардын мойнунда халифа үчүн байъат болбошу арам. Муслим Абдуллах ибн Умардан риваят кылган хадисте Абдуллах ибн Умар айтат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай деп айтканын уктуп:

«مَنْ خَلَعَ يَداً مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لاَ حُجَّةَ لَهُ، وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

«Кимде-ким итааттан баш тартса, Кыямат күнү Аллахка хужжаты жок абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъаты жок абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».

Ушуга ылайык, жихад уланат, Халифалык үчүн аракет кылуу ал тикеленгенге чейин улана берет. Булардын бири экинчисине байланыштуу эмес, алардын ар бири өзүнчө маселе. Ар бир маселе үчүн өзүнүн шаръий далилдери изделет жана бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык маселенин шаръий өкүмү истинбат кылынат.

4 – Ошондуктан, Хизбдин Расулуллах ﷺ Мединада мамлекетти тикелегенге чейин Меккеде баян кылып берген тарыйкатына баш ийиши жана мамлекетти тикелөөгө даъват кылуу баскычында согуштук аракеттерден пайдаланбашында Мекке доору да, Медина доору да деген нерсе жок. Мамлекетти тикелөө далилдери – Расулуллах ﷺ Мединада мамлекетти тикеленге чейин Меккеде баян кылып берген далилдер. Ошондуктан, маселе мамлекетти тикелөө тарыйкаты. Бул орунда Расулуллах ﷺ баян кылып берген тарыйкат – Мекке доорундагы сийраты баян кылып берген тарыйкат.

Эгер, маселе исламий мамлекеттин иш аракети жана жихаздары жөнүндө болгондо, муну Расулуллах ﷺ Мединада баян кылып берген далилдерден алмакпыз. Себеби, мамлекет ал жерде тикеленген.

5 – Корутунду:

а) Ар кандай маселенин өкүмдөрү ушул маселе туурасында келген далилдерден алынат. Бул далилдердин Меккеде же Мединада түшүшүнүн айырмасы жок. Ошондуктан, орозо өкүмдөрү орозо далилдеринен, намаз өкүмдөрү намаз далилдеринен, жихад өкүмдөрү жихад далилдеринен жана мамлекетти тикелөө өкүмдөрү мамлекетти тикелөө далилдеринен алынат.

б) Мамлекетти тикелөө маселесинде Маккаи Мукаррамада баян кылынган далилдерден башка далил жок болгондуктан бул маселеде Расулуллах ﷺдын Меккедеги тарыйкатына моюн сунулат. Эгер, мамлекетти тикелөө маселесинде Мединада далилдер варид болгондо бул далилдер да алынат эле.

Биз Аллах Субханаху ва Тааладан Исламий мамлекетти т.а. рошид Халифалыкты тикелөө үчүн жардам беришин сурайбыз. Халифалык Ислам жана мусулмандарды азиз кылат, куфр жана кафирлерди кор кылат о.э. дүйнөнүн ар тарабына изгилик жаят.

16-зул-каъда, 1434-х.
22-сентябрь, 2013-м.

## Үммөт Халифалыкты тикелөөдөгү кыйынчылыктарды көтөрүүгө даярбы – деген суроо

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу аалымыбыз боордош Ато ибн Халил!

Баарыбызга белгилүү болгондой, Үммөт бүгүн Халифалык мамлекетинин жарыя кылынышына болуп көрбөгөндөй жакын келип калды, бул мамлекеттин тикеленгени жөнүндөгү кабарды угуу алдында турабыз, инша Аллах. Сиздин деңгээлиңизге, илимиңизге жана окуялар агымын жакшы билгениңизге таянып мындай суроо бермекчимин: бүгүн Үммөт мына ушундай улуу ишке даярбы, өзгөчө, ушул мамлекеттин тикелениши артынан жарала турган нерселерге даярбы? Бул иш т.а. Халифалык тикеленгенден кийинки иш-аракеттер Халифалыкты тикелөөдөн кыйын болушу мүмкүн. Үммөт бул акыбеттерди көтөрө алабы?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Боордош, маани-маңыз Аллах Субханухуу бизге нусрат-жардам беришинде, биз болсо Халифалык мамлекетин тикелейбиз. Ал эми, Үммөт кыйынчылыктарды көтөрүүгө даярбы деген суроого келсек, шек-күмөнсүз, «ооба», даяр. Үммөткө туура жолду тутуучу Халифалык мамлекети саясында аны изгиликке карай жетектөөчү калыс, адилеттүү жана таква бир жетекчи гана жетишпей жатат. Аллах Субханаху бул Үммөткө мындай баа берет:

﴿كُنتُمۡ خَيۡرَ أُمَّةٍ أُخۡرِجَتۡ لِلنَّاسِ تَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَتَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَتُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِۗ﴾

*«Силер адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Үммөт болдуңар, маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер»* [3:110]

Туура, Үммөткө ойрон кылуучу сакафаттар, батыл пикирлер, кооптуу түшүнүктөр кирип калган. Үммөт арасында исламий алакалар алсыздашып, ордун улутчулдук, мекенчилдик… сыяктуу алакалар ээлеген. Бирок, булардын баары Үммөткө терең жайгаша албады, тескерисинче, бул нерселер үстүртөн кала берди, залим акимдердин жана аларга таандык маалымат каражаттарынын жардамы менен гана кармалып турат… Ошого карабастан, Үммөттө изгилик бар. Сиз, боордош, Хизб аракеттерин күзөтүп, Халифалык пикири бүгүн коомдук пикирге айланганын, кече мындай болбогонун, бул пикир көзгө даана

урунган элдин талабына айланганын, кече ага даъват кылуу айып эсептелгенин байкаган чыгарсыз!

Боордош, күчсүздүк жана бөлүнүү факторлоруна дуушар болсо да, бул Үммөт тирүү… жана Үммөт козголушу керек. Кресттүүлөр өлкөлөрүбүздө эки жүз жылдай турушту, Куддуси шарифтин өзүндө 90 жыл турушту. Кийин хижрий 582-жылы робиус-саний айында Хиттийн согушу болду, ошол жылдын ражабында мусулмандар Куддусту азат кылышты, кийин Салахиддин Айюбий Мисирде фатимийлерди жок кылып, аббасийлер Халифалыгын кайра орноткондон кийин, Куддустан кресттүүлөрдү шерменде кылып кууп чыгарды… хижрий 656-жылы монголдор Багдадды ээлешип, халифаны өлтүрүштү, ал жердеги Халифалык Мисирге көчтү, эки жыл өтпөстөн, Айни Жолут согушу болду жана монголдор жок кылынды…

Азиз боордош, пакиза, таква бир жетекчилик астында Халифалыктын кайра тикелениши, инша Аллах, Үммөткө улуулугун жана фатхтарын албетте кайтарат. Бул болсо, Аллахка таптакыр кыйын эмес.

Сиздин камкордугуңуз жана этибарыңыз үчүн барокаллох, боордош!

25-мухаррам, 1435-х.
28-ноябрь, 2013-м.

## Жихад Халифалыкты тикелөөнүн тарыйкаты эмес

**Суроо**: ассаламу алайкум улуу амирибиз:

Биз Халифалык бир фарз, жихад болсо дагы бир фарз, жихад Халифалыкты тикелөө тарыйкаты эмес... деп айтабыз. Сураныч, ушул ишти айкындаштырып берсеңиз...

Аллах Субханаху ва Тааладан сизден кабыл алышын жана сизге Үммөткө жетекчилик кылуу неъматын тартуулашын сурап калабыз.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Бул жерде бир нече негизги иштер бар болуп, аларды жакшылап түшүнүп алуу зарыл, анткени алар жоопту айкындаштырып берет:

1 – Бирер маселенин шаръий өкүмүн истинбат кылуу үчүн талап кылына турган далилдер ошол маселе боюнча далилдер болуп, алар башка маселе боюнча далилдер эмес:

а) Мисалы, даарат кандай алынышын билмекчи болсом мен даарат далилдерин – алар Меккеде түшүрүлгөнбү же Мадинадабы, мунун айырмасы жок – издеймин жана алардан ээрчиле турган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат... Бирок, мен даарат жана анын кандай алынышы өкүмүн алуу үчүн орзонун далилдерин издебеймин.

б) Мисалы, ажылык өкүмдөрүн билмекчи болсом ажылык далилдерин – алар Меккеде түшүрүлгөнбү же Мадинадабы, мунун айырмасы жок – издеймин жана алардан ээрчиле турган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен ажылык жана анын кандай кылынышы өкүмүн алуу үчүн намаздын далилдерин издебеймин.

в) Мисалы, жихад өкүмдөрүн: Анын фарзи айн же фарзи кифая экендигин, коргонуу жихадыбы же биринчи болуп баштап кылынуучу жихадбы, жихаддан келиб чыгуучу фатх жана Исламды жаюу өкүмдөрүн – күч менен фатх кылуу болобу, же сулх мененби, мунун айырмасы жок – билмекчи болсом, мен жихад далилдерин, алар Меккеде түшүрүлгөнбү же Мадинадабы, мунун айырмасы жок, издеймин жана алардан ээрчиле турган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен жихад жана анын тафсилаттары өкүмүн алуу үчүн зекеттин далилдерин издебеймин.

г) Бардык маселелерде ушундай. Анткени, алардын Мекке же Мадинада келген өз далилдери изделет жана ээрчиле турган усулга ылайык мына ошол далилден маселенин шаръий өкүмү алынат.

2 – Эми Исламий Халифалыкты тикелөө маселесине келебиз жана анын далилдерин издейбиз. Бул далилдер Меккеде түшүрүлгөнбү же Мадинадабы, мунун айырмасы жок. Алардан ээрчиле турган усул боюнча шаръий өкүмдү истинбат кылабыз.

а) Биз Исламий мамлекетти тикелөөгө тиешелүү далилдерди Расулуллах ﷺ өзүнүн Меккедеги сийраттарында гана баян кылып бергендигин көрөбүз. Анткени, Пайгамбарыбыз Исламга жашыруун даъват кылып, бир сабырдуу жана ыймандуу уюмду пайда кылды... Мына ошондон кийин бул уюмду Меккедеги адамдар арасында жана ажылык мезгилдеринде жарыя кылды... Кийинчерээк күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылды. Натыйжада Аллах Субханаху ал кишини ансорлор менен азиз кылды, ошондон кийин Пайгамбарыбыз алардын өлкөсүнө хижрат кылды жана мамлекетти тикеледи.

б) Расул ﷺ мамлекетти тикелөө үчүн Мекке калкына каршы согушпады, мамлекетти тикелөө үчүн эч бир урууга каршы согушпады. Акыйкатта болсо, Расул ﷺ жана ал кишинин сахабалары – алардан Аллах ыраазы болсун – согушта эр жүрөк, күчтүү, такыбаа болчу... Бирок, Расул ﷺ мамлекетти тикелөө үчүн согуштан пайдаланбады, тескерисинче, ансорлор Пайгамбарыбыздын даъватын кабыл алып, Пайгамбарыбыз ﷺ мамлекетти курганга чейин даъват кылууну жана нусрат талап кылууну улантышты.

в) Мына ошондон кийин фатх, Исламды жаюу жана Исламий мамлекетти коргоо үчүн жихад өкүмдөрү фарз кылынды. Жихад мамлекетти тикелөө үчүн фарз кылынбады. Булардын бардыгы Расулуллах ﷺ сийратында ачык-айкын көрүнүп турат.

г) Ошентип, демек мамлекет кандай тикленгенин билмекчи болсок, анын көрүнүшү Расулуллах ﷺдын даъваты, нусрат талап кылышы, ансорлордун даъватты кабыл алышы жана мамлекеттин тикеленишинен турган иштеринен алынат... Эми эгерде жихад өкүмдөрүн билип алмакчы болсок, анын өкүмдөрү жихадга тиешелүү шаръий далилдерден алынат. Демек, ар бир фарздын далилдери ага тиешелүү далилдерден алынат. Демек, мамлекетти тикелөө аны тикелөө далилдеринен, жихад болсо жихад далилдеринен алынат жана ошого катуу амал кылынат. Аллах Субханаху тавфик берүүчү Ээбиз.

28-ражаб, 1435-х.
27-май, 2014-м.

## Халифалыкты тикелөөнүн шарьий жолу жана бийликти күч менен алуу

**Суроо**: кээ бир орундарда Хизб тууралуу билдирүүлөр жарык көрүүдө, алардын мазмуну төмөнкүдөй: Хизб-ут-Тахрир Халифалыкты тикелөө жолун белгиледи жана тикелеш үчүн «нусрат талап кылуу» жолун өзүнө тандап алды, мындан башка шарьий жол бар болсо да, аны тан албай, нусрат талап кылуу жолун бекем кармоодо. Нусрат талап кылуу жолунан башка шарьий жол «мамлекетти күч менен тикелөө» т.а согуш кылуу аркылуу тикелөө жолу болуп саналат. Ошондой эле, Хизб-ут-Тахрир Багдадийдин Халифалыкты жарыялоосун тан алган жок. Ал өзү тикелегей турган Халифалыктан башканы шарьий деп эсептебейт. Мына ушундай билдирүүлөргө жетиштүү, тунук жооп барбы? Аллах сизге жакшылыктарды берсин.

**Жооп**:

1 - Халифалыкты кандай тикелөө жолун Хизб-ут-Тахрир белгилеген жок, аны шарият белгилеген. Муну Исламга даават кылууну баштаган күндөн тартып Исламий мамлекет тикеленген күнгө чейинки болгон Пайгамбар ﷺдын сийраты ачык көргөзүп турат. Пайгамбар ﷺ Халифалыкты тикелөөдөн мурун, мамлекеттик көрүнүшкө ээ болгон аймактарда Сакиф, Бани Аамир, Бани Шайбаан жана Мадинадагы Ансарлар сыяктуу күч-кубат ээлери болгон, күчтүү урууларды Исламга чакырып, алардан нусрат талап кылган, ал эми күчсүз урууларды Исламга чакыруу менен гана чектелген. Пайгамбар ﷺ бул нусрат талап кылуу ишинде канчалык машакат чегип, оор кыйынчылык тартса да, нусрат талап кылууда бекем турган. Пайгамбар ﷺдын бул бекем туруусу жана нусратты кайра-кайра талап кылуусу – усулда келгендей – шарьий тараптан нусрат талап кылуу фарз экендигине далил болот. Мына ушундай, Пайгамбар ﷺ күч ээлеринен нусрат талап кылууга бекем турган. Кээ бир уруулар ал затты алардан нусрат талап кылганы үчүн таш бараңга алып, кепичин канга толтурган, кээ бирлери кабыл алган эмес, кээ бирлери ал затка шарт коюшкан. Ушундай болсо да Пайгамбар ﷺ Аллах ага вахий кылган нусрат талап кылуу жолун башка жолго алмаштырбастан, нусрат талап кылууга бекем туруп, уланта берген. Сахабалар мамлекетти тикелеш үчүн Мекке эли менен жана кээ бир уруулар менен согушууну Пайгамбар ﷺдан талап кылышкан. Сахабалар бир гана Аллахтан корккон чыныгы баатырлар болушкан. Бирок, Пайгамбар ﷺ согушууга буйруган эмес, балким Аллах ал затты экинчи Акаба байъаты менен кубандырганга чейин күч кубат ээлеринен нусрат талап кылууда бекем турган. Мусъаб رضي الله عنه Пайгамбар ﷺ аны

милдеттендирген Мадина Мунаввварадагы даават ишинде, Аллахтын жардамы менен, Мадинада Исламий рай амманы (жалпы пикир) пайда кылды. Бул рай амма динге жардам бере турган Ансарларды даярдады. Мына ушундан кийин Пайгамбар ﷺды Мадина эли жылуу кабыл алып, ал заттар менен биргеликте таза, тунук байъат (ант) менен Мамлекет тикеледи.

Мына ушул мамлекетти тикелөөдөгү ээрчиле турган шарьий жол. Негизи, иштерде шарьий өкүмгө гана ээрчиш ваажиб. Эгер мусулман намаз окууну кааласа, намаздын далилдерин билүүсү зарыл; эгер жихад кылууну кааласа, жихад далилдерин билүүсү зарыл; эгер мамлекетти тикелөөнү кааласа, Пайгамбар ﷺдын иштеринен аны тикелөөнүн далилдерин окуп үйрөнүүсү ваажиб. Пайгамбар ﷺдын мамлекетти тикелөө жолу ал заттын сийратында ачык-айкын көрүнүп турат. Ал зат мамлекеттик көрүнүшкө ээ болгон аймакта күч-кубат ээлерин Исламга чакырган. Ислам жөнүндө рай амма пайда болгондон кийин, алардан нусрат талап кылып, ыраазылык, ыктыяр менен баят берүүлөрүнө чакырган.

Мына ушинтип, Ислам Халифалыкты тикелөөнүн жолун ачык-айкын кылып белгилеп берди. Азыркы учурда Халифалык жарыялагандар болсо бул жолго ээрчишкен жок.

2 - Ал эми, кээ бир фикхий китептерде келген «бийликти күч менен алуу» темасына келсек, анын маанисин туура түшүнүү ваажиб. Шарьий жактан качан туура болорун, качан тууура эмес болорун түшүнбөй туруп «бийликти күч менен алуу» тууралуу кайра-кайра сүйлөй бергендер бийликти күч менен алуучулар кылган иштердин убалын тартып калуулары мүмкүн.

Бийликти күч менен алуучулар мусулмандардын канын төккөнү, аларды күчтөп мажбурлаганы үчүн күнөөкөр болушат. Алар жарыялаган Халифалык шарият жолуна каршы келгендиги үчүн шарьий Халифалык болуп саналбайт.

Фукахалар «бийликти күч менен алуу, эгер шарьий шарттар менен ишке ашса, мүмкүн» дешкен. Алардын көрүнүктүүлөрү төмөнкүлөр;

А) Мамлекет тикеленген аймак мамлекеттик көрүнүшкө ээ болуусу, бекем орношкон бийликтин болуусу жана ички сырткы коопсуздукту камсыздай алуусу шарт болот.

Б) Мамлекет тикеленген аймакта Исламды адилеттүүлүк жана жакшылык менен жүзөгө ашыруусу, адамдар ортосунда жакшылыкты жайуусу, элдер андан ыраазы болуп аны жакшы көрүүлөрү жана анын да элдерди жакшы көрүүсү шарт.

В) Мамлекет тикеленген өлкөнүн элдери мажбурланбастан, ыраазылык ыктыяры менен инъикод байъатын берүүлөрү шарт.

Байъаттын шарьий шарты: байъатты «бийликти күч менен алуучу» жамааттын мүчөлөрү эмес, балким мамлекет тикеленген өлкөнүн эли берүүсү шарт. Себеби, байъаттын Пайгамбар ﷺды ээрчүүдөгү шарьий жолу ушундай. Пайгамбар ﷺ Мадина Мунаввварадагы ансарлардан ыраазылык ыктыяры менен байъат алган, мухаажирлерден эмес, экинчи Акаба байъаты ушуну көргөзүп турат.

Жогоруда айтылган үч шарт толук болбосо, «бийликти күч менен алуучу» күнөөкөр болот. Ушул уч шарт толук болгондо гана, бийликти күч менен алуу – ыраазылык ыктыяры менен берилген баят аркылуу – шарьий жактан туура болуп саналат. Эсиңерде болсун, бийликти күч менен алуунун шарий жолу ушул гана.

Белгилүү болгондой, учурда Халифалыкты жарыя кылгандар бул шарттарды аткарышкан жок, балким өздөрү ойлогондой иш кылышты, шарият белгилегендей эмес.

Жогоруда айтылгандардан маалым болгондой, алар туура шарий жолду ээрчишкен жок, жада калса, «бийликти күч менен алуу» жолуна да ээрчишкен жок. Балким, Халифалыкты шарьий шарттарды аткарбастан туруп, туура эмес көрүнүштө жарыялашты. Алардын бул жарыясы шарьий жактан эч кандай кыйматка ээ эмес жана ал маанисиз жарыя болуп саналат. Бул жарыясы алардын абалын өзгөртүп жиберген жок, алар буга чейин кандай куралдуу кыймыл болсо, ошол куралдуу кыймыл боюнча кала беришти.

3 - Ал эми «Хизб-ут-Тахрир өзү тикелей турган Халифалыктан башка Халифалыкты шарьий деп эсептебейт» деген сөзгө келсек, бул сөз жөргөмүштүн желесинен да алсыз! Бул кээ бир алысты көрө албагандарга шайтан вахий кылган нерсенин өзү. Албетте, Хизб-ут-Тахрир Халифалыкты бурмалабастан, таза, тунук көрүнүшүндө тикелеш үчүн аракет кылат. Хизб Халифалыкты тикелөө ишинде оорубай-сыркабай күчтүү чоңоюшу үчүн наристеге кам көргөн эне сыяктуу. Хизб зулум падышалыктан кийин пайгамбарлык минхаажы негизиндеги боло турган, Исламды ишке ашыра турган, Исламды жихад жана даават менен ааламга жая турган Пайгамбар ﷺ башарат кылган Халифалыкты туура көрүнүштө тикелеш үчүн катуу аракет кылат. Халифалыкты ким ушундай шарий жолдун негизинде тикелесе, ал Хизб болобу же Хизбден башкабы, айырмасыз, ага ээрчип моюн сунуу ваажиб. Туура шарьий жол менен тикеленген Халифалыктын көлөкөсүндө жер өз байлыгын сыртка чыгарат, асман өз жакшылыктарын жаадырат, Ислам улуу болуп, кафирлер кор болот, Аллах улуу өкүмдар зат.

Мына ушундай Халифалыкты: Аллах жана Расулу сүйө турган Халифалыкты, момундардын жүрөгүнө сүйүнүч, өлкөлөрүнө улуулукту алып келе турган Халифалыкты, Пайгамбар ﷺ тикелеген туура жолдо

кайрадан тикеленишин каалап жатабыз. Халифалыкты туура эмес көрүнүштө тикелөөнү эмес, мусулмандардын канына бойолгон атын жөн эле жарыялап коюуну эмес.

Халифалыктын жарыяланышы менен баскынчы кафирлер коркууга түшүп, дүйнө дүңгүрөшү керек эле. Бирок анын ордуна, эч нерсе болбогондой, массалык маалымат каражаттарынан гана атынын жарыяланып калышы бизди аябай өкүндүрөт. Кафирлер эч нерсе болбогондой мамиле кылууда. Халифалык жарыяланганда Американын көзүнөн кан агыш керек эле. Бирок ал мунун ордуна «ал эч нерсе эмес» деп билдирүү жасады. Халифалык жарыяланышы менен тарыхтын жаңы барагы ачылышы керек эле. Бирок анын ордуна, адамдар аны этибарларына да албай жатканы бизди аябай өкүндүрөт.

Хизб-ут-Тахрир Исламга чыныгы сакчы болууда, Аллах үчүн жаманатты кылуучунун жамандыгынан коркпостон, жакшыны-жакшы, жаманды-жаман деп бетке айтат. Ал эч бир хизбий же дүйнө кызыкчылыгы үчүн иш кылбайт. Балким дүйнө кызыкчылыктарына Пайгамбар ﷺдын хадисинде айтылгандай мамиле кылат. Абдуллах ибн Масьуд رضي الله عنه Пайгамбар ﷺдан риваят кылат:

«مَا لِي وَلِلدُّنْيَا، مَا أَنَا فِي الدُّنْيَا إِلَّا كَرَاكِبٍ اسْتَظَلَّ تَحْتَ شَجَرَةٍ ثُمَّ رَاحَ وَتَرَكَهَا»

«Дүйнө мен үчүн – бар болгону – бир улоочон адам бактын көлөкөсүндө бир аз көлөкөлөп, эс алгандан кийин ал бактын көлөкөсүн таштап кеткен адам сыяктуу». Дүйнө Хизб үчүн да дал ушундай, Хизб Ислам өкүмдөрүн ишке ашыра турган Халифалыкты Алллахтын жардамы менен тикелеш үчүн бар күчүн жумшоодо.

4 - Сөзүбүздүн аягында айтарыбыз, Хизб-ут-Тахрир Пайгамбар ﷺ Халифалыкты тикелеген тарыйкатта аны кайрадан тикелеш үчүн алтымыш жылдан бери аракет кылууда. Бул узак убакыт ичинде Хизб-ут-Тахрир жигитери залим түзүмдөр тарабынан кугунтукталышты, камалышты, азапталышты, шейит болушту. Бирок азаптоолор канчалык катуулабасын, алар Хизб жигитерин максаттарынан буруп жибере алган жок, жигиттерибиз дагы деле акыйкат үстүндө бекем турушууда. Халифалыкты кимде-ким шарьий тарыйкат негизинде тикелесе, кайсы жамаат болбосун, айырмасы жок, Хизб ага рахмат айтат. Бирок азыркы учурдагы Халифалыкты жарыялагандар шарьий жолдун негизинде тикелебестен, Халифалыктын маанисин кетирип, анын ишин жеңил санап коюшту. Халифалыкка карата кылынган ар кандай айла-амалдардын, бурмалоолордун алдына тоодой тоскоолдук болууга Хизб Аллахтын жардамы менен дайым даяр. Халифалык жакынкы күндөрү Аллахтын жардамы менен, Аллах жолунда соодалашууга, дүйнө кызыкчылыктарына азгырылбаган момундардын колу менен кайрадан тикеленет. Мына ошондо Халифалык таңы атат.

﴿وَيَوۡمَئِذٖ يَفۡرَحُ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ۝٤ بِنَصۡرِ ٱللَّهِۚ يَنصُرُ مَن يَشَآءُۖ وَهُوَ ٱلۡعَزِيزُ ٱلرَّحِيمُ﴾

*«Ошол күндө момундар Аллах үстөм кылганы себептүү шаттанышат. (Аллах) каалаган кишисине нусрат берет жана Ал кудурет жана ырайым Ээси»* [30:4-5]

14-рамазан, 1435-х.
12-июль, 2014-м.

## Халифалыкты тикелөө тууралуу

**Суроо**: кээ бир орундарда Хизб тууралуу билдирүүлөр жарык көрүүдө, алардын мазмуну төмөнкүдөй: Хизб ут Тахрир Халифатты тикелөө жолун белгиледи жана тикелеш үчүн «нусрат талап кылуу» жолун өзүнө тандап алды, мындан башка шарьий жол бар болсо да, аны тан албай, нусрат талап кылуу жолун бекем кармоодо. Нусрат талап кылуу жолунан башка шарьий жол «мамлекетти күч менен тикелөө» т.а согуш кылуу аркылуу тикелөө жолу болуп саналат.Ошондой эле, Хизб ут Тахрир Багдадийдин Халифатты жарыялоосун тан алган жок. Ал өзү тикелегей турган Халифаттан башканы шарьий деп эсептебейт. Мына ушундай билдирүүлөргө жетиштүү, тунук жооп барбы? Аллах сизге жакшылыктарды берсин.

**Жооп**:

1. Халифатты кандай тикелөө жолун Хизбут ут Тахрир белгилеген жок, аны шарият белгилеген. Муну Исламга дааватт кылууну баштаган күндөн баштап Исламий мамлекет тикеленген күнгө чейинки болгон Пайгамбар с а в дын сийраты ачык көргөзүп турат. Пайгамбар с а в Халифатты тикелөөдөн мурун, мамлекеттик көрүнүшкө ээ болгон аймактарда Сакиф, Бани Аамир, Бани Шайбаан жана Мадинадагы Ансарлар сыяктуу күч-кубат ээлери болгон, күчтүү урууларды Исламга чакырып жана алардан нусрат талап кылган, ал эми күчсүз урууларды Исламга чакыруу менен гана чектелген. Пайгамбар с а в бул нусрат талап кылуу ишинде канчалык машакат чегип, оор кыйынчылык тартса да, нусрат талап кылууда бекем турган. Пайгамбар с а в дын бул бекем туруусу жана нусратты кайра-кайра талап кылуусу – усулда келгендей – шарьий тараптан нусрат талап кылуу фарз экендигине далил болот. Мына ушундай, Пайгамбар с а в күч ээлеринен нусрат талап кылууга бекем турган. Кээ бир уруулар ал затты алардан нусрат талап кылганы үчүн таш бараңга алып, кепичин канга толтурган, кээ бирлери кабыл алган эмес, кээ бирлери ал затка шарт коюшкан.Ушундай болсо да Пайгамбар с а в Аллах ага вахий кылган нусрат талап кылуу жолун башка жолго алмаштырбастан, нусрат талап кылууга бекем туруп, уланта берген. Сахабалар мамлекетти тикелеш үчүн Мекке эли менен жана кээ бир уруулар менен согушууну Пайгамбар с.а.в.дан талап кылышкан. Сахабалар бир гана Аллахтан корккон чыныгы баатырлар болушкан. Бирок Пайгамбар с а в согушууга буйруган эмес, балким Аллах ал затты экинчи Акаба байъаты менен кубандырганга чейин күч кубат ээлеринен нусрат талап кылууга бекем турган. Мусъаб р.а. Пайгамбар с а в аны милдеттендирген Мадина Мунаввварадагы даават ишинде, Аллахтын жардамы менен, Мадинада Исламий рай амманы (жалпы пикир) пайда

кылды. Бул рай амма динге жардам бере турган Ансарларды даярдады. Мына ушундан кийин Пайгамбар с а в ды Мадина эли жылуу кабыл алып, ал зат алар менен биргеликте таза, тунук байъат (ант) менен Мамлекет тикеледи.

Мына ушул мамлекетти тикелөөдөгү ээрчиле турган шарьий жол. Негизи, иштерде шарьий өкүмгө гана ээрчиш ваажиб. Эгер мусулман намаз окууну кааласа, намаздын далилдерин билүүсү зарыл; эгер жихад кылууну кааласа, жихад далилдерин билүүсү зарыл; эгер мамлекетти тикелөөнү кааласа, Пайгамбар с а в дын иштеринен аны тикелөөнүн далилдерин окуп үйрөнүүсү ваажиб. Пайгамбар с а в дын мамлекетти тикелөө жолу ал заттын сийратында ачык-айкын көрүнүп турат. Ал зат мамлекеттик көрүнүшкө ээ болгон аймакта күч-кубат ээлерин Исламга чакырган. Ислам жөнүндө рай амма пайда болгондон кийин, алардан нусрат талап кылып, ыраазылык, ыктыяр менен баят берүүлөрүнө чакырган.

Мына ушинтип, Ислам Халифатты тикелөөнүн жолун ачык-айкын кылып белгилеп берди. Азыркы учурда Халифат жарыялагандар болсо бул жолго ээрчишкен жок.

2. Ал эми кээ бир фикхий китептерде келген «бийликти күч менен алуу» темасына келсек, анын маанисин туура түшүнүү ваажиб. Шарьий жактан качан туура болорун, качан тууура эмес болорун түшүнбөй туруп «бийликти күч менен алуу» тууралуу кайра-кайра сүйлөй бергендер бийликти күч менен алуучулар кылган иштердин убалын тартып калуулары мүмкүн.

Бийликти күч менен алуучулар мусулмандардын канын төккөнү, аларды күчтөп мажбурлаганы үчүн күнөөкөр болушат. Алар жарыялаган Халифат шарият жолуна каршы келгендиги үчүн шарьий Халифат болуп саналбайт.

Фукахалар «бийликти күч менен алуу, эгер шарьий шарттар менен ишке ашса, мүмкүн» дешкен. Алардын көрүнүктүүлөрү төмөнкүлөр:

А) Мамлекет тикеленген аймак мамлекеттик көрүнүшкө ээ болуусу, бекем орношкон бийликтин болуусу жана ички сырткы коопсуздукту камсыздай алуусу шарт болот.

Б) Мамлекет тикеленген аймакта Исламды адилеттүүлүк жана жакшылык менен жүзөгө ашыруусу, адамдар ортосунда жакшылыкты жайуусу, элдер андан ыраазы болуп аны жакшы көрүүлөрү жана анын да элдерди жакшы көрүүсү шарт.

В) Мамлекет тикеленген өлкөнүн элдери мажбурланбастан, ыраазылык ыктыяры менен инъикод байъатын берүүлөрү шарт. Байъаттын шарьий шарты: байъатты «бийликти күч менен алуучу» жамааттын мүчөлөрү эмес, балким мамлекет тикеленген өлкөнүн эли

берүүсү шарт. Себеби, байъаттын Пайгамбар с а в ды ээрчүүдөгү шарьий жолу ушундай. Пайгамбар с а в Мадина Мунавварадагы ансарлардан ыраазылык ыктыяры менен байъат алган, мухаажирлерден эмес, экинчи Акаба байъаты ушуну көргөзүп турат.

Жогоруда айтылган уч шарт толук болбосо, «бийликти күч менен алуучу» күнөөкөр болот. Ушул уч шарт толук болгондо гана, бийликти күч менен алуу – ыраазылык ыктыяры менен берилген баят аркылуу – шарьий жактан туура болуп саналат. Эсиңерде болсун, бийликти күч менен алуунун шарий жолу ушул гана. Белгилүү болгондой, учурда Халифатты жарыя кылгандар бул шарттарды аткарышкан жок, балким өздөрү ойлогондой иш кылышты, шарият белгилегендей эмес.

Жогоруда айтылгандардан маалым болгондой, алар туура шарий жолду ээрчишкен жок, жада калса, «бийликти күч менен алуу» жолуна да ээрчишкен жок. Балким, Халифатты шарьий шарттарды аткарбастан туруп, туура эмес көрүнүштө жарыялашты. Алардын бул жарыясы шарьий жактан эч кандай кыйматка ээ эмес жана ал маанисиз жарыя болуп саналат. Бул жарыясы алардын абалын өзгөртүп жиберген жок, алар буга чейин кандай куралдуу кыймыл болсо, ошол куралдуу кыймыл боюнча кала беришти.

3. Ал эми «Хизб ут Тахрир өзү тикелей турган Халифаттан башка Халифатты шарьий деп эсептебейт» деген сөзгө келсек, бул сөз жөргөмүштүн желесинен да алсыз! Бул кээ бир алысты көрө албагандарга шайтан вахий кылган нерсенин өзү. Албетте Хизб ут Тахрир Халифатты бурмалабастан, таза, тунук көрүнүшүндө тикелеш үчүн аракет кылат. Хизб Халифалыкты тикелөө ишинде оорубай-сыркабай күчтүү чоңоюушу үчүн наристеге кам көргөн эне сыяктуу. Хизб зулум падышалыктан кийин пайгамбарлык минхаажы негизиндеги боло турган, Исламды ишке ашыра турган, Исламды жихад жана даават менен ааламга жая турган Пайгамбар с а в башарат кылган Халифалыкты туура көрүнүштө тикелеш учун катуу аракет кылат. Халифалыкты ким ушундай шарий жолдун негизинде тикелесе, ал Хизб болобу же Хизбден башкабы, айырмасыз, ага ээрчип моюн сунуу ваажиб. Туура шарьий жол менен тикеленген Халифалыктын көлөкөсүндө жер өз байлыгын сыртка чыгарат, асман өз жакшылыктарын жаадырат, Ислам улуу болуп, кафирлер кор болот, Аллах улуу өкүмдар зат.

Мына ушундай Халифалыкты: Аллах жана Расулу сүйө турган Халифалыкты, момундардын жүрөгүнө сүйүнүч, өлкөлөрүнө улуулукту алып келе турган Халифалыкты, Пайгамбар с а в тикелеген туура жолдо кайрадан тикеленишин каалап жатабыз. Халифалыкты туура эмес көрүнүштө тикелөөнү эмес, мусулмандардын канына бойолгон атын жөн эле жарыялап коюуну эмес.

Халифалыктын жарыяланышы менен баскынчы кафирлер коркууга түшүп, дүйнө дүңгүрөшү керек эле. Бирок анын ордуна, эч нерсе болбогондой, массалык маалымат каражаттарынан гана атынын жарыяланып калышы бизди аябай өкүндүрөт. Кафирлер эч нерсе болбогондой мамиле кылууда. Халифалык жарыяланганда Американын көзүнөн кан агыш керек эле. Бирок ал мунун ордуна «ал эч нерсе эмес» деп билдирүү жасады. Халифалык жарыяланышы менен тарыхтын жаңы барагы ачылышы керек эле. Бирок анын ордуна, адамдар аны этибарларына да албай жатканы бизди аябай өкүндүрөт.

Хизб ут Тахрир Исламга чыныгы сакчы болууда, Аллах үчүн жаманатты кылуучунун жамандыгынан коркпостон, жакшыны-жакшы, жаманды-жаман деп бетке айтат. Ал эч бир хизбий же дүйнө кызыкчылыгы учун иш кылбайт. Балким дүйнө кызыкчылыктарына Пайгамбар с а в дын хадисинде айтылгандай мамиле кылат.

Абдуллах ибн Масьуд р.а. Пайгамбар с.а.в. дан риваят кылат: «Дүйнө мен үчүн – бар болгону – бир улоочон адам бактын көлөкөсүндө бир аз көлөкөлөп, эс алгандан кийин ал бактын көлөкөсүн таштап кеткен адам сыяктуу». Дүйнө Хизб үчүн да дал ушундай, Хизб Ислам өкүмдөрүн ишке ашыра турган Халифалыкты Алллахтын жардамы менен тикелеш үчүн бар күчүн жумшоодо.

4. Сөзүбүздүн аягында айтарыбыз, Хизб ут Тахрир Пайгамбар с а в Халифалыкты тикелеген тарыйкатта аны кайрадан тикелеш үчүн алтымыш жылдан бери аракет кылууда. Бул узак убакыт ичинде Хизб ут Тахрир жигитери залим түзүмдөр тарабынан кугунтукталышты, камалышты, азапталышты, шейит болушту. Бирок азаптоолор канчалык катуулабасын, алар Хизб жигитерин максаттарынан буруп жибере алган жок, жигиттерибиз дагы деле акыйкат үстүндө бекем турушууда. Халифалыкты кимде-ким шарьий тарыйкат негизинде тикелесе, кайсы жамаат болбосун, айырмасы жок, Хизб ага рахмат айтат. Бирок азыркы учурдагы Халифалыкты жарыялагандар шарьий жолдун негизинде тикелебестен, Халифалыктын маанисин кетирип, анын ишин жеңил санап коюшту. Халифалыкка карата кылынган ар кандай айла-амалдардын, бурмалоолордун алдына тоодой тоскоолдук болууга Хизб Аллахтын жардамы менен дайым даяр. Халифалык жакынкы күндөрү Аллахтын жардамы менен, Аллах жолунда соодалашууга, дүйнө кызыкчылыктарына азгырылбаган момундардын колу менен кайрадан тикеленет. Мына ошондо Халифалык таңы атат.

«Ошол күнү момундар Аллахтын жардамы менен шаттанышат, Аллах кимге каалаcа жардам берет, Ал Улуу, Ырайымдуу».

14-Рамазан, 1435-х.

2016-жыл.

## Мамлекетти куруууда Расул ﷺдын тарыйкатына амал кылуу тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум... шейхибиз.. мен «Биз бийликке жетип мамлекетти тикелөөдө Расул ﷺдын тарыйкатына амал кылууга мажбур эмеспиз» деп жаткандарга кандай ишеничтүү жообун беришим мүмкүн...?

**Жооб**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Кыскача айтканда ишеничтүү жооб төмөнкүдөй:

1 – Биз бийликке жетүүдө Расул ﷺдын тарыйкатына амал кылууга мажбур эмеспиз деп айтып жаткан кишиге ушул суроолорду бериңиз:

Даарат алмакчы болсоң дааратты билүү үчүн кайсыл далилдерди издейсиң? Даарат далилдеринби же хаж далилдеринби? Ошондо ал албетте даарат далилдерин дейт...

Андан ушуну сураңыз: Орозо хукмдарын билмекчи болсоң орозо далилдерин издейсиңби? Же орозону кандай кармоо керектигин билүү үчүн жихад далилдерин издейсиңби? Ал орозо хукмдарын билүү үчүн албетте орозо далилдерин издешин айтат.

Андан ушуну сураңыз: намаз хукмдарын билмекчи болсоң намаз далилдерин издейсиңби? Же бул тууралуу зекет далилдерин издейсиңби? Ал албетте намаз далилдерин издешин айтат.

Хукмдарын билмекчи болгон ар кандай маселе жөнүндө ушундай жооп берет. Себеби, анын шарияттагы далилдерин издейт.

Эми андан мамлекетти кандай тикелөө керектигин билүү жөнүндө сураңыз. Акыры, ал мамлекетти тикелөө жөнүндө Расул ﷺдан варид болгон шаръий далилдерди издейт эмеспи? Аны мисалы жихад, же намаз, же зекет далилдеринен издебейт го... Тескерисинче, мамлекетти тикелөө далилдерин издейт. Расул ﷺ мамлекетти өз ара аракеттешүү баскычында нусрат талаб кылуу тарыйкаты менен тикеледи. Демек, мамлекетти тикелөө тарыйкаты – нусрат талаб кылуу.

Эми ушундай суроо пайда болот: нусрат талаб кылуу фарзбы, же мандуббу, же мубахпы? Эгер, фарз болсо, анда мамлекетти тикелөөдө ушул тарыйкатты кармануга мажбур болобуз. Бул теманы үйрөнүп чыксак ушуларга күбө болобуз:

Нусрат талаб кылуу – фарз. Буга далил Расул ﷺ бул тарыйкатты – кыйынчылык-машакатка карабастан – өзгөртпөгөнү. Мисалы, Расул ﷺ Сакиф уруусунан нусрат талаб кылды, алар жаман көрүнүштө четке кагып, Расул ﷺдын мубарак буттарын кан жалатышты... Ошондо да Расул ﷺ бул тарыйкатты өзгөртпөдү. Тескерисинче, уруулардан нусрат талаб кылууну улантты. Мисалы, Бану Шайбандан жана Бану Амирден

нусрат талаб кылды. Пайгамбарыбыз ﷺ он жолудан ашуун нусрат талаб кылды. Уруулар кабыл алышпады. Ошого карабастан, Расул ﷺ кыйынчылык-машакатка учураганына карабастан бул тарыйкатты башкасына өзгөртпөдү. Усулда кыйынчылыкка карабастан талабдын кайталанышы бул талабдын фарз экенине карина болот.

Т.а. нусрат талаб кылуу фарз... Анткени, ал – мамлекетти тикелөөдө Расул ﷺ карманган жалгыз тарыйкат. Пайгамбарыбыз бул тарыйкатты – Аллах ал затты ансарлар менен сыйлаганга чейин – карманды. Ансарлар ал кишиге экинчи Акаба байъатын беришти. Мына ошондон кийин Пайгамбарыбыз Мадинага хижрат кылды жана мамлекетти тикеледи.

Жүрөгү бар же өзү күбө болуп акыйкатка кулак салган киши үчүн жетиштүү кыскача жооб ушул. Бирок, кибр кимселерге келсек, алардын хужжаты четке кагылат. Себеби, алардын ар бири мисалы даарат алуу үчүн даарат далилдерин издөө керектигин моюнга алат. Орозо кармоо үчүн орозо далилдерин издөө керектигин жана намаз окуу үчүн намаз далилдерин издөө керектигин моюнга алат... Өзү аткармакчы болгон амал туурасында башка амалдын далилдерин издебейт. Ошондуктан, анын мойнундагы важиб – эгер акыл жүргүзсө – мамлекет курмакчы болсо мамлекетти тикелөө далилдерин издөө керектигин моюнга алышы. Бул жерде Расул ﷺ өз амалы жана сөзү менен баян кылып көрсөтүп берген нусрат талаб кылуудан башка далилдер жок. Расул ﷺ өз ара аракеттешүү баскычынын акырларында нусрат талаб кылуу менен алектенди... Бул тарыйкат фарз. Бул тарыйкаттын важибдиги жөнүндө ишеничтүү жана жетиштүү кыскача жооб ушул. Биз мамлекетти тикелөөдө ушул тарыйкатка ылайык аракет кылып жатабыз.

Сөзүмдүн соңунда сизге салам жолдоп, Аллах Субханахудан сиздин колуңуз менен жакшылык эшиктерин ачышын сураймын.

2-жумадул-аввал, 1438-х.
30-январь, 2017-м.

*2025-жыл…*